С Кырг
М77

АБДУВАХАБ МОНИЕВ

# ЭСТУТУМ-1

С Кыргз.
М 77

Абдувахаб Мониев

# ЭСТУТУМ – I

*(Публицистикалык макалалар топтому)*

ОТДЕЛ ГОРО...

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ ... ТЕКА
ИНВ №...471278...........

«Бийиктик»
Бишкек – 2007

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7
М 77

*Бул китептин басылышына көмөк көрсөткөн адамдарга автор чын дилинен ыраазычылык билдирет.*

**Мониев Абдувахаб.**
М – 77 Эстутум – 1: Публицистикалык макалалар топтому. – Б.: Бийиктик, 2007. – 192 б.

ISBN 9967-13-193-4

Журналист Абдувахаб Мониевдин бул китебине мурда күндөлүк басма сөз беттеринде жарыяланып, окурмандардын кызыгуусун жараткан курч макалалары топтоштурулуп берилди. Анын публицистикалык макалаларында негизинен акыркы 7-8 жылдагы окуялар, акаевдик бийлик режими, Аксы окуясы, тил көйгөйү, коом, саясатка байланыштуу түрдүү маселелер талдоого алынат.

Өтмүшкө бир кылчайтып, Кыргызстандагы саясат ырайын, коомдук-саясий окуялар болмушун, аренадагы азаматтардын ролун калыс таразага салган бул топтом окурмандарды кайдыгер калтырбас.

М 4702300400-06
ISBN 9967- 13-193-4

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7
© Мониев А. 2007,

## ВАХАБДЫН «ЧӨГӨМҮ»

Кандай болсо да, эмнеси болсо да Кыргызстан ар тарап жаңылууда. Дүйнөтаанымы эгемен калыптанып, жүрөгү Кыргыз деп соккон, мекенчил жаштардын чоң тобу келиши менен Кыргызстандын маданият майданы асыресе жаңыланды. Муну мындан он жыл мурдараак адабият менен журналистика астанасын аттап кирген, акыл-эс туюму, ой-сезими кайсы бир идеология менен арбалбаган жаш таланттардын жаңыча аракеттери, чыгармалары айгинелеп жатат.

Ошондой сезими зирек, кудай берген талантын аздек пайдалана билген жаштардын бири - Абдувахаб Мониев. Алгачкы китеби кече жакында эле жарык көрүп, Ата журттун чыгаан уулу, 35 жаш курагында калкынан чыккан алгачкы генерал, улуту үчүн жан аябай күрөшүп жүрүп репрессияланып, унутка кеткен Ысакбек Мониевди Кыргыз тарыхына кайрууга чыйыр салды. Анан да ал автор катары абасынын арбагынын алдында неберелик милдетвазипасын ак өтөө аракетин жасады.

Колубуздагы китептин жөн-жайы өзгөчө. Өткөндө адабиятты публицистикадан ажыратып, андан журналистиканы алыстатып, партиялык, пропагандисттик, чарбалык деп бөлүп, бөйрөктөн шыйрак чыгарып, чаң-тополоңдотуп келбедикпи. Абдувахабдын бул китеби ал жаңылыш ойлорду жайпап салып, шүгүрчүлүк, акыйкатты ордуна кайтарууга салым жасаптыр.

Кадимки макала түрүндө жазылып, учурунда гезит беттеринде жарыяланган бул публицистикалардын өчүп калбас актуалдуулугу, өзүнө камтыган проблемасы, жазылыш манерасы, туруш-турпат чыйрактыгы бүгүн, эртең, келечекте окуган адамды кайдыгер калтырбайт. Китептин дагы бир жеңими, журналистикага аралашкан жаңы

муундарга үлгү, усул болор маанайында жана түз эле окуу куралы болууга татыктуу деңгелге ээ экендигинде. Талант даарып жазылган чыгармалар дайыма түшүнүктүү жана жугумдуу болот эмеспи. Абдувахаб Мониевдин бул китеби дал ошондой деңгелге жооп бере аларлыгы менен кубандырат.

Москвада жашаган Фазил Искандер деген Орусиянын атактуу жазуучусу бар. Анын чыгармачылыгынын бир өзгөчөлүгү өзү туулуп өскөн Абхазиясын, тоо арасындагы кичи мекени Чегем кыштагынын жашоочуларынын кыялжорук, кулк-мүнөзүнүн болгонун болгондой жазгандыгында. Абдувахаб Мониевдин кичи мекенинин аты Чөгөм. Кыскасы, Чегем менен Чөгөмдө туулуп өскөн бул эки автордун жазуу стилдериндеги, ар бир окуяны таланттуу баяндоолорундагы окшоштуктарды андоонун өзү эле Абдувахабдын келечегине зор үмүттөрдү жаратат.

***Токтобай Мүлкүбат,*** *жазуучу,*
*Борбор Азия Адабият академиясынын президенти*



## «А» ДЕГЕНДЕГИ СӨЗ

2004-жылдын февраль айында «Агым» гезити уюштурган «Түз байланышта» – гезит окурмандары менен телефон аркылуу баарлашууда: *«Өз маанисин анча жоготпой турган саясий-публицистикалык макалаларды, өзүм демилгечи болуп өткөргөн «тегерек үстөлдөрдүн» материалдарын топтоп, «Эстутум – I» деген китепче даярдап атам. Аты айтып тургандай, бул эми мезгил – мезгили менен чыгып туруучу топтом болот. Канткен менен мен азыр журналист катары саясаттын чордонунда жүрүп, ар кандай коомдук-саясий окуялар, көрүнүштөр тууралуу эркин көз караш менен жазып жүрбөймбү. Ошол себептүү тигиндей топтом убагы келсе, коомдо адилет тарыхый эстутумдун орун алышы үчүн анча-мынча пайдасы тийет го деген ойдомун»* деген болчумун. (Ал «түз байланыштын материалы» бул китепке толук киргизилди.)

Азиз окурман! Мына ошондо айткан оюм иш жүзүнө ашып, «Эстутум–I» деген топтом колуңузда турат. Саясий макалалардан тышкары, бул топтом ичинен автор менен болгон «түз байланыштар» жана маек, бир-эки кичкинтай аңгеме, жазуучу Кубатбек Жусубалиевдин чыгармачылыгы, аалым Салижан Жигитовдун казасына байланыштуу макалаларга да орун берилди. Материалдар негизинен хронологиялык тартипте жайгашты.

«Агымдагы» бир макаламда: «*... Кыргыз элинин көп өксүп, жетинбей жүргөндүгүнүн бир себеби – кыртышында адилет тарых соту, сынчыл тарыхый эстутумдун орун таба электиги*» деп жазган экенмин. Бул китепче кези келсе, жогоруда чети чыгарылган кенемтени толтурууга аз да болсо үлүш кошот деген ишенимдемин.

*Абдувахаб Мониев*
*28-май, 2006-жыл*

## ЭР ЖИГИТ ЭЛ ЧЕТИНДЕ ...

Армия-мамлекеттин мамлекеттигин аныктап турган эң негизги факторлордун бири. Кандай гана өлкө болбосун, чоңбу, кичинеби, территориялык бүтүндүгүн сактоого, граждандарынын кызыкчылыктарын коргоого кудуреттүү, ар кандай шартта согушка жарамдуу армиясы болбой туруп, ал мамлекеттин толук кандуу эркин болушу мүмкүн эмес. Бул-адамзат коомунун тээ эзелтен келаткан, ар түрдүү тарыхый шарттарда тастыкталган айныгыс мыйзамы.

Демек, аскердик маселе жаңыдан эгемендикке ээ болуп олтурган биздин жаш мамлекетибиз үчүн учурда өзгөчө бир орчундуу маселелердин бири. А бирок, анын биздин жаш мамлекетибиз үчүн тагдыр чечер мааниси бар экендигине карабастан, ага анчейин көңүл койбой келе жаткандайбыз.

Кыргызстандын куралдуу күчтөрүнүн азыркы мезгилдеги ал-акыбалы кандай? Деги ал өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылууга жарамдуубу? Кеп ушул тууралуу болсун. Экинин бири болуп турган зор держава бытырап, республикабыз "чоң үйдөн" бөлүнүп чыгып, өзүнчө түтүн булатууга өткөн соң, өз тагдырыбызды өзүбүз чечип, коопсуздугубузду сактоо милдети өзүнөн-өзү моюнга түштү. Ал эми энчибизге СССРдин республикабыздын аймагында жайгашкан аскер бөлүктөрү тийди. Чындыгында, биздин азыркы армиябыздын өзөгүн түзгөн ал аскер бөлүктөрү жарыбаган гана аскердик-техникалык базага эгедер, эч кандай стратегиялык мааниге ээ болбогон жармач бөлүктөр болчу. Бир топ кубаттуу аскер базасы, даярдыгы бар чек ара бөлүктөрү болсо Россиянын кол астында кала берди.

Мына, саясий эгемендик жарыялангандан бери да алты жылга аяк басты. Өз алдынча мамлекет болгон соң, биринчи кезекте армияга көңүл бөлүп, аны чындап кайра түзүү милдети алдыга коюлушу зарыл болчу. Бирок бизде бул милдетке жетиштүү маани берилбей, арткы пландагы маселелердин бири катары көз жаздымда калып жатат. Ушул кезге чейин мамлекетибиздин аскердик концепциясы иштелип чыгып, аскердик доктринасы түзүлгөн жок.



Армиянын техникалык базасын чыңдап, кубаттуулугун арттырууга да эч кандай кам көрүлбөдү. Кайра жармач аскердик чарбабызда талап-тоноо: курал-жарактарды туш келди сатуу, аскердик техникаларды башка республикаларга ала качуу фактылары учурады.

Ушул тапта Кыргызстандын аскерлеринин саны 15 миңдин тегерегинде гана. Армияда кызмат өтөп жаткан жоокерлердин негизги бөлүгүн арык-торук, кедей-кембагал балдары, ал эми офицердик составдын өзөгүн аскер өнөрүн мыкты билбеген, ага эптеп илешип калган кыргыз жигиттери түзөт. Кийген аскердик формалары дале болсо эски союздан мураска калган "сары көйнөк, сары шым". Жогоруда көрүнүп тургандай, аскерибиздин саны башкаларга салыштырмалуу өтө эле аз. Республикабыз мына ушул аз сандагы армияны да жок дегенде тамак-аш, кийим-кече менен толук камсыз кылууга кудурети жетпей келүүдө. Мындай болгон соң, аскердик техника, курал-жарак, жабдыктар жөнүндө кеп кылуунун кажети жок. Алардын көпчүлүгү таптакыр эскирип бүткөн, азыркы учурдун талабына жооп бере албайт. Армиябыздын материалдык абалы ушундай болгон соң, албетте андагы моралдык атмосфера да көңүл айлантар кейипте. Аскердик кужурмөн даярдыкты мындай кой, жөнөкөй аскердик тартип да жайында эмес. Ар кандай баш-аламандык: жер-жерлерге бөлүнүп мушташуу, дезертирдик биздин аскерлер үчүн көнүмүш көрүнүшкө айланып калгандай. Катардагы жоокерлер эле эмес, командирлер өздөрүнүн милдеттерин толук билишпейт. Кыргыз армиясынын азыркы абалы мына ушундай.

Чынында, же ашка, же кийимге жетинбеген армиядан мындан башканы күтүп да кереги жок. Кыскасын айтканда, армия аты эле болбосо, менин жеке пикиримче, кыргыз армиясын мамлекеттин коопсуздугун толук камсыз кыла ала турган чыныгы армия катары саноого болбойт. Ал эми биз армиябыздын мындай абалын өлкөбүздөгү экономикалык кризиске шылтай коюп келүүдөбүз. Ошол эле учурда миллиондогон акча каражаттары ашка-тойго кетип, жерге-сууга чачылууда. Эгерде бүгүн Кыргызстан өз Куралдуу Күчтөрүн максатка ылайык деңгээлде кайра түзө албаса, эртең экономикабыз тимеле гүлдөп кетсе да, элөөрүткөн

эркиндигибиз тыйынга татыбай калышы мүмкүн экендигин элес албай жаткандайбыз. Ырас, региондогу геосаясий акыбалга назар салып көрсөк, Кыргызстан үчүн азырынча сырттан түздөн-түз кооп туудурган жагдай жокко эсе. Ошентсе да, Ооганстан менен Тажикстанда болуп жаткан окуялар, айрым коңшуларыбыз менен чек ара маселелеринин толук чечиле электиги Кыргызстан үчүн баары эле телегейи тегиз эместигин каңкуулап турат.

Дагы бир жагдай: өйдөдө айтылгандай, республикабыздагы чек ара кайтаруучу аскер бөлүктөрү Россияга баш ийет. Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы бир нече жүздөгөн километрге созулган чек ара линиясы Россиянын көзөмөлүндө. Болгону, ага кызматка чакырылган жоокерлердин 25 пайызын кыргызстандык уландар түзөт. Чек арасын башка бир мамлекет көзөмөлдөгөн эгемен мамлекет. Мунун өзү акылга сыйбаган нерсе. Мейли, азырынча анчалык узун аралыктагы зор чек араны коргоп турууга Кыргызстандын күчү жетпейт дейли. Ал жалпы КМШ ичиндеги келишимге ылайык нормалдуу эле көрүнүш деп өзүбүздү сооротолу. Мунун жөнү бар. Азырынча өз коопсуздугубузду камсыз кылууда Россия мамлекети менен өнөктөш болуудан башка арга жок. Реалдуу жагдай ушундай болгон соң, ага эч кандай каршылыгыбыз жок. А бирок эртең Россияда саясий кырдаал өзгөрүп, бийликке Жириновский өңдүү ашынган улутчулдар келип калса, абалыбыз кандай болмокчу. Ансыз деле бир мамлекеттин кызыкчылыгы экинчи бириники менен дайыма эле дал келбейт эмеспи. Деги эле өз коопсуздугубузду, демек өз тагдырыбызды түбөлүк Россияга табыштап коюуга мүмкүн эмес да. Андай болгон күндө эгемендик деп төш каккылоонун да кажети калбай калат.

Эми жыйынтыктап айтар болсок, биздин жаш мамлекетибиз үчүн бүгүнкү күндө эң башкы милдет - бул өлкөнүн коопсуздугун сактай ала турган, согушка жарамдуу, кубаттуу армияны, анын ичинде республикабыздын чегиндеги Россиянын чек арачыларын алмаштырууга жөндөмдүү чек ара бөлүктөрүн түзүү. Биздин оюбузча, буга жетишүү үчүн реалдуу шарттар бар. А эгер жакын арада бул максатка жетише албасак, анда кийин кеч болуп калышы ыктымал.

*("Ош жаңырыгы", 23-июль, 1997-жыл)*



## ШВЕЙЦАРИЯГА АЙЛАНМАК ТУРГАЙ, 10 ЖЫЛ МУРДАГЫ КЫРГЫЗСТАНЫБЫЗДЫ ДА ТАППАЙ КАЛДЫК

*Кыргыз Республикасынын*
*президенти Аскар АКАЕВге ачык кат*

1990-жылдын күзү али жакшы эсимде. Жамы кыргыз журтчулугу сыяктуу эле Кыргызстандын бир бурчундагы биздин Чөгөм айылынын жашоочулары да сиздин бийликке келишиңизди сүйүнүп кабыл алышкан. А сиз бийликке чоң-чоң убадалар менен келгенсиз. Кыргызстанды экинчи Швейцарияга айландырып жиберем дегендей ширин кыялдар да бар болчу анын арасында. Эл сизге ишенген. Үмүт арткан. Азыр артка кылчайсак, андан бери билинбей тогуз жыл агыптыр да, биз үмүт менен кол сермеп келген XXI кылымга эки гана кадам калыптыр....

Ушул жыл жаңы башталган күндөрдүн бир кечинде биздин үйдө бир топ аксакал кобурашып олтурган. Бурчта турган радиоприемниктен жөн гана концерт берилип жаткан. Анан бир маалда эле андан сиздин тааныш доошуңуз чыгып калды. Ал сиздин жаңы жылдык куттуктоо сөзүңүз беле же элге кайрылууңуз беле, азыр түзүк жадымда жок. Отургандар алгач «ой, Акаев го» дегендей кулак түрө калышты да, анан бирөө: «кой айланайын, башты оорутпай өчүрчү, баягы габи да» деп салды так кесе. Башкалары аны үнсүз колдоп, баш ийкегилешти. Ошону менен сиздин үнүңүз тып басылды. Эгер тигиндей сөз тек, оргу-баргы бирөө тарабынан айтылып, тигиндей мамиле болсо, анда ага маани бербей эле тим болсок болмок. Бирок, бул өтө кош көңүл да, өтө салкын да мамиле кыргыздын абалтан келаткан жазылбаган мыйзамы – салтты жакшы билген, улуу менен кичүү, ак менен кара ортосундагы наркты сактай жүргөн нускалуу карылар тарабынан болуп жаткан соң, ага көңүл бурбай коюуга болбоду. Алардын мындай салкын мамилеси мени, сизди ого эле илим-билимдүү, маданияттуу, аябай адамгерчиликтүү, жакшы адам катары жогору баалаган, мындан чыкты, лидер катары дагы сизге ишеним арткан күйөрманыңызды кыйла абдаарытып койду. Эл өз падышасына неге мынча кош көңүл? Экөөнүн ортосу мынча алыстаган да, мынча сууган? Ушундай чаташкан суроолор жооп издей

мээге уюп, айлана-тегерекке, бүгүн-эртеңге көз чаптырып, ой чаптырууга мажбурлады.

Алыс чыкпай, өз айылымды эле мисалга алып көрөйүн. Кай жагынан алсаң дагы мындан 9 жыл мурунку Чөгөм менен бүгүнкү Чөгөмдү салыштыруу кыйын экен. Ал убакта мугалимдери айлыгын, пенсионерлери пенсиясын өз убагында алып, а алган акчасы баарына жетип, айыл дүкөнүндө керектүүнүн бакиси тизилип, калктын турмушу шак эле. Айылга барчу жол заңгырап, туура Ош шаарынан күндө автобус каттап турчу. Жүз түтүнгө жетерлес эли бар ушул чакан айылдын өзүндө эле 3000 башка чамалаш топоз багылып, көпчүлүк ошонун аркасында тиричилигин мыктай өткөрчү. Иштейм десе иши, окуйм десе окуусу даяр, кыскасы, элдин курсагы да, пейли да ток, айыл ичи мамыр-жумур болчу. Эми анын бири жок. Мугалимдер үчүн 5-6 айлап акыйып айлык күтмөй көнүмүш. Же бир алаар айлыгы абат болсо экен, жарым кап унга жетпеген пул. Мектепте жөндүү окуу жок. Илгеркидей керектүү педагогикалык-методикалык басылма, түрдүү окуу куралдарын биякка кой, жөнөкөй окуу китептери да жетишпейт. Жолдор бузулуп, почта деген эме болсо эбак эстен чыккан. 3000 баш топоз сиз жүргүзгөн реформанын амири менен тукум курут болгон. Ушул тапта айылдан мурдагыдай көңүлдүү күн кечирип, толук кандуу кийип-ичип, басып-турган бир да үй-бүлөнү таппайсың. Ал эми кээ бир кембагал бүлөлөр үчүн нансыз ачка калуу деген көнүмүш болуп калды.

Мына, эл күткөн бышыкчылык маалы да жетип келди. Ага карабай буудайдын баасы 6 сомдон түшпөй турат. Ал эми тоолуктардын ишенген «көзүрү» - төрт түлүктүн баасы мындан төрт жыл мурунку калыбында. 1 койго 100кг. буудай, а айылда айлыкчы деген мугалимдин бир айлыгына 50кг. буудай келет. А адамдын жашоосу үчүн нандан тышкары кант-чай, туз-май дегендер да зарыл экен. Анан калса, чөгөмдүктөрдүн баарынын эле короосу толо мал эмес, же баары эле мугалим болуп иштебейт. Абал ушундай. Башыңа тартсаң бутуңа, бутуңа тартсаң башыңа жетпеген аргасыз жашоо, өлбөстүн күнү. Чарчаган, арып-ачкан, үмүт үзгөн, жүдөгөн, жадаган жүз. Карылар азыркы жашоону тээ 60-жылдардын деңгээли менен салыштырышат. Мурдагыдай жатып алган деле эч ким жок,



кара жанын карч урган эле киши. Ошого карабай, анамына оңолуп кетээр деген элдин үмүтү таш каап, турмуш күндөн-күнгө артына кетүүдө. Демек, бүгүнкү күн элдин келечекке үмүт-ишеничи толуп-ташып, чыйралып турган, ага жараша турмуш да күндөн-күнгө оңолуп баштаган 60-жылдарга кайдан тең келсин.

Урматтуу президент! Эгер мындай ит турмуш жалгыз гана ушул кичинекей Чөгөмгө тиешелүү болсо, анда чатак жок эле. Аянычтуусу: мындай көрүнүш бүгүн бүт кыргыз айылдарына, бүт Кыргызстанга мүнөздүү. Кыргыз эли экинчи Швейцарияга ээ болмок тургай, өзүнүн 10 жыл абалкы Кыргызстанын да таппай отуруп калды. Ал эми өлкөдө ушуга чейин жүргүзгөн сиздин реформаңыз, өзүнүн азыркы жыйынтыктары менен өстүрүп-өнүктүрүү реформасы эмес, тескерисинче, талап-тоноо, жок кылуу реформасы гана болгондугун далилдеди. Эми СССРдин кыйрашы, экономикалык мамилелердин үзүлүшү, өткөөл мезгил деген шылтоолор өзүн актабай калды. Өлкө азыр сыңар социалдык-экономикалык кризиске гана тушукпастан, ага кошул-ташыл рухий-ыймандык кризиске да белчесинен батып, Кыргызстандын тагдыры устаранын мизинде туру. Ырас, ушул мезгил аралыгында ич жылытар изги иштер да болсо болгондур. Бирок, кашайып, анын баарын жаман жагы жууп кетип жатпайбы. Маселен, бирдеме десең эгемендүүлүк менен демократияны ала чуркаган адат бар. А бирок, ушул басыгыбызда жүрүп олтурсак, асмандан түшкөн кут сыяктуу өзү келген эгемендүүлүгүбүз эртең эки тыйынга арзыбай, бир жараса, «күн карама» туубуздун ажарын ачканга гана жарап калбайт деп ким кепил боло алат. Ал эми демократия демекчи.... Баштан аяк башаламандык, мыйзамсыздык өкүм сүрүп, бүт жүзүн коррупция, паракорлук, сойкулук, баңгилик, алдамчылык, эки жүздүүлүк шөкөттөп, ыйман тепселген коомдо кайдагы демократия да, кайдагы акыбет?!

Урматтуу Аскар Акаевич! Мунун баары үчүн кимдир бирөө жооп бериши керек да, ыраспы? А ким? Деги республиканын бүгүнкү адам ыйлаар акыбалын сиз да көрүп-сезип атасызбы? Ал сизди түйшөлтөбү? Биз ошентип эле ойлогубуз келет. Бирок ага такыр окшошпойт. Чын эле сиз баш-отуңуз менен бир гана максат-мамлекетти оңоого киришип, бирок иштин көзүн таппай жаткан болсоңуз

кечиримдүү эле. Бирок сиздин акыркы кездердеги иш-аракеттериңиз, айрыкча, бир жерди жеп курутуп бүткөн немени андан майлуу экинчи жерге коюп бөлөлгөн эч бир жоопкерчиликсиз кадр саясатыңыз жана жеп-чычкандан башка максаты, сизге, өйдө жакка жагынгандан башка милдети жок кадрларыңыздын жер-жерлердеги иштери сиз үчүн кыргыз элинин, кыргыз жеринин тагдыры экинчи пландагы нерсе, а эң башкысы, эптеп президенттик таажыны сактап калуу, бийликти колдон чыгарбоо, ага кошумча дос-жоро, тууган-туушкандардын түбөлүк жыргалчылыгын камсыз кылуу максаты гана болуп калган деген ойго жетелейт. Жаңылбасам, 1991-жылкы президенттик шайлоодон кийин сиз: «эгер 67 пайыз добуш топтой албасам, бийликтен баш тартам деп өзүмө-өзүм сөз берген элем» деген элеңиз. Азыр мен ошол сөздүн чын жүрөктөн айтылганына да ишене албай турам. Көпчүлүк калыс тараза экен. 1995-жылкы президенттик шайлоодо биздин Чөгөмдө 300дөй шайлоочунун 290у сизге каршы добуш беришкен. Сиздин күйөрман катары убагында аны мен элдин лидерди туура баалай албаган караңгылыгына жоругам. Көрсө мен жаңылган экем. Эл ошондо эле сиздин этегиңизди кармап эч кайда узабашын туйган экен.

Мындан 4-5 ай мурда «кокуй, чекисттер Акаевди өлтүрмөкчү болгон адамдарды кармаптыр, террорчулар жалаң айылдык карапайым кишилер имиш» деген кепти гезиттен окуп калдык. Ушерде айта кетер бир сөздүн удулу келип турат: азыр көп эле жерден анча-мынча оозуна алы жетпегендердин сиздин ата-жотоңузду калтырбай ашатып сөгүп, а тургай «Акаевди бир балээ кылбаса болбой калды» деген оосар кепти угууга болот. Бирок бул жалпы элдин пикири эмес. Эл эч качан андай балит, опуртал ишти колдобойт, айыптайт. Эми тиги террор деген эменин өзүнө келсек, ырас, биз анын чын-төгүнүн кайдан билдик? Биздин билгенибиз бул болду: эл ага ак да, көк да деп мамилесин билгизбей, аны укмуштай кайдыгер, кош көңүл каршы алды. Кандай өкүнүчтүү, бул деген калкта өз падышасына багышталаар ишенимдин, сүйүүнүн жоктугунун ишараты. А кокус, тиги террор деген неме жөн гана ойдон атайылап чыгарылган чуу болсо, анда аны падышаны өз букарасынан окчундатуунун гана далалаты деп түшүнүү керек. А эгер ал чатак чынакам даярдалган, болор иш болсо, ал баарыдан мурда, урматтуу президент, сизди өтө терең ойлон-



тушу керек болчу. Сиз ушундан бир чечкиндүү жыйынтыкка келишиңиз керек эле. Албетте, жеке күзөттү күчөтүп, ак үйдү темир тор менен курчап эмес, элге жакыныраак келип дегендей, турмушту президенттин эле эмес, кайырчынын көзү менен да карап дегендей.

Ушерде менин башыма бир ой келип турат. Мынча болду деп, жаман алымда сизге бир акыл айткым бар. Өзүңүз жакшы билесиз, мындан 5-6 жыл илгери «Асаба»-гезити «Аскар Акаев» деген китеп чыгарган. Ошо китептин башында улуу жазуучу К.Жусубалиевдин боор ооруга, сүйүүгө, үмүткө карк, ак дилден жазган куш тилиндей баш сөзү бар, муну, анан илгери өтө кыйчалыш заманда Кыргызстандын өкмөтүн башкарган, көралбастыктын айынан кырчынында жайраган Жусуп Абдырахмановдун учурунда өзү үчүн өзүнүн ички толгоосун, тышкы боолгоосун – ымандай сырын төгүп жазган күндөлүгү бар, ушуну, ушул экөөнү эптеп саатын таап, өзгөчө зээн коюп окуп чыксаңыз. Мүмкүн ушундан бир азыркы туңгуюктан өзүңүздү да, элиңизди да жарыкка жетелеп чыкканга жол көрсөтөр акыл табылып жүрбөсүн деген ниет. Айтар акылым ушул. Оголе жөнөкөй.

А аягында айта кетер бир кеп: борбордон алыс, Кыргызстандын бир бурчунда олтуруп алып, учурдагы бийлик менен букаранын ортосундагы өз ара алакасы тууралуу ой калчаган болуп, сизге минтип акыл-кеңеш берген болуп кат жазып олтурушум эриккенден чыккан эрмек эмес. Анан мында кандайдыр бир саясый-коньюктуралык же эл дарбыса кошо дарбыган башка максат да жок, болушу да мүмкүн эмес. Болгону, буга бүгүнкү айласыз акыбалды көрүп туруп унчукпай кое албаган көөдөнүмдө али өчө элек атуулдук-патриоттук сезимим гана түрткү болду. Караламан калктан алыс, катаал жашоодон оолак, сыртта, тээ өйдөтөн туруп, эл таламын талашымыш болгондорго карап бакканда, ошол ит турмуштун дал толтосунда, оорчулукту өз башынан кечирип, кыйынчылыкты жон териси менен туйган кембагалдын эл мүдөөсүн, тынчсызданусун айтып, эл атынан сүйлөөгө моралдык укугу көбүрөөк го деп билдим.

*Сизге саламатчылык тилеп, Абдувахаб Мониев, Араван району, Чөгөм айылы, 21-август.*

*(«Асаба», 19-ноябрь, 1999-жыл)*

## ӨЗҮҢӨ САК БОЛ, КОҢШУНДУ УУРУ ТУТПА

"Өзбекстан минтип атат" деп башталчу чуулдагыбыздын чыкканына баш-аягы беш-алты жыл болду го. Алгач "Өзбек мамлекети менен талаш жерлерди такташ керек" дедик. Анан "Өзбекстан биздин чек аранын жанында аскерин машыктырып атат, биздин жерлерди дагы ээлеп атат, кокуй, өзбекстандыктар бир кишибизди сабапketишти..." Жапатырмак ушинтип "кокуйлап" наалып эле келатабыз, арызданып, датtанып эле атабыз. А кимге даттанып атканыбыз белгисиз. Мамлекет башчысынабы, өкмөткөбү? Мүмкүн. Кээде "бийликтегилер чечкинсиздик кылып атпайбы, ошолор эле бир жаңсыл кылып кое турган иш эле" деп бийликке да кине коюп калабыз. Көрсө, кептин баары ушуякта турбайбы десең, "биз кичине мамлекет турбайбызбы, экономикабыз начар болуп атпайбы" деп өкмөтүң кошо кол жаят. Биз минтип "хор" менен кошумуп, "түбөлүк доспуз" деп "шилекей алышкан" коңшуларыбыз өздөрүнүн үстөмдүгүн иш менен дагы, сөз менен дагы улам күчөтүп көрсөтүп койчу болду.

Кечээ эле бирдей деңгээлде турган коңшубузга бүгүн теңата боло албай, басынган бу акыбалга эмне түрткү? Деги бул корунган абалдан кантип кутулабыз, бу маселе кандайча чечилет? "Экономиканы көтөрүш керек" деп шак этчү дайын жооптон оболу, ага тереңирээк үңүлүп, башка өңүттөн карап көрбөйлүбү.

Мындан миң жыл илгери Енисейдеги кыргыз империясын эми эле тарыхтан таап чыкканыбыз болбосо, кыргыз эли ушунча мезгил ичи өзүнчө түндүк көтөргөнгө да жетишпей, бирде монгол, бирде кытай-калмак өкүмзордугунда, андан берирээк келип, Кокон хандыгынын кол астында, мындан өтүп Россия империясынын, СССРдин бийлигинде болуп, бүт күнүн көзкарандылык, күнкорлукта өткөрүп келиптир. Өз тагдырын өзү чечип, өзүн өзү билгенге тарых кырдаал түзбөптүр (эми буга таарынганга деле жөнүбүз жок. Баарына түтүп, элдигин сактап калганы акыры келип бүтүн улут катары калыптангангa жеткени эле кыргыз үчүн чоң олжо). Кылымдарды карыткан көзкарандылык калк денине изин түшүрбөй коймокпу. Ал кыргыз канына улуттук сыймык, намыс, ар дегенден куржалак кулчулук психологияны жедеп сиңдирип, оозундагы ашын тарттырган бошоң, көлөкөсүнөн үрккөн коркок, жалтак улуттук мүнөздү калыптандырыптыр. Биздин мындай алешем улуттук жүз, ыраң-оройубузду жеткире ачып, бүт дүйнөгө жар салган мисал катары кечээги эле Баткен жаңжалын алсак аша чапкандык болбос.



Чынына келсе, Союз ыдырап кетип, эркиндикке «аргасыздан» эле чыгып калбасак, ага чейин кыргызда эркин мамлекеттүүлүккө умтулуу сезими деле жок болчу. Ошентсе да эгемендиктин биринчи күндөрү түзүк эле эдирендедик. Болгондо да алды-аркабызды карабай, эртеңкибизди ойлобой туруп элөөрүдүк. Биз антип эйфорияга алдырып турган чакта, экономика деген эмебиздин куту учуп, эркиндик деген оңой оокат эмес экендигин көрсөттү. Бирөөнүн көзүн карамайын жашап көрбөгөн жаныбыздын тез эле жели чыгып, "аз эл, кичине өлкө экенбиз, алсызкүчсүз экенбиз" деп сарсанаага батып, өзүбүздөн өзүбүз кичирейип, басынып, күйгүлтүккө түшө баштадык.

Ушинтип, кечээ эле теңата мамиле кылып келген Өзбекстан, Казакстан сыяктуу коңшуларыбызга дагы сырыбызды алдырдык. Эми диндеш, дилдеш деген коңшуларбызды секин-секин экинчи "агага" айлантып алуу коркунучунун астында турабыз. Байманасы ашып-ташпаса да, бизге караганда духу күчтүү журт экен, а алардын кебелер кебетеси көрүнбөйт.

Муну карагыла, биз азыр тынч жаткан айылыбызды бомбалап, бейкүнөө адамдарыбыздын өмүрүн кыйган, бүтүндөй мамлекеттин, элдин намысына доо кетирген өтө одоно кылыгына көз жуумп коюп, аласасы толук төлөнбөгөндүгүнө байланыштуу газды бууп койгон мыйзам ченемдүү эле көрүнүштөн улам чуру-чуу түшүп, өзбек коңшуларды жектеп атабыз.

Эгер газ өчүп калса, эптеп бир ылаажысын тапса болоорлугун, ал эми улуттук ар-намыстын, духтун өчүшү улут үчүн өлүмгө тете иш экендигин андагыбыз жок. Демек, коңшуларыбыз акырындап сес көрсөтүп, кысымга ала баштаса, айыпты Каримовго татыктуу жооп бере албаган Акаевден, аз жаратканы аз келгенсип, жерибизден газ да

чыгарбай койгон Кудайдан же коңшулардан көрбөстөн, улуттук ар-намыс, патриоттук жан оту жылас болгон өз көөдөнүнөн издегени жөн ар бир кыргыз баласы. Бийликке күнөө коюп, анын алсыздыгын, коркоктугун айтуудан мурда, “эшегине жараша тушоосу” болоорун моюндаганыбыз абзел. Ал эми аз калк, кичине өлкөлүгүбүз чүнчүп, басынуунун себепкери болбостон, тескерисинче, бизди чыйралтып, курчутар кошумча күч болушу керек болчу.

Чынында өзбек коңшуларыбыз Кара-Тейитти “адашып” бомбалагандан сырткары азырынча чектен деле чыга элек. А эгер кындан чыга баштаса биз тараптан кандай жооп болмокчу? Биз өзү жакын коңшуларыбыздын алдында басынып-корунган бу жагдайдан, бул өксүк комплексинен кантип арылабыз? Теңата мамилени кантип жолго салабыз? Мында бир гана жол бар: “өзүңө тың бол да, коңшуңду ууру тутпа”. Ал эми бул абалга жетиш үчүн улут катуу бир силкинип, муштумдай түйүлүп чыңалган улуттук духка, намыс дегенде от болуп күйгөн патриоттук жигерге ээ болмогу кажет. Кези келсе, экономика деген эме да ошол рухий күчкө багыңкы.

*(“Асаба”, 3-декабрь, 1999-жыл)*





## БИЛБЕЙ ТУРУП БАШКАРГАНЫҢ – МАСКАРАЧЫЛЫК

1989-90-жылдары “Ала-Тоо” журналына Жусуп Абдырахмановдун “Күндөлүгү”, анан Үркүн тууралуу илимий негиздеги эмгеги менен Кыргыз АССРин союздук республикага айлантуу сунушун коюп, Сталинге жазган каттары жарыяланган. Ушулар мага - ал кездеги мектеп окуучусуна кандайдыр катуу таасир эткен го, 91-жылы кыргыздын бул азамат уулу жөнүндө тиги окугандарымдын негизинде тор дептердин он барагын толтуруп макала чиргөгөн болуп, а башына “Ж.Абдырахмановдун туулган күнүнүн 90 жылдыгына карата” деп бадырайта жазып алып, облустук гезит редакциясынын босогосун аттадым. Мен кирген гезит кызматкери макаламды колуна алыпала электе жөнүн сурады. “Башында жазылып турбайбы, Жусуп Абдырахманов тууралуу да” дедим эч нерседен камаарабай. “Абдырахманов дегениң ким болуп иштеген неме өзү?” Пиримдей көрүп турган журналист агайым менин оозумду ушинтип ачырды. Акыры “бу киши деген...” деп куп эле мактап-жактап чебелектегеним да анын эч кандай кызыгуусун ойгото алган жок. “Үкам, муну не кыласың? Айылыңарда, районуңарда белгилүү адамдар - эмгектин алдыңкылары, баатырлары бар да, туурабы? Андан көрө ошолор жөнүндө жазып кел” деп кеңешин айтып, макаламы окубай туруп колума тапшырды.

Эми андан бери бир топ болбодубу. Бу мезгил аралыгында тарыхый-генеологиялык тамырыбызга кыйла тереңден үңүлүп, тарыхыбыздын актай барактарын толтурууда, унут калган тарыхый адамдарга татыктуу баасын ыйгарууда түзүк эле иштерди жасагандай болдук. Ал гана эмес, ар уруудан “баатыр”, “олуяларды”, ар айылдан “чыгаан ишмерди” таап чыктык. Башкадан калышсак да, аларга арнап топурата той-мааракe өткөрүп, көчө-көйгө жамырата атын коюу жагынан эч бир элге мөрөй алдырбасак керек. Эми буларга эч кандай ич тардыгыбыз деле жок. Болгону, өткөн урпактардын ченебей “сөөгүн агарткан” бу жагдайда чачылган калкты жыйнап бир түндүктүн

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
2-89
ИНВ № 471278
ОТДЕЛ

алдына бириктирип, таламанга түшкөн жерди тактап, бир бүтүндүккө келтирип, бүгүн эгемен аталган Кыргыз мамлекетинин пайдубалын түптөөнүн башында турган 1920-30-жылдардагы элибиздин алдыңкы катардагы коомдук-мамлекеттик ишмерлеринин ичинен дагы өзгөчө айырмаланып көрүнгөн Ж.Абдырахмановдун көз жаздымда калганы гана өкүндүрөт. Бу ишмердин ысмы узун докладдардан эле "душман көзүнө" учурап калбаса, ал жөнүндө мамлекеттик деңгээлде ныпым сөз жок. Бир кездеги гезит кызматкерине окшоп, "Абдырахманов ким өзү?" дечүлөр дале четтен чыгат. Сыягы, бечара Абдырахмановдун артында элге окшоп мааpаке өткөрүп, эстелигин тургузуп, атын чыгарганга алы жетер жан күйөр урук-тууган жок окшобойбу. Анан да Кыргыз мамлекетине "автор" болгон "кылымдын ишмерин" арабыздан эле таап чыккан айрымдардын акыркы убактагы аракеттерине карап, аргасыздан кыргыз тарыхынан кокустан эле дагы бир "кыйындын" чыга калышы кай бирөөлөргө анча жага бербейби дегендей ойго да жетеленесиң.

Убагында кыргыз эли үчүн нар көтөргүс эмгек өтөгөн Ж.Абдырахманов сындуу инсанды али да жалпы улуттук таанымга жеткире албаганыбыз, кандай болгон күндө да тарых ташын калыс таразалап, тарыхый адамдарга туура баа берүүдө ырааттуу бир улуттук аң-сезимдин деңгээлине көтөрүлө албаган улутубуздун дагы бир өксүк жагын айгинелейт.

1927-жылы 26 жаш курагында Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасынын кызматына келген, 1937-жылы 36 жаш курагында "эл душманы" атыгып, репрессияга тушуккан Ж.Абдырахмановдун өмүрү жана ишмердиги боюнча материалдар бир топ эле арбын. Мында анын 32-жылы ЭКСнын төрагасы болуп турганда Москванын катуу буйругуна карабай, мамлекетке дан планын тапшыруудан баш тартып, Кыргызстандын элин ачарчылык алааматынан сактап калган бир эрдигин белгилей кетсек эле жетиштүү болоор. Анын бул эрдиги акыры кызматынан кетишине себеп болгон. Ж.Абдырахмановдун учурундагы коомдук-саясий ишмердигине баштан-аяк абай салып чыгып, эч тайсалдабай эле аны кыргыз элинин акыркы жүз жылдык тарыхындагы өзгөчө уникалдуу феномен деп айтууга болот. Ой өрүшү, билими, жалпы эле интел-



лектуалдык дарамети жагынан орустун ошо кездеги алдыңкы ишмерлеринин катарында туруп, ошол учурда эле Компартиянын саясатына сын көз менен кароого жетишкен бул инсан - жаңы эле сабатсыздыгын жоюуга киришкен көчмөн кыргыздын генефондунун зор мүмкүнчүлүгүнөн кабар берген тирүү далил болгон. Анткен менен да тунук акыл, айкөл адамгерчилик сапатына жана жогорку билимине бийик патриоттук жигери менен толуп-ташкан ички энергиясы шайма-шай келген, төгөрөгү төп андай лидерди кыргыз эли азырынча жарата элек.

Чынында Ж.Абдырахманов атайылап жасап-түзөп мактоого, ашыра көкөлөтүп даңазалоого деле муктаж эмес. Биздин көпчүлүк "жасалма" баатырлардан бир өзгөчөлүгү - ал өз эстелигин өзүнүн ички муктаждыгынан улам гана 1928-32-жылдары жазган "Күндөлүгү" менен урагыс кылып тургузуп кетиптир. Азыркы муун ушул "Күндөлүктү" эле кыргыз тилинде өзүнчө китеп кылып чыгарып, элге таратып койсок чоң иш аткарган болор элек. Бирок биздин колдон азырынча бу жумуш дагы келген жок.

Ж.Абдырахмановдун адамдык да, жетекчилик да жүзү ошол өз "Күндөлүгүнөн" аябай таасын чагылат. Дегеле бул "Күндөлүктү" жалгыз бир саясий ишмердин баштан кечиргени, ой-толгоолору гана эмес, карама-каршылыктарга жык толгон ошол катаал мезгилдин жандуу сүрөтүн көз алдыга тартып, терең талдоого алып, бүтүндөй бир доор жөнүндө жазылган үлкөн бир саясий эмгек катары караса да болот. Мынакей, андан бир бүркүм үзүндүлөр:

***26.09.28-ж.***

*... Менин мекендештерим үчүн Кыргызстан сүйүүнү, кам көрүүнү талап кылган, ал үчүн иштөө керек болгон мамлекет эмес, тек гана жеке жыргалчылыктын базасын түзүүгө ылайыкталган обьект. Элимдин бактысыздыгы мына ушунда...*

***13.09.28-ж.***

*..."Абийирдүү чиновник" - кошоматчылар болгон кадрлар өсүп жатат. Партия менен революция ушундан утушка жетишеби? Күмөндүү...*

8.01.31-ж.

*... Отставка жөнүндөгү ой барган сайын мээмди чагууда. Билбей туруп башкарганың- маскарачылык.*

9.01.31-ж. Жалал-Абад.

*... Биз жер-жерлерде элди унчукпай моюн сунуп берүү духунда тарбиялап жатабызбы деп корком...*

13.01.31-ж. Ош.

*Жалал-Абад базарына кокусунан барып, бир катар чайканаларда болдум. Базарда да, чайканада да сүйлөшүп жатышкандардын эч кимиси алардын сөзүн угуу үчүн менин атайын жүргөнүмдү билишкен жок. Кызыл аскер шлеми менен кыска тон эң сонун маскировка болду. Өзүмдү жергиликтүү тилди билбеген калмак кызыл аскер деп тааныштырып, атайылап орусча гана сүйлөп жаттым. Эгер алар жанындагы ЭКСнын төрагасы экенин билишкенде, анчалык ачылып сүйлөшмөк эмес.*

15.01.31-ж. Ташкент

*...Биз өзүбүздүн эркиндигибизге күрөш аркылуу жеттик. Кызык, тең укуктуу деп эсептелген элдер менен бирдей абалга жетүү үчүн дагы да күрөшүү керек окшойт. Тең укуктуулардын арасында дагы теңдикке ээ болуу үчүн азыркы социализм мезгили дагы күрөштү талап кылып жатат. Эмне кылабыз, күрөшөбүз да.*

* * *

Окшоштук окурманга да байкалгандыр. Көсөм ишмер "Күндөлүгүндө" өз мезгили жөнүндө ой калчап, жогорудагы саптар мындан 70 жыл мурдагы таптакыр бөлөк тарыхый кырдаалда жазылып отурганына карабай, негедир ал кыйшык күзгү сыңары кыргыз коомунун азыркы турпатын чагылтып тургансыйт. Дал эле өзү - бүгүнкү акыбал, бүгүнкү проблема. Жалгыз айырмасы - азыр бизде бийлик мунарасынын төбөсүндө туруп Абдырахмановчулап өз ишине сын көз менен карап, өзүнө өзү отчет берип, өлкө тагдыры үчүн чындап күйгүлтүккө түшкөн караан гана көрүнбөйт...

*("Асаба", 3-декабрь, 1999-жыл)*





## ЭШЕГИНЕ ЖАРАША - ТУШАГЫ

Алдыдагы парламенттик шайлоо Кыргызстандын тарыхындагы эркин атаандаштыктын негизинде, демократиялык жол-жоболорго ылайык өтөр экинчи шайлоо болмокчу. Мындан чыкты, өнүгүүнүн демократиялык жолун тандап, мунусу менен "Борбордук Азиядагы демократия аралчасы" деген атка да ээ боло калган өлкөдө бул жагынан кантсе да тажрыйба бар. Бир караганга, депутаттык бир орунга 9-10 дон атаандаш чыгып, калк түп көтөрүлө дүрбөп калчу биздеги шайлоо бүтүн дүйнөгө демократиядан "сабак берген" Америка шайлоосунан эч бир айрымасы жоктой, баары эле өз ордундагыдай көрүнөт.

А бирок, иштин өзөгүнө келсең, бу жаатта дале чийкилигибиз, көзүбүздүн көп нерсеге жете бербестиги, жамыбыз шаңырапдап шайлап аткан эл депутаты деген өзү ким, анын милдети, кызматы эмне, дегеле депутаттык статус дегендин өзү нени түшүндүрөт - ушулар тууралуу дале оңгулуктуу так түшүнүгүбүздүн жоктугу дароо эле калкып чыгат. Маселен, өткөн аптада мамлекет идеологиясынын күзгүсү эсептелген "Кыргыз Туусу" гезити депутаттыкка талапкерлигин коймокчу болгон бирөө жөнүндө: "Эл депутаты болом деп ээлигип турган чагы. Антсе эмне экен, ак эмгектин акыбетин көрө турган мезгил келгендир" деп өзүнүн биринчи бетине жазып чыкты. Буга комментарий артыкбаштык кылар. Бир гана белгилей турган нерсе - депутаттык жөнүндө мында каңкууланган жорум кокусунан эле чыгып кеткен жери жок. Бул биздин жалпыбыздын түшүнүгүбүз, кыргыздын саясий аң-сезиминин типтүү чагылышы.

Эми эл депутаты дегендин түпкүлүгүнө келели. Аты айтып тургандай ал элдин мамлекеттик бийликтеги атайын өкүлү. Күжүм эле эл аталып, котологон топ эмес, ар кимининин өз аты, так саны бар конкреттүү адамдар ишеним көрсөтүп, аттап-тондоп жөнөткөн өкүл. Анын мойнуна ошончо калктын жүгү илинет. Депутат өзүн шайлаган элдин алдында жоопкер дагы, милдеткер дагы. Ошол элдин таламына ылайык, ошол элдин кызыкчылыгын кор-

гогон мыйзам жазуу, кабыл алуу жана анын аткарылышына көз болуп, эл менен аткаруу бийлигинин ортосундагы тең салмактуулукту сактоо - депутаттын негизги милдети. Мындан көрүнгөндөй, функциясы толук аткарылса, ал карууну казык кылар ташпиштүү жумуш.

А бирок бизде, депутат болмокчумун деп оолуккан азчылыкта да, депутат шайлап ээликкен көпчүлүктө да таптакыр бөлөк, өз тамырынан ыраактап кеткен түшүнүк. Депутат дегенди биз көбүнесе сый-урматтуу мансап, жылуу-жайкын орун же болбосо кадыр-барктуу наам катарында билебиз. Эришке ылайык аркак демекчи, эгер парламент оңчулуктуу иштеп бере албаса, депутаттардын ичинен "жепутаттар" чыкса, ага таң калып же күйүгүп кереги жок. Муну түшүнүккө жараша жыйынтык деп билген оң.

Жогорудагы бүтүмдөрдү бекемдөө үчүн ушерде бүгүн өз жашоосун токтотуп аткан Жогорку Кеңештин бир-эки мисалына кайрылуунун кези келди бейм. Биринчи мисал - ЭӨЖга Таластан депутат болгон ардактуу Чыкебиздин (Чыңгыз Айтматов) мисалы: Чыке депутат атанганы менен эл үчүн эч кандай кызмат аткарган жок, тээ Европада жүрдү. А эл аны эмнеге өкүл кылып шайлаган? Ага ишеним көрсөткөн шайлоочулардын таламы, кызыкчылыгы кайда калды? Муну ойлогон пенде жок. Эгер Чыке депутат дегендин түп милдетин аңдап, эл камын чындап ойлосо, ага анча жабышпай, "койгула, айланайындар, мен жазуучулугум менен элчилигими эле кылайын" демек. Аксакалдын күчү буга жеткен жок. Эгер укуктарын билсе, ЖКда өздөрүнүн мүдөөсүн коргобогондугу үчүн Чыке пайгамбар болсо дагы таластыктар аны парламенттен чакырып алышы керек болчу. Элдин буга акылы жеткен жок. Айтса, ЖКдагы буга окшогон көрүнүш жалгыз Ч.Айтматовдун мисалы менен бүтпөйт.

Экинчи мисал, МЧЖга Араван тараптан шайланып алып, анан бир жыл депутат болбостон, артындагы миңдеген адамдардын ишенимин, эркин уруп ойнобой, УКМдин Ош облустук башкармасыныны башчылыгына секирген Иманберди Жалилов. Мейли эми, УКМга И.Жалиловдой "чекист" табылбай, айласыз ушул кадамга баргандыр дейин десең, кайра бир жыл болбой ал кызматтан да учуп



кетип атпайбы. Миңдеген шайлоочулардын ишенимине чайкоочулук жасаган бу кылык кылмышка тете эле иш. Бирок муну таназарына алган киши болбоду. Айтса, бу көрүнүш да жалгыз эмес, ондоп саналат.

Кантсе да эми булар эски парламент сабактары. Анткени менен, жаңы куралар парламент бул жагынан андан да ашып түшөр кейиптенип турат. Эгер Айтматов аксакал биртике эле ниеттене түшсө, жердештери атактуу жазуучулугу үчүн ага депутаттык полномочиени кош колдоп ыйгарышары анык. А нарындыктар кадырлуу карылыгы үчүн бу сыйлуу орунду Усубалиев аксакалга эмитен эле чегерип киришти. Мындан сырткары, Жалилов сымал депутаттыкты тек гана майлуу кызматка секирүү үчүн трамплин иретинде пайдалануучулар дагы арбышы мүмкүн. Анткени, күндөн-күнгө шайы ооп, парламентке эптеп өз кишилерин өткөрмөк гаразында эмитен эле күч үрөп кирген Акүй эгер бирдеме болсо, анчамынча тоң моюндарды чоң кресло менен эпке келтирүү ыкмасын дагы өркүндөтөт. Ал эми кыргыздын бул жаңы парламентинде деле мансап дегенде эки көзү төрт болгон адамдардын басымдуу бөлүгү болорлугунун өзү эки жерде - эки-төрт дегендей кеп.

Буларга кошумча, бу жолу парламентке жалаң гана мансаптуулар менен капчыктуулардын келиши күтүлүп турат. Бир жагынан азыр бизде байлар гана эл башкарыш керек дегендей көз караш көз жарып, ушундай коомдук пикир орной баштаса, экинчи жагынан, азыркы депутаттар "депутат болом деген киши 30 миң сом күрөөгө коюш керек" деген мыйзам токуп, ага атайы ыңгай даярдап коюшту. Деги табышмак, депутаттар мыйзамга бул жобону эмне негизге таянып, кандай максатта киргизишти? Эмне, депутаттыкты биротоло пулдуулардын энчисине байлап берүүнү көздөштүбү? Неси болсо да эми бул жобо акылы, энергиясы ашып-ташып турса да азыркы парламентте № 1 парламентарий болгон А.Мадумаров өңдүү жылаңач баатырлардын карапайым калк арасынан суурулуп чыгышына оңбогондой эле тоскоол болот.

Муну карагыла, өзүбүз Кыргызстандын калкынын басымдуу бөлүгү жакырчылыкта жашайт, 90 пайызын жалаң кембагал катмар түзөт деп жүрөбүз. А анда эмне

үчүн ошол калктын өкүлдөрү болуп азчылыкты түзгөн, 10 пайыз байгер катмардан депутат шайланышы керек? Бул деген дегеле акылга сыйбас жосун эмеспи. Ырас, депутат мыйзам жазат, талкуулайт экен. Ошон үчүн акылдуу, билимдүү болгону жакшы. Бирок ал мыйзамды Америка үчүн жазбайт, өзүбүз үчүн жазат. Демек ал баарыдан мурда көпчүлүктү түзгөн караламандардын турмушун, кызыкчылыгын мыкты билгени, жон терисинен өткөрө туйганы ийги. Анан кембагалдын баары эле акылсыз, билимсиз деп эч ким айталбайт. Тескерисинче, акча менен мансаптан абийир, ыйманды жогору койчулар көбүрөөк.

*("Асаба", 24-декабрь, 1999-жыл)*





## ПРАГМАТИК-ЛУНАТИК

Депутат... Жо-о, кандидат экем. Тегеректеп, котологон эл. Ортодо мен. Тегеле болбойм. Көбүрүп-жабырып сүйлөп атам. "Акайыптын саясатына кандай карайсыз?" "Карабайм-этпейм. Көрөйүн деген көзүм жок!" "Ой, аз-заматт!" Эл гүрү-гүү. "Максатыңыз имне?" "Элге кызмат кылуу! Оту менен кирип, кулу менен чыгуу!" "Аа, паччагар, сени мен чоңдордон окшойт десе, качагар турбайсыңбы?" "Ой, аксакал сиз өзүңүз дүжүр чалдардан болуп жүрбөң? Мен деген качагар-пачагар эмес эле кыпкызыл батриот, карандай каратамандын кулунумун!" Калк дегенин кара тилдин эле кулу болот турбайбы. Дагы дуу-дуу. Жагып атпаймбы, жагып атпаймбы. Мына, жабалактап эле жакындап келатышпайбы... Туура эле мага... Жо, менин оозуму көздөй келатышат да, ыя? Ана эмесе, микропон сунуп келатышпайбы, эми... Мына, мына... Тү-үй, атаңын көрү, көрсө депутаттын эле өзү болуп калган турбаймынбы... Чурулдашканын. Булар журналисттер да. Интербү алышат эми. Жаштын тилегин берет деген ушу... Хм-м, эми акылга келбесе, алды-арканы ойлобосо болбойт. "Акайыптын үчүнчү сүрөккө барышына мамилеңиз?" дейби... "Та-ак, жолдоштор, кыргыз үчүн үчүнчү-төртүнчү сүрөк деген нерсе кылымда болгон эмес, жолдоштор! Жаңы кылымда дагы болбош керек, жолдоштор! Кыргызда бир эле Долон... Долон дейм да, бир эле ашуу деген түшүнүк бар, жолдоштор! Кыргыз ашуудан ашмайын, өлүп баратса да ат алмаштырбайт. Так што, ошо ашуудан ашканча жалгыз атты... атты дейм да, жалгыз Аскар Акайычты алмаштырбашыбыз керек, жолдоштор!" "Ашууну качан ашабыз?" дейби... "Эми ал ашууга өзү жетебизби же ара жолдо калабызбы, бара көрөбүз да". Туура айттым. Сыйпалатпай кетпедимби. Депутат деген куу болуш керек да, кубулуп туруш керек да. Акаң билэ-эт. Эмнени? «Акылдуунун бир аты -куу" дегенди.

Оо, эми баки-жогу дуулдап көтөрүлүп кетпедиби... Көтөрүп кетпедиби... Ак шейшепке... шейшепке дейм да, ак кийизге отургузуп эле көтөрүп кетишпедиби эми...Бул

имнеси? Кой, кое турчу. Жо-ок, чын. Чын экен. Көрсө президенттин эле өзү, өзүнүн кара көзү болуп калган турбаймбы! Аккан арыктан суу агат, т-таңын көрү... Мына куттуктап атышат. Бүт эле өзүбүздүкүлөр... Чөгөмдүктөр... Токто, эми ойлонуш керек. Өзүбүздүкүлөрдү ойлош керек... Кийиздин тиги бурчун кармаган ким? Айтиби. Ушу пример болот. Шылуун. Кийизди баарынан бийик көтөрүп баратпайбы шыпылдап. А башкасычы? Жоро-жолдош, класссташ... Баарына жетээр бекен? Ош, Жалал-Абад - алты, Баткен менен жети облус... Жетэ-ээт, жетпегенде... Жей турган каана көп: бажыкана, ажат... кана! Атаңын көрү десе, ушундайда тага журтум бүт Кытайда калганын карабайсыңбы! Эй, тура турчу. Түш-мүш көрүп атпа? Бая эле кандидат эмес белең! Кантип эле бир паста? Жо-ок, ырас. Ырас экен. Мынаке, тиливизордон чыкпадымбы эми... Анаке, тиливизордон сүйлөп атпаймбы эми...

Кара, карасаң... "Акайыптын эң чоң кемчилиги, жолдоштор, күлкүчүлүгү болгон!" Гүрүлдөгөн доош менен ушинтип туруп, кабагымы катуу чытып, тим-меле кар-мөндүр жаадырып туруп, тегерегими кыдырата карап койбодумбу эми. Кара, карасаң, баары калтырап-титиреп, өңдөрү чүпүрөк болуп калбадыбы! Болду-болбоду, шымдарын да булгап алышты го... Аж-жап болду! Он жылдан бери эшек жайлоодо жүргөн немелер падышанын сүрү кандай болоорун бир билип алышсын!" "Акайыптын экинчи кемчилиги - ал романтик болгон жолдоштор!" "Швейцарияга жетебиз" дейт. Ушу кантип гап болсун, жолдоштор! Имне, Швейцария баланын оюнчугу, Бапанын алачыгы болуп калыппы?! Тээ Жавропада жатса, биякта минтип бензин кымбаттап атса... Падыша деген, жолдоштор, прагматик болуш керек. Эсеби маселен, жолдоштор, мен тиги Жапонияны айтат элем. Көзү жымшык, окшош. Окшошконго оңой... Болбосо, бир эмес, эки Кария турат биякта... Жаныбыз жокпу, мобу Кытайдын койнуна кирип кетсек деле оңбогондой оокат кылып кетебиз!" Түү-үй ата-а! Ушерден айныбадымбы! Дадил эле келатып, ушерде мүргүбөдүмбү, энеңди... Жок, жо-ок, тууру. Туптууру эле айтыпмын. Тигине, баары тура калып кол чапкылап киришпедиби... Бу имнеси? Жаак чаап... жаагыма чапкылап атат да, ыя? Мен деле ордуман турсам бейм. Бирок,



тургум келбей атпайбы, кашайып. "Эй! Өлүктөй уктагансың го, жаакка чапсам да ойгонбойсуң?!»

Өх-х! Көзүм умачтай ачылды. Алдымда Алибек турат. "Бийлик кумары кандай ширин, аа?!" Тигил түшүнгөн жок. Аңкайып калды. Кайдан түшүнсүн, мага окшоп даамын татып көрбөсө.

Саат 10 болуп калган го, эшикке күн тийип калыптыр.

*("Асаба", 12-январь, 2000-жыл)*

## АЛТЫН БАЛЫК. АКАЕВ. КЫРГЫЗСТАН

Коммунисттик идеология өзү жаралыш жасаты менен романтизмге киндиктеш. Ошондон улам болсо керек, бул идеологиянын күүсү менен түзүлгөн совет мамлекетин баштан-аяк эле кыял менен жашап, элди ага көндүргөнгө да уста романтик саясатчылар башкарып келиптир (орто жолдон чыга калган Сталин диктатын эске албаганда). "Чириген" капитализмди биротоло "көргө" тыгып, кой үстүнө торгой жумурткалаган "бейиш" коом - коммунизм курмак болгон Владимир Лениндин ширин кыялы менен кылым башында түптөлгөн зор мамлекетти коммунисттик романтизмдин дагы бир туундусу Михаил Горбачев кылым соңуна жеткирбей кыйратып тынды.

Мындан чыкты, СССР атанган эбегейсиз империянын уранды астынан "эгемен тон" жамынып тура келген Кыргызстандын бийлик башына цивилизация көчүнүн этегине эптеп эрмешип турган мамлекетти үч жылда Швейцарияга айлантып жибермек болгон аруу ниети бар, кесиби физик болсо да, туруш турпаты тубаса романтик Аскар Акаевдин келиши мезгил үчүн мыйзам ченем көрүнүш болчу. Коммунисттик иллюзиядан али арылып кете элек, ага кошумча, жомокту сүйүп, жомокко ишенген ("Манас "эпосун мамлекеттик идеологияга айландыргысы келген), табиятынан кыялкеч кыргыздар үчүн ошол кезде Акаевден ашкан падыша табылмак эмес.

Андан бери 10 жылдык мезгил карып, а бул аралыкта Аскар Акаевдин ажардуу жылмаюусу көркүнө чыгарган ширин кыялдарыбыздын баары быт-чыт болду. Бүгүн бүт кыргызстандыктардын көзүндө үмүтсүздүк... Өлкөнүн ички турмушу мындан, тышкы турмушу (геосаясий акыбалы) андан чатагына айланып, экономикалык кризиске улай руханий деградацияга да тушугуп, мамлекет тагдыры устаранын мизинде туру. Ушинтип, дүйнө талабы, жашоо реалийи ийги ой, изги тилек менен эсептешпеген жеткен кежир фактор болорлугуна эси жетпеген Акаевдик романтизм Кыргызстанга Пушкиндин айтылуу жомогундагы кемпир - чалдын кейиштүү кейпин кийгизди. А



бул сабак-доор тогошуна кептелген айласыз акыбал кургак романтизм менен кыялый жашоонун күнү эбак бүткөндүгүн, ар ишке сары эсеп салган прагматизмге өтүп,жаңы доор босогосун жаңы дем,жаңыча көз караш менен аттоонун зарылдыгын каңкуулап туру.Бул максатка жетүү үчүн эми өлкө башына турмушка реалисттик көз менен карап, ой жүгүрткөн прагматик адамдын келиши сөзсүз талап кылынат.

Демек тарыхтын бул талабын бүгүн эл-журт туура андай алабы,өлкөнү кыйроо чегине жеткирген романтик падыша өз айыбын моюндап,туура жүрүш жасайбы же биротоло кыялдын жетегинде калып,бийлик кумарына жедеп азгырылып бүткөндүгүн дагы бир ирет далилдеп, дале такка тырмышабы-мунун баары Кыргызстандын эртеңки тагдыры үчүн абыдан маанилүү.

*(«Асаба», 20-июнь, 2000-жыл)*

## БААТЫР МАНАС. БЕЧАРА КЫРГЫЗ. ЧАЛАГАЙЫМ САЯСАТ

Шылтоосу Азимбек Бекназаровдун негизсиз камакка алынышы болгону менен, түпкүлүгүндө бүгүнкү бийлик режиминин жалпы жорук-жосунуна каршылык көрсөткөн акциялар (саясий ачкачылык, пикет ж.б.) оту тутанып, өлкөдө саясий кырдаал кескин курчуганына эки ай ашып баратат. Бул аралыкта аркы жээкте саясий ачкачылыктан аты жамы кыргыз журтчулугуна жакшы тааныш Шерали Назаркуловдун өмүрү кыйылды. Оппозиция атын жамынган партия лидерлери менен Жогорку Кеңештин оппозициялык маанайдагы он чакты депутаты президент Аскар Акаевдин отставкага кетишин талап кылып чыканга да үлгүрдү.

Берки жээктегилер - позициядагы расмий бийлик оппозиция талаптарынын бирээр четин макул тутуп, аз-маз "ийилүү" биякта турсун, кырдаалды түшүндүрүмүш болуп, эл алдында расмий актанып койгонго да мойну жар бербей, тек гана Арзымат журналисттерин айдактоо менен чектелип келатат. Өлкө башчысы Аскар Акаев дегеле эч нерсе көрмөксөн, билмексен. Кыргызстанда ачкачылыктан адам өлүп атса (болгондо да өзүнө жакшы тааныш, эки-үч курдай көзмө-көз сүйлөшкөн киши), эч нерсе көрбөй-билбей асмандан акактай түшө калган кейиптенип Москвада жайдаңдап Владимир Путиндин алдынан өтүп, кайсы бир орус Академиясында "алтын шилекей чачырата "орошон ойлуу" доклад окуп жүрдү.

А оппозиция өзүнүн куру кыйкырык коштогон азыркыдай чаржайыт аракетинен кымындай майнап чыкпастыгы, айткан-дегени арык аттап, суу кечпестиги иш жүзүндө анык болгон соң, "кой эми" деп кол куушуруп отуруп калбайт. Же болбосо, өткөн тажрыйбасынан жыйынтык чыгарып, саясий күрөштүн башка бир жемиштүүрөөк жолун таап, жаңы ыкма менен күрөшкөнгө күч үрөбөйт. Дале таптaлып бүткөн эски обонун созгону созгон.

А бийлик айыбын моюндагысы келбей, өзүн ого эле ишенимдүү сезет экен, оппозиция каршылыгын кындырына кыспайт экен, анча болду, колунда турган жетишер-



лик каруу-ыкма (механизмдерге) салып, коңшулардын мисалында тетири сүйлөп, "жалпы ишке" жолтоо болгондордун оозун биротоло "жап" кылбайт.

Оппозициялык күчтөр саясий күрөштүн накта демократия салты орногон цивилизациялуу дүйнөдө сыналган жолу менен аракеттенгиси келет. А анын баарына бийлик тарап бирде бай-манаптык психологиянын чегинде ого эле текебер, тоотпос мамиле кылса, бирде камак-сүргүн коштогон кадимки "коммунисттик" ыкмага өтөт. Эки тараптын окшош жагы: калың калк массасында таяныч-тирегинин бошондугу. Ошон үчүн эки жээк тең бүгүн өз элинин ишеничине кирип, колдоо тапкандан астын, чет жактан колдоо издеп, ар түркүн "улуу агалардын" колтугуна кирип коргонуп, чабуул койгонду артык көрө баштагансыйт.

Ушундай, бир буту феодализм, социализм сыяктуу эски "измдерде" калып, экинчи буту эптеп эле цивилизация көчүнө илешип, чалкешкен бүгүнкү кыргыз коомунун саясаты да чалкеш, аралашма. Ага олуттуу бир маани берип сөз кылганга арзыбай калгандай элес калтырат.

А караламан калың кыргызчы? Калк кай тарапта? "Элдин чыдамы түгөнүп, чегине жетти. Бүгүн-эртең көтөрүлүп чыгышы мүмкүн" деген кеп айтылып келатканына бери дегенде беш жыл болду. Бирок калкыбыздын али копшолор кебетеси көрүнбөйт. Президент Аскар Акаевдин жылмайган жүзү теледен көрүнө калса, кадимкидей жыйрылып алчу болгон, жатып алып бийликтегилерди жеберине жеткире сөккөн, а бийликке кашкайтарган саясатчыларга "балисин" айтып түгөтө албаган жалпы кыргыздын 70-80 %и үчүн бүгүн бийлик-оппозиция тирешкен саясат жөн гана сырттан тамаша кылып, моокум кандырчу эрмек деңгээлинен жогору көтөрүлө элек. Акыркы убакта кошумча болгон бир коркунуч: эч бир натыйжа бербеген соң эл оппозициянын ормон опузасы менен бийликтин куру убадасына жедеп бышы кулак болуп бүтүп, кайдыгерликтин, үмүтсүздүктүн сазына дагы да тереңдеп батып бараткансыйт.

Баса, эстен чыга электе айтып калалы, бүгүн бийлик менен оппозицияны жакындаштырып, оюн бир жерден чыгарган дагы бир жагдай байкала калууда. Ал - Манас Баатыр баяны. Акыркы күндөрү оппозициялык күчтөр

уюштурган жолугушуу, митингдерге катышкан учурда Манас Баатыр ысымын арбын эшитип калып атам. "Биз деген улуу Манастын тукумубуз, минтип жашабашыбыз керек!" деген маанидеги жалындуу сөздөр көпчүлүк астында барган сайын көбүрөөк айтылууда. Андан сырткары жер талаш, чек ара чатагы чыга калса дагы "Манастан калган жер эле..." деп, анын атын ортого сала коебуз.

Манас дегенде Аскар Акаев башында турган мамбийлик дагы жата калат. Эпостун өзөгүнөн 7 осуят сууруп чыгып, аны мамлекеттик идеологияга айлантуу аракети күч. Манастын ысмы Аскар Акаевичтин "орошон" докладдарында аркачан байма бай кайталанат. Атургай а киши "коррупция 7- кабатка чыгып кетсе" же дагы бир балээ болсо,жамы журтка жарыя Манастын арбагын жардамга чакырып калмайы бар.

Эки жааттын пикири Манаска келгенде бир жерден чыкканына кантсе да шүгүр дейли. Ошого улай эле бүгүн эмне эле баары Манас ысмын кайра-кайра оозанып калды?-деген түкшүмөл да туулбай койбойт экен. Суроого жооп издегенден оболу, Манасыбыз өзү ким? - аныктап, «таанып» албайлыбы? Опсуз болсо айып этпегиле, суроону момундай эле коелу: Манас кайсы жылы туулуп, кайсы жылы өлгөн? Эмне кызмат аткарган адам?

Башканы кой, бул соболду Манас даңазасын бүгүнкү күнгө жеткирген залкарлар Сагымбай менен Саякбайдын алдына жая салсаң да: «Жарымы жалган, жарымы чын, жарандардын көөнү үчүн» дегенден ары аттай алышпайт. Ырас да, «Манас» эпосундагы Манас Баатыр элеси, баяны «жарандардын көөнү үчүн» жаралганы, тактап айтканда, кыргыз өз колотунда бирөөнүн коюн жайып, түзөңүндө төөсүн кайтарып, алдуу-күчтүү башка элдерге кул, күң болгондогу, алды Алтай, арты Каңгайга чейин тентип-тербип, жедеп кордук көргөндөгү арман-муңунан кошулуп чыккан жомок, колу жетпеген кыялын ыйлап-боздоп ыр кылган кошок экендиги айтса-айтпаса төгүнбү!

Албетте, мен биерде «Манас» эпосунун көркөм дөөлөт катары улуулук-сулуулугуна кылчалык көлөкө түшүргүм келбейт. Шамчырак сыңар жолдон адаштырбай, кыргыздын улут катары бүгүнкү күнгө бүтүн жетишине үлүш кошкон касиетине дагы таазим этем. Ошол эле кезде сыймыктанган улуу эпосубуз, арбагына сыйынган Баатыр



Манасыбыз жаралгандан эле башынан кулчулук мүшкүл кетпеген элибиздин бечаралыгын, улуттук-патриоттук духу, эр жигери тайыз-алсыздыгын, ынтымак-биримдиги жок-арсыздыгынан улам пайда болгондугун, мунун баары табигый кубулуш: «Манастай» баатырдык дастан бир жаралса, кыргыздай бечара улуттун угутунда гана жаралмактыгын моюндабаска чара жок.

А бүгүн неге жабыла «Манастап» ураан чакырып калдык? Же улуттук рухубуз ойгонуп, патриоттук сезимибиз чыңалып келаткан кербезиби? Антип бүтүм чыгаргандан оболу, «Манас» жаралган доордон бери 1000 жылдай (тарыхчылардын айтымында) мезгил өткөнүнө «көз жумуп» туруп, бүгүнкү күн менен салыштырып көрбөйлүбү. Ырас, ортодо жүздөгөн жылдар созулган соң, заман түзүмү, кырдаал-шартында асман-жердей айырма, а бирок жалпы психологиялык-моралдык ырайы, мүнөзү жагынан аралыгы алыс эки доор, эки коом бири-бирин кайталап, кайра эле окшошуп бараткансыйт. Же калппы?

Мына далил: «Манас» жаралчу учурда кыргыз тентип-тербиген дедик жогоруда. Азыр деле ошол көрүнүш: кара курсак камы үчүн кыргызың каерлерде тозуп жүрбөйт. Манас маалында кыргыз өз жеринде бөтөндөргө күнкор болгон дедик. А бу таптачы? АКШ, Орусия сындуу дөө-шаалардын көзүн карап жалтактаганыбызды, биринин колтугунан экинчисине өтүп корголoгубуз келгендигин, кылым Кытай өлкөсү жерибизди четинен кертип алып атканын айтпай ак коёлу, кечээги эле теңата коңшубуз Өзбекстан бүгүн каалаган жерине казык кагат, каалаган кыргызды чымчык сындуу атып салат, боордош казактын тамеки талаасында канча кыргыз атуулу кор болуп жүрөт?

«Багы жок өлкө баатырга муктаж» деп кайсы акылман айткан эле? Мына эмесе, кыргыз журтчулугу бүгүн да багы тайыгандан Баатырга муктаж болуп, Манас баатырын эстеп отурган жокпу? Көп кенемте, бар балээнин башатын өз кылган-эткенибизден, көкүрөгүбүздөн издеп, реалдуу шартка жараша ыңгайлашып аракеттенгендин, намыс-арга келип, түйүлгөндүн ордуна Баатыр издеп, жомоктогу Баатырдын арбагына ишенип, сыйынып, дале куру кыялга жетеленип кеткенден сакпызбы деги?!

*(«Агым», 8-март, 2002-жыл)*

## ТҮШТҮК ТЫҢЧЫКМАЛАРЫН «ТИЗЕГЕ ЧАПЧУЛАР» КИМДЕР?

Президент Аскар Акаев өз мөөнөтүн аяктап, 2005-жылы бийликтен кетерин расмий билдиргени менен, ал мөөнөтүн бүтүрүп кетеби же ага жетпейби, болбосо алдынан дагы бир мөөнөт пайда болобу, дале караңгы. Ошого карабай, эртең өлкө бийлигинин тизгини кимдин колуна өтөт, биринчи президенттин мураскери кайсы адам болот деген санаа саясатка түздөн-түз аралашкандарды эле эмес, андан алыс журтчулукту да бүгүнтөн «эзе» баштады.

Нетсе да, Аскар Акаев эртең болбосо, бүрсүгүнү бийликтен сөзсүз кетет, ошентип, Кыргызстанда мыйзамдуу президенттик шайлоо өтөт деп элестетип туралы азырынча. Анан, алдыга сереп салып көрөлү.

«Эмдиги кыргыз президенти салтка ылайык Түштүк регионунан болушу керек» дейт түштүктүк саясатчылардын бири Исхак Масалиев. Республикадагы мамбийликтин эки тизгин, бир чылбыры «улуу агалардан» түпкү улут өкүлүнө өткөнү: Раззаков-Усубалиев-Масалиев-Акаев болуп орун алмашып (мурда аты аталган үчөөнүн укугу Маскөө алдында тек гана жарым паашалык деңгээлде болсо да), бийлик Түштүк-Түндүк үлүшүнө кезектешип тийип келиптир. Салт дегенде бала - Масалиев мына ушул жагдайга көңүл бөлүп атат көрүнөт. Ал эми Түштүк регионуна атайын басым жасап атканы түшүнүктүү. Улут патриоту болуп жасакерленбей эле айтайын, Кыргызстандын бийлик башында оштуктар турса деген тилек менин мээмде деле каңгып жүрөт. Баарыга белгилүү, Түндүк-Түштүк деген кыргыз мамлекети үчүн географиялык эле түшүнүк эмес, мааниси андан алда канча кең, «ырлуу-чырлуу». Түндүк-Түштүк, аркалык-анжияндык (оштук) болуп бөлүнмөй кыргыз кыртышында илгертен келатат. Бул сезим жакын арада жоголуп да кетпейт (мүмкүн, аны жоюунун деле зарылчылыгы жок. Туура пайдалана билсек, өлкөнүн өнүгүшүнө өбөлгө кызмат аткарар). Бүгүнкү күндө бийликке оппозицияда турган саясатчылардын басымдуу бөлүгү Түштүктөн экендиги да бекеринен эмес. Эгер сырткы, геосаясий факторлорду эске албай турсак, келерки так



талаш-президенттик шайлоодо дал ушул Түндүк-Түштүк фактору башкы ролду ойномокчу. Ырас, өткөн шайлоодо бул жагынан анча ажырым байкалган жок. Ал сапар Аскар Акаев бийлигин колдон чыгарбастыгы алдын-ала эле көпчүлүккө дайын экендигинен го сыягы.

2000-жылкы ошол шайлоонун алдында айтылуу аалым Салижан Жигитовго: «Кезеги келип калыптыр, ушул сапар түштүктүктөр бийликти колуна алышы мүмкүнбү?» деген собол менен кайрылып калдым. «Дин бийлиги – муфтиат азыр оштуктардын колунда турбайбы, ошол эле жетет аларга» - деди да, анан: «Түштүктөр бийликти алыш үчүн эки эле жол бар. Биринчиси, Кыргызстанда диний партияга уруксат берилип, ал эркин шайлоодо жеңип, молдолор бийликке келсе, ошондо анжияндык кыргыздар өлкөнү башкарып калышы мүмкүн. Себеби, аркалыктардын бир даргинден башка тың молдосу жок. А экинчи мүмкүнчүлүк дагы 10-15 жылдан кийин келиши мүмкүн. Түштүктүн калкы кыйла караңгы, артта калган. Өзбеги баш болуп, аялдары 9-10дон чуурутуп тууй берип, саны көбөйөт. Аркалыктар аларга караганда бир топ европалашып калган, аз тууйт. Анан бияктагы орустардын көпчүлүгү түпкү Мекенине көчүп кетет. Кете албай калган кары-картаңдарын мен аркы дүйнөгө ээрчитип кетем. Ошентип Түндүк регионунун калкы азаят. Ошондо адилет шайлоо өтсө, анжияндыктар жеңиши мүмкүн» деген эле Салижан аба тамашага чалып. А кишинин пикиринин жүйөсү кайда? Кеп эми ушул өңүттө.

Азыркы президенттин көзү түшүп, анын амири менен мураскерлик бакыт башына конуп калышы мүмкүн делген саясатчылардын учурдагы узун тизмесинде Кубанычбек Жумалиев, Курманбек Бакиев, Марат Султанов сындуу Түштүк өкүлдөрүнүн аттары да атала калып жүрөт. «Чу» дегенде эле ушул жагдайды жокко чыгара кетели, аркалык Аскар Акаев кандай кырдаал, эмне күн болбосун көзүнө мураскер тандоодо Түштүк кулунуна токтолбойт. Кокусунан а кишинин көөнү «сүймөнчүк аспиранты» Кубанычбек Жумалиевге же башкасына түшүп калган кезде деле, бул эркинин жүзөгө ашышына бүгүнкү бийликтин эки тизгин бир чылбырын бекем уучтап турган анын айланасындагы аркалык элита – Кемин, Талас, Нарын кланы жол бербейт. Анан калса, оштуктарды экинчи сортто,

а өздөрүн аксөөк санап, өйдө көргөн көз карашы үстөм, амбициясы ат башындай Түндүк элитасында окчундап бөлүнгөн трайбалисттик сезим түштүктүктөргө салыштырмалуу кыйла күчтүүрөөк. Мына типтүү бир мисал, өткөн президенттик шайлоодо аксакал депутат Турдакун Усубалиев өзүнүн жердештерине барып: «Эгер силер Өмүрбек Текебаевди колдоп, оштуктар бийликти алып кетсе, 30 жылга чейин кайрып ала албай калабыз» деп элдин сезимине ойноп, ачык үгүт жүргүзгөнүн кочкорлуктар ушу күнгө чейин сайрап жүрүшөт. Мурдагы «журт атасы», азыркы бийлик акылчысы, ардактуу аксакалыбыз ушинтип аткан соң, демек, Түштүк саясый элитасы Путин сымал «сүйүктүү мураскерлик» шыбагасынан үмүт үзүп эле коюшсун. Ал эми атаандаш катары ат салышып, эркин мураскерликти жеңип алганга чама-чарктары канчалык?

Келерки шайлоодо президенттик орун үчүн ат салышууга реалдуу мүмкүнчүлүктөрү бар, бул бийик кызмат үчүн бышып жетилип калган Түштүк ишмерлери катары азыр премьер-министр Курманбек Бакиевдин, ЖК депутаттары Марат Султанов, Адахан Мадумаров, кайра эле Өмүрбек Текебаевдердин ысмын атоого болот. Аскер казармасынан чыкканына эки жыл ашпай, өзүн кыйла салмактуу, иштин да майын чыгарган, таза саясатчы катары көрсөткөн генерал-депутат Исмаил Исаков дагы алардын сабына кошулуп калышы мүмкүн. Андан сырткары, ажыдепутат Турсунбай Бакир уулу аламан байгеде дагы да чуркарын азыртан эле жарыя айтып жүрөт. Ата-бала Масалиевдер дагы жөн жатпайт болуш керек.

Аты аталгандардын ичинен бүгүн өкмөттү айтарлык ийкем башкарып аткан, формалдуу болсо дагы өлкөдөгү экинчи адам Курманбек Бакиевге журтчулуктун назары көбүрөөк түшүп турган кез. А бирок, анын шансы өзүнө караганда, Аскар Акаевге арбынырак багыңкы. Премьерлик орунда канчалык узак отурса, президенттик үчүн анын мүмкүнчүлүгү ошончолук көбөймөк. Тилекке каршы, аны бул кызматка көпкө кармашпайт, сөзсүз марага жеткирбей жыгышат. Аткаруу бийлигинде өзүн чарбакер шекилинде дурус көрсөткөнү менен, публичный саясатчы катары чамасы белгисиз Курманбек Бакиев ал «жыгылууну» өз пайдасына оодарып кете алабы, же саясий аренадан сүрүлүп, көлөкөдө калып кетеби, боолголош кыйын.



Дегинкиси, Түштүк кадрлары профессионалдык деңгээли, интеллектуалдык дарамети жагынан бүгүн түндүктүктөрдөн кем калышпайт. Өлкө башкарууга бышып жетилгендери жетишерлик. Азыр жалпы кыргыздын сүймөнчүгүнө ээ болгон саясатчылардын өзөгү да Түштүктөн. А электорат катышына келсек, Түштүк региону калкынын саны жагынан ушул азыр да артыкчылыкка ээ. Ушундай ыңгайлуу шарттарга карабай, өлкө бийлөөнүн эмки кезеги да түштүктүктөрдүкү эмес. Алар атаандаштыкта бул жолу да жеңишке жетпейт. Эмне үчүн?

Түштүк саясый элитасынын кендирин кескен биринчи маселе – финансы. Айгине болбодубу, Кыргызстандын акыркы 10 жылдык тарыхы жалаң гана жалпы улуттук байлыкты жекеликке устукандап бөлүштүрүү менен өттү. Натыйжада, мамбийлик тизгини колунда турган түндүктүк элита өлкө байлыгынын майлуу, маанилүү бөлүгүн ээлеп, а түштүктүктөрдүн энчисине арзыбаган оокат тийди. Азыр республикадагы чоң байлардын баары Түндүктөн. Түштүктүн чыкмаларынын көпчүлүгү оппозицияга өтүп алып, бул жаатта «ишке» караганда куру сөз менен көбүрөөк алектенип, көп шыбагадан куржалак калды. Арасында «мен» дей турган бир да байы жок. Кептин төркүнү мында: моюн сунуп калбадыкпы, бүгүнкү заман шартында бардык иштин Кудайы – акча.

Тоскоол болчу экинчи жагдай – Түштүк саясатчыларынын ичара биримдигинин жоктугу. Регион кызыкчылыгы үчүн биригип күрөшүүгө караганда, ар кимисинин жеке амбициялары, бири-бирине багышталган симпатия-антипатиялары күчтүүлүк кылып кетет көп учурда. Өткөн шайлоодо дагы көрдүк, Оштун таасирдүү аксакалы, коммунист Абсамат Масалиев өзүнүн аймакташы, социалист, демек, саясый көз караш жагынан да жакын, учурунда башка талапкерлерге салыштырмалуу шансы бир топ жогору болгон Өмүрбек Текебаевди коштоп, кубаттаганга караганда, аркалык «капиталист» Алмаз Атамбаевди колдогонду артык санады.

Мындан тышкары, Түштүк элинин өз ара ичкилик, отуз уул болуп бөлүнмөй «ит оорусу» да бар. Акыркы кездери болсо оштук, жалалабаддык деп облуска бөлүнүп, биринен бири тыңсынмай адат да кошумча болду. Мындан чыкты, бийлик үчүн аламан байге башталса, Түштүк

элитасы ынтымакташып, бир жакадан баш чыгарып, өз ичинен жалгыз талапкер таптап, жабыла сүрөп чыгат деп айтууга болбойт.

Үчүнчү кенемте Түштүк элинин психологиясында жатат. Башынан өткөн тарыхый тагдыр түштүктөрдүн канына кулчулук психологияны аркалыктардан абданыраак сиңириптир. Бийлик алдында ийиктей чимирилчү кулчулук, көз карамалык аң-сезим кыйла жандуу. Совет доорунда деле Ошту бүтүндөй түндүктүк кадрлар башкарып, эл ага унчукпай моюн сунчу. Эми деле Ош, Жалалабадды «Түндүктөн түшкөн» «десант-губернаторлор» бийлеп келатат. Теңсинбөөчүлүк мамиленин башы ачык эле кылайып турган бул жосунга анча-мынча каршылык көрсөтүп, кандайдыр кашкайтарганга регион калкынын шаасы жете элек. Тескерисинче, кландашкан бүгүнкү бийликке жата калып жасакерленип, анын ар бир кыймылын кош колдоп кубаттап, кошомат узаткан «дүжүр» аксакалдардын үндөрү Ош тараптан катуурак угулат.

Албетте, эл деген эл. Айып – ага эркеч боло албаган интеллигенцияда болуп атпайбы. Борборго чогулуп калгандарды эске албаганда, жергиликтүү интеллигенция жалпысынан ого эле алешем. Провинциалдык акыл-эс туткунунда, коомго, саясатка кандайдыр таасир этүүгө алсыз. Дале чайканага чогулуп алып «аркалыктарды ашатып», ушак сөздүн акесин тааныткандан жогору көтөрүлө албай келатат.

Айтса, мына бул парадокско да көңүл бургула. Бийликке оппозиция болгондордун көпчүлүгү Түштүктөн дедимби жогоруда. Ошол эле маалда бийликке ашкере берилип, позициядагылардын «абийирин» коргоо үчүн дзотко төшүн тосууга даяр, ал эми оппозициядагы өз жердештерин КТР, «Кыргыз туусу» аркылуу көрдөн алып итке салып көөлөгөнгө адис Арзымат журналисттердин анабашыларын да түштүктүктөр түзөт бүгүн. Демек, эртеңки шайлоодо Түштүк кулундарын тизеге чаап жыкчулар биринчи кезекте Түштүктүн өзүнөн чыгарын, а алешем интеллигенция өз өкүлдөрүнө ишенимдүү тирек, дадил сүрөөнчү болуп жарытпастыгын бөркүнөрдөй көргүлө.

*(«Агым», 15-март, 2002-жыл)*





## АЖЫДААРДЫН КУЙРУГУН БАСПАСАҢАРЧЫ?!

Жадыңардабы, Кыргызстандагы бийлик алмашаар 1990-жылдын күзүндө Түндүк-Түштүк маселеси бир «түтөп» алган. Туугандарына тартмак түгүл, көлөкөсүнөн коркуп араң бийлик жүргүзгөн Абсамат Масалиевге аркалык аттуу-баштуулар «жердешчил» айыбын тагып, чуу салып чыккан.

Андан 12 жыл өтүп, өлкөдөгү коомдук-саясый абал чыңалган азыркы жаз алды да түштүк маселеси чукула баштады. Мурдагыдан айырмаланып, аны козгоп аткандар бүгүн дал бийликтин өзүндө олтургандар. Аксыда кан төгүлгөндөн эки күн өтпөй КР Президентинин алдындагы стратегиялык изилдөө институтунун орунбасар директору, аты журтка анча-мынча дайын Карыбек Байбосунов: «Кан төгүү түштүктүк туугандардын биз деле эл бийлебейлиби, бийликти бизге деле бербейсиңерби деген көксөөсүнөн келип чыкты. Муну алар көптөн бери уюштуруп жүрүшкөн. Буга күнөөлүү түштүк лидерлерин ачык соттоп, камаш керек» деп укуктук жагынан кымындай таяныч-далили жок, а саясый жагы ого эле опуртал көчөкөй сөзүн «Азаттык» радиосу аркылуу жалпы журтка жарыя айтып, уккандын кулагын делдейтти.

Мындай калпыс пикирди жарыя кылып, отко май чачкысы келген өз өкүлүн президент Акаев токтоосуз жумушунан алып, болбоду дегенде, ал ээн ооз «стратег» сөзүн кайра оңдоп, түштүктүктөрдөн кечирим сурап чыгышы керек эле. Бирок биздин бийлик адатынча анысын да, мунусун да жасаган жок. Тымпыйып, укмаксан болуп коюшканына карап бакканда, кожоюну баш болуп Байбосуновчосунан ойлонот, анын айтканын эп көрөт өңдөнөт. Мындан чыкты, өлкө башчысы Аскар Акаевдин айкөлдүк, кечиримдүүлүк, ынтымактын башаты катары ыйык саналган Нооруз күнү таламандын тал түшүндө, калың калк кашындагы: «Аксы каргашасына бир ууч бузуку, демагогдор күнөөлүү» деген сөзүн да жамы Түштүк элинин, өкүлдөрүнүн дарегине багышталып айтылды деп кабылдоо керек көрүнөт.

Бугүнкү бийлик ээлеринин мындай мамилеси, тек, жоопкерчиликтен качып, күнөөнү башкаларга оодара салуу максатынан сырткары, непадам, көчүгү ээрден кыйшайып, тизгинин колдон жулдуруп жиберүү кообу туулса, түндүк-түштүк бөлүнүүчүлүгүнө эң ириде өздөрү от коюп: «Кокуй, түштүктүктөр бийликти тартып алмак болду!» деп айгайлап, калың калк сезимине жик салып, бул ыңгайда коомду дестабилдештирүүдөн кайра тартпасыгын каңкуулап турган жокпу?! Бийликтин сырты сыйкы, ичи коптуу ушундай мамилесин көрүп туруп, аргасыздан: «Аттиң, түштүктүктөрдүн ичинен бийликтегилер ойлогондой чатак уюштуруп, аны ээрден шыпырып түшөр күч чыксачы» деген ойго жетеленет экенсиң. Бирок бул «жаман» тилегибиздин жакын арада ишке ашар түрү жок. Түштүктүктөрдүн ичинде антип аңтар-теңтер кылып жибергидей күч көрүнбөйт.

Байкап көрөлү, «ачык соттогонго» ылайык андай «эрдик» жасаганга жөндөмдүү деп кимди атай алабыз? Абсамат Масалиевдиби? Түз мүнөзүнөн убагында «этегиндеги буудайды төгүп алган» коммунист аксакалдан түштөн кийин андай «баатырдык» күтүү – аңкоолук. Үсөн Сыдыков деген көкүрөктүүрөгү бар эле, анын эсебин таап, оозун жабышкан. Баткенчи Мамат Айбалаев – бүгүн бийлик адамы, жаңы облус чарбасы менен алек. Досбол Нур уулу жеке турмуш ташпишинде. Бийлик короосундагы тагдырлары кыл учунда жүргөн Курманбек Бакиев, Абдыганы Эркебаев, Осмонакун Ибраимовдордун ойлору өз креслосунан алыс чаап, чатакка ооп кетери түшкө кирбес иш. Түштүк лидерлери деген тизмеге кошулчу Өмүрбек Текебаев, Марат Султанов, Адахан Мадумаровдор көшөгө артында оюн көрсөтчү «коммунисттик өнөрдөн» куржалак жаңы муун өкүлдөрү. Аксы окуясынын баш каарманы Азимбек Бекназаровду да жакшы билип калдык, саясат кыйтың-мыйтыңынан оолак, түптүз юрист экен. Дегеле, кээ-кээде Дооронбек Садырбаев: «Түштүктү бөлүп кетебиз» деп «куудулданып» калганы болбосо, регион кызыкчылыгын коргоп чуу чыгарган олуттуураак «чаарбаш» деле көзгө түшкөн жок акыркы тапта. Анан калса, кандайдыр кутум, кагылыш жасап, бийликти алам дегендердин чөнтөгүндө кичине тыйын-тыпыр, болбосо, колунда күч



колдонуучу анча-мынча бийлиги болушу зарыл. Өткөндө да айтканбыз, Түштүк лидерлерине ал экөөнөн тең Кудай айткан эмес.

Чындап назар таштасак, Түштүктүн эли тигинтип чак салып чыкканга жетишерлик жүйөө, себеп бар. Шыкак болчу жагдай кокодон.

Турдакун Усубалиевдин 25 жылдык башкаруусунда Түштүк калкына, кадрларына кандай мамиле жасалганы айтпаса да маалым. Андагы «өгөй» мамиле Масалиев бийлик жүргүзгөн жылдары деле «өз» болуп кеткен эмес. Көп жылдап жыйылган ошол жаранын оозу Акаев бийликке келгенде жарылып, түштүктүк илимпоз, жазуучу Муктар Борбугуловду: «Түштүк Кыргызстанды бөлүп, Россияга автономия болуп кетебиз!» - деп ачуу кыйкырганга жеткирген эле.

Ачууга себеп болуп, Түштүккө далы салган салкын мамиле башында көпчүлүк үмүт арткан Акаев заманында кайра өөрчүдү. Бугүнкү эл башчы шайлоо же референдум болор өзүнө керек кезде гана Түштүккө жүз буруп, ошондо да маселенин баарын куру сөз менен чечип келатат. Ош шаарынын 3000 жылдыгы өткөрүлүп, шаарга өлкөнүн экинчи борбору статусу берилген, бирок бүгүнкү күнгө чейин ал статуска жараша кылчалык иш жасалбагандыгы ага бир мисалдыр.

Туура, Аскар Акаевдин 10 жылдык бийлиги экономика, турмуш-тиричилик жаатында Кыргызстандын Түндүк канатын да, Түштүгүн да бирдей жарыткан жок дегилечи. Ошондо да Түштүк аймагынын эли арбынырак жапа чекти. Асыресе, аркалыктардан өзгөчөлөнүп, анжияндык кыргыздардын дарты моралдык-психологиялык мүнөздө. Кыргыз жерлерин өзүм билемдик менен ээлеп алган Өзбекстандын өктөмдүгүнөн улам бир айылынан экинчисине өтө албай азап тарткандар, чек арада өзбек автоматынан мерт болгондор кимдер? – Түштүктүктөр! Эки жыл катары менен кайдагы бир селсаяктар каерди басып кирип, кан төктү? – Түштүктү! Алардын шылтоосу менен кайра эле «түбөлүк досубуз» Өзбекстан каерди бомбалап, канабайрам кылды? – Түштүк айылын! Дагы бир «түбөлүк досубуз» Казакстандын тамеки талаасында жөнөкөй адамдык укугунан ажырап, кимдер кор болуп жүрөт? – Түштүктүн өкүлдөрү!

А Кыргызстандын бүгүнкү бийлиги өз элинин укугун башкалардын алдында коргой албай жоого тепсеткени, автомат огунан өлгөн атуулдарынын кунун кууй албай мүңкүрөткөнү, баары-баары аздык кылып аткансып, бечара Түштүк элинин бешенесине эми өздөрү ок кадап, кан агызып отурат. Ошону менен көкшүнү сууп, кичине уялып калгандын ордуна кайра бет тырмарлык кылып, айыпты элге оодара салып атканына не дейбиз?

Кой сымал жоош элде деле чыдоонун, көтөрүмдүүлүктүн чеги болот экен. Аксы элинин эгер өздөрүнүн өкүлү Азимбек Бекназаровго бийлик кысымы токтобосо, Кыргызстандын курамынан чыгып, Өзбекстандын же Россиянын карамагына кошулабыз деп чыкканы, жалпы өлкөнүн, улуттун бүтүндүгү, келечеги үчүн өтө кооптуу бул кыйкырык бүгүн Борбугулов же Садырбаев сындуу «жеке баатырлардын» оозунан эмес, бүтүн аймак калкынан чыгып атканы ошол чыдоонун чеги бүтүп бараткандыгынын ишааратты эмеспи? Эгер бийлик мындан ары бүгүнкү саясатын өзгөртүп, жаасынан жанбаса, эртең аксылыктар эле эмес, баки Түштүк калкы: «Мамлекет, бийлик аты болгон менен, букара катарындагы биздин кызыкчылыгыбызды, коопсуздугубузду жөндүү коргой албаса, намысыбызды башкалар басынтканы аз келгенсип, өздөрү кошо тебелесе, кой, өзүбүзчө эле бөлүнүп оокат кылалы. Эгер өзүнчө оокат кыла албайт десеңер, Россия менен Американын этегин кармаганга колубуз кыскалык кылса, улуттук намыс, касиет дегенди деле жыйыштырып, Өзбекстандын курамына кирип кетебиз»,- деп көтөрүлүп чыкпасына ким кепилдик бере алат?

Ош жергеси илгертен көптөрдүн көзүн кызарткан, чет дүйнөнүн геосаясый кызыкчылыктары кайчылашкан аймак. Кокусунан бөлүнүү маселеси кыргыздын өз ичинен көтөрүлүп калса, сырткы фактор ага кошул-ташыл болуп, Өзбекстан сыяктуу өктөм «досторубуздун» чырагына май тамып, абал татаалданып кетсе нетебиз?

Өлкө башчынын чалагайым кадр саясаты мамлекеттин коопсуздугун көзөмөлдөп, коргоочу органдарды түпкү функциясынан буруп, чалкештирип таштады. Маселен, улуттук коопсуздук кызматы азыр чет элдик атайын кызматтардын алдын торой чалгын жүргүзүп, коопсуздугу-



бузду көзөмөлгө алганга кудуретсиз абалга кириптер болуп, ичтен «душман» издеп, Акаевдик жеке бийликтин «өмүрүн узартуунун» үстүндө гана шугулданып калганын адис-чекисттердин өздөрү какшап жүрүшөт. А бул кейпибиз менен жогоруда айтылгандай коркунуч пайда болсо, туруштук берип, абалды жөндөй алабызбы деги?

Бул айтылгандардын баары аша чабуу, коркутуу, козутуу дегендерге жатпайт. Реалдуу. Бийликтегилерден, бийликке жетпей жүргөн түштүктүк саясатчылардан айырмаланып, саясый амбициядан алыс, а арасында жашап, Түштүктүн карапайым калкынын абалын, маанайын жакындан билген адам катары айтып атабыз. Буга чейинки Баткен согушу, Аксы каргашасы кандай кырдаалда жүз берди, жадыңардабы?

*(«Агым», 2-апрель, 2002-жыл)*

## ТҮШТҮК... КАЙДА ТҮШТҮК ДЕЙСИҢ?

Кыргыз жеринин Түштүк аймагынын кулуну катары өз регионумун таламын коргоп, гезитке бир-эки макала жаза коем деп, «Кыргыз туусунун» бетинде Эсенбай Калдаров тарабынан «чагымчыл» атка кондум. Мелис Абакиров деген жазуучу агабыз ошол эле гезитте калемиме «урааспаратист» деген мүнөздөмө да берип жиберди. Жайыл районунда жашаган бир окурманыбыздан: «Аты-жөнүң башкача, ушу сенин улутуң кыргыз эмес окшойт. Кыргызды бөлүп-жарып атасың» деп зекиген кат келди. Дагы да көп адамдан ушул мааниде оозеки жеме уктум. Э.Калдаров жазгандай, «жон терим менен сезип-билбеген» Түштүк маселесине «тиш салган» кезде,көптөн бери саясат улак тартышына түшүп келаткан бул маселенин мынчалык «талуу», «аялуу» экендигин туйган эмес экемин. Ошентип «аялуу» темага кайра кайрылууга аргасыз болуп турумун.

Ачуу көйгөйдү көтөрүп, макала жазганда, бүгүнкү кыргыз бийлиги Түштүккө далы салган саясатын өзгөртүп, көйгөйүнө түз көзүн салса дегендей бир байоо максат желеген болчу. А бирок улут патриархы Чыңгыз Айтматовдун оозу менен: «Кыргызстанда Түндүк-Түштүк деген географиялык гана түшүнүк, андан башка эч нерсе»,- деп айттырып, улут ынтымагы тууралуу кургак насаат окутканына караганда, бийлигибиз Түштүккө жүзүн буруп, ушул жаатта өзүнөн кеткен кемчиликтерди моюндагандан ого эле оолак көрүнөт.

Кеп адегенде ушул өңүт – Түштүк маселесин жаап-жашырууга багытталган саясат тууралуу.

Совет мезгилине чейин Түндүгү менен Түштүк канаты биригип, бир түндүк көтөрүүгө жарабаган кыргыздын эки регионунун ортосундагы айырмачылык канчалык жаап, жашырганыбызга карабай, шибегени капка катып болбогон сыңары бүгүн да оркоюп көрүнүп турат. Мындай ажырымдын түпкү себептери менен түрлөрү өзүнчө узун сабак сөзгө арзыйт. Буга чейин да арбын айтылган. Аркалык кыргыздар менен анжиандык кыргыздардын ортосундагы психологиялык өзгөчөлүккө байланыштуу жөнөкөй бир мисал: мындан 2,5 жыл илгери адеп «Асабада» иштей баштаганымда бир летучкада: «Качан болсо жердештериңен интервью аласың» деп жеме укканым бар. Карап көрсөм, чындап эле менин каармандарым жалаң түштүктүктөр болуп чыкпаспы! Саясатчысы, окумуштуусу... А чындыгында элеттен жаңы келген, куулук-шумдуктан алыс менин башыма «бул түндүктөн, бул түштүктөн, бул «өз», бул «жат» деп бөлгүдөй сезим караандаган да эмес. Бул кандайча болуп кетти? - деп өзүмчө талдап, муну билдим: көрсө, мүнөзүбүздө окшоштук бар экен, түштүктүктөр бири-бирибиз менен жеңил сүйлөшүп, тез тил табышат экенбиз, өз ара ылым санашып, кандайдыр тартылуу сезиминде болуп, а түндүктүктөргө көбүнесе чоочун көз менен карайт экенбиз. Өз кезегинде ушундай эле сезим аркалыктардын көкүрөгүн дагы уялайт. Мындай айырмачылыкты кийинки журналисттик практикамда жеткилең эле байкагандай болдум. А теги, бул жөн гана адамдык насилдеги мамиле, табигый сезим. Аны айыптап, четке какканга эч кандай негиз жок. Адамдык насилдеги ушул жөнөкөй психологиялык айырмачылык бери келип, жалпы коомдук-саясий аренада Түндүк-Түштүк болуп окчундоо, бөлүнүү сезиминин жаралышына башкы түрткү болуп келатыптыр.

Дегинкиси, бул Түндүк-Түштүк ажырымын биротоло эле мокочо санап, «бул-биздин трагедиябыз» деп жер сабай бергендин деле кажети жок. Бар нерсени жок деп эле сопусуна бергенден Кыргызстан утукка жетпейт. «Ооруну жашырсаң, өлүм ашкерелейт» дейт эмеспи...

Түштүк аймагында ар кандай проблемалар арбын экендиги өзүнчө сөз, чын-чынына келгенде мен Түндүк-Түштүк ажырымын «оору» деп деле атабай, тескерисинче, өзүнөзү камчылануу үчүн кыргыздай ыкшоо элге Кудай ыроологон өзгөчөлүк катары кабылдар элем. Мындан чыкты, эгер элибиздин саясий аң-сезими цивилизациялуу түрдө атаандашканга өсүп жетсе, а ага баарынан өлкөнүн тагдыры жогору коюлган бийик улуттук-патриоттук дух шайкеш келсе, расмий түрдө Түндүк жана Түштүк партиялары түзүлүп, тизгин талаша аракеттенип, эки партия мамлекет саясатын аныктап, көчүн баштаганын да эч кандай

эрөөн-төрөөн көрбөйт элем. Эгер опуртал жагы жокко чыкса, накта коммунист, же демократ болуп, көкүрөгүнө саясий ишеним багып көнбөгөн кыргыздар үчүн саясий атаандаштыктын ушундайча жолу бир кыйла реалдуу да, оптималдуу да болмок.

Эми кеп кезеги Түштүк маселесин көбүртүп-жабырткан саясатчылардын ызы-чуусунун тегерегинде.

Түштүк саясатчылары мурда көбүнчө кадр саясатындагы теңсиздикти, бийлик органдарында түштүктүк кадрлардын саны аздыгын бетке кармап чыгышчу. Акыркы күндөрү ага жер маселеси кошумча болду. «Түштүктө жер тартыш. Түштүктүн элине үлүш жер аз тийип калган. А Түндүктө арбын. Бир мамлекет болгондон кийин жер бөлүштүргөндө теңчилик болуш керек эле» деп чуу сала баштады Түштүк таламын талашкан саясатчылар. Албетте, жөндүү, туура маселе көтөрүшүүдө. Ошентсе да: «Ай, мындан он жыл мурда айыл чарба реформасы адеп баштaлып, жер жекеликке бөлүнө баштаганда силер кайда элеңер? Ошондо неге жерди тең бөлөлү деп чыкпадыңар?» - деп жүйөгө каршы жүйө койсо жарашмак бүгүнкү бийликтегилер. Бирок ага шаасы жеткен жок. Оппозиционерлерди дале догматикалык адатка салып, үстүртөн «экстремист, демагог» атап, коргонуу менен алек бийлик. Ал эми жерди курал кармаган Түштүк оппозиционерлери бул маселе боюнча атайын программа даярдап, өкмөткө сунуш кылып туруп, анан айгай салууну али да ойлой элек. Бул да болсо, жаатташкан эки тараптын тең саясий маданиятынын төмөндүгүнүн белгисидир.

Кадр маселесинде теңсиздик бар экендиги да ырас. Бир жагынан, баш бийлик түндүктүктөрдүн колунда турган соң, бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Экинчиден, Түндүккө салыштырмалуу социалдык-экономикалык жактан эле эмес, маданий-интеллектуалдык ыңгайда да кыйла артта калган Түштүк регионy жөндөмдүү, билимдүү, тың кадрларга жарды экендигин моюндаганга аргасызбыз. Кемчилиги көптүн кемсинтери көп.

Ток этерин айтканда, арбын кемчилик, көп көйгөйлүү Түштүк регионунун маселеси бүгүн «жер жок» деп жер тепкилеп, «кадр жок» деп кайгырып, арман айткандан эле чечилип кетпейт. Мамбийликти оодарып түшүп, башына түштүктүк бирөөнү отургузуп койгондон дагы акыбал оңолбойт. Түштүк эли бийликти алган учурда деле, учурдагы кадрдык потенциалы менен көпкө узабай «жыдышы» мүмкүн. Эң ириде, оштуктар бүгүн аркалыктарга цивилизациялуу түрдө атаандаштыкка өтүп, алардан билимдүүрөк, алардан байырак болгонго, кемтигин толтурганга күч үрөшү, эл ичинде ушундайча эрегиш жараткан идеология жайылышы керек. Тилекке каршы, менин жердештерим - Түштүк интеллигенциясы, саясатчылары маселенин ушул тамырын кармагандан оболу, ушу кезге чейин Түштүк маселесин тек гана саясий соодага айлантып, тар айлампадан баштарын көтөрө албай келатат.

Жогорудагы ойлорум менен дагы бир ирет «провокатор, сепаратист» атыгарымы билип турам. Же «трайбалист» дейсиңерби? А кошумчам: саясаттан алыс болсом да, өзүмү Түштүк патриоту катары көрсөткүм келгенин жашырбайм. Бирок, «өз айылынын патриоту болбогон атуул эч качан өлкөнүн патриоту болуп жарытпайт» деген принципти туу кармап, «айылдык патриотизм» жалпы улуттук кызыкчылыкка кызмат кылыш керек деген ишеним менен...

*(«Агым», 7-май, 2002-жыл)*

## КАНДАЙ КҮН КҮТӨТ? КЫРААНЫБЫЗ КИМ?

Сөз кокус ара жолдо жазып-тайып кетпесек, өз мөөнөтүндө так өтсө, дагы 3 жыл 4 айдан соң боло турган президенттик шайлоо жөнүндө... «Тирүү аюунун терисин бөлүшүп...», «Падыша - Кудайдын жердеги элчиси, буйруганы болот да. Ага эмнеге баш оорутуп...» дегендей нака кыргызчыл көр жеменин алдын-ала аз-маз чегинүү: мүмкүн, Батыш-Чыгыштын байманалуу мамлекеттеринин башына апендини отургузуп койсо деле, тамыры терең жайылган а журттун кылы кыйшайбас. А биз, кыргыздай алсыз, аз эл, Кыргызстандай жаңы түптөлүп келаткан бечел өлкө үчүн бийлик башында кандай пенде туруп, ким башкараары айрыкча маанилүү, өчөөр-өнөрү ага багыңкы экен. Тарых тастыктап атат. Мындан чыкты, бизге кандай падыша керек, анда кандай сапаттар болушу зарыл дегендей соболду азыртан алдыга таштап, талдап, «президент болом» деп чыкчулардын дарамет-күчүн эмитен электен өткөрө таразалай барганыбыздын зыяны тийбес. Шайлоодо таасир этүүчү ички да, сырткы, көрүнөө да, көмүскө факторлорду эмитен эсепке алып, эркибизге жолтоо болор терс жагынын жолун бууганга белендене жүргөнүбүз эптир.

Дегинкиси, карапайым калкка сезилбегени менен, саясий-олигархиялык чөйрөдө алдыдагы так талаш камын жемей эбак башталган. Кыргыз мамбийлиги акыркы учурларда социалдык-экономикалык иштерге кол учун гана тийгизип, негизинен саясий маселелерге басым жасап, кайгылуу да, күлкүлүү да «спектаклдерди» байма-бай «сахналаштырып» аткандагы мээлеген бутасы дал ошол - 2005-жыл.

Оппозиция да тим жаткан жок. Борбордо «биз элди кармап турабыз, сабырдуулукка чакырып атабыз» деп какшаган менен айрым радикал оппозициячылдар Түштүктө ансыз деле бийликке наразы элди каршылык акцияларга ачык эле үндөп, көтөрүп чыгууга аракет кылышууда. Ачык айтылган сөз үчүн менин оппозициячыл агаларым терикпейт го деп ойлойм, албетте «кет!» деп



көчөгө 3 миң эмес, 30 миң адам чыкса деле азыркы бийлик ордунан копшолбосун алар деле жакшы билет. Демек, мээленген бута дале - 2005. Ага чейин ушундайча жол менен бүгүнкү бийликти алсыратып, шайлоодогу «мураскерлик» шансын жокко чыгаруу. Анда сөз ирети менен болсун.

Альфавит боюнча эле эмес, келерки шайлоодогу таасир этүү деңгээлин эске алганда деле, адегенде Аскар Акаевдин тегерегинде сөз кылууга туура келет. Айгине болуп калды, ал өзү шайлоого барбайт. Өз мөөнөтүн кайра узартып, бийлигин колдон чыгарбоону катуу каалаган күндө деле ал каалоосун жүзөгө ашырар бүт өбөлгөсү какшыды, ресурсунун баарын «жеп» түгөттү. А бирок: «Арманым калбады, өлкөнү 15 жыл башкардым. Кемчилик кетсе, кечиргиле, жакшылыгым болсо, айта жүргүлө да, эми өзүңөр каалаган кишини шайлап алгыла», - деп шайлоого кийлигишпей, чыныгы калыс катары четтен карап, эл эркине койгонго да эрк-абийири жетпейт. То[illegible] этери, бошоткон ордуна «өз» адамды отургузуп кетсем дегенде эки көзү төрт эмес, беш. Эмнеге «беш» экендиги бүгүн бешиктеги балага да дайын. Демек, Кыргыз Республикасынын биринчи президентинин жалпы элдик төртүнчү президенттик шайлоодогу ролу бу саам талапкерлик эмес, «саяпкерлик».

Канткен менен, алдыдагы шайлоону эми 95-2000-жылкы шайлоодо сыналган ыкма менен жумдай салуу кыйын. Экономикалык-социалдык, ж.б. факторлорду эске албаган күндө деле, А.Акаев менен анын тегерегиндеги бийлик чөйрөсүн Аксы феномени катуу түйшөлтүп, санаага салып койду. Бүтүн кыргыз элинин аң-сезимине революция жасаган Аксы окуясы сөз жок, 2005-жылдагы шайлоонун жүрүшүнө өз тактоо-өзгөртүүсүн киргизет. Акаевдик системанын «жеңе жүргөн, жеңебиз!» ураанына жамынган көнүмүш технологиясы башканы билбейм, Түштүк регионунда эми арык аттап, суу кечпейт. Ушундан улам айрымдар Акаевдин командасы бул жолу сөзсүз уттурат деп эмитен эле кол чапкылап кирди. А мага жагдай кайра опуртал жагына ооп бара жаткандай туюлат. «Кан төксөк да бийликти бербейбиз» деп кимдер айтты эле?..

Күбө болдуңар, кечээ жакында эле Россия Федерациясынын Коопсуздук кеңешинин катчысы Владимир Рушайло «ормон опузага» салып: «Биз Акаевге болушабыз» деп кетти. Эми болсо, премьер-министр Николай Танаев баш болуп, бүтүн өкмөт өз элин тышкы чек арада топтолгон куралдуу бандиттер, ичтеги «Хизбут-Тахрир» менен «коркута» баштады. Мунун баары нени каңкуулап туру? 2005-жылкы шайлоого араң зорго жетер саясий капиталы калган бүгүнкү бийлик чөйрөсү, өздөрүнүн андан аркы бийлик-байгерчилиги үчүн бүтүн өлкөнүн эгемендигине, жалпы калктын тынччылыгына шек туудурбайт деп бирөө-жарым кепил боло алабы?

Акаевдик бийлик системасынын саясий капиталы какшып баратат дебедикпи. Мунун бир тарабы азыр Президенттин тегерегинде эл купулуна толор күчтүү кадрлардын калбай калгандыгы менен да түшүндүрүлөт. А. Акаев өз позициясын чыңдагысы келсе, ушул сапар өкмөт түзгөндө көпчүлүктүн ишенимине ээ кадрларды жанына тартышы зарыл эле. Эртеңинен кооптонуп, айрымдары муюбадыбы, айтор, өлкө башчы ага баралбады. Ошентип, өзүнө мураскер тандоодо чайналып, кыйналып турган убагы. А убакыт кыстап келатыры.

**Темирбек Акматалиевди** Аксы каргашасына чейин Акаев мураскерлигине № 1 талапкер катары карап келишкен эле. Ошту бийлеп, жарым паашалык дегидей кызмат аркалаган, андан финминди башкарып, көп өтпөй өзүнчө эле монстр - ички иштер министрлигине дайындалган Темирбек мырза А.Акаевдин амири менен космостук ылдамдыкта өсүп, «универсал» кадрга айланып, түзүк эле тапталып келаткан. Артынан жаман сөз ээрчиген эмес, Оштон да кадыр-баркы менен кайткан. Каратамандардын да, капчыктуунун да көңүлүн таба билген касиетке ээ, саясий чөйрөдө ачык душмандары жок болчу. Ушул сапаттары менен жердиги, үй-бүлөгө жакындыгы дегендей «ички сыпаттама» ал интеллект көрөңгөсү, ишкердик сапаттары менен көпчүлүктөн айырмаланып кетпесе да, мураскерликке башкалардан бир кадам жакындатып турган. Эл ичинде ушак чыккандай, анын жолун бууну көздөгөн белгисиз «үчүнчү күч» уюштурду-бу, ким билет?.. Анан эле Аксыда ок атылды… Ага Т.Акматалиевдин мындан туура үч жыл мурда Ошто губернатор болуп турганда ойлонбой туруп айткан сөзү дал келип, кошул-ташыл болду. Кыскасы, анын Акаевге «өз» мураскерлик бакты-тактына тартып бараткан аркан ошону менен ортосунан чорт үзүлдү.



**Кубанычбек Жумалиев менен Жоомарт Оторбаев.** Саясат иликтөөчүлөр жаңы өкмөт түзгөндөгү тактикалык жүрүшүнө карап багып, Президенттин көңүл кушу ушул экөөнө оогонун боолголошууда. Маман Карабаев «Агымдагы» (№45,7-июнь) «Кто они: Оторбаев и Жумалиев…» деген макаласында буга сергек баам салды. Өкмөттөн экинчи пландагы вицелик орундарды ээлеп, «чоң казат» үчүн резервге коюлган эки саясатчынын артык-кемтик жактары ошол макалада жакшы эле жиликтенген экен, кайталап отурбай, анда эске алынбаган бир-эки жагдайга токтололу.

Өлкө президенти болуш үчүн мынча билим, мындай адеп, тигинче пайыз ишкердик сапат зарыл деп эч ким рецепт бере албас. Бирок, бир гана нерсе талаш жаратпайт: «болом» деген адам болбоду дегенде өз айыл, районунун сүймөнчүгү, өз жердештеринин арасында өзгөчө кадыр-баркка эгедер болушу керек. Биз билгенден, К. Жумалиев андай артыкчылыктардан куржалак.

А **Жоомарт Оторбаевдин** жөнү, салмагы башка. Шайлоодо аны кубаттай турган орус тилдүү электорат өлкөдөгү жалпы шайлоочулардын 15% тей бөлүгүн түзөт. Анын ичинде өзүбүздүн «киргиздерибиз» да бар. Канчалык мурун чүйрүбөйлү, бүгүнкү күндө баштуу да, чөнтөктүү да катмар, Кыргызстандын элиталык чөйрөсү - ошолор. Андан тышкары, Ж.Оторбаевдин артында интеллектуал байлар мүчө болгон «Менин өлкөм» партиясы турат. Эң башкысы, ал А.Акаевсиз деле өз башы менен чыга алат, ансыз деле эмне кылууну билет.

**Курманбек Осмонов** - талаш жок, мыкты юрист, Түштүктүн тың чыкма кадрларынын бири. Орусча, кыргызча так, сабаттуу, кыраатты менен коңур добушка салып, кооз сүйлөй билет. Саясый оюндун көмүскө эрежелерин мыкты өздөштүргөн. Премьер-министр биякта калып эле, өкмөттүн эки тизгин, бир чылбырын Курманбек мырза колуна алат го деген кеп бекеринен чыгып аткан жок. Анткен менен, бул өкмөттүн күнү эртеңки күздө эле

бүтөт эмеспи. Депутаттык ишенимдүү ордун таштап, шайлоочуларынын добушуна суу бүркүп, К.Осмоновдун өкмөткө келгени алаңгазарлык, же майда амалпараздык эмеспи? Жок, анын бир билгени бар. Вице-премьер болуп калышы да кокустук эмес, алыс ыргытылган аркандын «үзүрү». Былтыр Үзөңгү-Кууш маселеси адеп көтөрүлгөндө Президент үчүн катуу туруп берген. Быйыл да тик турду. Аксы маселесин бийлик пайдасына жайгарууга да «ак эмгек» сиңирди. Демек, ал ыргыткан «аркандын» учу президенттик шайлоого байланып, Аскар Акаевичтин ишенимине кирип, непадам, мураскерлик таажы кийип каламбы деген үлпүлдөгөн үмүткө чырмалган.

**Абдыганы Эркебаев...** Министр, вице-премьер-министр, губернатор, ЖК Эл өкүлдөр жыйынынын төрагасы - булар мурдагысы. Азыр Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагасы, илим доктору, академик. Бул саясатчынын илимий-саясый карьерада арманы аздыр. Белгилей кетчү дагы бир жагдай, ушунун баарына өз эмгеги менен жеткендиги. Мына ушул жетишкендиктери эле аны эмдиги шайлоодо жарышка түшкөнгө «түрткүлөп» турат. Өтө жакындап, кошомат кылып, көшөкөрлөнүп кетпей, же терс бурулууга жетиштүү себептер болгонуна карабай, акаарат айтып, сынга да өтпөй, бир кунда, белгилүү аралыкты сактап келаткан анын Президент А.Акаев менен мамилеси «Жакындасаң күйүп кетесиң, алыстасаң тоңуп каласың» накылын эске салат. А.Эркебаев кыргыз саясатында көпчүлүктөн өзгөчөлөнүп турган фигура. «Акылдуунун бир аты - куу» дейт эмеспи, аны өтө куу дешет. Ушундан улам, жүгүргөндөр калып эле, Акаевден мураскерлик мандатты алып кетиши мүмкүн деп болжол кылгандар бар. Анын азыркы кызматы да Президент менен оңой тил табышканга, керек болсо эсептешкенге мүмкүнчүлүк берет. Анан калса, А.Эркебаев 90-жылы А.Акаевди такка отургузган депутаттык топтун лидерлеринин бири болгон. Карагылачы, ошол сүрмө топтон азыр бийлик чөйрөсүндө А.Эркебаевден башка ким калды? Кыскасы, А.Акаев өз позициясын чындагысы келсе, аны тандап, эң туура кадам жасаган болор эле. Ансыз А.Эркебаев күрөшкө өз алдынча чыгалбайт. А социал-демократиялык партиядан **Алмазбек Атамбаевден** орун ашпайт.



Дегинкиси, А.Акаевдин алдына кезекке тургандар жогоруда аты аталгандар менен эле чектелбейт. Чындап көзү түшүп калса, «Кожоюн» азыркы саясый аренада аты-жыты белгисиз райакимиаттын бир кызматкерин деле кулагынан тартып өстүрүп отуруп, бир жыл ичинде премьер-министрликке чейин жеткирип коюшу мүмкүн. Ушуну менен эле азыркы президент А.Акаевдин «өз» мураскерлеринин тизмеси азырынча токтобойт. Эми өз күчүнө ишенип, мураскер болом деп чыкчулар жөнүндө.

**Исмаил Исаков.** Чет өлкөлөрдө иштеп жүрүп, акырында коңшу Казакстандан Кыргызстанга полковник наамы менен келген, профессионал аскер кызматкери, генерал-майор Исмаил Исаковду коргоо министринин биринчи орунбасарлыгынан алуу Президенттин чоң катасы, оппозиция үчүн олжо болуптур. Биздин оппозициячыл саясатчылар көбүнчө кургак сөз менен алек болчу эмес беле. И.Исаков иш жасаганды дагы билет экен. Маселен, Үзөңгү-Кууш маселесинде көпчүлүк чуру-чуу түштү. А Кытайга берилген ошол жердин өзүнө чейин барып, картасын чийип, бүт тарыхый документтерди аңтарып иликтеп, бийликти «жылаңач» факт менен бетке чапкан генерал Исаков болду. Ким билет, ал барып ийне-жибине чейин иликтеп келбесе, Аксы трагедиясында бийликтин бети мынчалык деңгээлде ачылмак эмес беле? Кыскасы, ишкердик, нравалык касиеттери генерал-депутат үчүн президенттик таймашка тайсалдабай чыгууга «жолдомо» берет. Жолтоо болчу жактары: аскердик «замашкаларынан» арыла, саясый оюн эрежелерин жакшылап өздөштүрө электиги, көпчүлүк алдында чачыратып сүйлөй албагандыгы.

**Адахан Мадумаров.** Кыргызстандагы № 1 келишпес оппозиционер, жети жылдан бери кары-жаш дебей бүтүн элдин сүймөнчүгү, үмүт-тилеги. Элге мынчалык жакын, мынчалык ачык А.Мадумаров тууралуу «а-бу» деш аябай эле кыйын экен.

Эсимде, бир интервьюсунда «президент болом деген оюңуз барбы?» деген суроого «Генерал болууну каалабаган жоокер - жоокер эмес» деп, айтылуу афоризм менен жооп берген эле эки-үч жыл мурда. А мага А.Акаевдей күнгө кабылып, Президент болгондон, Мадумаровдой депутат болуп, элдин сүймөнчүгүнө айлануу 100 эсе кымбат бакыттай сезилет…

**Өмүрбек Текебаев.** Эгер, эгер… Кыргызстан Батыш өлкөлөрү сыяктуу цивилизациялуу мамлекет болгондо Өмүке 2000-жылкы такталашта жеңип чыгып, бүгүн Кыргызстанды башкарып атмак. Эгер, эгер... бизде чындап эле ошондой шарт болсо, жаш десе жаш, курч десе курч, тубаса саясатчы Өмүкенин жылдызы 95-жылы эле жанып чыкмак. Өмүкенин шансы дале жогору, мүмкүн, мүмкүн деп туралы…

Социал-демократиялык партиянын лидери, ири беш заводдун башын бириктирген «Форум» өндүрүштүк тобунун директору **Алмазбек Атамбаев** өз дарамети канчалык экендигин өткөн шайлоодо күтүлбөгөн жерден чыга калып, 5% дык чектен аша секириши менен эле айгине кылды. Ошол сапар коммунисттер менен союз түзүүгө жетишкен бул «капиталисттин» башкалардан башкы артыкчылыгы - кампанияда финансылык маселеге баш оорутуп, өзгөлөрдүн капчыгын карап отурбастыгы.

«**Курманбек Бакиев** премьерлик кызматта канчалык көп отурса, президентикке шансы ошончолук жогорулайт. Тилекке каршы, аны көпкө отургузушпайт, марага жеткирбей «жыгып тынышат» деп жазган элек мурдарак. Айтканыбыздай эле болду. Ортодон Аксы каргашасы чыкты да, Аскар Акаев аны өлкөдө кадыры күндөн-күнгө өсүп, өзүнө «неудобный» фигурага айланып бараткан премьер-министрди борттон алыс ыргытууга чеберчилик менен пайдаланды, кудум эптеп себеп таппай турган сымал. Неткен менен Бакиев кызматтан абийири менен, башын бийик көтөрүп кетти. «Кайтып келүү» үчүн ошентип кетүү керек болчу…

**Мелис Эшимканов** жөнүндө сөз кыска: өз редакторуң жөнүндө тигиндей, мындай пикир жарыя айтуу сыпайыгерчиликке жатпайт. Жалгыз белгилеп койчу нерсе: кечээ жакында өкмөттүк гезиттер «Эшимканов кайсы бир чет өлкөгө кетип, эмдиги президенттик шайлоого ошол жактан даярданып келем деп камынып атыптыр» деген «өрдөк» учурду.

**Марат Султанов** - бийлик-байлыкка башкача көз менен караган кыргыз саясатындагы жаңы муун, жаңы генерациянын башында тургандардын бири. Экономикада практик. Шаар-айыл маданиятын боюна бирдей сиңирген



интеллектуал. Тек-жааты да мыкты: чоң атасы Социалисттик Эмгек Баатыры, өз атасы Абдыразак Султанов көпчүлүк ойгоно элек мезгилде орус шовинизмине ачык кашкайтырып, өзүн нагыз патриот катары көрсөтүп, кыргыз тарыхында калган инсан. Андай чынчылдык Марат мырзанын канында да бар, кургак акылга эле баш ийбей, жүрөгүн тыңдап чечим кабыл алганга да жөндөмдүү. Бирок ал алдыдагы президенттик таймашка катышабы, катышпайбы, али караңгы. Анын үстүнө азырынча карапайым калктын ичинен ишенимдүү колдоо таба элек. Саясатта орточул позиция, прагматикалык көз караш карманып турган бул саясатчы эгер шайлоого катышып калса, компромисттик фигура болмок.

Эл назарына бүгүнтөн илинген ачык каармандардын айрымдары жөнүндө гана учкай сөз болду жогоруда. «Мен кыйын» дегендин дагы канчасы азыр өзүнүн «жылдыздуу саатын» күтүп, бугуп жатат. Марага жакындаган сайын биз күткөн да, күтпөгөн күчтөр, жеке саясатчылар бук-турмадан акырын баш көтөрө баштаары күтүлүү иш. Анын үстүнө, «Татыктуулар канчалык аз болсо, талапкер ошончолук көп болору» кыргыз үчүн - аксиома. Кези келсе, «болочок президенттерди» санап бүтө албай убара тартышыбыз да ыктымал.

Алдыдагы шайлоонун өткөн шайлоолордон дагы бир айырмасы - азыркы президент А.Акаевдин тегерегиндеги саясатчылардын арасында бири-бирин аңдымай, биринен-бири тыңсынып, тымызын бут тосмой, компромат топтомой бара-бара күч алып, акырында ачыкка чыгып, кызыктын арбыны азыркы бийлик короосунда болот. Бийлик үчүн күрөштө башкаруучу чөйрөнүн ич ара интригасы, «үй-бүлө» кийлигишинен тышкары да, бийлик-оппозиция кубатынын катышы, кландык, регионалдык жаат, саясий партия, блоктордун ролу, геосаясий фактор - чет өлкөлөр таасири ж.б. өлкөгө президент тандоого кыйыр, түз таасир этүүчү жагдайлар тууралуу кеп кийинкиге калсын.

Азыртан көңүлгө алчу да бир кеп: 2005-жылга жетпей эле ушул күздө референдум өткөрүлүп, Кыргызстан парламенттик республикага айланат да, Аскар Акаев анын түшпөс спикери болуп шайланып, түбөлүк бийликти ко-

луна алат деген да каңшаар тарады. Каңшаардын экинчи варианты: референдум өтүп Конституция өзгөрүлгөн соң, жаңы Конституцияга ылайык А.Акаев президенттикке жаңыдан шайлансын деп чыкчулардын табылышы.

Ал эми өлкөдөгү оппозициячыл күчтөрдө ушул күздө Президентти биротоло отставкага кетирип, мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүү ниети бар. Эмнеси болсо да мезгил көрсөтөр.

Жо, токтогула, мезгил элдин агымына жараша өзгөрүп, кубулуп турат эмеспи. А кыргыз элинин басымдуу бөлүгү, көпчүлүгүбүз бүгүн өзүбүздүн итке минген турмушубузга, өлкөнүн экономикалык-социалдык кризистен башы көтөрүлбөй, карызга белчесинен баткандыгына падышаны күнөөлөп, кедергинин баарын бийликтин жөндөмсүздүгүнө жоруп келатпайбызбы? Атактуу куудул Асанкул Шаршеновдун: «Эстекеңдин (Эстебес Турсуналиевдин) батасына ишенип жатып албай, өзүң да аракет кыл!» деп уулдуу болгусу келген жигитке берген кеңеши эсиңердеби? Анын сыңары, эгер чындап эле Кыргызстандагы кенемтенин баарына бүгүнкү бийлик айыптуу болсо, эртең жакшы бийлик тандап, жакшы жашагыбыз келсе, эмне үчүн баарын мезгилге табыштап коюп, сырттан тамаша кылышыбыз керек!?

Өз кызыкчылыгыбыз үчүн мезгил агымына каршы сүзгөнгө дилгир, саясатка сергек бололу да, кыргыздар!

*(«Агым», 2-5-9-июль , 2002-жыл)*





## АКСЫНЫ АДИЛЕТТИК ГАНА ТЫНЧЫТАТ

Аптаптуу августка туш келген отпускенин бир бөлүгү Ош шаарында өттү. А Ошту чайканасыз элестетүү кыйын. Айрыкча шаардын көзгө басар Навои паркындагы чайканалар ар качан элге жык-жыйма. Жаш-кары,интеллигент-«колхозчу» дебей чогулуп, бир чайнек көк чайды алдыга коюп алып, саясат имиш-имишинин акесин таанытмай. Анын үстүнө, эки-үч жыл катар Баткен коогасы чыгып, эми Аксы ички коогасы оожалып, чайкана эрмегине ар жай сайын эң сонун «бута» табылчу болду. «Аксылыктар Бишкекке жүрүш жасап, Президентти тактан оодарабыз» деп атышыптыр». Быйыл ушундай имиш-имиш, божомол-жоромол, кургак талаш-тартыш.

Шаар аптабынан качып, те тоо арасындагы өз айылым Чөгөмгө барсам да айылдаштарым:»Аксылыктардын күздө Бишкекке жүрүш жасайбыз» дегени чынбы?» деген суроо менен тосуп алышты. Ошентип бир чети көпчүлүк бүйрүн кызыткан «Аксы жүрүшүнүн» чын-төгүнүн билмекке журналисттик кызыгуу түрткү болуп, а экинчи чети, мүмкүнчүлүк болгон соң адилеттик үчүн тик турган намыскөй журттун алдынан өтүп, окко учкан боорлорго куран окуй кетүүнү атуулдук парз санап, бүгүн бүтүн Кыргызстандын көңүл борборунда турган Аксы аймагына жол тарттым.

### *Аскар Акаевдин сапары*

10-августта Аксыга президент Аскар Акаев, Курманбек Осмонов, Мисир Ашыркулов сыяктуу чиновниктерди ээрчите элден кечирим сурап, өлгөндөргө куран окутууга барат. Бул учурда алааматта окко учкан жигиттердин ата-энелери Жалал-Абад курортунда эс алып жатышкан. Аларга өкмөттөн акысыз дарыланып, эс алуу үчүн путевка берилгенде алгач баш тартышат да, анан «эң башкысы - алданып, намысыңарды тепсетпесеңер болгону. Сөзсүз барышыңар керек» – деп көпчүлүк эл масилет берип жөнөтүшөт.

Президент барганда райондук атка минерлер кара кийген ата-энелерди курорттон райборбор Кербендеги аэропортко алып келишет. Бирок, кемпир-чалдар аерде машинадан түшүп «үлкөн конокторду» тосуп алуудан баш тартышып, Боспиекти көздөй жол тартышкан. Самолеттон түшкөн А.Акаев да алардын артынан кан төгүлүп, маркумдарга эстелик коюлган Боспиекке келип, ала барган молдосу куран окуп, кайра шаша-буша аэропортко келишет. Аерде атайын чатыр тигилип, дасторкон жасалып, жылкы эти тартылат. Дасторкон четинде Президент менен жабырланган калктын өкүлдөрүнүн ортосунда ачык сөз жүрүп, өлкө башчысынын дарегине өтө ачуу кептер да айтылыптыр.

14-августта Аксыга АКШнын Кыргызстандагы элчиси Джон О,Киф барат. Элчи дипломаттык салт чегинен чыкпай, эл менен жолугушканда тек гана пикир, көз караш, талаптарын угуу менен чектелген.

16-августта сапар кезеги премьер-министр Николай Танаевге келет. Ал бүт бойдон райондун социалдык-экономикалык маселелери жөнүндө сөз сүйлөп, калк көңүлүн ушул нукка буруууга аракеттенген. Алааматта ок жеген жарадарлардын ар бирине автомашина тартуу кылабыз деп убада кылып кайткан.

*Аксы жүрүшү чындап эле күтүлөбү, же...*

Аксынын Кара-Суу айылына барып, адеп түшкөндө эле жол боюнда турган карыяны «Эмне максат менен жүрүшкө чыгабыз деп жатасыздар?»,- деп кепке тарттым. «Аксылыктардын күткөнү - А.Акаев президенттиктен кетип, А.Карыпкулов, Ч.Абышкаев, Т.Акматалиев, З.Кудайбергеновдордун жоопко тартылышы,- деп сөз улады өзүн Манас Чыныбаев деп тааныштырган карыя. - Анткени, Аксы алааматынын башкы күнөөкөрлөрү ушул бешөө. Мына эми күнөөлүү деп табылган Карыпкуловду элчи кылып, Турцияга жиберди. Абышкаев өзү арыз жазганына карабай кармап отурат. Күнөөлүүлөр өздөрү окуяны иликтеп атса, бул иш кайдан акыйкат жол менен чечилсин! Булар бийликте турганда Аксы маселеси эч качан чечилбейт. Созулганы созулган. Биз өлгөн 6 бала үчүн



Бишкекке чейин барабыз. Максатка жетмейин кайтпайбыз. Өлсөк, ошол жакта өлөбүз. Мен азыр 65 жаштамын. Ден-соолугума наразылыгым жок, жүрүштөн коркпойм».

«Кудай буюрса, жүрүш сөзсүз болот, – деп сөзгө аралашты айылдын дагы бир тургуну Табылды Жунусбаев. – «А.Акаевди отставкага кетирүү жана элге реформа үчүн» кыймылын түзүү демилгеси Аксыдан башталган. Кыймылды колдоп, программасын ишке ашырышыбыз керек. Бул максат ишке ашпай калышы мүмкүн эмес».

Таш-Көмүрдөгү кийинки окуяда «А.Бекназаровду актоо жана Аксы окуясынан жабырлангандардын укугун коргоо» кимитетинин 6 мүчөсү: Б.Сейиткулов, К.Өмүрбеков, К.Маматкеримов, Ы.Бабатаев, Т.Туралиев, Ж.Курбановдордун үстүнөн кылмыш иши козголуп, камакка алынып, кайра чыгарылганы белгилүү. Амнистия мыйзамы арык аттабай калган соң, райИИБ аларды кайрадан суракка оозеки чакырып, тынчын ала баштаптыр. Комитет мүчөсү Жаныш Курбанов төмөнкүлөрдү билдирди:

- Азыр Аксы элине жетекчилик кылган жетөөбүздөн сырткары дагы да даярдалып, дайындалып коюлган 21 адам бар. Эгер бир балээ болуп, бизди камап салышса, ошол замат дагы резерв даяр. Ал эми күзгү жүрүш сөзсүз болот. Эл даяр, команда болгон күнү жолго чыгат. Жүрүштүн кайсы күнү, кандай маршрут менен башталары, канча адам катышары да белгилүү. Бирок биз аны эч кимге, жадагалса өзүбүз ылымсынаган депутаттарга да айтпайбыз.

«Жүрүшкө чыгарыбыз анык. Бүткүл Кыргызстандын эли бизди колдойт деген ишенимдебиз. Кокус колдобой койсо деле коркуп артка кайтпайбыз,»- деп Ж.Курбановдун сөзүн Тажимамат Туралиев бышыктады.

«Кандуу жекшембиде» бутка ок жеп, жараат алган карасуулуук Талип Өмүрбеков менен боспиектик Абдыкул Садыровго да капыс жолугуп калып: «Силерге премьер-министр машине берем деп кетиптир. Өкмөт ошончо кам көрүп атса, жүрүшкө чыгабыз дегениңер кандай? – десем: «Өкмөттүн бул аракетинин баары өтө кечигип, аргасыздан гана жасалып атат. Машинесин эртерээк берсе жакшы болмок, минип алып чыгат элек жүрүшкө»,- деп жооп бериши өңдөрүнөн опузанын да, тамашанын да белгиси билинбей сустая туруп.

«Бийлик уюштурган чогулуштарды да көрүп атабыз. 10-15 миң адам катышты дегени 1000-2000 эле болуп

чыкканын, анан да катышкандардын көпчүлүгүнүн аксылыктарга карата ою түз экендигин «Азаттык» аркылуу билдик. Бийлик дагы өтө чоң катачылык кетирип атат. Мындай жол менен элди тынчыта албайт, тескерисинче, толкутуп, кыжырын кайнатат» деген пикирде Кара-Жыгач айылынын тургуну Кадыралы Жорокулов Чүйдөгү митингдер жөнүндө.

Окурман үчүн Аксыга барып атайылап жалаң гана «ашынган оппозиционерлерге» жолугуп, пикирин жазып алгандай сезилип атканымы туюп турам. Бир беткей кетип, журналисттик озуйпага көлөкө түшүрбөс үчүн адеп баргандан эле автобуста, көчөдө, базарда болсун кыз-жигитинен кемпир-чалына чейин собол таштап, окшош жооп алып жаттым. Баары бир оздон «Жүрүшкө сөзсүз чыгабыз. Бүгүнкү бийлик сөзсүз жооп бериши керек» дешет. Аксынын Кербен, Афлатун, Кара-Жыгач, Кара-Суу, Пача-Ата ж.б. айылдарын кыдырып жүрүп, анча-мынча чиновниктер менен орган кызматкерлерин эске албаганда, жалпы Аксы элинин талабына, жүрүшкө каршы сүйлөп, тетири пикир айткан бир жанды да жолуктурганым жок. Жадагалса, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү да эл тарапта. «Жүрүштө мен элдин алдыңкы катарында болом» дейт Кара-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы Дөөлөтбек Беккулуев. Кара-Жыгач айыл өкмөтүнүн башчысы Нурдинбек Картаев деле ошондой пикирде.

Бул эки айыл өкмөтүнүн аймагында бу тапта дээрлик элдик бийлик өкүм сүрүп, мамбийлик аракети алсыз. «Акыркы кездери айылда мурдагыдан кылмыштуулук азайып, уурулук, уруш-жаңжал дегендин аягы тыйылып эле калды. Анча-мынча чектен чыгуулар болсо, айыл аксакалдары өздөрү эле териштирип, жөнгө салууда. «Көзүбүзгө суук көрүнүп калыптыр, жылдыгы чыкканча милиция форманды кийбей кое тургула» дешти эле бизге эл, макул таап, жөнөкөй эле кийинип жүрөбүз»,- дейт Кара-Жыгачтын участкалык милиционери, кенже-лейтенант Султанбек Назарбеков.

### *Жүрүш-жүрүш, а турмушчу?*

Аксы окуясы алгач чыкканда балээнин баары элдин оор турмушунан, социалдык көйгөйлөрдөн, жергиликтүү бийликтин алешемдигинен болду деген жүйөө бетке кармалбады беле. Бирок мен Аксыдан өзүнүн тиричилиги



начардыгын айтып даттанган, социалдык-экономикалык көйгөй көтөрүп сөз кылган, анан да облустук, райондук бийлик дарегине кылапат айткан жан жолуктурганым жок.

Айдоо жер аз экен, мүмкүн, аксылыктардын турмушу айрым дыйканчылык райондордун элине салыштырмалуу начардыр. Ошол эле учурда айрым тоолуу, болбосо Лейлек сыяктуу алыскы райондордун элине салыштырмалуу кыйла жакшы жашашканы байкалат. Жаратылышы да ажайып кооз экен. Калктын көпчүлүгү тыбытынын килограммы базарда 300 сомдон жогору бааланган ангор эчки кармап, кээ бирөөлөр асел аары багып, жапайы жаңгак терип сатып дегендей натуралдык чарба менен тиричилик кылышат. Кашка-Суу зоосунан таш чагып, алтын элеп алуу да акыркы жылдары киреше булагына айланган. Тазаланган алтындын граммы базарда 320 сомдон соодаланат.

Жаздагы массалык чыгуулар элдин чарбачылыгына анчалык деле зыянын тийгизген эмес. Жер айдалбай, эгин эгилбей калбаптыр. Жыл жаанчыл болуп, дыйканчылыктын түшүмү былтыркыдан эки эсе мол болду дешти. Ага: «Быйыл райондо бардык индикативдик пландар толду» деген райаким милдетин аткаруучу Жеңишбек Бекболотовдун сөзү да күбө. Адилеттик үчүн түп көтөрүлүп, бүт өлкөнү ойготкон журттун ошого катар эле өзүнүн анча-мынча чарбасын тындап койгонго шаасы жетет турбайбы!

Жүрүш тууралуу аким милдетин аткаруучу Ж.Бекболотов: - Мен элди ойлойм, туура түшүнөм. Бирок, жүрүшкө чыгып да көрдүк. Эми бала-чака багып дегендей тиричилик да кылышыбыз керек да. Анан албетте, элдин талабы да аткарылышы, күнөөлүүлөр жооп бериши зарыл. Ушул маселени тезирээк чечкиле деп укук коргоо органдарынан суранып атабыз. Ал эми райондун экономикасын көтөрүү үчүн өкмөт жакшы эле көңүл буруп атыры. Жакында эле жумуш менен камсыз кылуу үчүн өкмөт 1 млн. юань каражат бөлдү,-дейт.

### *Аксылыктарды оппозиция уюштуруп атабы?*

Баш калаага келип: «Президент А.Акаевди отставкага кетирүү жана эл үчүн реформа» кыймылынын аксылыктардын күтүлгөн жүрүшүнө кандай байланышы бар,

канчалык деңгээлде кабардар?» деген суроо менен кыймылдын штаб жетекчиси Исмаил Исаковго кайрылдым. «Чек ара райондорун кыдырып келсем, бизге силердин кыймылды колдойбуз деген мааниде телеграмма келген экен Аксыдан. Ага ыраазы болдум. Бирок алар эмне кылат, жүрүшкө чыгабы, чыкпайбы, качан чыгат - бул тууралуу мен эч нерсе билбейм. Биз аларды чыккыла деп да, койгула деп да, көрсөтмө, буйрук бере албайбыз. Ага укугубуз жок. Баары элдин өз укугу, эмне кылышты өздөрү чечет. Эгер алар өздөрү жүрүшкө чыгабыз деп чечип, келип калышса, биздин кыймыл алардын укуктарын коргогонго аракеттенебиз. Бийлик тарабынан кандайдыр провокациялар жасалып кетишинин алдын алып, мыйзам эки жактан тең - бийлик тараптан да, эл тарабынан да сакталып, аткарылышына көзөмөл кылабыз»,- деп жооп берди генерал.

### *Биримдик билиги кайда?*

Аксыдан келер менен борбордук гезиттерди барактап, Аксыны мисал кылып, эртең жаңжал чыгып, өлкөбүздүн бүтүндүгүнө, бейкуттугуна шек туулушу мүмкүн деген мааниде барабан кагып, элди ынтымак, биримдикке чакырган коендой окшош мазмундагы макалаларга көзүм түштү. Эгер алар арзымат журналисттер менен дужур чалдардын калемине таандык болсо, көнүмүш эле. Таңгалыштуусу, авторлору акылдуу, калыс, абройлуу деген кишилер. Ал эми мазмунунда эл эмне талап кылып, кырдаал неден улам курчуп аткандыгы б.а. аксылыктардын алдындагы борбордук бийликтин моралдык да, юридикалык да жоопкерчилиги жөнүндө ныпым сөз жок, тек, кургак чакырык. Ооба, азыр мен деле аксылыктардын күтүлгөн жүрүшүн кубаттап да, айыптап да эч нерсе айта албайм. Ооба, калк бейпилдиги, өлкө биримдиги баарыбызга кымбат. Бирок, ал үчүн бүгүн биринчи кезекте бийликти эс-акылга чакырып, ийге салуу, ал эми адилеттик издеп 350 км.ден ашуун жөө жүрүш жасаган (бул - дүйнөнүн жаңы тарыхындагы уникалдуу көрүнүш) намыскөй аксылыктардын бийик духуна тан берип, таазим этүү зарыл болуп жүрбөсүн деген гана ой айткым келет.

*Ош-Аксы-Бишкек («Агым», 30-август, 2002-жыл)*





## ПАТРИАРХАЛДЫК - УРУУЧУЛУК АҢ-СЕЗИМ МЕНЕН – ДЕМОКРАТИЯГА!

Жакында парламентте отуруп, карама-каршылыктуу бир учурга күбө болдум. Аксакал депутат Абсамат Масалиев трибунага чыгып сүйлөп: «Биз Баткен, Лейлек райондорун кыдырып келдик. Турмуш өтө начар. Элдин баары бийликке наараазы. «Бүгүнкү бийлик отставкага кетсин» деген талап коюп жатышат» деп айтты.

Андан кийин ошол эле заседаниеде сөзгө чыккан баткенчи депутат Ташболот Балтабаев дагы өзүнүн Баткенге барып эл менен жолугушканын айтып келип, бирок: «Эл бизге бийликти алмаштырууну, саясый ызы-чуулардын кереги жок. Тынчтык гана керек» деп айтты» деп билдирди.

Кайсы депутатка ишенебиз? Кимисиники калп да, кимисиники чын? Менин билишимче, эки депутат тең көпчүлүк алдында жалган сүйлөп, ыйманына камчы чапкандан алыс, калыс адамдар. Андыктан, экөө тең эле чын укканын айтты деп ойлойм. Анда кандайча бир эл, бир эле жерде эки башка маанай... деген суроо туулабы?.. Себеби мында: биздин калк Масалиев оппозиционер экендигин жакшы билет, ошон үчүн анын алдында бийликти каралоо керек деп эсептейт. А бийликке ыктаган Балтабаев алдында башкача... Саясатчылар эле эмес, карапайым калкыбыз да бу тапта «өңдү көрсө, жүз тайды» ушундай эки жүздүүлүктү, күн карамалыкты адат кылып, ыңгайлашып алды. Кудум аскиядагыдай, Акаев сүйлөсө деле, Тургуналиев сүйлөсө деле «туура, туура» деп кол чаба берет. Элибиздин шорунун бир ушунда.

Чын-чынына келсе, социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү кайра-кайра чукуп, карапайым калктын иткө минген турмушун «көзүр» катары көтөрүп, биздин оппозиционерлер бекер эле убара тартып жүрүшөт. Эгер кыргыздан башка тың калк болсо, социалдык-экономикалык кризисти 12 жылдан бери оздуктай албай, өлкөнү сырткы карызга белчесинен батырган, а өздөрү «кызарган» жердин баарын менчиктеп, коррупцияга кекиртегинен

малынган мындай мамбийликти 10 жолу оодарып, 10 жолу өзгөртмөк. А биздин козголо турган, өз турмуш, экономикабыз жөнүндө ойлоно турган түрүбүз көрүнбөйт али. Эмне үчүн?

Кыргыз өзү «көргөн-өскөнү жаман...» деп коет эмес-пи. Ошонун сыңары, социалдык талап көтөрүп, тирешип чыкканга «көргөн-өскөнүбүз» жол бербейт. Элибиз ба-шынан эле мыкты турмуш көрүп жарыган эмес. Азыр шилекей агыза эскерген кечээги советтик доордо деле 30% тей шаарлашкан катмарды эске албаганда (а ал учур-да шаардыктардын улуттук курамы кандай болгону жак-шы белгилүү) калкыбыздын басымдуу көпчүлүгү циви-лизациялуу жашоо деңгээлинен төмөн, элеттик мүнөздөгү натуралдык чарба менен күн кечирген. Жетишерлик шарт түзүлгөнүнө карабай, улуттук жумушчу табын да түптөй албай койгон.

Демек, бүгүн коомдо социалдык талаптарды көтөрүп, же башка бир идея артынан түшүп, күрөшкө чыга тур-ган уюткулуу катмар жок. Дале өлкө калкынын басым-дуу көпчүлүгүн түзгөн элет калкы үчүн мамлекеттик маанидеги социалдык-экономикалык көйгөй кызыл ашыкка дагы чыкпайт, б.а. мамлекеттик бийликке иш жүзүндөгү каршылык акциясына, кандайдыр көңтөрүш, өзгөрүшкө себепчи, түрткү болуп бере албайт. Калк анча-мынча жер тырмалап, анча-мынча кой-эчкисинин туя-гын санаганына ыраазы, феодалдык түзүмгө мүнөздүү на-туралдык чарбачылык менен көнүмүш турмушун кыл-дырата берет.

Ал эми Батыш-Чыгыштын цивилизациялуу жашоо-сунун даамын татып, анча-мынча көзү ачылып калган башкаруучу чөйрө, «жаңы кыргыздар» - азганакай бөлүк үчүн көпчүлүктүн ушул «унчукпас макулдугунун» өзү өзгөчө пайдалуу. А чындап келсе, жамы кыргыз атмайга мамлекеттик бийликти реформалоо биякта турсун, мам-лекетиндин өзүнүн деле кереги жок көрүнбөйбү. Үзөңгү-Кууштун тегерегиндеги окуялардан улам айгине болду, Кыргызстан формалдуу мамлекеттүүлүккө жетишкенди-гине 78 жыл толуп, а чыныгы мамлекет болгонуна 12 жылга чаап бараткан карабай, улут көөдөнү мамле-кеттүүлүктү сактоо сезими, инстинктине келгенде көңдөй бойдон экен!



Көпчүлүк ойлоп аткандай, Аксы трагедиясы социал-дык-экономикалык көйгөйлөрдөн, элдин оор турмушунан келип чыккан жок. Ага толук бойдон саясый диагноз кой-гонго да болбойт. Трагедия кыргыз коому XXI кылым суу-сун ичкен ушул күнүндө да феодалдык доор психология-сынан арыла электигин, дале урууучулук-патриархалдык аң-сезим, дүйнө тааным менен жашап атканын ачыкка чыгарып, ошондон тутанып отурат. Аксы окуясынын аягы-на чыга элек бүгүнкү көрүнүштөрүнө эле серп салып көргүлөчү, Алабука, Базаркоргон, Кочкор ж.б. аймактар-да Кулуев, Осмонов, Токобаев ж.б. адамдардын укугун коргоо комитеттери түзүлүп, өз жердеши, тууганы, болбо-со, урууласы үчүн жүздөгөн, ал тургай миңдеген киши-лер байма-бай митинг уюштуруп, бийликтин билимсизди-гине, жеринин бир өңүрүнөн айрылып, коңшу өлкөлөргө күнкор болуп атканына жаны ачып, намыстанбаган кыр-гыз олуттуу түрдө эми козголуп, катуу талап коюп, жүрүш менен коркутуп, мамбийликтин эсин эки кылууда. Көрсө, коймаарек кыргызды козгоор талуу жер ушул жакта жат-кан турбайбы!

Мындан чыкты, бүгүн-эртең Карыпкулов, Кудайбер-генов, Абышкаев, Акматалиев, ал тургай Акаевдердин укугун коргоо комитеттери түзүлүп, чуу сала баштаса таң-галбай эле койгон оңдур. А мындай урууучул-жердешчил ураандар угут алышына борбордук бийликтин Конститу-цияны да оюнчук сыңары колдонгон башынан берки мый-замсыз аракеттери себепчи болуп, а акырында мунапыс, мораторий жөнүндөгү дүйнөдө жок мыйзамдары ого бетер оожалдырды. Бийлик түзүлгөн кыйчалыш жагдайдан чыгуунун нормалдуу коомго тийиштүү цивилизациялуу жолуна бара алган жок. Баралмак да эмес. Анткени, бий-лигибиз өзү да ошол урууучул-жердешчилдик принципке негизделип түзүлгөн. Асмандын башынан кеп салган ме-нен, башкарууучуларыбыз өздөрү деле патриархалдык аң-сезим туткунунда.

*(«Агым», 15-сентябрь, 2002-жыл)*

## ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ «КӨНҮМҮШҮ», ОППОЗИЦИЯ «БАЛАКАЙЛЫГЫ», БИЙЛИК «МОКОЧОЛУГУ»

Аксы окуясын бүтүндөй кыргыз элинин аң-сезимине революция жасаган окуя, Кыргызстандын жаңы тарыхынын башталышы катары санап, Аксы эли кыргыздын кулчулук аң-сезиминин тузагын үздү, эл деген айдаган жакка баскан же жалаң кошоматчылардан куралган «толпа» эместигин далилдеди деп көтөрө чалып баалап аттык эле. Аксылыктардын баш калаа Бишкекти көздөй жөө жүрүшүнө ачык кол кабыш кыла албаса да, өлкө калкынын басымдуу көпчүлүгү ичтеринен кубаттап, илгери үмүт менен карап турган. А бирок Аксы жүрүшү «улуу жүрүшкө» айланбай калды. Алдыга койгон конкрет максаттарынын бири да иш жүзүндө так аткарылбай туруп, тароого мажбур болду жүрүшчүлөр. Кыскасы, жүрүш кульминациясы мамбийликтин булагы, мамлекет туткасы делген көпчүлүк элдин эмес, жеке кызыкчылык үчүн карапайым калк мандайына ок кадоодон кайра тартпаган бийликтеги бир ууч топтун жеңиши менен тамамдалды.

Кааласак, каалабасак да эми Аксы окуясын, жүрүшүн башкача көз менен карап, мурдагыдан тетири оодарып баалоого аргасызбыз. Аксы окуялары эми Кыргызстанда азчылык - бийлик алдында, көпчүлүк - караламандын укугу, кызыкчылыгы түккө турбастыгын, бийлик алдында элдин ого эле алсыздыгын дагы бир ирет тастыктап, аңсыз деле абат эмес улутубуздагы кулчулук сезимди дагы да тереңдете, күчөтө турган терс таасирдүү факт катары калат көрүнөт тарыхта. Мындан чыкты, «Кыргызстан - адам укугун кастарлаган өлкө» деген кооз ураандарды музейге эле өткөрүп берген ондур.

Жүрүшчүлөрдүн талабынын ак, адилеттүүлүгү тууралуу буга чейин арбын айтылып, анын баары алаканга салгандай дайын болгондуктан, кайрылып отурбайлы. Экинчиден, алардын жүрүш иш-чарасы өлкө Башмыйзамы - Конституция тарабынан гарантияланган, атайын мыйзам менен бекемделген талашсыз укук болчу. Үчүнчүдөн, аксылыктар өткөн жайда Ошко жүрүш жасашканда да, бул сапар да бийлик тарабынан ар кандай провокациялар жасалганына карабай, бир ирет да мыйзам чегинен чыкпай, тартиптин, мыйзам сыйлоонун мыкты үлгүсүн көрсөтүп келатышкан. Демек, адамгерчилик,



ыймандык жактан караганда, мыйзамдуулук-укуктук жактан алганда да, Аксы жүрүшүнө тоскоолдук кылуунун өзү кылмышка тете иш болчу.

Анда эмесе, жүрүш кандай негизде токтотулуп, таратылды? Эмне үчүн жалпы элдик кубаттоого ээ боло алган жок? Эмне үчүн талабы толук аткарылбады? Бул суроолорго жооп издөө үчүн ага кыйыр-түз таасир эткен коомдук топтордун мамилесине көңүл бурууга туура келет.

### *Интеллигенция*

Аксыга барып, окко учкан кырчын жигиттердин жесир жар, жетим балдарынын көз жашын көрүп, элдин арыз-муңун өз оозунан эшитип келип, борбордо жатып алып бүтүн кыргыз элин тажик мисалы менен коркутуп, ынтымак, биримдикке чакырган «интеллектуалдарга» таңгалганымы жазган элем. Анткени аксылыктардын расмий талаптарында эле эмес, көчө сөзүндө, көргөн түшүндө дагы Түндүк-Түштүк деп бөлүп-жарып, бийлик талашка түртүп, өлкө бүтүндүгүнө шек туудура турган эч бир белги, эч бир сөз жок болчу. Дал ошол элди Түндүк-Түштүккө бөлүү, бийлик талаш, согуш-жаңжал оту дамамат расмий бийлик оозунан гана чыгып атты. Башкасын айтпаганда дагы, УКК төрагасынын биринчи орун басары Борис Полуэктовдун «согушка гарантия берем» дегени эле эмне деген ишаарат? Ушунун баарын - «намек» кайдан чыгып, эмне максат көздөп атканын эң сонун көрүп-билип турган улуттун «каймактары»: «Эй, бурадарлар! Деги каякка баратасыңар? Силердин креслоңор жалпы өлкөнүн бүтүндүгүнөн, жамы калктын кызыкчылыгынан ошончолук эле кымбатпы? Жөнөкөй эле экен, андан мурда аксылыктардын талабын аткарбайсыңарбы?» деп бийликти эс-акылга чакырып, калыстык кылыш керек эле, эгер мамлекет, улут келечегине чындап эле кооптонушкан болсо…

Жок! Биздин билермандар дале көнүмүш адатынан арыла албай, заматта башкаруучу чөйрөнүн активдүү агитаторлоруна айланып чыга келишти. Ал эми парламенттеги калыс делген депутаттар «өкмөт-президенттик администрациянын алдындагы куурчак» деп өздөрү чыгарган аныктаманы кайра өздөрү жокко чыгарып, күнөөнүн баарын өкмөттөн издеп, өкмөттү ур-тепкиге алуу менен алек болду.

«Элибиздин саясий аң-сезими төмөн, караңгы, коркок. Ошон үчүн бизди активдүү колдобой атпайбы» деп алакан жайып актанып, Кыргызстандагы саясий оппозиция өзүнүн бечел, аракети майнапсыз айыбын элден издөөчү эмес беле? Анан эле Аксынын эли бийлик огуна төш тосуп, кан жутуп, намыс үчүн кылкылдап чыгып берди эле, адилеттик издеген «караңгы» элге эркеч болуп, алардын акыйкат талабын туу көтөрүп кеткендин ордуна жеке пенделик амбицияларынан ары аттай албай, «кечээ сен кайда элең, мен кайда элем» деп ич ара акыйнек айтышып, биздин оппозиционерлер эки-үчкө ыдырап жатып калды.

Деген менен оппозициянын радикал бөлүгү (алардын уюткусун ЖК мыйзам чыгаруу жыйынындагы «Кыргызстан» дептобунун мүчөлөрү түзөт) Аксы демилгесин жерге таштабай илип, 17-июлда Аксыда дүңгүрөтө жалпы элдик курултай уюштурушту. Анан ошол курултайдын чечимине ылайык дешип, 14-августта «Аскар Акаевди отставкага кетирүү жана эл үчүн реформа» кыймылы түзүлгөндүгүн жар салышты. Адеп аты угулганда бийликти чок баскандай секирткен бул радикал оппозициялык кыймыл аксылыктардын амири менен, алардын күчүнө үмүт байланып түзүлгөнү айдан ачык эмеспи. Албетте, жер-жерлерде зор колдоого ээ болгондугу да чындык.

Анан эле июль курултайынын чечимдерине ылайык дешип, башкы талап катары президент Аскар Акаевди отставкага кетирүүнү алдыга коюп, аксылыктар жүрүшкө аттанышты. Аксылык жүрүшчүлөр «А.Акаевди отставкага кетирүү...» кыймылына, алардын лидерлерине таянып, ошолордон колдоо күтүп, ишенип, анан алдыга чоң максат коюп, катаал сапарга бет алганы өзүнөн өзү түшүнүктүүдүр. Тилекке каршы, А.Бекназаров, Б.Асанов, Д.Чотоновду эске албаганда, жүрүшчүлөр ишенген оппозиция лидерлери «биз аларды билбейбиз, эмне кылса өздөрү билет» деп четке сүрүлүп чыга беришти. Андан да жаманы, жүрүшчүлөр арып-ачып, бийлик кордугунан майышып жолдо турган кезде алар ишенген лидерлер өздөрүнүн кыймыл түзгөндөгү максаттарын, артындагы элди унутуп, балээнин баары Конституцияга байланып калгансып, Конституциялык кеңешке кирип, «тирүү аюунун терисин бөлүшкөнгө» өтүштү.



Албетте, парламентте, Конституциялык кеңеште аксылыктардын талабы адилет, аракети мыйзамдуу экендигин жарыя айтып, жалындуу сөздөр менен алардын таламын талашып атышты. А бирок конкреттүү майнап чыкпаган кургак сөздөн не пайда? Кыскасы, Аксы жүрүшчүлөрүнө оппозиция лидерлеринин кайдыгер мамилеси бийлик зомбулугунан да катуу сокку берди. Мындай абалда «алды-алдынан тал кармап, бийликтин «эмизген тилин» соруп, жең ичинен берген анча-мынча пулун алып, тарап кеткенден башка арга жок болчу алар үчүн.

«А.Акаевди отставкага кетирүү жана эл үчүн реформа» кыймылынын лидерлери бул кыймылдын конституциялык жол менен гана аракет кыларын айтып келатышат. Албетте, импичмент деген «ишке ашпас» деп «которулат» азыркы шартта. Андан тыш пикет, митинг, жүрүш сыяктуу массалык акциялардан башка Президентти кызматтан кетире турган кандай жол бар Кыргызстанда? Эгер кыймыл терең ойлонулуп, чын ыкластан түзүлгөн, реалдуулукка негизделген болсо, мүчөлөрү жүрүшчүлөрдү талаага таштап коюп, Конституциялык кеңешке кирип, акылдуу сунуш айткандын ордуна, аларга ишенимдүү тирек, тилектеш катары бекем туруп, бул акцияны жалпы улуттук масштабга айландыруунун камын көрүшү зарыл болчу. Эгер Үзөңгү-Кууштун кайра кайтарылбастыгына, Президенттин отставкага кетпестигине көздөрү жеткен болсо, жок дегенде аксылыктардын реалдуу талаптары орундалганга чейин ийилбеш керек эле.

Бүтүн оппозиция ушул ирет биримдикке келип, жүрүшчүлөргө материалдык да, моралдык да колдоо көрсөтүү менен Конституциялык кеңеш иши аяктаганча кармап тура алышканда, бийликти дагы да чегинүүлөргө аргасыз кылышып, стратегиялык утук алышмак. Бирок ага шаасы жетпеди. Чоң мүмкүнчүлүктү колдон чыгарып, эки жактан тең уттурду.

Биринчиси, калың калк ичинде ишенбөөчүлүктү жаратып, кадырын кетирди. Экинчиси, бийлик алдында өзүнүн таасир этүү жөндөмдүүлүгүн жоготуп, жеңил баа болуп калды. Ал эми «А.Акаевди отставкага кетирүү...» кыймылын Аксы жүрүшүнүн ушундайча бүтүшүнөн соң, «туулбай туна чөктү» деп койсо деле жарашат.

Кайсы бир ЖОЖдо декан-пекан, болбосо райоблакимчиликте эксперт-мексперт дегендей «чоң болмуштардын» жүрүшчүлөрдүн алдын тосуп чыкканын кыргыздын атка-минер-кулчулук психологиясынан карап түшүнсө болот. Ал эми ак эмгеги үчүн алган айлыгы түзүгүрөк бир батинкеге жетпеген, анысы да өз убагында колго тийбеген мектеп мугалимдери менен медиктердин, бүт бойдон контракт менен, ага кошумча окутуучуларына пара төлөп окуп, конституциялык укугу көз көрүнөө бузулган студенттердин жол тосуп чыгышын эмнеге жоруйбуз? Жогорку билимдүү, элет интеллигенциясы эсептелген бул катмар өз башына өзү ээ болбой, айдаган жакка басса, өз укугун да, өзгөнүкүн да сыйлабаса, демек, бүгүнкү жарыбаган турмушуна татыктуулугудур бул.

### *Борбордук бийлик*

Баарыбыз көрүп-билип турабыз, көбүбүз макулбуз, адам укугу одоно бузулуп, Аксыда кан төгүлүшүнө, эл аргасыздан жүрүшкө чыгышына, өлкө боюнча калктын басымдуу бөлүгү итке минип, экономикалык өсүштө согуштан кийинки Тажикстандан да артта калышыбызга, баарына А.Акаев башында турган бүгүнкү бийлик күнөөлүү. Бийликти азыр сындап, кандай сөксө жарашат.

Маселен, Аксы жүрүшүн токтотуп, жүрүшчүлөрдү таратуу үчүн кандай аракеттерди жасап, ыкма колдонгондугу, көшөгө артында кандай иштерди жасагандыгынын өзү эле бийлик абийирин айрандай төгө турган өзүнчө сөз. Ал эми Аксы окуясынын аркасы менен бул башкаруучу топ көпчүлүк ойлоп аткандай, 2-3 жыл – «өз мөөнөтүнө» чейин эле эмес, андан ары дагы 10-15 жылга чейин бийлигин колдон чыгарбоого кудурети жетерлигин далилдеп, позициясын чыңдап алгандыгы - факт.

Жыйынтыктай келгенде, Аксы окуясы бүгүнкү кыргыз коомунун жүзүн, ырайын оңду-солду, узун-туурасынан бүт камтып, боек сүртпөй, кыйшайтып-мыйшайтпай, турган турпатында чагылдырган күзгүнүн милдетин аткарды. Ал күзгүнү карасаң, келечектен үмүтүң үзүлөт.

*(«Агым», 17-сентябрь, 2002-жыл )*





## «КӨШӨГӨ»

Өткөн май айында оппозициядагы салмактуу саясатчылардын бири Өмүрбек Текебаевди президент Аскар Акаев Акүйгө чакырып, экөө 1 саат жекеме-жеке сүйлөшүптүр деген кеп тарады. Чынын айтуу керек, ошол кептин өзү эле саясатка ынак коомчулукта кыйла резонанс жаратты. Анткени, биздин Президент акыркы күндөрү оппозиция, басма сөз атын укканда эле «аллергиясы» кармап, жанына жуутпай калбады беле...

Бирок Акаев-Текебаев сүйлөшүүсү тууралуу «имиш-имиш» көчө сөзүн эске албаганда, өкмөттүк да, эркин да массалык маалымат каражаттарында эч кандай маалымат берилген жок. Экөө не тууралуу аңгемелешип, не маселени талкуулаганы көпчүлүк үчүн караңгы бойдон калды.

Арийне, биерде мен «Ата-Мекендин» лидери Өмүрбек Текебаевдин принципиалдуулугуна шек келтиргим жок. Беш ай мурдагы окуяны азыр эскерип отурганымдын жөнү да анда эмес, кыргыз бийлиги чүмкөнгөн «көшөгөдө».

Аксы окуясынын шарапаты менен Ө.Текебаевден кийин өлкө башчысы оппозиционерлердин тобу менен да жолугушуп, сүйлөштү. Эми бир-бирден, жекече кабыл алып да атат. А бирок, бул жолугушуулар тууралуу мурдагыдай эле ныпым расмий маалымат берилген жок. Аскар Акаевичтин кайсы бир чет өлкөлүк эксперт менен жолугушканын, болбосо, кайсы бир айылдагы эски тегирменди ачып, лента кескенин деле жата калып жарыя кылып атчу КТР менен «КТдан» үн чыкпайт. Баары жашыруун, атайылап эл көзүнөн далдалаган көшөгө артында өткөндүктөн, коомчулукта «коркту, сатылды, ишенди, калп айтты...» ж.б. дегендей биздин Кимбайкенин юморлорун эске салган «имиш-имиш» кептердин арааны гана жүрүп атты. Андай ушактар калк ичин азыр да аралап жүрөт.

Кыргызстан ар качан үлгү тутчу Россияны карагыла, президенти Владимир Путин оппозиция лидери Зюганов менен деле, башкалары менен деле байма-бай жолугушуп, сүйлөшүп турат. А анын баарын телеси ачык көрсөтүп,

гезити калтырбай жазат. Аларга го айла жок дейли, биз авторитардык деп сынтаккан Өзбекстандын президенти Ислам Каримов деле өкмөт, парламент мүчөлөрү менен кантип жолугушуп, кандайча каарып атканын телеси үзбөй көрсөтүп келатпайбы...

Аскар Акаевич Өмүрбек Текебаев же Адахан Мадумаров менен кеңешип, Кытайдын же Өзбекстандын тагдырын чечип атпаганы, сөз Кыргызстан, кыргызстандыктар жөнүндө болору, а анын баары өлкөнүн атуулдарын айрыкча кызыктырары айтпаса да айгине болгон соң, ал жолугушуу, сүйлөшүүлөрдү массалык маалымат каражаттардан ачык эле чагылдырып, жарыя кылса, баарыга эле утуш да, туурабы? Ошондо эч ким көрбөгөн КТРди да эл көрө баштамак. Эң башкысы, ошол майда эле көрүнүш менен Аскар Акаев өзү оңбогондой упай топтоп, абройу көтөрүлмөк. Демократиялык жолдон жанбаган Президент катары – Батыштын, эл аралык уюмдардын көзүнө... Оппозиция канчалык караласа да, алар менен кеңешип-таңашкандан качпаган, калыс, адилет падыша сыңары - өз элине... Туурабы? Анан өкмөттүк «бакма сөз»: «Мына көрдүңөрбү, Президентибиз биргелешип иштейли десе деле моюн толгоп, тетири сүйлөп атат» деп оппозицияны «шыбап» жатып калса жарашып калмак.

Биздин акыл жеткен мындай ишке дүйнөдөгү 10 акылдуунун тизмесине кирген Президентибиздин акылы неге жетпейт? 12 жылдан бери демократия, ачык-айкындуулук жөнүндө талбай сайрап келаткан Аскар Акаев неге өзү ачык-айкын саясат жүргүзгөнгө көнүгө албай жатат? Сырттан караганда ушул сымал соболдор туулушу мүмкүн. А түпкүлүгү, кеп «акылда» же «көнүгүүдө» эмес. Маселе чатышы – биз сөз кылган ошол сүйлөшүү, жолугушуулардын максаты, багыты жана масштабында. Эгер В.Путин оппозиция менен бетме-бет, жекеме-жеке сүйлөшүп атса, сөз Россия, анын саясаты, экономикасы, эли жөнүндө барат. Ошон үчүн коркпой-үркпөй жар салат. Биздин Президенттин көөнүндө тигиндей маселелер таптакыр жок, аны ойлонтпойт деп кесир сүйлөбөйлү... Бирок ал үчүн булардын баары экинчи катарга сүрүлгөнү ачык болуп калды азыр. А биринчи катарда – бийлигин сактап калуу, анан бийликтен кийинки бейпилдикти кам-



сыз кылуу сыяктуу жеке кызыкчылык. Оппозиционерлер менен жолуккандагы башкы максат жеке кызыкчылыгын көздөп, ошол чек, ошол маңызда жүрүүдө. Калганы тек формалдуу «жасалга». Эми эр болсоң, ушунун баарын жаап-жашырбай, эл көзүнө түз тартып көр!?

Көшөгө деген көшөгө, бир бурчун тартсаң, экинчи бурчу ачылат, үстүн тумчуласаң, асты аңырaят. Анын сыңары, «башкы режиссер» канчалык кымтыланбасын, канчалык чебер болбосун, кыргыз бийлиги көшөгө артында даярдаган «спектаклдин» «сен мага тийбе», «мен сага тийбейм» деңгээлинде соодалашкан, кресло бөлүштүргөн көмүскө маңызы булайып чыгып, көпчүлүккө дайын болуп калып атат. Болгондо да жакшы ниет менен жасалган айрым иштери дагы тетири жагына кубулуп, жалгыз Президенттин эле эмес, а киши менен көшөгө артында күбүндөшө калган оппозициянын айрым өкүлдөрүнө да көлөкө түшүрүп, калк ишенимин азайтууда.

Саясатчылар демекчи, деген менен бу акаевдик доордо оппозиционер же «позиционер» болобу, иши кылып, мыкты саясатчылардын калың тобу өсүп чыкты. А.Акаев баш болуп, баары эле акылдуу, кыраакы, келечекти көрө билет, алысты ойлойт, талдоо жүргүзөт. А анда неге саясатыбыздын тузу жок? («Койчу көп болсо, кой арам өлөт» дечү беле кыргыз!?) Анткени, кыйын деген кыргыз саясатчыларынын басымдуу көпчүлүгүнүн ойлоо, талдоо «обьектиси» - өздөрү, өздөрүнүн эртеңки саясий орду гана. Өлкөнүкү, улуттуку эмес. Тактан акыры бир күн кетери анык президент Акаев өлкөнү социалдык-экономикалык кургуйга түшүргөнү аз келгенсип, жалаң өзүнө окшош макиавеллизм «дартына» чалдыккан саясатчылар муунун «тарбиялап», артына «мурас» калтырып кете турган кейиптенип калды.

Жамыбыздын шорубуз – акыркы 15-20 жыл ичинде бир да бир мамлекеттик, улуттук ишмер «иштеп» чыга албай койдук. Ал эми акыркы убакта арбын айтыла баштаган, кыргыз кулагына чоочун Макиавелли ким да, «макиавеллизм» эмне? Алардын кыргыз Президентине, саясатчыларына кандай «тууганлыгы» бар? Бул тууралуу сөз алдыда.

*(«Агым», 19-ноябрь, 2002-жыл)*

## ОППОЗИЦИЯНЫ ЭКСТРЕМИЗМГЕ ТҮРТКӨН КИМДЕР?

*«Эл деген – тараза, ошол таразаны саясый чайкоочулар тымызын бузуп атышат, бачагарлар!»*

***(Төлөгөн Карыкеевдин «Куйкумтөрүнөн»)***

Парадоксту карагыла: борборго алыстан адилеттик издеп келген аксылык, каракулжалык карапайым адамдардын жолу торолуп, итке талатылып, өлкөдө антиконституциялык саясый зордук-зомбулук арааны жүрүп аткан кезде мамлекет башчы Аскар Акаев Чолпонатада бейкапар эс алып, анан... XX кылымдагы сталиндик саясый зордук-зомбулуктун курмандыктары Жусуп Абдырахманов, Касым Тыныстанов менен ошол системадан аз эмес кордук көргөн Хусеин Карасаев үчөөнө тургузулган эстелик-айкелдерди ачып жүрдү...

Оштогу бир ЖОЖдун деканы айтты эле: «2000-жылдагы президенттик шайлоодо институттун чоң залына студенттерди чогултуп, Аскар Акаев үчүн үгүт жүргүзүп калдык. Аны айга-күнгө теңесек да студенттерден колдогон доош чыкпай, тымтырс отурушту. Акырында алардын көөнүн көтөрмөккө айтылуу эстрада ырчысы чыгып ырдап, ыр арасында «Студенттер! Аскар Акаев үчүн добуш беребизби?!» деп кыйкырса, зал ичи жапырт «Жо-ок» деп чурулдаса болобу! Ырчы ошону менен эле жөн калбай: «Анан кимге-е?»- десе, «Текебаевге!» дешет хор менен. Ошентип чогулушту уюштургандар абдырап калдык. Облакимияттан атайы барган бир чиновник шаабайы сууп, менин кабинетиме келип эле телефон чалып: «Баары жайында, студенттер 100% Акаевге добуш беребиз деп катуу колдоп атышат» – деп карандай калпты шылып кожоюндарына отчет берип кирсе болобу... А тигиниси Бишкекке ошентип отчет берди да. Көрсө, төмөнкүлөр туура маалымат бербей бурмалап, Аскар Акаевичке чындык жетпей аткан турбайбы...»



Декандын сөзүн биерде келтирип олтурганымдын жөнү бар. Аксы трагедиясынан бүгүнкү күнгө чейин уланган саясый талап, чыр-чатактардын чыныгы маңызы жөнүндө так маалымат жетпей, тегерегиндеги акыл кошчу, аткошчулары чыккан чуунун баарын «бийлик талашкан бир ууч экстремисттердин интригасына» шылтап, Президенттин кулагына куюп, тагырак айтканда, Жанузаков, Ибраимов, Осмонов, Шайлиева өңдүү чиновниктер эки ортодо оңбогондой саясый чайкоочулук жасап жатканын саясаттан ыраак журтчулук да жакшы көрүп турат. Бирок мунун баары «Президент өзү жакшы эле, айлана-тегерегиндегилер, командасы жаман болуп атпайбы» тейинде, болбосо, «ал фарисейлер туткунунда жалгыз калды» деп Аскар Акаевди актап, жактаганга эмес, тескерисинче, аны эки эселеп айыптаганга негиз берет: «Айланасындагылар - өзү тандаган команда, 12 жылдан бери оңдуу команда түзө албаса...» деп күнөөлөгөнгө шашпай тургула. Маселе чатышы башкада.

Биринчиден, алдыга Жанузаков өңдүү «Чолпонбайларды» салып коюп, өзү укпамыш, билмексен сыңар аягында ак болуп чыгуу Президентибиздин аң-сезимдүү түрдө колдонуп келаткан иш ыкмасына айланып калган. Экинчиден, бүгүн өлкөнү нормалдуу башкаруу жөнүндө эмес, башкаруу тизгинин сактап калуу аргасында көбүрөк түйшөлө баштаган Президент максаты үчүн жакын акылкошчу, аткошчулары таңуулап, КТР-БТР аркылуу жар салып аткан уй байларга жиби жок кургак үгүт, оппозиционерлерге жабылган карандай жалаа, күч структураларынын каруусу менен карапайым калкты кармап-сүргөн ачык зомбулуктан оңдуу жолду чындап эле көрбөй отурат.

Түпкү милдетинен оолактап, убактылуу жеке кызыкчылыкты көздөп калган бийлик гана бүгүнкү кыргыз бийлигиндей кейипте элдин башын тумандаткан саясий чайкоочулук менен алпурушуп калат. Жок, дале күнөөнүн баарын «командага» шылтап, «кожоюнду» актагыңар келсе, анда иш жайы ушундай команданы тандап алган, угуп аткан Аскар Акаевичтин өзүнүн саясий сокурлугу, эркинин мокоп, ооматы тая баштаганы болуп чыгат.

«Сууну сиңген жерге сеп» дейт эмеспи, бийликтин ак-сылыктардын калыс талаптарын аткарууга моюн толгогону аз келгенсип, «өлгөндүн үстүнө көмгөн» кылган кечээги аракеттерин кайра-кайра кайталаганда не шам?

Бир жагдай жөнүн гана эске салып койгум бар. Жамандык ар качан жамандыкка тартат. Соо кишини деле күндө «жинди, жинди» деп асылып, жинди сыңары мамиле кылса, акыры бир күнү чыдамы чындап түгөнүп, акылынан адашары анык. Анын сыңары, азыр саясый аренада мыйзамдуу жол менен гана аракеттенип аткан оппозициялык күчтөрдү бийлик агитпробу «бийлик үчүн көзү кызарган интригандар, граждандык согушту каалаган экстремисттер» атап, алар үчүн саясый атаандаштык, саясый күрөштүн мыйзамдуу жолдорун бүт бууп салып, радикал оппозицияны чындап эле мыйзамсыз аракетке, чыныгы экстремизмге түртүп, олуттуу граждандык жаңжал үчүн от калап жаткан жокпузбу?!

Түштүк регионунан Бишкекке жүрүш жасап, курултайга катышуу үчүн келген элди шаарга киргизбей, «Түштүктөгүлөр борборго келип алып тополоң кылбасын!» маанисинде ураан таштаган «дүжүр» митингдерди уюштуруу, атайылап жасалбаса да, «түштүктүктөр, борборго силердин тиешеңер жок, өз жериңе барып «ултан бол»» деген сыңары мамилени туюнтуп, кордук көрүп артка кайткан карапайым адамдардын көөдөнүн ушундайча ызага ууктурду. Демек, мындай шартта III элдик курултайды уюштуруучулардын бул иш-чараны Ошто өткөрмөк болгону жөндүү, мыйзам ченемдүү жосун. Бирок... «Курултайга жалпы Кыргызстандын эли каршы» деп жаагын жанган өз жүйөсүн өздөрү жокко чыгарып, элдик курултайды өткөрүүгө мамбийлик непадам борбордогу эл кошулуп, кубаттап, эл массалык саясый акцияга айланып кетеби дегендей чочулоодон улам катуу каршылык көрсөтүп, тоскоол болду. Эл түп көтөрүлө колдоп, ири каршылык акциясына айланып кетеби деген чочулоо Түндүк-Түштүк ажырымы чоңоюп, Түштүктө антибийликтик маанай басымдуу экендигин эске алганда, Ошто ого бетер күчөйт.

Демек, бийлик Ош шаарында оңой-олтоң эле курултай өткөртө койбойт. Өткөртпөө үчүн колунда болгон ресурстун баарын ишке салып, ыкманын баарын колдонот.



Бул максатта эмитен эле иш башталды. Өткөн июнь айында «пикет, митингдерди өткөрүү атуулдардын конституциялык укугу, ага тоскоол болгонго укугум жок» маанисинде «Агымга» интервью берген, өз позициясы бар, өз пикирин ачык айта билгендиги, тазалыгы, эл сыйына татыктуулугу менен бүгүнкү бийлик короосундагы чиновниктерден бөлүнүп турган Ош шаарынын мэри Жантөрө Сатыбалдиев бүгүн жогору жактын кысымы менен курултайга каршы чогулуш өткөрүүгө аргасыз болуп олтурат.

Мындай кырдаалда элдик курултай өткөрүүгө белсенген «А.Акаевге – отставка, элге - реформа» кыймылы, ж.б. күчтөр үчүн эки гана жол калат. Биринчиси, анча-мынча «чегинип» болсо да бийлик менен сүйлөшүүгө барып, катуу көзөмөл астында болсо да тоскоолсуз өткөрүүгө макулдук алуу. Бул максатты ишке ашыруу үчүн радикал оппозициячылдар оппозициянын «жоош» тарткан канаты Элдик Конгресс ж.б. күчтөр менен ымалага келиши керек. Экинчи жол – уруксат сурап, имарат сурап убара тартып отурбай эле эл ичинде жашыруун иш жүргүзө уюштуруп, ачык асман алдында өткөрүү. Түштүктүн шартында ушул жол бир топ оптималдуу. Анын үстүнө, бийлик өзү ушундай кадамга түртүп жатпайбы. Ал эми, «болбосо, коңшу өлкөлөрдүн биринде өткөрөбүз» деген билдирүү тек гана «ормон опуза» кыязында айтылды шекилдүү. Биз цивилизациялуу Европада жашап аткан жерибиз жок. Тегерегибиз бүт хандык доор деми менен жашаган «авторитарлар». Айталы, эң «жакынкы» коңшубуз Өзбекстан бийлиги Кыргызстанда саясый кырдаал курчушуна кызыкдар болсо, кызыкдардыр, а бирок алар үчүн мындан да демократия «вирусун» жугузуп алуу кообу алда канча маанилүү.

Ток этерин айтканда, мынчалык дүрбөп алган соң, III элдик курултай жакын арада сөзсүз өткөрүлүшү керек. Ага демилгечи болгондордун кадыры кетпеш үчүн, карапайым калк үмүтсүз кайдыгерликке батпаш үчүн...

*(«Агым», 26-ноябрь, 2002-жыл)*

## ЭРТЕҢИН ЭМНЕ БОЛОТ, ЭГЕМЕН ӨЛКӨ?

Өтмүштү аныктап билмейин, келечекти так боолголоого болбойт делет эмеспи. Андыктан алгач өткөн тарыхыбызга кылчаялы да, анчалык алыс барбай, кечээги XIX кылымга эле абай салып көрөлү.

Бүгүнкү күнү улуу мамлекеттик (!), аскерий ишмер же улуттук баатыр катары даңазаланып, катар-катар эстелик-айкелдери тургузулуп, алардын «тарыхый ишмердиги» тууралуу жазылган пьесалар кыргыз театрынын сахнасына коюлуп, алар тууралуу китептер жайнап чыккан Ормон хан, Шабдан баатыр өңдүү дагы далай баатыр, датка, акылман, бийлердин доору чынды чындай моюндасак, кыргыз тарыхынын накта шермендечиликке баткан барагы. Башканы айтпа, бир тилде сүйлөп, бир өңчөй улуттук жалпылыкка ээ болгон кыргыз калкынын Анжиан, Аркасы биригип, өзүбүзчө түндүк көтөрүп, бирдиктүү мамлекет түзөлү деген ой, ага толук тарыхый шарт болгонуна карабай, бир да кыргыз аттуунун башына келген эмес бул кылымда. Ал турсун Түндүгү өзүнчө, Түштүгү өзүнчө башын кошконго да жетишпептир.

Түндүгүндө 400-500 түтүндү бийлеген ар бир манап өзүн хан атап, бугусу сарбагышын талап, сарбагышы бугусуна кызыл кыргын салып атса, мунусун кыргыз кыйын согушчул калк эмеспи деп актайын десең, Кокон хандыгынан 500 аскер келсе, багынып берсе, хандык кичине бир коргон куруп, ичине 100 сыпайын коюп койсо, ошондо эле үшү кетип, кыргыз «хандыктары» Коконго алык-салык төгүп, сулуу кызынан бери тартуу кылып атса, Түштүк кыргыздары да бүтүндөй Кокон хандыгынын эзүүсүндө четинен өзбектешип, тың чыкмалары ордодон датка, бек деген кургак наам алганына курсант, калың калк дээрлик кулчулукта күн өткөрсө, хандык бийлик жедеп чегине жеткире кыжыр келтиргенде, кол курап барып ордону басып алса, эртеси эле өз ичинен Чотон-мотону чыгып, жемин оозунан кайра жулдуруп жүрсө, кийинчерек орустар басып кирген кезде аркалык кыргыздын баатыры анжияндык кыргыздын бегинин артынан куугун кылган орус аскерине жол көрсөтүп жүрсө, бул



тарыхты улуттук, мамлекеттик деңгээлден алып карагандa дегеле мактана турган жөнүбүз жок.

Эми бери келели, кыргыздар мамлекеттүүлүк көрүнүшүнө кечээги XX кылымдын 20-жылдарында Россияда бийликке келген большевиктердин күчкө салган зордук-зомбулугу менен араң жетип отурат. Эми ошол учурдагы жамы кыргыздын мамлекет, улут биримдигине карата мамилесин карабайсыңарбы, орустар эл катарына кошуп, көзөмөл астында болсо да өзүнчө түндүк көтөртүп, өстүрүп коелу деп жан үрөп атса, кыргызың 500 кой, 40 жылкысын сактап калуу үчүн өз жерин жерип, бири Кытайга, бири Ооганга көчө качып, же басмачы болуп, өз айылын талап жүрөт.

Коммунисттик бийлик, коммунисттик идеология амири менен формалдуу болсо да мамлекеттүүлүк калыпка түшүп, элибиз өнүккөн европалыктардан көп калышпаган материалдык жана руханий маданиятка ээ болгон Союз курамындагы чоң-кичине 14 улуттук республика менен тарыхый өнүгүштө бирдей акыбалга жеткирилип, илим-билимдүү болгон кезде деле өзүбүзчө эркин өлкө болсок деген кыял калың калкты айтпа, алдыңкы деген улут интеллигенциясынын башына келген жок. Кылым башында зордук менен союздук республикага айлантылган Кыргызстан кылым аягында башка жол жок, арга түгөнгөндөн улам саясий көз карандысыздык жарыялаганга мажбур болду.

Президент Аскар Акаев башында туруп, кыргыз мамилекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын белгилөө демилгесине профессор Салижан Жигитовтун күйгөнү бекер эмес. Акыркы кездери тарыхка тарыхтай өз критерийи менен мамиле кылууну таптакыр унутуп, ансыз да ар кандай мифтен куралган тарыхыбызды биротоло идеалдаштыруу, ыйыкташтыруу аракетин баштадык. Ооба, мамлекеттүүлүктүн 2200 жылдыгын белгилөө идеясы улуттук духту көтөрүү, мамлекеттүүлүк идеологиясын чыңдоо сыяктуу ийги ниеттен чыгып атканы анык. А бирок тарыхый чындык, азыркы, мурдагы жасаган иштерибиз, бүгүнкү акыбалыбыз ал идея менен шайкеш келбей жатпайбы. Маселен, кыргыз этносунун 2000 жыл, 1000 жыл оболку тарыхын мындай кой, азыр 2-3 кылым мурдагы өтмүшүн жөндүү иликтеп, көзгө сая далилдеп, аныктап, кыргыз тарыхы үчүн баш отун сай-

ган бир кыргыз окумуштуубуз жок. 2200 жыл мурдагы кыргыз этносунун аталышынын, 1000 жыл мурда кыргыз каганаты жашагандыгынын тарыхый аныкталышына бир да бир кыргыз тарыхчысы олуттуу салым кошо элек. Биз байыркы улут, байыртан мамлекеттүүлүгүбүз бар элбиз дейбиз да, анан ага ишендирүү үчүн өзүбүз бир далил келтире албай, жалаң чет элдиктердин жазгандарын жая салганыбыз кызык.

«Манас» эпосунун баш каарманы Манаска чыныгы тарыхый инсан катары мамиле кылганыбызга карап, «*эпостогу Манас баатыр баяны «жарандардын көөнү үчүн» жаралганы, кыргыз өз колотунда бирөөнүн коюн жайып, түзөңүндө төөсүн кайтарып, алдуу-күчтүү элдерге кул, күң болгондогу, алды Алтай, арты Каңгайга чейин тентип-тербип, жедеп кордук көргөндөгү арман-муңунан сыгылып чыккан жомок, колу жетпеген кыялын ыйлап-боздоп ыр кылган кошок экендиги айтса-айтпаса төгүнбү?*» - деп, а «Манастан» 7 осуят сууруп чыгып, аны мамидеологияга айлантуу аракетибиз тууралуу «... *реалдуу шартка жараша ыңгайлашып аракеттенгендин, намыс-арга келип түйүлгөндүн ордуна баатыр издеп, жомоктогу баатырдын арбагына сыйынып, дале куру кыялга жетеленип кеткенден сакпызбы деги?*» деп жазган элем мурда «Агымга». Сыягы, чындап эле жетеленип алган көрүнөбүз.

Өткөн тарыхка кылган мамиле келечек тагдырды аныктайт деген сөз бекер айтылбаптыр, кыргыздар тарыхын каалагандай буруп-түзөп, даңазалап, идеалдаштырып эле тим болбой, эми өзүнүн бүгүнкү күнүн да, эртеңин да реалдуу кырдаал, шарттарды эске албай, жалаң иллюзия менен көрө баштады. Маселен, азыр Кыргызстандагы социалдык-экономикалык, саясый кырдаал, моралдык-психологиялык атмосфера оңунда эмес, өлкөнүн азат мамлекеттүүлүгү барган сайын бычак мизине жакындап баратат, келечекте бүтүн мамлекет боюнча калабызбы, калбайбызбы деген кооптондурган суроо туула баштады. Бийлигибиз мамлекетти жөндөп башкара албай калды. А ушунун баарын көрүп-билип турган улуттук интеллигенциянын (бийлик өкүлдөрү да, оппозиция да ушул катмарга кирет эмеспи) кичине ойлонуп, этек-башын жыйгандын ордуна 2000 жыл артка чабыт жасап, кыялдын кызыгында жүрөт.



Кыргызстан көп улуттуу өлкө, калктын үчтөн бирин кыргыз эместер түзөт эмеспи. Республикадагы башка улуттук жамааттарды орток идеологиялык, руханий, маданий жалпылыкка тартып, мамлекеттик мүдөө үчүн бир жакадан баш чыгара бүтүндөштүрүү, мамлекет биримдиги үчүн данакер болуп, аларга бардык жагынан өрнөк көрсөтүү титулдук улут – кыргыздын милдети болчу. А биз тескерисинче азчылыкты түзгөн улуттарды иренжитип, шылдыңына калып жатабыз. Түпкү калк өлкөдөгү бардык улуттардын башын бириктирип, белгилүү максатка үндөгөн, жуурулуштурган улуттук идеология сунуштай албады. Ошол себептүү, орустарды эске албаганда, Кыргызстандагы башка этникалык топтор өлкө бүтүндүгүнө кайдыгер, өлкөнүн коомдук-саясый турмушуна мамлекеттин чыныгы гражданы эмес, четтен келген байкоочу катары серп салып, өздөрүн оолак тутуп турат. Маселен, улуттук азчылыкты түзгөн элдердин балдары кыргыз армиясында да кызмат кылбайт.

Жыланач чындык ушундай, шарты келсе, азчылыкты түзгөн, бирок Кыргызстандан башка барар жери жок улуттар кыргыз мамлекетинин кызыкчылыгын оңой эле сатып кете берет. Экономика оңолбосо, славян тектүү улуттар биротоло түпкү мекенине көчүп кетет. Бийлик структураларынын 90 %ин кыргыздар ээлеп отурган Кыргызстан алар үчүн байгер жашоо, кең келечекте жол ачып бербесе, өздөрүн өлкөнүн кожоюну санаганы менен жөндүү мамлекет боло албай жатып, бийлик кумарында Түндүк-Түштүккө бөлүнүп ыркырашып, эки тарабы бири-бирин «бөлүнүп кетем, телинип кетем» деп коркутуп атса, кыргыз эместер эмне үчүн Кыргызстан үчүн күйүшү керек?!

Ал эми бүгүн Кыргызстанды башкарып аткан кыргыздар коомдогу ушундай коопту аңдап түшүнүп, алдын алмак тургай, өздөрүнүн бийлигин сактап туруу максатында кыргыздарды эле Түндүк-Түштүккө бөлүп тим болбой, кыргыздарга башка улуттарды каршы коюп, улуттук аразга от жаккандан деле тайбайт көрүнөт. Буга өлкөнүн башкы «идеологу» О.Ибраимовдун теледен сүйлөгөн сөзү, ар кайсы улуттук борборлордун бийлик көрсөтмөсү менен жарыя кылган кайрылуу, билдирүүлөрү күбө. Булардан тышкары бүгүн Кыргызстан диний мүнөздөгү жарылуу, карама-каршылыктардын да босогосунда турат.

Кыргыз ооз жүзүндө «мусулманмын» деген менен бул диндин философиясын кан-жанына жакын сиңирбей, жол-жоболорун иш жүзүндө так аткарбай, үстүрт мамиле кылып, өзүн эркин тутуп келгенин артыкчылыгыбыз катары санап келдик эле ушул кезге чейин. Тескерисинче, мезгил эми ал касиетибизди улуттук өксүк жагыбыздын бири катары айгинелей баштады. Акыркы жылдары кыргыз коомунда чет элдик миссионерлер эркин жойлоп өзүбүздүн орустар тутунган православдык христианчылыкка да чоочун ар кандай секталар (мунисттик, адвентисттик, иеговисттик ж.б.) мусулман болуп жарытпаган кыргыздарды өзүнө оңой тартып, тамырын жайып баратат.

Көп өлкөлөрдө кылмыштуу иштеринин бети ачылып, ишмердигине тыюу салынган андай секталарга кыргыз бийлиги тоскоол болгондун ордуна мамтеледен убакыт берип, үгүт жүргүзүүсүнө жол ачып, шаардан аттап, айыл аралашына үлүш кошуп келет. Акыркы учурда атасы мусулман, баласы иеговист, же аялы мунист, эри мусулман болуп, бир эле үй-бүлөдө эки бөлөк диний ишеним «жашагандан» улам араздашмай, аягы кайгылуу бүткөн ар кандай чыр-чатактар биз үчүн көнүмүшкө айланууда. Элдин ынтымак-тынчтыгына, коомдун коопсуздугуна түздөн-түз жоопкер кыргыз бийлиги шектүү иш жүргүзгөн баш үйрүтмө секталардын аракетине көз жуумп коюп, өз оппозициясын ооздуктамак ниетте Батыш «кожолорунан» колдоо күтүп, «ислам терроризмине» жамынуу менен «Хизбут-Тахрирге» каршы «күрөштүн» кызыгына түшүп алды. Азырынча кыргыз улутунан бирөө-жарым мүчөлүккө өткөнү аныктала элек бул диний-экстремисттик партиянын атын кайра-кайра оозанып, томуктай нерсени тоодой көрсөтүү менен мамбийликтин коопсуздук, укук коргоо органдары «Хизбутту...» бекер реклама кылып, а экинчи жагынан бүтүндөй ислам динине көлөкө түшүрүп, мокочо көрсөтүп, Батыш миссионерлерине ыңгайлуу шарт түзүүдө.

Мындан тышкары өз ичибизде Чоюн Өмүралиев, Дастан Сарыгулов баш болгон интеллигенциянын айрым өкүлдөрү тарабынан элибиздин теңирчилик көөнө дүйнө таанымы, диний көз карашы активдүү кайра көтөрүлүп, жаңылана баштап, айрым чөйрөлөрдө колдоо таап жатат. Арабдар исламды «экспорттогонго» чейин Борбор Азиянын көчмөн калкы байыркы Чыгыш философиясына тамырлаш



теңирчилик ишеними менен жашап, Көкө Теңирге сыйынганы, теңирчиликтин айрым белгилери азыркы турмушубуздан арбын жолугары анык. А бирок теңирчилик өзүнчө философиялык окуу же дин катары системалаштырылып, заманбап калыпка түшүрүлүп, иштелип чыккан эмес. Маселен мен өзүм көкүрөгүндө анча-мынча патриоттук сезим бар кыргыз катары «өз эмеспи» деп теңирчиликтин жайылып, калкка сиңишин кош колдоп колдоор элем. Тилекке каршы, жамы кыргыз өзүнүн түпкү делген бул ишенимине, дүйнө таанымына кайра кайтып, жан-дилине кабыл кылары арсар. Ал турсун теңирчиликти жайылтууга аракет кылгандардын дарегине «бузуп-жаргыч, Кытайдын шпиону» деген маанидеги кептер айтылып, каршы чабуул башталды.

Мындан чыкты, илгери үмүт менен көтөрүлгөн теңирчилик деле, христиан секталарынын катарын толуктап, кыргыздын өз ичинде карама-каршылык жаратуу ыктымалдыгы күч. Жалпылай келгенде, регионалдык, трайбалисттик илдеттеринен арыла албай аткан Кыргызстан бүгүн диний араздашуунун босогосуна да жакындап баратат. Калкыбыздын динге карата мамилеси өзгөрбөсө, расмий бийликтин дин боюнча саясаты ушу кунунда жүрсө, бара-бара мамлекетти ичтен алсыратып, ыдыратуу үчүн ушул жагдай башкы ролду ойношу мүмкүн.

Идеология жаатында дагы бир-эки ооз сөз. Ички, тышкы саясатынын нугун, багытын аныктап, жалпы калктын аракетин кайсы бир деңгээлде өзүнө баш ийдирип, бир максатка буруп, келечекке үндөгөн улуттук, мамлекеттик идеология болмоюн өлкөнүн өсүп-өнөрү арсар экендиги тарыхтан жакшы белгилүү. Улуттук идеология кыргыздай аз эл, Кыргызстандай алсыз мамлекет үчүн айрыкча маанилүү. Тилекке каршы, комидеологиядан кол үзгөнү кыргыздар идеологиялык жаатта куру кол, көөдөнү көңдөй бойдон. Улуттук интеллигенциябыз жалпы кыргызстандыктардын башын кошуп, алдыга үндөгөн кандайдыр бир идея «төрөп», аны өлкөнүн өзгөчөлүк, өзүнө тийиштүү шарттарына ылайыктап «торолтуп», улуттук идеология деңгээлине «өстүрүп», мамлекеттик, жалпы улуттук масштабга көтөрүп чыкканга жөндөмсүз экен. Ал эми президент Аскар Акаев сунуштаган «Кыргызстан – адам укугун кастарлаган өлкө» идеясы «үйүндө кашык айран жок,

уулунун аты – «Жууратбек» мыскылын эске салып, реалдуу жагдайга коошпогон алешемдиги жагынан мурдагысынан да ашып түштү.

Экинчиден, эчен экспериментти баштан кечирген адамзат коому саясый түзүм, коомдук өнүгүштүн башка ондуу жолун таппай аткан соң, демократия, адам укугун кастарлоо түшүнүгү эбак жалпы дүйнөлүк баалуулукка айланган. Каалайбы, каалабайбы, сырткы «кожолор» таңып аткан бул жолдон тепкедей кыргыз мамлекети буйтап кетүүгө чамасы чак. Демократия идеологиясы өлкөнүн өзгөчөлүгү, өзүнчөлүгү, дүйнөдө өз жүзүн, үнүн сактап калышы үчүн кызмат кылар улуттук идеологиянын ордун алмаштырып, толтурбайт. Анын максат, жөнү башкада.

Акыркы бир жыл ичинде өлкөдө саясый чыр-чатак, чаң-тополоң аягы басылбай, кырдаал чайпалууда турганы, Түндүк-Түштүк ажырымы чоңойгону, экономика эңшерилгени ж.б. көп көйгөйдүн баары үчүн жеке мамбийликти күнөөлөгөндөн мурда, артка да кылчайып көрөлү. 90-жылдары жарым-жартылай өз алдынчалык алган Кыргызстан союздук республикалардын арткы катарында, белгисиз, кунарсыз республикага айланган. Абсамат Масалиев үчүн чоң сокку болгон Ош окуясын болсо, түндүк элитасы бийликти тартып алуу үчүн атайын уюштурган деген кеп бар.

Ошол мезгил сыяктуу эле бүгүнкү акаевдик бийлик да өлкөнү нормалдуу бийлей албай, алапайын таппай атат. 90-жылдагы эле көрүнүш кайталана баштады. Бул бийлик кетип, жаңы бийлик келген учурда деле акыбал оңолуп кетерине көз жетпейт. Анткени, мамлекеттүүлүккө умтулуу сезиминен куржалак, ишенген интеллигенциясы кайдыгер улут, ишенимдүү руханий-идеологиялык таканчыгы, белгилүү багыт, максаты жок мамлекет үчүн мунун баары мыйзам ченемдүү, качып кутулгус көрүнүш. Акыркы окуялар Кыргызстандын эркин өлкө катары келечеги бүдөмүк экендигинен, өлкөнүн бар же жок болорун аныктачу кыйчалыш мезгил жакындап келе жатканынан кабар берип, кыргыздар, биз ким элек? Ким болдук? Кайда баратабыз? Дегендей суроо таштагансыйт...

*(«Агым», 29-ноябрь-6-декабрь, 2002-жыл)*





## ТАРЫХЫЙ ЖООПКЕРЧИЛИК КИМДИН МОЙНУНДА?

Коомду демократиялаштыруу, адам укугунун корголушун камсыздоо, ток этери, мамбийлик саясатын эл кызыкчылыгына буруу максатында көтөрүлгөн конституциялык реформа чукул бурулуш жасап, жыйынтыгында теңирден тескери маңыз алып чыгарын карапайым калкты мындай кой, саясий элитанын өзөгү да күткөн эмес. Башкасын айтпайлы, азыркы оппозициянын ири өкүлү, 2000-жылкы президенттик шайлоодо «көзү ачыктык» кылган Адахан Мадумаров да, ошол шайлоодо «утту» дегидей натыйжага жетишкен тажрыйбалуу, кыраакы саясатчы Өмүрбек Текебаев да бүгүн «мунун баары биз үчүн күтүүсүз болду» деп моюнга алып отурушат.

Дагы бир өкүнүчтүүсү, президент Аскар Акаев Конституциялык кеңешме мүчөлөрүн «сууга алып барып, сугарбай келип», Конституцияны өзү билгендей ондоп-түзөп, референдумга сунуш кылып жаткандыгын тек гана саясый оппозициянын утулушу, бериси, Конкеңешмеге кирген оппозиционерлердин алданып калышы катары баалап, бийлик менен оппозициянын ортосунда боло жүрчү талаш-тартыш катары түшүндүргөн коомдук пикир түзүлүүдө.

Сыягы, жалпы улуттук маанидеги чалкештикти мындай жеңил баалаган көз караштын пайда болушуна учурда Президенттин өтө ишенимдүү жан-жөкөрлөрүнө айланган каракулжалык чиновниктер: Осмонакун Ибраимов менен Курманбек Осмонов башында турган «агитпроб» үлүш кошсо, экинчи жагынан, оппозиционерлер өздөрү шыкак берип койду көрүнөт.

Эгер конреформадан бир ууч оппозиция эле утулуп атса, анда жарасы жеңил болмок. Трагедия жасап, чуу көтөрүштүн кереги жок эле... (Чын-чынына келгенде 2-февралдагы референдумдан кийин А.Масалиев, И.Исаков, А.Абдимомунов, И.Кадырбеков, Ө.Текебаев, А.Бекназаров, А.Мадумаров башында турган «бир ууч» оппозициянын репутациясы, саясий имиджи көтөрүлсө көтөрүлөр, асти төмөндөбөйт). Тилекке каршы, азыр бүтүндөй Кыргызстан,

бүткүл кыргызстандыктар утулуп, жакшы тилек менен
башталган реформанын айынан өлкө эки кадам артка че-
гинээр, келечеги кесепеттүү кырдаалга туштап баратат. А
кандайча? Айрым жагдайларга токтоло кетели.

**Жогорку Кеңеш:** Тээ атам замандан келаткан элдик
бийлик орнотуу (демократия) идеологиясынын бир өңүрүн
бүгүн цивилизациялуу дүйнө парламенттик институт ар-
кылуу жөзөгө ашырып келатат. Парламентаризм мамле-
кеттик бийликти көзөмөлдөп, камчылап же ооздуктап
турууну жалпы жарандардын эркине толук бойдон ыйга-
рып, накта элдик бийлик орнотуп жибербегени менен, адам
коому азырынча элдик бийлик үчүн мындан ыңгайлуу жол
таба элек.

Жогорку Кеңеш кабыл алган мыйзамдарга президент-
тин абсолюттук вето коюусу, өкмөт айрым экономикалык
мыйзамдарды парламентсиз эле өз алдынча кабыл алууга
укук алуусу жөнүндөгү жана Жогорку Кеңеш депутатта-
рынын баскан-турганына чейин тескеп, керек болсо, ман-
датын тартып алууга чейинки жоболордун Конституция-
га киргизилиши парламентти Акүй күүсүнө карап секир-
ген тактекеге айлантып, анын реалдуу көзөмөлдөө бийли-
гин бүт бойдон жокко чыгарат. А мындан Иса Токоевге
окшогон келечектеги депутат эч нерсе уттурбайт. Акүйгө
«лап-пай, хоп» деп коюп, оокатын мыктылап өткөрө бе-
рет. Демек, парламенттин алсызданышы барып келип эле
элге урулган катуу сокку. Эл өзүнүн ишенимдүү өкүлү
аркылуу зарыл мыйзам кабыл алдырып, же болбосо атка-
руу бийлигинин иш аракетин тескеп, непадам, өзүнө кар-
шы саясат жүрүп калса, аны ооздуктоо мүмкүнчүлүгүнөн
ажырайт.

**Сот бийлиги.** Жөнөкөй жарандар эле эмес, калың калк-
тын атайын өкүлү – депутаттын да, Конституциялык со-
тко арыз менен кайрылуу укугунан айрылышы, соттун
функциясындагы кээ бир укуктардын командалык-атка-
руучу орган-прокуратурага ыйгарылышы «адам укугун
урматтаган» өлкөдө элдин сексен процентинин сотко
ишенбөөчүлүгүн 100 % ке жеткирүү үчүн «социалисттик
мелдеш» жарыялагандай элес калтырат. Эсиңиздедир,
элдин сексен проценти бүгүн сотторго ишенбейт экен де-
ген сөз президенттин оозунан чыккан.



**Саясый партиялар.** Конкеңешме парламент депутат-
тарынын 50 % ти партиялык негизде шайланат деген че-
чимге келип, бирок «мүйүздүү болом деп кулактан ай-
рылган» сыңары, жыйынтыгында азыркы 15 орундан да
куржалак калууну партишмерлердин зыянына эле жоруп
коюу чоң жаңылыштык. Цивилизациялуу мамлекеттерде
парламенттик шайлоолор партиялык негизде өтүп, сая-
сий партиянын бийлик үчүн күрөшү демократия дем ал-
ган абадай талашсыз мааниге ээ болушу бекеринен эмес.

Албетте, саясый партия бүт бойдон эл кызыкчылы-
гын чагылдырып, эл үчүн жалгыз күйүп-жанат деп да
айтууга болбойт. Парламенттен атайын орун берилиши
саясый партияларды күчтөндүрүп, натыйжада мамлекет-
ти өнүктүрүү боюнча ар кандай атаандаш концепция, про-
граммалардын түзүлүшү, идеологиялык изденүүчүлүк ара-
кеттердин жанданышы үчүн өбөлгө түзүп, элдин тандап
алуу мүмкүнчүлүгү менен эркиндигин кеңейтмек. Экин-
чи жагынан караганда, Кыргызстандын шартында шай-
лоо системасына кыйла калыс түр берип, элибиздеги пат-
риархалдык -уруучул аң-сезимди алсыратмак.

Конституциянын жаңы редакциясында партиялар
парламенттик шайлоого түздөн-түз катышуу укугунан
ажырап, «оюндан» четтелиши-бул, саясый партиянын
кереги жок, Кыргызстанда бир гана партия жашаш ке-
рек деген сөз. А кандай партия дейсиңерби? Бийлик, та-
гыраагы акаевдик бийлик партиясы. Совет коомунда ком-
мунисттик партиянын гегемондугу жүргөн сыяктуу эми
кыргыз коомунда Акаевдик бейрасмий партиянын
үстөмдүгү орноп, жеке бийлик жүргүзүүсүнө кең жол
ачылууда. (Бул «партия» бийлиги көпкө созулуп, аягы
комсистема сындуу биротоло кыйроого алып барбаса бол-
ду!) Акаевдик партиянын идеологиялык «тылы» эмитен
эле бекемделе баштаганына бир мисал: советтик убакта
чиновниктер: «мен партиянын жоокеримин, айдаган жа-
гына барам» дешчү эмес беле. Бүгүнкү чиновниктер түз
эле: «Мен президенттин жоокеримин» дешчү болду. («Эй,
айланайындар, баарың эле президентке жоокер болуп,
жалгыз президент үчүн кызмат кылсаңар, мамлекет үчүн
ким кызмат кылат, эл-журтту ким ойлойт?» деген адам
жок...)

**Президент.** Ушул конституциялык өзгөртүүлөрдүн зарылдыгы бар беле? Бул кийин өнөкөткө айланып кетпейби? Ушундай суроо менен бир топ саясатчыларга, коомдук ишмерлерге кайрылып, «зарылчылыгы бар, Конституция коомдук кырдаалдын өзгөрүшү менен оңдолуп, түзөлүп турушу керек» деген окшош жооп алдым. Бирок, минтип жооп бергендер 93-жылдан берки конституциялык өзгөрүүлөр коомдун өзгөргөн абалына эмес, Президенттин өзгөрүшүнө байланыштуу жүргүзүлүп келгендигин, күтүлгөн реформа дагы жеке Президенттин кызыкчылыгы үчүн жасалып жаткандыгын элес алышкан жок.

«Үй-бүлө», Аскар Акаев жана Өмүке айткандай, анын «эли-жери жок чиновниктерден» турган командасы бул сапар да утушка жетишип, референдумдан каалагандай жыйынтык чыгарарына эч кимдин шеги жок. Конституцияга алдыда күтүлгөн оңдоп-түзөөлөрдөн кийин «Манастан Чубак кем бекен» деп, Аскар Акаев коңшу президенттерден кем калбаган авторитарга айланып чыга келет. Ошолор сыяктуу эле президенттик мөөнөтүн узартканга мүмкүнчүлүк алат. Бирок, мындай кадамы менен президент ачык оппозицияны эле эмес, өзүнүн айланасындагы көмүскө оппозицияны дагы күчөтүп, оожалдырып алышы ыктымал. Айланасында «мураскерликти» күтүп жүргөн, дымагы күч, алчы таасын жеген саясатчылар бар дегендей. А алар президент үчүн ачык оппозициядан эки эсе опурталдуу. Муну ал жакшы билет. Ошондуктан коопсуздук, күч органдарынын куйругун толгоп, күч колдонгон жандармдык саясатка өтөт. Барып-келип эле бул да карапайым калктын башына тийген муш.

Кыскасы, бүгүнкү конституциялык реформа - кай жагынан алып карабагын, элге каршы багытталып, Конституциянын биринчи статьясындагы «Эл мамбийликтин бирден-бир булагы» деген жобону жокко чыгарган реформа. Эгерде А.А.нын мындан аркы жеке бийлиги Кыргызстандын экономикасын көтөрүп, күчтүү мамлекетке айлантып, эл турмушун оңдоого кепилдик бере алса, демократияга деле көз жумуп коюп, кош колдоп колдосо болоор эле... Бирок, анын арттагы 12 жылдык бийлиги антип ишенмек турсун, кыялданганга дагы мүмкүнчүлүк бербейт.



**Эмне кылуу керек?** Эгер азыркы реформа эртең өлкөнү кандайдыр бир кесепеттерге алып барса, урпактар алдындагы тарыхый жоопкерчилик, жалгыз эле президенттин эмес, ар кыргыздын мойнунда. Тилекке каршы, мындай жоопкерчиликти кыргыз коомчулугу али сезип-билгидей деңгээлде эмес.

*(«Агым», 23-январь, 2003-жыл)*

## АШЫК ДӨӨЛӨТ БАШ ЖАРБАЙБЫ?

Президент Аскар Акаев жөнүндө буга чейин көп айтылды. Дагы да арбын айтылат. Президент аты эле ушуну талап кылып турат. А бүгүн биздин кайрылышыбызга «тарыхый кырдаал» түрткү болууда...

Аскар Акаевичтин демилгеси менен Конституцияга оңдоо киргизген референдумга эки күн калды. Коомдук пикир ушул акциянын тегерегинде дүргүп, саясый элитанын нерви чыңалып турган кез.

Деги бул конституциялык реформа кыргыз мамлекетине эмне берет? Эч нерсе!

Кыргыз Республикасынын Конституциясы буга чейин үч жолу өзгөртүлүптүр. Кандай пайда берди? Эч нерсе! Эгер биздин башкаруучулар чындап эле өлкөнүн өнүгүшүн, элдин тагдырын ойлосо, бүгүн Конституцияны оңдоо жөнүндө эмес, колдо бар Конституциянын жоболорун так, кыйшаюусуз аткаруу боюнча маселе көтөрүшү керек болчу. Коомдук аң-сезим көтөрүлмөйүн, турмуштук шарт ыңгай түзмөйүн, дүйнөдө теңдеши жок Конституция «жасап» алсак деле акыбалыбыз оңдолуп кетпесин түшүнүп, моюнга алуу үчүн ашыкча акылдын деле кереги жок.

Шек жок, бүрсүгүнү Конституцияга Президент каалагандай өзгөртүүлөр кирет. А ал варианта кош палаталуу парламенттин сыңар палатага айланылышы, пропорционалдык шайлоо системасынын жокко чыгышынан башка олуттуу деле өзгөртүү жок. А бул өзгөртүүлөр өлкөнүн мамлекеттик түзүлүшүнө, башкаруу системасына байкарлык деле таасир этпейт. Бир караганда, Президенттин абсолюттук ветосу жөнүндөгү жобо алынып салынган соң, жеке анын пайдасына «иштей» турган деле өзгөртүү калбай калгандай сезилет. Көпчүлүк экс-президенттин колтийбестик укугу, үй-бүлөсү менен мамлекет эсебинен жашашы жөнүндөгү жобого каршы пикир билдирип, ошонун тегерегинде чуу чыгарып атат. А мен бул статьядан кооптонуп, кызганып, улуттук маанидеги чуу чыгара турган нерсе көргөн жокмун. Эсиңерде болсо, бул жобонун автору Аскар Акаев эмес. Сунуш Конституциялык кеңешмеде көзкарандысыз саясатчылар тарабынан киргизилген. Акаев кетсе эле өздөрү өлкөнү башкарып кала тургансыган саясатчылардын Конституцияга ушундай жобо киргизе койсок эле азыркы президент сүйүнүп тактан кетет го, ал ушундай укукту эле күтүп турат го дегендей баео кыялынан чыккан. Чын-чынына келсе, ал камкордук Аскар Акаев үчүн эч нерсеге татыбайт. Азыркы оппозициянын катарынан деле дебейли, эркин эле бирөө эртең президенттикке келсе, Конституция дагы өзгөрөт да, экс-президентти эркелеткен жобо өзүнөн өзү ыргыйт. Конституция өзгөртүү мындан ары кыргыздар үчүн «үйрөнгөн адатка» айланды деп койсо да болот. Аскар Акаевич кыраакы саясатчы катары мунун баарын эң сонун көрүп турат. Ошон үчүн ал сый-урматка үзүлүп түшкөн деле жок. Тек, «ашык дөөлөт баш жарбайт» маанисинде эле киргизип койду.



Алдыдагы конституциялык өгөртүүлөр өлкөгө деле, Президенттин жеке өзүнө деле олуттуу пайда бербесе, анда неге анын баары Кыргызстан үчүн бүтүндөй жакшылыктардын башаты, мамлекет өнүгүшүндөгү улуу бурулуш катары жар салынып, оңдоолорду референдумдан жыдытпай алып өтүү үчүн бүтүндөй мамлекеттик ресурс ишке чегерилди? Өкмөттүк гезиттердин бетин аксакалдардын, жазуучулардын, депутаттардын, аялдардын, студенттердин, ректорлордун, артисттердин (!) үндөө, чакырыктары бербей, бийлик агитпробу мурда болуп көрбөгөндөй күжүлдөгөн ишке киргени эмнеси? Аксакалдарга, маданий ишмерлерге, спортсмендерге, студенттерге (!) сыйлык, наам, акчалай стипендиялар таратылып, сый тамактар уюштурулуп, ансыз деле түбү тешик мамказна каражаты оңду-солду сапырылып атканы эмнени каңкуулайт? Президенттин бир гана каалоосун! Ал бир «каалоо» референдумга коюлган өзгөртүүлөрдүн эки жеринде «бугуп» жатат: «Конституциянын жаңы редакциясы» аталышында жана «2005-жылга чейин Акаевдин президент боюнча калышын каалайсызбы, жокпу» деген алдынала эле жообу белгилүү суроонун коюлушунда. Ушинтип, Аскар Акаевич Кыргызстанды дагы эки мөөнөт башкаргысы келерин, андан аркысын дагы көрө жатарбыз дегенин туюнтууда.

Былтыр америкалыктар Аскар Акаевичти дүйнөдөгү 10 акылдуу адамдын катарына кошуп койсо, өз падыша-

сын кыртышы сүйө бербеген кыргыздар «кантип эле?» маанисинде чындап чычалашкан. Баарын мезгил аныктайт деген ырас окшобойбу, Президент быйыл кыргыздын «мен кыйын» деген «каймактарын» бүт Кеңешмеге чакырып, анан жалпы элдик талкууга жарыялап, акырында эксперттик топко жамынып, Конституцияны өзүнө карата «түздөгөн» өзгөртүүлөрү менен жогорудагыдай бушүркөөлөргө «минтип эле!» деп опоңой жооп бергени туру.

Аскар Акаев бийлигинин адепки жылдары кайра жаралуу доорундагы италиялык ойчул, саясий интриганын илимий «атасы» Никколо Макиавелли тууралуу арбын айта турган.А Макиавеллинин: «...Разумный правитель не может и не должен оставаться верным своему обещанию, если это вредит его интересам, и если отпали причины, побудившие его дать обещание...» сыңарындагы осуяттары бар.

Башкасын билбейм, Аскар Акаевич Макиавеллинин ушул өңүттөгү «осуяттарын» жеткен чеберчилик менен жүзөгө ашырып келатат акыркы кездери... 1995-жылкы президенттик шайлоодон кийин ал эмки шайлоого катышпайт, мөөнөттү бүттү деп ойлогон эле көпчүлүк. Өзү да ошондой маанидеги билдирүүлөрдү жасаган. Анан эле 2000-жыл келгенде анын кандайча президент болгонун сезбей калдык. Акыркы күндөрү 2005-жылы сөзсүз кетет деген толук ишенимге келгенбиз. Аксыдагы кан төгүүдөн кийин анын саясий ресурсу какшып бүттү кыязында 2005ке жетер-жетпесине «көзү ачыктык» кылгандар чыккан. Акаевди эртең эле тактан оодарып түшөбүз дегендей дымагы бар кыймылдар уюшулган... Келерки президенттик шайлоого катышпастыгына Аскар Акаевич өзү да кайра-кайра ишендирип, Конституциялык кеңешмеде «экс-президент» Акаевдин эртеңи үчүн чын дилден кам көрүлгөн... Анан эле «жаңы Конституцияны» референдумга алып чыгуу менен «чындап кетет» үмүтүнө суу сээп, өлкөнү эртең өздөрү башкаргысы келген саясий элитаны да, Акаев бийлигинен жарыбай, жедеп тажаган калкты да эндирете койду. Башкасына да мейли, Аскар Акаевич дал өзүнүн бийлик режиминин күнөөсүнөн чыккан Аксы каргашасын акыр аягында өз кызыкчылыгына пайдаланып кетет деген ой эч кимдин түшүнө кирген эмес.



Акылдуулугу анык, бирок бул артыкчылык сапаты жеке кызыкчылыгынан артып, өлкөгө жарык чачпаган Аскар Акаевичте мен Кыргызстанга эмне жакшылык жасадым, жасаган иштерим бийлигимди узартканга жолдомо боло алабы деген деле ой жок сыяктанат.

Эгер Президенттин «жеңпланы» ишке ашып калса, Кыргызстанды туура 25 жыл - чейрек кылым башкарышы керек. Ал көздөгөн чейрек кылымдык бийлөөнүн тең жарымы Кыргыз мамлекети социалдык-экономикалык, нравалык кризис сазына тереңдеп, чет элдик карызга белчеден батышы, оппозициялык көзкараштагы саясатчылардын, эркин гезиттердин куугун-сүргүнгө алынышы, а акырында Аксы трагедиясы менен жыйынтыкталды. Эң коркунучтуусу, өлкөдө өтө оор моралдык-психологиялык атмосфера курап, элибизде келечекке ишенбөөчүлүк жаратып, кулчулук сезимин дагы да тереңдетти. Кыскасы, Кыргызстан ички турмушунда Аскар Акаевичти мыкты падыша катары сыпаттап, бийлигин узартууга жок дегенде моралдык «жолдомо» бере турган илинчек жок. Муну жакшы түшүнүп турган анын жактоочулары Президент тышкы саясатты ийгиликтүү жүргүзүп, дүйнөдөгү улуу «үч бурчтук» - АКШ, Россия, Кытай менен бирдей ысык ымала түзгөндүгүн көбүрөк шардана кыла баштады.

Бирок... өлкөбүздүн эң башкы аэропорту «Манаска» Америка аскер-аба базасы жайгашып, Кантка Россиянын аскер самолеттору конушун жетишкендик саноого болобу? Бул көрүнүштүн өзү Кыргызстандын көзкарандысыз мамлекет катарындагы кадыр-баркына көлөкө түшүрүп турган жокпу? Азаттыктын 12 жылында кыргыз өкмөтү не үчүн өз коопсуздугу үчүн бир аскер самолетун сатып ала алган жок? СССРден калган аскер учактары не үчүн уурдалып кетти? Бир да аскер самолету жок өксүгүнөн улам, 99-жылы өзбек самолеттору тынч жаткан айылыбызды бомбалап, канабайрам кылганын, өзбек өкмөтү анда кыйылган өмүр, кыйраган үйлөр үчүн кун төлөгөндү мындай кой, ушу кезге чейин айыбын мойнуна алып, кечирим сурабай келатканын неге эстебейбиз? Ал эми жакынкы коңшубуз Кытай менен кызматташтык ыйык жерибиздин кетиши менен бекемделип аткандыгын неге элес албайбыз?

Аскар Акаевич жана анын жакын чөйрөсү үмтөткөн «чейрек кылымдын» күтүнгөн бөлүгү эмнеге алып барарын ушул өткөн чагы эле каңкуулап турат. Аны баарыбыз көрүп-билип турабыз, коңшу мамлекеттерден айрыманып, кемчилигинин баарын түз айтып, керек болсо Президентти азыр эле бийликтен оодара салуу үчүн ачык аракет кылганга да мүмкүнчүлүк бар. Бирок, иш жүзүндө колдон кокон тыйын келбейт.

*(«Агым», 31-январь, 2003-жыл)*





## ОППОЗИЦИЯ «ӨҢҮ» БИЙЛИКТИ «ТААНЫТАТ»

Бул дүйнөдө (Кыргызстанда) Чындык Президентти билдирүүсү, Борщайкомдун протоколдору,же «М-Вектор» сымал социологиялык агентчиликтердин иликтөөлөрү менен эле аныкталбайт. Кагаз жүзүндө эч кандай тастыктоосуз эле ар бирибиздин көзүбүзгө көрүнүп, кулагыбызга угулуп турган да чындык бар. 2-февралдагы референдумга өлкөнүн добуш берүүгө укуктуу, катталган жарандарынын катышуусу 50%ке жетпегендиги дал ошондой «документ» талап кылбаган жылаңач чындык. Мүмкүн, мамбийлик бар күч-аракетин жумшап жар чакырып, унаалап ташыбай, эл эркине койгондо, добуш бергендердин саны 10%тен өйдөлөмөк эмес.

Калктын мындай пассивдүүлүгүнө сүйүнүп аткандар бардыр... А мени бул көрүнүш: элибиз неге мынча кайдигер, ыкшоо? Мындай кош көңүлдүгүбүз, мындай саясий маданиятыбыз менен жүрүп отурсак, эртеңибиз эмне болот? - дегендей кыжаалат ойго салды. Андан да кыжаалат кылып, ардантканы Борщайком карандай калпты каратып туруп чынга айлантып, өлкө жарандарынын 86,38% и б.а. 2128150 адам катышып, референдум майрамдагыдай маанайда өттү деп отчет берип жаткандыгы (жок дегенде «катышкандардын» саны менен процентин жакшылап теңдештирип коюшпаптыр, ортодо оркойгон далкелбестик жүрөт) жана калкыбыз «ушундай болмок» деп, мындай жыйынтык чыгарын алдынала билгенине корстон болуп компоюп олтурганы.

«Сууну сиңген жерге сеп» дейт эмеспи, эми баарына бүгүнкү башкаруучу чөйрөнү айыптап, жер муштагылай бергенден деле пайда жок. Анан калса, бийлик табияты ошол: бу дүйнөдө кубатын бүт эл-журт, мамлекет кызыкчылыгына сарптап, эл-журт үчүн чын дилден күйүп-жанган бийлик болушу кыйын. Ошондой түр гана көрсөтүп коюшу мүмкүн, а түпкүлүгүндө «өз көмөчү» үчүн күл тартканга күч үрөйт. Бийлик кашаңдык кылса – камчылап, чектен ашынып баратса – ооздуктап, кыскасы, аны элдин кызыкчылыгына буруп иштетүү, ар бир кадамын таразалап, көзөмөлдөп туруунун бирден-бир ишенимдүү куралы

катары саясый оппозиция керек. Демек, бүгүнкү кыргыз бийлигинин «атасын таанбаган» (бийлик атасы эл дешчү беле?) саясаты үчүн оппозициялык күчтөр дагы жоопкерчиликти чогуу тартууга тийиш. Бул жөнсалды, оосар сөз эмес, мамлекетибиздин азыркыдай кейиштүү акыбалга кептелишине саясый оппозиция да «үлүш» кошуп келатат. Тагырак айтканда, учурдагы айласыз абал оппозициянын алсыздыгы, бечаралыгы менен да түшүндүрүлөт. А алсыздыгы эмнеде? Айрым жагдайларга токтоло кетели.

Акаевдик бийликке каршыккан туруктуу саясый оппозициянын түптөлүшү 1993-94-жылдарга туура келет, б.а. 10 жылдык тарыхы бар. А бирок, бул 10 жыл аралыгында активдүү аракеттеги оппозиционер саясатчылардын, коомдук ишмерлердин саны азайса азайды, асти, өскөн жок. Элдин саясый аң-сезими анча-мынча көтөрүлгөнсүдү. Коомдук-саясый турмуш өлкө калкынын дээрлик 80-90% инин мамбийликке ичи чыкпаган маанай карманышына түрткү болуп, башкаруучу чөйрөгө нааразылык мурда болуп көрбөгөндөй чекке жетти. А аракеттеги оппозиционерлерибиз болсо дале «бир автобуска толбогон» бойдон. Президент Аскар Акаевдин оппозицияны ар качан «бир ууч» атап келатканына арга жок макул болосуң.

Мындан бир топ жыл мурда Адахан Мадумаров жогорку бийлик эшалонундагы акаевдик кадрларды кайра-кайра ойноло берип, жедеп эскирип, бырышып-тырышкан «тааныш карта» - «король», «дамаларга» салыштырган эле. Ал салыштыруу азыр оппозиция короосундагыларга да абдан ылайык келип турат. Бул короого кокусунан кошулуп калган бирин-экин адамды айтпаганда, баары эле баягы, тааныш өңдөр. Туура, өз позициясын туруктуу кармап, ишениминен жанбай бийлик менен алышып келаткан саясатчыларга тан берүү керек. Бирок, оппозицияны күчтөндүрүү үчүн катарына жаңы муунду, жаштарды тарта жүрүү керек эмеспи! Жок, кыргыз оппозициясы бул мезгил аралыгы жаңы муун менен толуктал-бады.

Жалгыз эле адамдык ресурсунда эмес, оппозициянын иш-аракеттеринде да ушундай – «эскиргендик». 10 жыл ичинде акаевдик бийлик элди алдап, жоошутуп, оппозицияны куралсыздандыруунун кандай гана жолдорун таппады!? А биздин оппозиционерлердин иш-аракеттери, са-



ясый күрөш ыкмалары мурдагы эле бойдон. Бийлик аракетине теңтайлаш аракет жасап, чакырык таштап, элди артынан ээрчитүүнүн ыңгайлуу жолдорун тапкан жок. Дале кургак чакырык, куусүрөөн (ар кандай кайрылуу, билдирүүлөр) менен чектелип келатышат. Саясый күрөштүн курултай формасын табышты эле, аны да өздөрүнүн биримсиздигинен, уюштуруу ишке жоктугунан улам аксатып алышты.

Кыйладан бери саны «бир ууч» калыбында, позициясы туруктуу, максаттары окшош болгон соң, кыргыз оппозиционерлери бүгүн «ырыс алды – ынтымак» жомогундагы чалдын осуятындагыдай ынтымакташып, чырмалышкан чоң күчкө айланып чыга келиши керек эле. түпкүлүгүндө... А биздикилерде бирикмек турсун, бирин-бири көрөйүн деген көзү жок. Ар бири өзүн эртеңки президент ойлойт экен... Мындан чыкты, бирин-бири атаандаш санайт эмеспи.

Ушул сындуу өксүгүнөн улам оппозициялык күчтөр Аксы каргашасынан кийинки чоң мүмкүнчүлүктөн кол жуушту. Андан соң эми биригип, күчүн көрсөтөт го деген көпчүлүк үмүтүнө кечээги референдумда суу септи. Референдум алдында өздөрүн кыргыз оппозициясы санаган күчтөр: «А.Акаевге – отставка, элге- реформа» кыймылы, Кыргызстан элдик конгресси биригип, аларга «Демократия жана жарандык коом үчүн» ӨЭУ коалициясы максатташ болуп, референдумду көзөмөлдөө боюнча штаб түзүшкөнү коомчулукта кубаттоого алынган. А иш жүзүндө Өмүрбек Текебаев, Жыпар Жекшеев, Эмил Алиевдин борбордогу уюштуруучулук аракеттери, депутаттар Исмаил Исаков, Азимбек Бекназаров, Дүйшөн Чотонов, Бектур Асановдордун өз округдарын кыдырганын эске албаганда, оппозиция штабы эч нерсе жасаган жок. Бийик трибунадан жалындуу чакырык таштачу көпчүлүк оппозиционерлер, коммунисттер, жадагалса, штабга басып барбай коюшту. (А «Демократия жана жарандык коом үчүн» коалициясынын жөнү башка. Алар өздөрүн оппозиция санаган саясий күч эмес).

Кандай болгон күндө да оппозициялык күчтөрдүн мындай чалагайымдыгына жана алсыздыгына жеке эле оппозиционер саясатчыларды күнөөлөгөн бирбеткейлик. Саясый оппозицияны бийликтен куулгандар жана бийлик-

ке жетпей жүргөндөр түзөт деген түшүнүк бар дүйнөдө. Арасында ошондой саясатчылар болсо болгондур, бирок, мен кыргыз оппозиционерлерин дүнүнөн эле ошол калыпта карабас элем. Аз эл экенбиз, бири-бирибизди таанып билет эмеспизби, азыр оппозицияда жүргөн саясатчылардын көпчүлүгү чынчыл, принципиалдуу, патриот адамдар деп билем. Оппозициянын бечел бойдон келаткандыгынын негизги себеби, анын өкүлдөрүндө эмес, кыргыз коомунда демократиялык кыртыш жоктугунда, оройурак айтканда, жалпы коомдун, элдин бечелдигинде.

Белгилүү бир социалдык топтор тарабынан ооз жүзүндө эмес, иш жүзүндө сүрөмөлөнгөн, а идеологиялык-интеллектуалдык базасы улуттук интеллегенция тарабынан түптөлгөн күчтүү атаандаш кызыкчылыктар жашаган коомдо гана күчтүү саясый оппозиция болот. А бизде активдүү социалдык топтор эмес, улуттук интеллигенция дегидей да катмар жок. Демек, күчтүү коомдук кызыкчылыктар да жашабасы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ошол себептүү кыргыз оппозициясын тек, «жылаңач баатырлар» гана түзүп келатат. Колунда бүт административдик, финансылык ресурс ууучталып тургандыгына жана аны пайдаланууга эч ким көзөмөлдүк кыла албагандыгынан пайдаланып, «жем» ыргытуу, алдоо, болбосо, коркутуп-үркүтүү сыяктуу жөнөкөй эле ыкмаларды колдонуп, бийлик оппозицияга оңой эле тушамыш салып, алсыраткандан алсыратып барат.

Азыркы шартта алсыз, бечел болсо да оппозицияны улуттук масштабда туруктуу кармап, кыргыз коомуна демократиялык түспөл берип турган жалгыз гана кызыкчылык бар. Ал – регионалдык атаандаштык. Буга чейин баарыбыз «итчилигибиз» деп «итке салып» айыптап келген Түндүк-Түштүк ажырымы болбосо, ким билет, Кыргызстанда оппозиция деле буга чейин «тап» катары жоголуп кетмек.

Жыйынтыктай келгенде, бүгүнкү кыргыз саясаты жөнүндө сөз кылганда бийликти оппозициядан, оппозицияны бийликтен бөлүп кароого болбойт. «Досуңу көрсөт, сенин ким экендигиңди айтып берем» дейт эмеспи орустарда. Анын сыңары, оппозициянын «жүзүн» көрүп, бийлигиңди «таанысаң» болот, же тескерисинче. А экөөнүн «өңү» биригип, жалпы кыргыз коомунун, эл-журттун «өңүн», деңгээл, дараметин аныктап турат.

*(«Агым», 7-февраль, 2003-жыл)*





## УГУП КОЙ ДА, УНУТУП САЛ!

Бүгүн Кыргызстандын коомдук-саясый турмушунда бир көрүнүштүн арааны жүрүп, «парады» башталды. Коомдук пикирди бүтүндөй өзүнө тартып албаса да, журтчулукту кайсы бир деңгээлде алаксытып, өлкө өнүгүштүн өр жолуна тырмыша баштагандай элес калтырган бул иш-чара – курултайлар «парады».

Параддын көч башында Аксы каргашасынын аркасы менен оппозициялык күчтөр уюштурган 1-элдик курултай турат. Аксы эли кан жутуп, мамбийлик өз күнөөсүн кантип жашыраарын билбей алапайын таппай турган кез – 17-апрелде Кыргызстан элдик конгрессинин демилгеси менен Бишкекте уюштурулган бул курултайга өлкөнүн булуң-бурчунан 400дөй адам чогулду. Борбордогу оппозиционерлер, кырчын жигиттеринен айрылып, азасы менен ызасы чегине жеткен аксылык делегаттар бийликти жеберине жеткире сындап, жалындуу чакырыктарды ташташты. Бийлик алдына кескин, бирок адилет талаптар коюлуп, аны аткаруу мөөнөтү чектелип, эгер 27-апрелге чейин аткарылбаса, 1-майдан баштап жарандык баш ийбөөчүлүк жарыялоо чечимин Эл партиясынын лидери Мелис Эшимкановдон башка бардык делегаттар бир добуштан колдошту.

Анан эмне болду? Бийлик курултайдын бир да талабын аткарган жок. А оппозициялык күчтөр 1-майга белгиленген каршылык акциясын өткөрө албады. Баары кагаз-ооз жүзүндө кала берди.

Андан соң, 17-18-июлда Аксыда Кыргызстандын жаңы тарыхында болуп көрбөгөндөй көп адам катышкан 2-элдик курултай өтүп, дагы да аткаруу мөөнөтү аныкталган талаптар коюлуп, болбосо, Бишкекке жөө жүрүшкө чыгуу, президент Акаевди отставкага кетирүү чечимдери кабыл алынды.

Анан эмне болду? Адаттагыдай эле бийлик 2-курултайдын да сыңар талабын аткарган жок. Жөө жүрүш ара жолдо токтотулду.

Кымындай майнап, натыйжа чыкпаган соң, убара тартып, курултай өткөрүүнүн эмне зарылчылыгы бар эле? Болуптур, коомчулук көңүлүн буруу, коомдук пикирди козутуу, калк намысын ойготуу үчүн дейли... Бирок, кыргыз журтчулугунун «көңүлү» менен «пикири» кыймылга келип, ар-намысы ойгонгону кана!?

Оппозиция 3-элдик курултайын мына өткөрөбүз, ана өткөрөбүз менен алектенип турган чакта өздөрүн ортоchул, калыс санаган бир топ саясатчы, коомдук ишмерлер Кыргызстан элинин курултайын өткөрүү демилгеси менен чыкты (мүмкүн Акүй көрсөтмөсү менен). «Коомубуздун алдында турган милдеттер менен тагдыр чечер маселелерди талкуулап», конструктивдүү сүйлөшүүлөргө баруу үчүн жалпы элдик курултай чакыруу керек дешет алар. Демилге ошол замат Президенттен да колдоо тапты. Коомчулук пикирин, өзүн оппозиционер атаган же бийликке ыктаган саясатчылардын оюн сураштырып көрсөк, бул демилгени көпчүлүгү колдоого алат экен. Карама-каршы тараптар элдешип, конструктивдүү сүйлөшүүлөргө барып, кеңешип-таңашып иштешсе, өлкөбүз өнүгөт эле дешет алар да.

Эми артка кылчайып көргүлө, өткөн 10-12 жыл ичи канчалаган жолу оппозиция-бийлик конструктивдүү сүйлөшүп, ачык, түз акылдашкан «тегерек үстөлдөр», улуттук маанидеги кеңешмелер, «бүткүл элдик» курултайлар өтпөдү?! Ошол иш-чараларда мобул маселе чечилип, мамлекетке, эл-журтка момундай конкрет пайда алып келген деп ким айта алат? Кана, өлкөнүн өнүгүшү, эл-журт турмушунун оңолушу? Болуптур, ушул ирет бүт саясый күчтөр, коомдун «каймактары» бүтүн чогулуп, карапайым калктан да өкүлдөрдү чакырып, курултай шумдуктай ынтымак менен өтүп, бийлик менен оппозиция коюн-колтук алышып жатып калсын, гениалдуу ой-сунуштар айтылып, чечимдер кабыл алынсын, а мындан өлкөнүн экономикасына, сырткы коопсуздугуна, маданиятына, калк турмушуна пайда алып келер, Кыргызстан өркөнүн өстүрөр кепилдикти ким таап бере алат?

Сөз эми 29-30-августта белгиленген, «Манастын доорунан бери экинчи жолу» өтө турган кыргыздардын дүйнөлүк курултайы туурасында.



Өзүн кыргыз атагандардын кепке алар чоң чөйрөсү коңшу мамлекеттер: Өзбекстан, Кытай, Тажикстанда гана жашайт. Ооганстандын Памиринде жапайы турмуш кечирген, Түркияда улуттук белгисин жоготуп бараткан азганакай топ бар. Ал эми Америкада жана Европанын 3-4 өлкөсүндө иштеп же окуп жүргөн улутташтарыбызды, дагы башка өлкөлөргө (Африкага чейин) күйөөгө чыгып кеткен кыргыз кыздарын «чет элдик кыргыздар» «калыбына» кантип сыйдырасың? Элибиз бу ааламга канат-бутагын кенен жайып, чачыраганга деле үлгүрбөптүр...

Ушуга карабай, чыныгы кыргыз баласынын дүйнөлүк курултай маанисиндеги иш-чарага каршы чыгып, кайчы пикир айтышы кыйын. Учур-учуру менен мындай масштабдагы акцияны өткөрүп туруу, айрыкча биздей аз, алсыз улут үчүн зарыл. Бирок кандай маңыз, эмне негизде, кайсы деңгээлде өткөрүү керек – кеп ушунда.

Курултай чакырардан оболу, Кыргызстан бөтөн эл арасында, бөлөк мамлекет ичинде жашаган кыргыздардын таламын талашып, керек учурда укугун коргоп, тирек боло алдыбы, улуттук рухун өчүрбөө үчүн маданият, билим, тил жагынан кам көрүп, жардамдашып атабы, тек, дүйнөдө кыргыз мамлекети бар экенине каниет кылгандан сырткары, чет өлкөдөгү улутташтарыбыз Кыргызстанды ишенимдүү тирек, көкүрөгүнө сыймык тута алабы? – дегендей маселелерге көңүл бурушубуз керек эле. Анан калса, Өзбекстанда да, Тажикстанда да, Ооган, Түркияда да эң эле кор болгон, тилин, улуттук рухун жоготуп бараткан улут – кыргыздар. Биз ошол улутташтарыбызга чын дилден боор тартып, жүрөк ачытып атабызбы – муну ойлошубуз керек эле...

Мейли эми, мынчалык дүрбөп алган соң дүйнөлүк курултай чакырылсын. Бирок анда четтеги азганакай улутташтарыбыз менен чогуу-чаран бу дүйнөдөгү кыргыз аттуунун эртеңки орду, салмагы кандай болот, канат-бутагын кантип кенен жаят маселеси коңшу-колондон коркпой туруп ачык талкууланса, кыргызды уңгулуу улут катары кандайча сактап, өркөнүн өстүрөбүз дегендей суроолорго жооп изделсе – жөн. Тилекке каршы, дүйнөлүк курултайга демилге көтөрүп, жар чакырып турган кыргыз мамлекетинин башкаруучуларынын башына жогорудагы-

дай ой-санаа караандаган да жок. Караандабаганы, четтеги эмес, ичтеги өз элине, өз өлкөсүнө 12 жылдан берки жасаган мамилесинен айгине. Курултай демилгеси жөн гана президент Аскар Акаев жана анын командасынын быйылкы «жибек» жеңишин «белгилеп», кадыр-зобολосун андан ары көтөрүп, ордун чыңдап, бекемдөө үчүн гана көтөрүлдү. Сөз жок, курултайда Кыргызстандын 12 жыл ичиндеги «жетишкендиктери» бирден саналат, ага жеткирген «дүйнөлүк кыргыздардын падышасы» Аскар Акаевичтин дарегине мактал айтылат, куру шандануучулуктун туу чокусуна чыгып тойлойбуз да, «кагынып туруп кетебиз»...

*(«Агым», 28-февраль, 2003-жыл)*





## КИМДИН АТЫНАН КИМ СҮЙЛӨЙТ?

Кыргызстанда өткөн жана күтүлгөн курултайлар тууралуу «Угуп кой да, унутуп сал!» аталган макалам чыккан соң, *(«Агым», 28-февраль, 2003-ж.)* жакшы санаалаш, күйөрман аксакалдарыбыздын бирөө телефон чалды. «Мейли, бийликти сында, оппозицияны сында, а эл ынтымакчылыгына тетири сүйлөгөнүң кандай? Курултай деген – элчилик, ынтымакчылык. Ага каршы сүйлөп, назардан калып жүрбө, уулум!» - деп бир эсе ачууланып, бир эсе боор тарткан аксакалдын эскертүүсү курултай тегерегинде аягына чыкпай калган сөздү кайра улоого мажбурлады.

Оппозиция байма-бай өткөрө баштаган курултайларды, кыргыздардын дүйнөлүк курултайы аталган иш-чараны түшүнүп, кадыресе кабылдаса болот. Акылга анча сыя бербей, эки анжы ойго түрткөнү – 6-мартка белгиленген жалпы Кыргызстан элинин курултайы. Адегенде эле суроо туулат, биз мында курултай түшүнүгүн кай негизде колдонуудабыз: байыркы көчмөндөрдөн үлгү катарыбы, же «КПССтин баланчанчы сьездине» эквивалент сыяктуубу?

Билишибизче, курултай чакыруу салты мамлекеттүүлүк түзүлүш жок, демек, мамлекеттик башкаруу институттары, туруктуу бийлик системасы жашабаган көчмөндүк доорго барып такалат. Уруу-уруу өз-өзүнчө чачырап жашаган эндекей журт жамыга тийиштүү кыйчалыш кезең келип, жалпыга бир өңчөй орчун маселе чыкса, аны курултай аркылуу чечкен. (Улуу Чыңгызхандын доору, Монгол империясынын тарыхы да курултайдан башталат эмеспи). Көчмөн ата-бабаларыбыз курултайды XVIII кылымдын акырына чейин колдонуп келгени белгилүү. Ар уруу, чачыранды журттуу улут катары бириктирип туруунун курултайдан башка оңдуу жолу жок болчу анда. Уруу бийлери, жакшылары (элитасы) чогулуп кеңешип, шерттешкен. Шерттешкен бийлердин артынан калың караламаны ээрчип, бек турган.

Кызык мында, биз бүгүн демократиялык өнүгүштүн даңгыр жолунда өнүккөн өлкөлөрдөн кем калышпай зуулдап баратабыз, «светский» мамлекет куруп салдык дей-

биз да, анан... патриархалдык-урууучулук коомго тийиштүү курултай сындуу саясый иш-чараларга жабышабыз. Эмне, бул демократияны кыргыздын элдик демократиясынын үлгүсү менен байытып, нукура улуттук өңтүспөл берүү, ата салтынын артыкчылыгын сактоо аракетибизби? Антейин десең, кечээ күнү Конституцияга өзгөртүүлөр киргизилмек болуп, талкуу жүрүп жаткан кезде Дастан Сарыгулов баш болгон бир топ коомдук ишмерлер 700 адамдан туруп, 2 жылда бир чакырыла турган Курултай институтун Конституцияга киргизүүнү сунуштаса, колдомок тургай, көңүл буруп, сөзгө алып койгон жан чыккан жок.

Дагы бир ача пикир жараткан нерсе мында: Конституциянын 1-статьясында Кыргызстандын элин мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагы, өлкөнүн ээси катарында аныктаган жобо бар. Бул жобону ээрчисек, Кыргызстандын жалпы элинин атынан курултай чакырылып аткан соң, ал курултай бардык мамбийлик органдарынан жогору турууга, жадагалса, Президент да курултайдын чечимдерин кыйшаюусуз аткарууга тийиш. А бизде ошондой шарт барбы? Жок. Курултай чечимдерин ишке ашыруунун мыйзамдык механизми биякта турсун, ага катышчу 600 делегаттын шайланышы же чакырылышын ыраатка салган так жобо жок.

Мейли, бул курултайга бийлик, оппозиция, карапайым калк өкүлдөрү тегиз катышып, ачык сөз болсун. Акырында ынтымакчылыкка келип, калыс чечим кабылдасын. Өлкөнү мындан ары өнүктүрүү ж.б. маселелер боюнча... А бирок бу чечим кандайча жүзөгө ашырылат, же жетишилген ынтымакчылык кандай негизде сакталат? Же бүгүнкү кыргыз караламаны «жакшыларынын» артынан ээрчип, а «жакшылар» жоопкерчиликти бүт мойнуна алып, эң ириде элинин тагдырын ойлогон, жамысы сөзгө ыйык мамиле кылып, антка, шертке бек турган кечээки көчмөн кыргыз болбосо...

Кыскасын айтканда, мыйзамдык-укуктук эч кандай таяныч – негизи жок Кыргызстан элинин курултайы чынчынына келсе, Конституцияга сыйбаган, мыйзамсыз ишчара болуп чыгат. Анда неге бийлик жанталашып колдоо-



до? Себеби тек гана «саясый шоу», бийликти элдин атынан сүйлөтүү үчүн ойлоп табылган.

Кыргыз саясый элитасы, башкаруучулары чындап эле мамлекет, эл тагдырын ойлосо, курултай – мурултай деп, куру сөз менен алектенип, калктын да, өздөрүнүн да көзүн будамайлап, «жашынмак» ойногонду ушундайында токтотушу керек. Бүгүн Кыргызстанда кеңешкенден, бирибиризге тыңсынып акыл айткандан эч нерсе өзгөрбөйт. Көйгөйдүн баары кеңеш-меңешсиз эле көзгө сайылып турат. Аны чечүү жолу курултайдын кургак сөзүндө эмес, ар бир кыргыз жаранынын көкүрөгүндө. Элитанын милдети – сөз эмес, иш менен үлгү болуп, ошол көкүрөк сезимди ойготууда жатат.

*Башкы редактордон (Мелис Эшимкановдон – А.Мониев) посткриптум:* **Вахаб үкамды абдан жакшы көрөм. Биздин короого кошулган эки жылда катуу такшалды. Тили, ой жүгүртүүсү, атуулдук позициясы өлө бышты. «Агымдагы» чыныгы демократиялык, сөз эркиндигин пир туткан салтыбыздан айныбай жарыяланып жаткан көз карашына бир шиңгил каяша: А эмне үчүн «оппозиция байма-бай өткөргөн курултайларды «түшүнүп, кабылдаган, колдогон» автор башкалар өткөргөн ошондой эле курултайды (мейли ага бийлик боор тартат экен) көгөрүпкөжөлгөн бойдон «мыйзамсыз иш-чара» деп өкүм чыгарат? Көчмөн доордогу курултайдын мыкты ролун таамай белгилейт да, а бүгүнкүгө таза ыроологусу келбей, «патриархалдык» деп жерийт. Саал-паал оппозициялык логика менен аксап, акырын басса аксак деп, катуу басса таскак деп, эптеп эле бийликке кыр көргөзүп жаткан жокпузбу, ыя үка?**

*(«Агым», 4-март, 2003-жыл)*

## ФЕОДАЛДЫК ДЕМОКРАТИЯ: КҮНӨӨЛҮҮ КҮНӨӨСҮЗДӨР

Аксыдагы «кандуу жекшембиге» туура бир жыл толуп отурат...

Бирок алигече бул кайгылуу окуяга мамлекеттик деңгээлде саясый, укуктук баа бериле элек. Башкасын айтпаганда деле, 17-18-мартта Бозпиекте шейит кеткендер үчүн жалпы республикалык аза күтүү жарыялап койгонго жарабагандыгы эле кыргыз бийлиги трагедияга кандай мамиле кылгандыгын айгинелеп турат.

Бул трагедиядан сабак алып, туура жыйынтык чыгаруу быякта турсун, бүгүнкү кыргыз башкаруучулары кайгылуу окуяны тек гана унуткарып, көпчүлүк көөнүнөн өчүрүп, тарыхтан «сызып» таштоого жан үрөөдө. Аксы окуясы боюнча бийлик күнөөсүн моюндабаса деле мейли, өлкө башчысы Аскар Акаев акыркы кездери кайра-кайра кайталана баштаган өз кайрылууларында аны жөн гана эскерип, мындан ары андай окуя болбосо деген маанидеги тилегин жарыя айтып коюуга жарай элек.

Көпчүлүк чиновниктерден айырмаланып, Азимбек Бекназаров 7 адамдын өмүрү кыйылып, ондон ашык адам жарадар болгон Аксы окуясына себепчи болгондугун, өлгөндөрдүн астында өзүн кайсы бир деңгээлде жоопкер сезерин башынан эле айтып, мойнуна алып келатат. Ал эми анын бул трагедиянын чыныгы күнөөлүүлөрүн таап, жазалоо талабынан жанбай, күрөшүп келаткандыгы – бейкүнөө өмүрү кыйылган 7 жигиттин, кордук көргөн Аксы элинин алдындагы адамдык парзы, депутаттык милдети. Эгер ал башкача аракет кылып, бийликтин колтугуна кирип, бугуп жатып алса, өз элине кечиримсиз чыккынчылык кылып, «өлгөндүн үстүнө көмгөн» кылмак.

Мен биерде оппозициянын коргоочусу болгум келбейт. (Оппозициядгы саясатчылардын иш-аракеттерине ар качан сын көз менен карап келем). Тек, калыстык үчүн айта кетели, мүмкүн, оппозициялык күчтөр Аксы окуясын өздөрүнүн саясый кызыкчылыгы үчүн пайдаланса пайдаланып, реванш алууга жумшаса жумшап жаткандыр. А



бирок, мында оппозицияны айыптагандан оболу, аларга ушундай жол ачып, шарт түзүп берген бийликтин кемчилдиги тууралуу сөз кылуу керек. Оппозициянын табияты башынан ошондой: бийлик кетирген ар бир кенемтени пайдаланып калгысы келет.

Аксы окуясынын чыгыш себебине кайра кайрылып көрөлү. Өткөн жылдын 5-январында депутат Азимбек Бекназаров 8 жыл мурдагы бир кылмышты жаап койгон деген күнөө менен камакка алынганда мамлекеттик бийликтин бир бутагы эсептелген Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйыны анын баш коргоо чарасын өзгөртүп, бошондукка чыгарып, тергөө ишин жүргүзүүнү суранып, расмий түрдө Башкы прокуратурага кайрылды. Ушундай эле талапты саясый партиялар, коомдук уюмдар көтөрүп чыкты. Ушул эле талап менен 300дөй адам саясый ачкачылык жарыялады. Акырында ачкачылыктан 7-февраль күнү жалпы журтка аты жакшы белгилүү, кезегинде Президент өзү да чакырып, көзмө-көз сүйлөшкөн Шералы Назаркуловдун жүрөгү токтоду. Эми таразалап көргүлө, Бекназаров 8 жыл мурда жасаган «кылмыш» ушунун барынан маанилүү беле?!

Аксы окуясына мамлекеттик баа берүүгө назар салсак, мындай суроо туулат: деги биз азыр кандай мамлекетте жашап жатабыз, Президент жана анын жанжөкөрлөрү айтып жүргөндөй, адам укугун баарынан жогору койгон демократиялык өлкөдөбү, же ата-салт, нарк, адатына таянган феодалдык-патриархалдык мамлекеттеби? Эгерде биринчиси болсо, ошол кайгылуу окуядан бир күн өтпөй мамлекеттик бийликтин тиешелүү орган жетекчилери токтоосуз отставкага кетип, укук коргоо органдары күнөөлүүлөрдү таап, буга чейин сот өзүнүн калыс чечимин чыгарып калышы керек эле. А экинчисинде, Президент токтоосуз Аксыга барып, мойнуна курун салып элден кечирим сурап, өлгөндөрдүн кунун төлөп, ортого аксакалдарды салып, жаңжалды элчилик менен чечмек.

А биздин өлкө башчы тарабынан мындай аракеттин бирөө да жасалган жок. Демек, Аксы окуясына карата Акүйдүн реакциясы Кыргызстанда Конституцияга, мыйзамдарга да, ата салт, адатына да баш ийбеген чыныгы

авторитардык бийлик өкүм сүрүп жаткандыгынын белгиси. Масштабын салыштырганга болбостур, а жаралыш жасаты, жалпы маңызы, түпкү табияты жагынан Аксы каргашасы 16-жылдагы кыргыз-кыргындан, же 37-жылдагы сталиндик репрессиядан эч кандай айырмаланбайт. Эгерде Аксы эли 18-мартта активдүүлүгүн көрсөтүп, ар кимиси кара жан камын артка таштап, намыс үчүн түп көтөрүлө чыкпаганда, Боспиектеги кандуу окуянын «аягы жабылуу бойдон калып, жөн гана «ылжыган мастардын» көнүмүш чатагы катары жалпы журтка жарыя кылынмакчы болгону жалганбы?

Аксылыктардын тикеден тике күнөөлүү чиновниктерди кызматтан алуу талабын Президент бир жылдан бери кулак сыртынан кетирип келатат. Ушул талап менен эки ирет жөө жүрүшкө чыгышты, майнап болбой, кайра ого бетер кордук, зомбулукка тушугушту. Аталган чиновниктердин бир да бирөөнүн өз каалоосу менен кызматын таштоого эрки жетпеди. Туура, көзгө сайып көрсөтө турган даана далил болбогон соң, аларды Аксы окуясы боюнча түздөн-түз күнөөкөр саноо натуура. Кеп бул жерде моралдык жоопкерчилик тууралуу баратат. Же 7 адамдын өмүрүнөн, жүздөгөн адамдардын көз жашынан 7 чиновниктин креслосу ошончолук эле кымбат беле?! 8 жыл мурдагы «кылмышынын» изин таап, Бекназаровду бир күндө камакка алган бийлик 5 адамды көз көрүнөө атып, бир адамды уруп-сабап өлтүргөндөрдү бир жылдан бери таап, аныктай албай келатканы кандай?

Ушунун баары, бир жыл убакыт өткөндүгүнө карабай, кыргыз бийлиги Аксы окуясынан оң сабак алып, тийиштүү жыйынтык чыгарбагандыгын, мындан чыкты, дагы да ошондой оттуу окуяларга жол ачып аткандыгын каңкуулап турат.

Убагында айрымдар Аксы окуясына социалдык гана мүнөз берип, көпчүлүктүн башын айландырууга аракет кылышты. Жок, аксылыктар бийликтен нан сурап, же жер сурап көтөрүлгөн эмес. Алар адилеттүүлүк, эркиндик, өлкөнүн бүтүндүгү үчүн окко төшүн тосту. Андыктан, биз, тирүүлөр, бул каргашада өмүрү кыйылган7 адам: **Шералы Назаркулов, Кадыркул Сапаралиев, Советбек Тагаев, Эльдар Үмөталиев, Сатымбай Үркүмбаев, Бегалы**



**Четимбаев, Медетбек Бекмуратовдордун** арбагы алдында башыбызды ийип, таазим этүүгө милдеттүүбүз. Алардын өлүмүнө жалгыз эле бийлик эмес, ар бирибиз күнөөлүүбүз. Анткени, бийлик, бул - өзүбүз, өзүбүз тандаган адамдар. Мындан ары Аксыдагыдай кайгылуу окуя кайталанбашы үчүн өткөн окуя адилет бааланып, күнөөлүүлөр өз жазасын алуусуна аракет кылуу өзүн патриот санаган ар бир кыргыздын парзы.

*(«Агым», 18-март, 2003-жыл)*

## «КЫРГЫЗБАЙ», СЕН КАЙ «ЭЛДЕНСИҢ»?

Расмий бийлигибиз да, ага каршыккан саясый оппозициябыз да ар качан элдин атынан сүйлөйт. Бирдеме болсо эле «эл» деп тура келет... Бири-бирине атаандаша «бүткүл элдик» курултайларды өткөрөт... А биз бийлик жөнүндө айтабыз (мактайбыз, сындайбыз, шыбайбыз), оппозиция тууралуу айтабыз (кордойбуз, колдойбуз, коргойбуз), а бул эки тараптын артында ким, эмне турат? – көбүнесе көңүл бурбай, тек, «эл» деген жалпы түшүнүк менен чектелебиз.

А азыркы элибиз социалдык-кесиптик жашоо ыңгайы боюнча кандайча бөлүнөт, кандай катмарлардан турат? Ошол катмарлар өлкөнүн тарыхый өнүгүшүндө кандай роль ойноп жатат, саясатка таасири, демократиялык реформалардын жүрүшүндөгү үлүшү канчалык? – бул жагын да элес албайбыз.

Көңүл бөлүп көрбөйлүбү...

Кыргызстандын бүгүнкү элин бай-кедей деп таптык негизде экиге бөлө койчу илгертен даяр «калыпка» салгандан оболу, социалдык-кесиптик жашоо ыңгайына, шарт-мүмкүнчүлүгүнө карап, шарттуу түрдө: аткаминерлер, бизнесмендер, бюджетниктер, базарчылар, дыйкандар катары 5 топко бөлөр элем.

### *Аткаминерлер «айга окшош күнбү?»*

Адегенде эле кепти аткаминерлер катмарынан баштап атканыбыздын жөнү бар. «Койчу көп болсо, кой арам өлөт», «Көп суур ийин казбайт, казса да-кең казбайт» деп коет эмеспи кыргызда. Анын сыңары, Кыргызстандагы мамлекеттик башкаруу системасы социалдык-экономикалык кризисти ооздуктай албагандыгы, мындан чыкты, саясый кырдаал курчуп, Аксыдагыдай кайгылуу окуялар жүз бергендиги, бир сөз менен айтканда, мамбийлик өз милдетин жөндөй албай, аз келгенсип, коррупция сазына да белчесинен баткандыгынын бир себеби, бийлик номенклатурасы-аткаминерлер «армиясынын» саны опсуз көбөйүп кеткендиги менен да түшүндүрүлөт.

СССР кулаганы мамлекеттин саясый түзүлүшү өзгөрдү. Экономиканы социалисттик пландоодон либерал жолго



салып, эркин агытып койдук. Коммунисттик партиянын жеке бийлиги жоюлду. Демек, мындай шартта мамбийлик структуралары эки-үч эсе кыскарып, мамказнадан айлык жеген чиновниктердин саны эки-үч эсе азайышы керек эле. Бизде болсо мурдагыдай калыбында эле калды.

Экономикабыз эңшерилген, мамказнабыздын түбү тешик, чет элдиктер берген кайыр-садага менен эптеп күн көрүп атабыз. А бирок, кургак папке көтөрүп колоктоп, өлкө казнасына суук кол салгандан башка кылар олуттуу кызматы жок аткаминерлерибиз бутка чалынат. Бийлик органдарындагы чиновниктердин санын кыскартуу боюнча жылда сөз болот. Ал тургай, «паланча процентке кыскартуу жөнүндө» Президенттин Указы да чыгат. Жыйынтыгы болсо тетирисинче чыгып, аткаминерлер «армиясы» арбыгандан арбып баратат.

Бүгүнкү мамлекеттик башкаруу системасында бирин-бири кайталап, биринин функциясын экинчиси талашып, бири-биринин ишине жолтоо болгон структуралар да толтура. Өкмөт менен президенттик администрацияны карап көрөлү. Өкмөттөгү министрлик, комитеттердин дээрлик көпчүлүгүнүн профили боюнча президенттик администрацияда бөлүмдөр бар. Маселен, юстиция тармагын өкмөт министрлиги менен президент аппаратынын бөлүмү экөө «биргелешип» «тейлейт». Бирок эки структуранын функция, милдеттери так аныкталган эмес. Президент атына таянып алып, министрликке ар кандай көрсөтмө берип, жалпы ишке тоскоол болуп, анан... мамказнадан олчойгон каражат короткондон башка администрация бөлүмүнүн кылар деле иши жок. Бир карап туруп, дале советтик доор, коммунисттик системада жашап жатабызбы деген да ойго тушугасын. Анткени, президенттик администрациябыз кудум эле мурдагы Компартиянын Борбордук Комитетин эске салат. Укук, мүмкүнчүлүгү, милдети, ал тургай иштөө ыкмасы да дал өзүндөй. А өкмөт ПА-«БКнын» алдында көз каранды, куурчак сыңары.

Мындан тышкары, райоблакимчиликтерде канча аткаминер кылар иши жок эле мамлекет каражатын коротууда. Алыбызга ченебей, бирдеме болсо эле, азыр Американы мисалга тартчу болбодукпу. Дүйнөнү башкарып аткан бул өлкөдө болгону 14 эле министрлик бар экен.

А АКШнын орто штатынын калкы жашаган алакандай Кыргызстанда 7 облус! 20 миң калкы бар аймак да өзүнчө район! 2000 киши «аким» болуп, айлык жейт.

Эгер бийликтин шайланма-өкүлчүлүк органдары жөнүндө сөз кыла турган болсок, бу жаатта азыр жалгыз Жогорку Кеңеш гана өз милдетин жамандыр-жакшыдыр аткарып, кеткен акчаны актап жеп жатат. Реалдуу укугу, функциясы жок, тек гана акимчиликтер алдындагы «курчак» болгон соң, райондук, облустук Кеңештерди түзүп, депутат шайлап, каражат коротуунун кандай зарылчылыгы бар? Түшүнүп болбойт. Же, райшааробл Кеңештер өз эрки менен бир маселе чечкенин көрдүңөрбү? Маселен, былтыр Аксыда 6 адам атылып, кандуу жаңжал чыкканда райкеңешти быякка коелу, Жалалабат облкеңеши, депутаттары кайда эле? Эмне чечим чыгарышты?

Бийлик системасын реформалоо максатында өткөн жылы Конституцияга өзгөртүү, толуктоолорду киргизүүдө көңүл борборунун чок ортосунда жогоруда айтылган бирин-бири кайталаган структураларды жоюп, административдик аймактарды бириктирип, ирилештирип, мунун натыйжасында ашка жүк, башка жүк аткаминерлер «армиясын» кыскартуу, башкаруу системасынын эффективдүүлүгүнө жетишүү маселеси турушу керек болчу. Тилекке каршы, жалгыз Президенттин эле эмес, Конкеңешмеге катышкан кыргыздын «каймактарынын» бирөөсүнүн да башына мындай ой келген жок. Тек, колдогу бийлигин бөлүшүп, ар кимиси өз арыгын чабууга жан үрөдү. Ал эми конреформаны «жеңиш» менен аягына чыгарган Президент бийлик структураларын кыскартмак түгүл, тескерисинче, Демократиялык коопсуздук Кеңеши, Абийирдүү башкаруу боюнча улуттук Кеңеш сыяктуу «батадан» башка пайдасы жок органдарды биринин артынан бирин түзө баштады.Алар коомдук башталышта иштейби, же башкачабы, кандай болгон күндө дагы мамказнадан, демек, эмгекчи элдин эсебинен чогултулган каражаттан коромжу болору анык.

Аскар Акаевич аткаминерлер санын жасалма жол менен көбөйтүп, мындай Кеңештерди түзүп, бир ок менен эки коен атууда. Биринчиден, сырткы «кожолор» менен өз элине демократияны өнүктүрүү, бийлик системасынын жүзүн элге буруу максатында катуу аракеттенип жаткандай түр көрсөтөт. Экинчиси: бүт бийликти колго бек уучтап, тактыда узак олтуруу үчүн аткаминерлер армиясынан ашкан ишенимдүү тирек жок экен. Алардын саны канчалык көп болсо, Президенттин жеке бийлигинин өмүрү ошончолук узак. Кыргыз башынан эки адамга болсо да «чоң» болуп, папке көтөргөн аткаминер, аттокурлукту каны-жаны менен сүйгөн калк эмес беле. Бул жагынан алганда азыр «кел-кели» келип турган кез.

Эми бүгүнкү кыргыз аткаминерлеринин «моралдык кодексине» көз жүгүртүп көрөлү. Советтик доордо бийлик системасынын жогорку звеносундагы чиновниктер, парткызматкерлер коммунисттик принциптерге берилгендиги жана ишкердик-адамдык сапатына байланыштуу тандалып алынчу. А азыркы тандоо критерийи-чиновниктердин Президент – «бийлик партиясын» «ашкере урматтагандыгы», атап айтканда, кошоматка кой союп, колго суу куя билгендигине негизделген. А ишкердик, моралдык сапаттардын анча мааниси жок. Мындан чыкты, дайындоочунун да, дайындалуучулардын да өзүнө табышталган иш боюнча мамлекет, көпчүлүк калк алдында эч кандай жоопкерчилиги жок. Аксы окуясынан улам «атагы» жакшы эле чыгып, күздө кызматтан алынган экс-генпрокурор Чубак Абышкаевдин Чүй облсотунун төрагылыгына дайындалганын алалы. «Аксы каргашасына байланыштуу жок дегенде моралдык жоопкерчилик моюнда эле... Эл эмне дээр экен?» дегендей ой дайындоочу Президентти, макулдук берүүчү депутаттарды, дайындалуучу Чубак Абышкаевди анча-мынча түйшөлтөр эле го эч болбосо...

Психологиялык-нравалык өңүттөн алганда, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен Акүйдүн 7-кабатындагысына чейинки кыргыз аткаминерлерин айырмалап, бөлүп карагым келбейт. Баары окшош: «менин», «өзүн» жоготуп, жагымпоздук, жасакерлик менен күн көрүүнү көнүмүшкө айланткан. Кудум аскиядагыдай, кожоюну алдында «Айга окшош күн окшойт»... деп тура берет. Былтыр Аксы окуясы Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйынында талкууланганда 7-кабаттагы «дөө-шаа» чиновниктер да көзгө сайылып турган чындыкты түз айта албай кайпактап,

мүлтүндөгөнүн, айрым депутаттардан анча-мынча ар-на-
мысы бар адамдын жети өмүрүн жерге киргизер ачуу сөз
укканына кайыл болуп, кимдир бирөөлөргө жасакерле-
нип, кылтыңдаганын карап отуруп, «ушинтип» «чоң» бол-
гондон көрө...» деп катуу иренжип, жийиркенгеним бар.
(Кайсактаган «чоңдордун» арасында жогоруда сөзгө алын-
ган Чубак Абышкаев да бар болчу). Албетте, арасында өз
көзкарашы, пикири бар, аны ачык айта билген, абийир,
ар-намыстуу чиновниктер да жок эмес. Бирок, алар «атыл-
бай калган аркардай» аз санда. Анткени андай сапаттагы
адамдардын бийликтин бийигирек тепкичине жетиши,
жетсе да, көпкө кармалып турушу кыйын.

А-бу деген менен, бүгүнкүдөй ыймандык мүнөздөмөсү
үчүн номенклатура адамдарын түшүнө билген оң. Мунун
баарына жалгыз эле алар эмес, президент Аскар Акаев
түптөгөн саясий режим, ага идиректүү каршылык көрсөтө
албай, ушундай «мокочо» деңгээлге жеткирген коомчу-
лук, коомдук аң-сезим айыптуу.

Аткаминерлерге «арналган» кеп учугун жыйып, алар-
дын коомдогу орду, салмагына баа бере келсек, учурда
өлкө өнүгүшүн артка тартып, прогресске баарынан ашык-
ча тоскоол болуп жаткан ушул катмар деп бүтүм чыгаруу-
га туура келет. Биринчиден, аткаминерлердин сарптоосун
мамказынадан айлык алган мугалимдин же врачтын кар-
жысы менен салыштырып болбойт. Аларды багууга оголе
көп каражат сарпталат, мамказнадагы каражат куру та-
лаага чачылып, опсуз коромжу болууда. Бул кичине
өлкөнүн социалдык-экономикалык акыбалына терс таа-
сирин сөзсүз тийгизет. Экинчиден, көпчүлүк алдында эч
кандай жоопкерчилиги жок, атуулдук-патриоттук сезим-
ден да куржалык «моралдык кодекси» менен иштеген но-
менклатура менен башыңы ташка койгуласаң да мамле-
кетте демократия орнотуп, адам укугун коргой албайсың.
Коррупция минималдык көрсөткүчкө түшүп, социалдык-
экономикалык саясат оңолуп кетпеси да өзүнөн-өзү
түшүнүктүү.

*Бизнесмендерде «кулак жокпу?»*

Кыргызстан эгемендик алып, саясый түзүлүш өзгөргөн
алгачкы жылдары коомдук, мамлекеттик мүлктү жеке



менчикке бөлүштүрүү кандай шартта, кандай мүнөздө
өткөнү жамыга жакшы дайын. Коммунисттер 70 жыл ичи
топтогон байлыктын чөмүчтөп чачылгандан калганын бу
жылдары бийликке келе калган «демократтар» менен
мурдагы партбосстор жеке энчисине басып жыгылды.
Бүгүнкү бизнесмен-капиталисттердин негизги өзөгү ушун-
дайча өсүп чыкты. Ал эми, ак эмгек, маңдай тери менен
байлык жыйып, чоң бизнеске аралашкандар өтө аз. Болсо
да, көпчүлүгү кыргыз эмес улуттагылар.

Кыргызстандагы менчиктештирүү саясаты мыйзамдык
жагына келгенде, оркойгон каталыктарга жол берип,
көпчүлүктүн укугу, кызыкчылыгын азчылыктын тебелеп,
тепсөөсү менен жүргөнү көз көрүнөө болсо да, эми эч нер-
се кыла албайсың. Мунун өзү табигый процесс. Ар качан
бийлиги барлар байлыкка оңой ээ болгон, же тескерисин-
че, байлар бийликке оңой-олтоң жетет. Андыктан, бүтүн
өлкө байлыгын бир ууч топ бөлүштүрүп алып, көпчүлүк
сызга отуруп калганына эми ич күйдүлүк кылып, жер
сабай бергенден майнап чыкпайт. Бийлик алмашып кет-
се, өткөн менчиктешгтирүү кайра баштан каралып, тең-
дикте жүргүзүлөт эле деп куру кыялга батуу да аңкоолук.

Канткен күндө да, мүмкүнчүлүгү кеңири бай адам-
дардын көбүрөөк болуп, бизнесинин өркүндөгөнү коом,
мамлекет үчүн пайда. Демек, эми кеп жекеге кеткен бай-
лыкты туудуруп, пайдасын жалпы улуттук кызыкчылык-
ка буруп иштетүү жөнүндө жүрүп,ушул жаатка назар таш-
тоо абзел. А бул өңүттөгү акыбалыбыз кандай?

Өлкөбүздө ишкердиктин өнүкпөй жаткандыгынан улам
экономикабызда өр тарткан жылыш болбой, бечел бойдон
келатат. Кыргыздын бизнес тармагы чыныгы өндүрүш ме-
нен алектенип, олуттуу мүнөзгө ээ боло элек. Бизнестин
цивилдүү түр алып, анча-мынча өркүндөп, мамказанга ка-
ражат түшүрүп жатканы азырынча тейлөө тармагы гана.
Болбосо, «менмин» деген бизнесмендерибиз да негизинен
ири алыпсатарлык менен шугулданат. Өндүрүшкө кунт
коюп,бирдеме өндүрүп чыгарууга дит койгондору чанда.
Ошондуктан Кыргызстан элинин кийингенинен ичкенине,
ал тургай, чеккенине чейин импорттук продукциялар. Эгер
Кыргызстанда кандайдыр бир товар жасалып жаткан бол-
со, ал да чет элдик инвесторлордун энчисине тийиштүү.

Өндүрүшчүл ишкердиктин өнүкпөй жаткандыгына өкмөттүн экономикалык саясаты, салык системасы ж.б. шарттар да бут тосуп жаткандыр... Башка бир себеби биякта. Бирдеме өндүрүп чыгарууга жөндөмдүү ишкана-мекемелерди башкаруучу чөйрө ээлеп алган дебедикпи өйдөдө. А алар мамлекеттик бийлик кызматы, же бизнес- экөөнүн бирин тандабай, бир колго баарын уучтап, эки араан бойдон калууда. Бизнеске баш-оту менен кирип, базар атаандаштыгынын шартында изденип, тытынып иштегенге караганда, колдогу бийлигин пайдаланып, салык төлөөдөн качып, кирешесин жашырып, же контрабандага өтүп, ж.б.у.с. жеңилдиктер менен пайда тапканга жарыша чабат. А азыркы бийлик системасынын тушунда мындай «буйтоолор» үчүн кең жол ачык.

Анан ...? Көмүскө экономика ВВПнын (ички дүң продукциясынын) 20%инен ашып кетет. Контрабанда мамказанга 600 млн. сомдон ашык зыян келтирет. Коркпондон жүрөк түшмөк беле дейби, айтор, Президент, өкмөт мындай «кооптуу» фактыларды эл алдына ачык айтып, «күрөшөбүз» деп убада берип келатат. Бирок көшөгө артында өз билгенин жасай берет.

Мындан тышкары, өндүрүшкө олуттуу киришип, кирешеси артып, «ити чөп жей» баштаган эркин бизнесменге ошол замат «жогор жактын» көзү түшүп, «бөлүшөсүң, болбосо...» деген маанидеги ультиматум коюла баштайт деген кептер бар. Чын эле «жогору жак» «көзү тийген» болсо, Кыргызстандагы сот системасынын шартында эр болсоң өз укугуңду коргоп, мүлкүңдү талашып көр! Ошондуктан, бийлик чөйрөсүнө аралашпаган ири эркин бизнесмендер өз капиталын банкта басып жатканды же чет өлкөдө иштеткенди артык көрөт.

Бүгүнкү бизнесмендер чөйрөсүнүн коомдо демократиялык принциптердин орун-очок алышы сыяктуу жалпы улуттук масштабдагы маселелерге, мамлекеттик саясатка таасир, мамилеси атка минерлердикинен анча айрымаланбайт. «Зубаласы бир жерден үзүлгөн», кызыкчылыктары окшош. Непадам, өз позициясын ачык айтып, көпчүлүк таламын талашып, бийликке, кашкайтарган бирөө-жарымы чыгып калса, ал миң ирет бай, таасирдүү болбосун, заматта «жыланачтап», «катардан чыгарып» коюу кыр-



гыз башкаруучулары үчүн аталадан асан иш. Андыктан өзүнө ашыкча «проблема создавать» эткиси келбеген ишкер тилин тишине катып, «кулда кулак жок» принциби менен жашаганга аргасыз. Ал эми байлык менен бийликти кошо кармап, экөөнү айкалыштыра алып жүргөн «жаңы кыргыздар» бүгүнкү бийлик системасынын, бүгүнкүдөй саясий режимдин жашап турушуна ашкере кызыкдар. Аскар Акаевич төртүнчү эмес бешинчи мөөнөткө баратса деле, тикесинен-тик туруп колдоого даяр.

Көпчүлүк кыргыз «капиталисттеринин» жалпы түшүнүк деңгээли XIX кылымдагы Батыштын «жапайы» капиталисттеринин деңгээлинде. Алганды гана билет, бергенди билбейт, б.а. ар кандай социалдык көйгөйлөр, карапайым элдин муктаждыгы, мамлекеттин кызыкчылыгы жөнүндө кам көрүп, түйшөлбөйт. Кыргыздын ири байларына сергек жарандык жигер, патриоттук сезим дегендей түшүнүктөр эле жат болбой, руханий көрөңгө жагынан да өксүгү чоң экендигин мезгил аныктап атат. Меценаттык кылып, маданиятка, илим-билимге чын дилден (саясий же башка кызыкчылыкка байлабай) колдоо көрсөткөндөрү беш манжа менен гана саналат.

Кыскасы кыргыз бизнесмендер чөйрөсү коомдо өзүнчө катмар катары түптөлүп, өлкөнү прогресске сүйрөчү башкы күчкө айланып, өзүнө тийиштүү ордун ээлей элек. Учурдагы саясий режимдин тушунда андай деңгээлге жетери да арсар.

### *«Бюджетниктердин» аты жаңы, а «затычы»?*

Өткөн күздө аксылыктар Бишкекке биринчи жүрүшүн баштап, Каракөлгө жеткенде: «Шаардын бүт бюджетниктерин топтоп, жүрүшчүлөрдүн алдын торотуп коюптур» деп уктук. Өжөр аксылыктар Үсөн Сыдыковдун каракулжалык талапкерлерине кошулуп, экинчи ирет жүрүшкө чыгып, күтүүсүздөн борбор калаага кирип келди. Ошондо бийликтен адилеттик талап кылган жүрүшчүлөргө каршы «атактуу» айым Токон Шайлиеванын «дирижерлугу» астында митингдер уюштурулуп, «Түштүктүктөр борбордон жоголсун!» маанисиндеги ураан ташталганда: «Ак үйчүл митингге бүт бюджетниктерди кубалап барышыптыр» делип, бу катмар аты дагы бир ирет кулакка жаңыр-

ды. Кыскасы, бюджетниктер аталышы «жаңы», жаралышы өлкөдө саясый кырдаал туруксуздашкан акыркы бир жарым жылга туура келет. Ушул мезгилден тарта лексиконубузда кеңири колдолуна баштады. А «заты» эски, эбак түптөлгөн. «Бюджетниктер» дегенде эле мамлекеттик бюджеттен айлык алгандар, өз атынан айтканда, ЖОЖдордон баштап, бала-бакчага чейинки мугалим, тарбиячылар, өкмөт көзөмөлчүлүгүндөгү медиктер, социалдык, илимий мекемелердин орто звенодогу кызматкерлери көзгө тартылат.

Күзүндөгү акыйчул бир митингдин катышуучусунун эркин радиого берген интервьюсу жадымда турат. Митингчи борбор шаардагы орто мектептин мугалими экен. Кабарчы: «Митингге неге келдиңиз эле?» десе, «Директор жөнөттү» дейт.

«Бүгүнкү бийликти чын дилиңизден колдойсузбу?» деген суроо берсе, «Колдобойм деле го...» деп мукактанат. Аягында: «Аты жөнүңүздү айтып коесузбу?» десе эле, респондент жаа бою качып жоголду.

2000-жылдагы президенттик шайлоодо калк аралаганда дал ушул «бюджетниктердин» көпчүлүк бөлүгү «Аскар Акаевди эле бир добуштан колдойбуз» чакырыгын таштаганын көрүп, «А эмне үчүн?» деген суроого: «Ал бизге азбы-көппү айлык берип багып жатпайбы» сыңарындагы жооп угуп, жакамды кармангам. Эгер Аскар Акаевдин саясатынын багытын, максатын колдойбуз дешсе, же жөн гана «сүйөбүз» деген болсо эрөөн-терөөн жок болчу. Көрсө, биздин «бюджетниктердин» айрым бөлүгү, айрыкча мектеп мугалимдери мамлекет менен мамлекеттик бийликти, анын башындагы президенттин айрымасын жөндөп түшүнбөйт тура. Өзүнүн ак эмгеги үчүн мамказнадан ыйгарылган арзыбаган акчаны, ашык-кеми жок Президент жана анын жан жөөкөрлөрү өз чөнтөгүнөн өөнөп берип жаткандай туюп, ошонун айынан өздөрүн бийлик алдында карыздар сезет экен. Мына, келечек муунга таалим-тарбия берип, болочок фундаменти үчүн кыш кынап аткан «бюджетник» – кыргыз мугалиминин типтүү саясый образы.

Мектеп мугалимдеринен бир тепкич өйдө турган ЖОЖ окутуучусу, доцент, профессорунун саясый түшүнүгү деле



ушул деңгээлде. Студенттерге сабак өтсө, өз темасын унута саясатка өтө чаап, бүгүнкү бийликти, Президентти өлөшыбап, «моокум» кандырган окутуучу шайлоо же референдум келе калса, заматта бийликтин таянган тоосуна айланып, Аскар Акаевге аша берилген үгүтчү болуп кубула калат. Студенттерин «отчисление» менен коркутуп, «үгүттөп» кирет, же болбосо, саясый үгүтчү катары алыскы айлына аттанып жөнөйт. Анан калса алардын «бар» экендиги да бийлик эсине ушундай саясый кампанияларда түшөт эмеспи.

Өлкөдө социалдык-экономикалык кризис тереңдеп, мамбийлик структуралары коррупцияга белчесинен малынган бу кыйчалыш кырдаалда баарынан көп жабыр тартып, сокку-каккы жеген соцкатмар дал ушул «бюджетниктер». Бир айлык эмгеги 500-600 сомго «бааланат». Ал да убагында колуна тийбейт, тийсе да, эки кап унга жетпейт. ЖОЖ мугалимдери студенттен, врачтар оорулардан анча-мынча пара алып тиричилиги үчүн кошумча тыгынчык табат экен, а мектеп мугалимдери жалпы кыргыз коомунда көнүмүшкө айланган мындай мүмкүнчүлүктөн да куржалак. Ошол эле маалда ошолор сыңары бюджеттин моюнунда олтурган бийлик адамдары – аткаминер, аткошчулар кабаттап үй салып, катарлап машине минип, чет өлкөлөп саякатта жүрөт. Мындай оркойгон айрымачылык калыссыздыктын шартында «бюджетниктер» коррупциялашып, «атасын таанибаган» бийлик саясатына келишпес маанай карманып, сынчыл көз караштагы саясый күчтөрдүн уюткусун түзүш керек эле. Жогоруда айтылбадыбы, бизде болсо баары тескерисинче.

Мейли, алардан мындай саясый активдүүлүктү деле күтпөйлү, шыкактап убара болбойбу... Тек, биздин «бюджетниктердин» Конституция кепилдикке алган өздөрүнүн жөнөкөй жарандык укугун коргой албагандыгы, жеке адамдык аброй, сыймыгын сактай билбегендиги жан кейитет. Болбосо, айталы, мугалимдер: «Менин милдетим үгүтчүлүк эмес, бала окутуш. Митингге катышуу, катышпоо да өз эркимде. Билгениңди кылып ал» дээр эле го директор же ректоруна. «Шайлоодо кимге кандай добуш беришти өзүм билем, мага көрсөтмө-буйрук бергенге эч кимдин акысы жок» дээр эле го башкалары...

Өз чен-өлчөмүбүз боюнча караганда, басымдуу көпчүлүк бөлүгү жогорку билимдүү, азыраагында атайын орто билим бар катмарыбыздын саясый сабаты, укуктук аңсезими, эң башкысы адамдык ар намысы жогоркудай деңгээлде болгон соң, нагыз демократиялык коом, укуктук мамлекет куруу тууралуу кур кыялга берилбей эле койгонубуз эптир.

***«Базары жакын байыбайт». Кантип?***

Бүгүнкү Кыргызстан чо-оң базарды элестетет деп жүрүшпөйбү. Калетсиз. Кыргызстан элинин дээрлик үчтөн бири базар аркылуу оокатын кылдыратып атат. «Башка түшсө байтал жорго» экен. Буга чейин ач-жылаңач калса да аксөөк сөөлөт күткөн менталитетин бек сактап келген кыргыз журтчулугу 20-кылымдын аягына келип акыры массалык түрдө базарга ат койгонго мажбур болду. Кайра куруу процесси кайра бузууга айланып, СССР империясы ыдырап, аны менен кошо өнөр жай, айыл чарба өндүрүшү бүт кыйраган экономикалык кризис, кыйчалыш тарыхый кырдаалда постсоветтик өлкөлөрдүн эли, асыресе, кавказдык,ортоазиялыктар эптеп жан сактоонун мындан артык жолун таба албады.

Бир ныптасынан караганда, Кыргызстандагы массалык соодагерлик-базарчылыкты актоого аргасызбыз. А бирок, баштан-аяк жактоого болбойт. Мурда жээриген базарга тездик менен ыңгайлашып, башоту менен кирип кетишин кыргыздын кыйындыгы, улут үчүн прогрессивдүү кубулуш катары баалоо алысты аңдабастыкка жатар. Айталы, Кытайдын арзан товарын колдон-колго өткөрүп, 5-10 сомдон кошуп сатып, бирин-бири алдап, сооротуп күн кечирүүнү кайсы калыпка салып жетишкендик санайбыз? Маселенин мындан тышкары да опуртал тамыры бар. «Базары жакын байыбайт» деп коет эмеспи кыргыз өзү. А бул кепте көпчүлүгүбүз түюнгандан кыйла терең, кең маани жатат. Байлык деген жалгыз эле материалдык түшүнүк эмес, эң ириде руханий түшүнүк. Адамзат үчүн эң башкы байлык – асылнарктуулук. Түпкүлүгү, материалдык байлык ага жандооч катары, адамдагы асыл-нарктуулук, руханий баалуулук үчүн кызмат өтөшү керек. Азыркыдай чектен тыш, массалык мүнөздөгү базарчылык улут угутун ушул өңүттөн иритип, коомду нравалык деградацияга капташы ыктымал.



Билим берүү министрлигинин расмий маалыматына караганда, бүгүнкү күндө республика боюнча 2,5 миң мектеп жашындагы бала мектепке барбайт экен. Расмий статистика ушуну көрсөтүп аткан соң, чыныгы турмуштагы көрсөткүч андан 5-10 эсе арбын болору айгине. А бул миңдеген өспүрүм, улан-кыздар кайда? Базарда. Базар жашоосу, философиясы калыптанып келаткан адам психологиясы үчүн терс таасир берерин жакшы билебиз. А биз анда келечек муунду кайда жетелеп баратабыз? Улуттун генофонду кантет?

Расмий маалыматтар боюнча, 300-350 миңдин тегерегиндеги кыргызстандыктар Россиянын базарларында соода кылууда. Казакстандын базарларында жүргөн кыргыздар да жетишерлик. Кыскасы, 500 миңдин айланасындагы кыргыз б.а. өлкө элинин дээрлик 10 % и, ишке жарамдуулардын төрттөн бири Кыргызстандан сырткы базарларда.

Ички массалык соодагерликтин фонунда тышкы соодагерлик кыргыз коому үчүн кыйла прогрессивдүү роль ойноп, өлкөгө сырттан накталай капитал тартып келип атат. Мүмкүн, алар тарткан каражаттын өлчөмү четтен колдогон «кожолор» сунган грант, кредиттерден көптүк кылар, санап чыккан эч ким жок. Айрыкча, тоолуу, шарты катаал Алай, Каракулжа, Акталаа, Нарын сыяктуу райондордун калкы акыркы жылдары ошол сырткы базарчылыктын дем-күчү менен жашап атканын сезбей коюуга болбойт. Акыркы жылдары социалдык кризис бир нукка токтоп, чоң жарылууга жетпей тургандыгы да ошол «ишкердүүлүктүн» огожосу. Тилекке каршы, кыргыз мамлекети сырттагы өз жарандарынын укугун цивилизациялуу деңгээлде коргоп, кам көрө албагандыктан, кыргыз соодагерлери сыртта толгон зордук, кордукту баштан өткөрүп, жөнөкөй адамдык ар-намысын тебелетип, жапайы жол менен иштөөдө. Ушинтип, сырткы соодагерчиликтен тапкан материалдык пайдабыз андан эселеп ашып түшкөн моралдык залака менен коштолуп, мекендештерибиздин көкүрөгүндө өчпөс зак калып жатат.

Базардагы майда алып-сатарлык менен массалык түрдө алпурушуп олтуруп эле байманасы ашып-ташып кеткен улут жок дүйнөдө. Карап көргүлө, өркөнү өскөн кайсы эл

олтурат азыр базарда? Жок. Жалаң тарыхый өнүгүштөн артта калган, же бир кыйчалыш акыбалга тушуккан элдер. Соодагерлик башкалардын түшүнө кире элек атамзаманда базарга кирип алып, ошондон тарта баш көтөрө арбай байланып, өсмөк тургай, битиреп кеткен улуттар бар арасында. Ошол сыңары, базарга башоту менен кирип, бирок кайра суурулуп чыга албай калуу коркунучу турат бүгүн кыргыздын алдында. Кокус андай акыбалга кириптер болуу – биздей аз, алсыз улут үчүн уңгулуу касиет, рухун жоготуп, биротоло майдаланып, келечектүү журтчулук болуудан калуу дегендик.

### *Пролетариаттын ордун «баскан» дыйкандар*

Бүгүнкү кыргыз коомундагы жалпы көрүнүш: айталы, алды 1 га, арты 1 сотыхтан үлүш жерге ээ болуп, анча-мынча жандык, бирин-экин бодо кармаган элеттиктерди, мүмкүн, дыйкандар атаган деле орунсуздур. Андыктан, дыйкандар дегенди биерде шарттуу түрдө гана колдонуп атам. Бул катмардын учурдагы турмуш-тиричилиги, ой-мүдөөсү ар бирибизге алаканга салгандай дайын. (Кыргыз аттуунун көпчүлүгүнүн тамыры ошоякта). Ошондуктан, майдалап сөз кылып отурбай, бир өзгөчөлүккө гана токтолуп кетким келет.

Акыркы кездери, асыресе, Аксы трагедиясынан кийин элибиздин саясый аң-сезими мурда болуп көрбөгөндөй өстү дегендей пикирлер айтылып жүрбөйбү. Тилекке каршы, турмуш реалийи бул көзкарашты бекемдебестиги жогоруда айтылгандай болду көрүнөт. Жок, чын эле «өстү» деп көгөрө турган болсок, мындай мүнөздөмөнү дал ушул элеттик-тоолук дыйкандар катмарына гана багыштап айтуу керек. Былтыр адилеттик, эркиндик, ар-намыс үчүн Аксыда төшүн окко тоскондор кимдер? Элеттик дыйкандар? Жазда, күздө Аксыдан, анан Каракулжадан саясый талап көтөрүп, жөө жүрүшкө чыгып, жүздөгөн километр жол карытып, дүйнө демократиясынын тарыхындагы сейрек жосунду жасагандар кимдер? Дал ошол тоолук дыйкан-малчылар! Парадокс: «караңгы» (жогорку билими жок дегеним) элеттиктер бүгүнкү кыргыз коомунда өздөрүн саясый жактан эң активдүү, аң-сезимдүү катмар катары көрсөтүп, демилгени колго алууда. Анткени, большевиктер революцияны жүзөгө ашырган 1917-жылдардагы орус пролетариаты сыяктуу эле,



азыркы кыргыз дыйкандарынын да «жоготор» эч нерсеси жок. А эркиндикти аңсоочулук, анча-мынча көкүрөк дегендей толук мүнөздөн куру эмес.

Баса, эмне үчүн жумушчу катмары сөзгө алынбайт деген суроо туулбасын. «Пролетариат диктатурасы» кулаган соң, жумушчу катмары «тап» катары «жоюлуп» кеткен Кыргызстанда.

### *Улуттук интеллигенция*

аталган жогорку катмар болот цивилизациялуу элдерде. А биздечи?

Макалада аткаминерлер, бизнесмендер, бюджетниктер, айтор, кайсы катмар, топ жөнүндө кеп кылсак да, ар биринен кулчулук аң-сезимдин «жыты» буруксуп тургандыгын байкагандырсыңар. Бүгүн тегиз авторитардык бийлик режими өкүм жүргүзүп, а эли башкаларга салыштырмалуу кыйла жакыр жашаган Орто Азия мамлекеттери монгол-татар чапкынынан тарта орус оторчуларына чейин не деген зордук-кордук, кыргын-кыйүттү баштан кечирбеген?!

Алдуу-күчтүү элдердин кылымдарга созулган андай зордугу өз изин салып, улут канына кулчулук психологияны сиңирбей коймокпу! Казак, өзбек, тажик, түркмөндөрдөн да кыргыздар сырткы басым, зордук-зомбулук кесепетин арбын тарткан. Мындан чыкты, кулчулук аң-сезимди (кең маанидеги) коңшулардан күчтүүрөөк кан-жанына сиңирген. А жан дүйнөсүнө мындай сезимди терең сиңирген эл канчалык билимдүү, ышкылуу, маданияттуу болбосун, арасынан улуттун абийир, ар-намысы, ал тургай акыл-эс, мээси дей турган эркин улуттук интеллигенциянын суурулуп чыгышы кыйынчылыкка турат экен. Аша чаап айтылса, айып этпегиле, биз бүгүн «мээси» жок улутпуз. Канга сиңген кулчулук «жынжырын» дүйнөлүк атак алып, жамы түрк элдеринин сыймыгына айланган кадырлуу Чыкебиз (Чыңгыз Айтматов) да үзө албай койду, не дейбиз...

### *Бийлик – Эл*

таасири, алакасы тууралуу эми эки-үч сөз айтса болот. Мамлекеттин өчөөр же өнөөрү үчүн мамлекеттик бий-

ликтин кандайча куралышы 15-20% гана таасир этип роль ойноорун, ал эми калган 80-85%тик таасир жалпы калктын ички потенциалына жараша болорун дүйнөлүк тарых далай тастыктаган. Демек, бүгүн-эртең мамбийлик алмашып, Аскар Акаевичтин ордуна андан 10 эсе мыкты, 10 эсе кыйын кыргыз отуруп калса, бүрсүгүнү кескин өзгөрүү болуп, бечел калган өлкө туруп чуркап кетпеси анык.

Бул жааттан алганда, азырынча анча-мынча көңүл жубатып, жооткотор нерсе: элибизде өзүн-өзү түптөн таанып билүүгө аздыр-көптүр аракет жасалып жаткандыгы. Маселен, жазуучу Көчкөн Сактанов: «үйдө баатыр, жоодо жокпуз». Башка улуттарга жүгүнүп, өзүбүзгө эле кыйынбыз. Намыс-ариет деген бизде жок. Кулчулук психология менен жашайбыз...» - дейт өз эли жөнүндө. Демек, бүгүн кыргыз өзүнүн «кул» экенин билген улут. А «өзүнүн кулдугун билген, кул эмес» деген акылман кеп бар эмес беле... Ошого жараша намыска келчү учурдабыз азыр...

*Посткриптумдун ордуна эки эскертүү:*

**Биринчиси, жалпы сөз болуп жаткандан кийин, жогоруда айтылган анча-мынча ачуу сөздөргө ар-намыстуу мекендештерим терикпейт го деп ойлойм. Экинчиси, мындан 3,5 жыл мурда Чөгөмдөн келип, «Асабанын» босогосун жаңы аттаган кездеги летучкада бир кесиптешим: «Макала жазса эле «мен» деп жазат экен. Же бул баланча байкелер сыяктуу белгилүү личность болбосо...» деп сынтакты эле. Ага карабай «менимди» таштабай келем. А мунуму өзүн жакшы көргөндүк же көрүнгүсү келгендик эмес, эркин көзкараш, жекечил өң-түспөлүн жоготуп бараткан жалпы агымга баео бир каршылык катары түшүнгүлө.**

*(«Агым», 25-апрель, 2003-жыл)*





## ТҮНДҮК-ТҮШТҮК: АЖЫРЫМ ТӨРКҮНҮ КАЙДА?

*Окурмандан каяша*

**Былтыркы жылдын апрель, май айларында Абдувахаб Мониев «Ажыдаардын куйругун баспасаңарчы...», «Түштүк... Кайда түштүк дейсиң?» деген макалаларды жазып, кыргыз элин бөлүп, ээними кейиткен эле. (Абдувахаб Мониев, мен сизди түшүнбөдүм. «Кыргызбай, сен кайсы элдерсиң?» деген акыркы макалаңызды да окуп чыктым. Кыргызды уруп, уруп кайра сооротқондой жазат экенсиз. Эгер сиз кыргыздын атуулу болсоңуз, эмне үчүн элди экиге бөлүп жатасыз? Макалаларыңызда элди түндүк-түштүккө бөлүп, өзбектерге жан тарткандыгыңыз байкалат. «Агымчылар» эмне үчүн сиздин бул ойду түшүнүп, туура чечим чыгарбаганына таңмын). Жакында «Агымдын» 25-апрелдеги санына Акылбек Аалынын «Түндүк-Түштүк: куштун эки канатындай... Ошонун бирин кайрып жатпайсыңарбы, аркалык туугандар?!» аттуу түндүк-түштүк маселеси тууралуу макаласы жарыяланып, төбө чачымы тик тургузду. «Сөз кезеги келгенде айтпасаң, атасы өлөт» дейт, аларга каяша айтып коюуну чечтим.**

**Тууган күйдүрүп, дос сүйдүрүп айтат. Кыргыз деген башынан эле бир элбиз. Ортодо бөлүнүп, жарылууга, араздашууга эч кандай негиз жок. Чүйлүк кыргыздар илгертен эле тышкы душмандардан өздөрү коргонуп келген. Эч жакка качкан эмес. А кийин Шабдан баатыр болбосо, Наманган, Фергана, Кокон, Алайдын кыргыздарын мыкаачы казак-орустар кырып таштамак. Шабдан баатыр көптөгөн түштүктүктөрдү коргоп калган. Колго түшүп калган Курманжан датканы өзү кепилдикке алып, орус туткунунан бошотуп алган...**

*Осмонбек Иманалиев,*
*Бишкек шаары, Онарча көчөсү, 53.*

Кабарчы: - *Үй-бүлөңүз тууралуу айта кетсеңиз?*

Ж.Аманбаев: - *Биздин үй-бүлө - интернационалдык үй-бүлө. Бир уулумун келинчеги орус улутунан. Экинчи уулум Түштүктөн үйлөндү...*

***(Айтылуу партбосс Жумгалбек Аманбаевдин 90-жылдардын башында бир гезитке берген интервьюсунан)***

*(Биринчи макала)*

Акыркы кездери «Түндүк-Түштүк куштун эки канатындай» деген элестүү аныктаманы арбын урунчу болдук. Бирдеме болсо эле «бир канаты кайрылса, экинчисине зак кетет» деп тура калабыз. А эмне үчүн Түндүк, Түштүк биригип, куштун бир бүтүн жүрөгү эмес?! Көрдүңөрбү, ажырымды жымсалдап, биримдикти чындамак ниетинде колдонгон аныктама – салыштыруубуздун өзүнөн эле ортодо кандайдыр бир «мандем» бар экендиги, ачыгырак айтканда, анжияндык, аркалык кыргыздар али да толук кандуу улут катары ашташа албай келаткандыгы каңкууланып турбайбы.

Ошол «мандемдин» бир учугу аксылык Акылбек Аалынын *«Түндүк-Түштүк: куштун эки канатындай... Ошонун бирин кайрып жатпайсыңарбы, аркалык туугандар?!»* *(«Агым», 25-апрель)* аталган, окумал чөйрөдө резонанс жараткан макаласынан да чубалып чыгып, ачуу жаңырды. Ырас, макалада ортодогу айрымачылык: Түндүк кыргыздарынын кордукка туруштук бере албаган коркоктугу, арсыздыгы, а түштүктүктөрдүн ар кандай кысым, кордукка туруштук берип, кол кайтарган жанкечти кашкөйлүгү тууралуу бир кыйла ашыра чаап, көбүртүп-жабыртыла, чучукка жетер ачуу сөз менен катуу айтылган. А келтирилген жүйөлөр тарыхый фактыларга негизделген карандай чындык. Автордун өз оюн аша чаап айтып, боекту коюлап сүрткөнүн түшүнсө болот. «Манастан» эле айгине эмеспи, кыргыз башынан төөнү тоодой көрсөтүп, кандай иш болсо да эселентип, экилентип, көбүртө айтып-дегенге көнгөн, ошону сүйгөн калк. Жөн айтсаң, анча-мынча нерсе жүрөгүнө жетип, көөнүн бурдура албайт. Акылбек Аалы аркалыктардын дарегине багыштаган ачуу сөз, катуу сын менен жалпы кыргыздын ар-намысын ойготкусу келгени көрүнүп турбайбы. Анан антип ашыра айтпаганда кантмек. Ал эми кыргыздын бул талуу маселесинин бүгүн кескин козголо калганы да түшүнүктүү. Анын себеби, айтылуу аалым Салижан Жигитов убагында жеткире «диагноз» койгондой, Түштүктүн



өксүк комплексинде жатат. Биз, түштүктүктөр ар качандан бир качан ушул өксүк жагыбызды колко кылып, анын тегерегинде маселе көтөрө, ачуу чаңырып, аркалыктарга курулай айбат көрсөткөндү адатка айлантып баратабыз.

Өксүк комплекси демекчи, СССР тушунда эле Кыргызстандын Түштүк регионунун Түндүккө караганда социалдык-экономикалык, маданий, айтор коомдук өнүгүштүн кай жагынан болбосун артта калгандыгы, республика бийлиги бул регионго далысын салып, а Арканын эли оштуктуктарга экинчи сорттогу калк сыңары теңсинбей, текебер мамиле кылып келгендиги тууралуу буга чейин айтыла берип тил тешилгендей болду көрүнөт. Тилекке каршы, андай акыбал Кыргызстан өз алдынча болгону оң жагына өзгөрүп кеткен жок. Өлкө туташ экономикалык кризиске батып турган чакта Түштүктүн экономикалык-социалдык көйгөйүн чукуп отурбай, моралдык-психологиялык көп эле серп салалы. Осмонбек Иманалиев аксакалдын жогорудагый кыжырын келтирип, мага «өзбекчил» айып тактырган былтыркы макалама кайрылууга туура келет... *«Кыргыз жерлерин өзүмбилемдик менен ээлеп алган Өзбекстандын өктөмдүгүнөн улам бир айылынан экинчисине өталбай, азап тарткандар, чегарада өзбек автоматынан мерт болгондор кимдер? – Түштүктүктөр! Эки жыл катары менен кайдагы бир селсаяктар каерди басып кирип, кан төктү?! – Түштүктү! Алардын шылтоосу менен кайра эле «түбөлүк досубуз» Өзбекстан каерди бомбалап, кана-байрам кылды? – Түштүк айылын! Дагы бир «түбөлүк досубуз» Казакстандын талаасында жөнөкөй адамдык укугунан ажырап, кимдер кор болуп жүрөт? – Түштүктүн өкүлдөрү! А Кыргызстандын бийлиги өз элинин укугун башкалардын алдында коргой албай, жоого тепсеткени, автомат огунан өлгөн атуулдарынын кунун куйй албай мүңкүрөткөнү, баары, баары аздык кылып аткансып, бечара түштүк элинин бешенесине эми өздөрү ок кадап, канын төгүп отурат»* деп жазган элем Аксыдагы кан төгүүдөн кийин. (**«Ажыдаардын куйругун баспасаңарчы?» «Агым», 2002-жыл, 2-апрель**).

А бирок, Аксы окуясынан кийин деле кыргыз бийлигинин Түштүккө карата саясаты, мамилеси өзгөрүп кеткен жок. Ага адилеттик талап кылган түштүктүк жүрүш-

чүлөрдү борбор шаардан депортациялаган өткөн күздөгү аракети ачык далил.

Эми өлкөдөгү бийлик менен байлыктын бөлүштүрүлүшү жагдайындагы азыркы акыбалга назар таштап көрөлү. Акылбек Аалынын чуулуу макаласы жарыялаган ошол эле «Агымдын» санындагы көзкарандысыз социолог А.Кадыровдун иликтөөсүн карагыла. Кыргызстандын жалпы калкынын 53%ин түзгөн Түштүк элинин өкүлдөрү мамлекеттик башкаруу органдарында 6%тик үлүшкө ээ экен. Түштүк тобу президенттин, өкмөттүн аппаратында 4 %, фискалдык кызматта 18%, укук коргоо органдарында 5% орун алыптыр. Албетте, А.Кадыровдун иликтөөсүн толук чындык катары кепилдикке ала албайм. А бирок социолог анча-мынча апыртып койгон кезде деле ортодогу оркойгон айырмачылык, теңсиздикти жашырып коюу кыйын.

Акыркы кездери ушул сындуу чоң өксүк, кемтигибизди те калмак доорунан берки тарыхыбызды ортого салып, Акылбек Аалы сыңары, аркалыктарга тарыхый өңүттө кыр көрсөтүү менен «компенсациялап», өзүбүздү соороту жолуна түшкөн сыяктанабыз... А бирок, бир ууч тобу өлкө бийлигин бек кармап, өтүгүн төргө иле баштаганына маашыр болгон түндүктүктөр биздин мындай кыр көрсөтүүбүзгө деле маани бербейт көрүнөт. Болбосо, бүтүндөй регион эли *«бийлик дегенде бели эки бүктөлгөн, жетелеген жакка кете берген, оозунан уу шилекей чачыраган, бир табак ботко үчүн намысынан тайган»* делип сыпатталып аткан соң, жок дегенде, аркалык интеллигенция өз намысын коргоп, каяша айтып чыкпайт беле?!

Укмаксан-билмексен болуп тымпыюунун да бир себеби бар. Мамлекеттик бийликти колдон чыгарбай келаткан аркалыктар кыргыз тарыхына улуттук масштабда эмес, уруучул-регионалдык өңүттөн маани берип, тарыхты өз мүдөө, кызыкчылыктарына ыңгайлап оңдоп-түзөп, бурмалап, будамайлап келишкен эле мурдатан. Акыркы кездери бул жагдай сынчыл көз караш калыбынан таптакыр чыгып, бурмалоо аракети ансайын күч алды. Бара-бара түштүктүктөрдү «сооротон» «тарых» да колдон чыгат көрүнөт.

Жогоруда Осмонбек аксакал эскерткен Шабдан баатырдын баянын мисалга алалы. Кеминдик Шабдан Жантаевдин 1876-жылы өзүнүн жигиттери менен орус аскерлеринин «Алай жүрүшүнө» катышып, алайлык Абдыллабек Алымбек уулунун кошуунун талкалоодо жол көрсөткүч болгондугу, кийин орус падышачылыгынан аскердик чин, сыйлык алгандыгы тарыхый документтер менен тастыкталган чындык. Ал эми анын ортого түшүп анжияндык кыргыздарды орус кыргынынан сактап калгандыгы, данакер болуп ынтымак орноткону тууралуу эл оозунда да, тарыхый документтерде да эч кандай маалымат жок. Ошого карабастан, ал тууралуу жазылган китептерде, ал тургай, Кыргызстан тарыхы боюнча мектеп, ЖОЖдордун окуу китептеринде да Шабдан Жантаев түштүктүктөрдү кыргындан сактоочу, кордуктан куткаруучу катары сыпатталып жүрөт. Ага кыргыздын XIX кылымдагы ири тарыхый ишмери, улуттук баатыр катары баа берилип, маарекеси дүңгүрөп, заңкайган айкели тургузулду.

Талаш жок, Шабдан өз мезгилинин үлкөн инсаны. Анын орустардын аскердик жүрүшүнө катышкандыгын деле өз мезгилинин саясынан карап, туура кабылдаса болот. Анан ага болбой эле, болбогон ишти болду деп, аны куткаруучу, сактоочу катары курулай даңазалап, тарыхый чындыкты бурмалоонун кандай кажети бар эле. Эгер ушинтип тарыхка жалгандан жамаачы салуу менен Түндүк-Түштүк ажырымын бүтөп, ынтымакты чыңдагыбыз келип атса - чоң жаңылыштыгыбыз. Мындай ыкма кайра ортону ыдыратат. Биримдик, бир бүтүндүккө тарыхка тарыхтай мамиле кылып, ачуусун ачуудай, таттуусун таттуудай алып чыгып, баарына сынчыл көз менен карай билгенде гана жетүүгө болот.

А-бу деген менен, тарыхты «буйлаланган төөгө» айланткан жогоркудай көрүнүш деле түштүктүктөрдүн өксүк жагына бир мисал. Тилекке каршы, кемчил, өксүк жагыбыз үчүн айыпты өзүбүздөн издебей, дале түндүктүктөрдөн, түндүктүктөр кармаган бийликтен издегенден жогору көтөрүлө албай келатабыз. Андыктан, «болуптур, силер чын эле ар-намыстуу, билимдүү, кордукка каршылык көрсөткөн касиетке эгедер журт экенсиңер, а эмне үчүн ар качан пас болуп, жетинбей, даттанып эле басып жүрөсүңөр?» деп жарга такаса болот аркалык бирөө. Ырас эле, Акылбек Аалы айткан абалкы намыскөй, кашкөй сапаттар бүгүнкү

анжияндык кыргыздарга канчалык деңгээлде таандык? Бул тууралуу кийинкиде сөз болсун.

***(Экинчи макала)***

*«Бийлик тизгини башынан Түндүк кыргыздарынын колунда» дегениң натуура, бала! Ишенбесең, муну кара: Абдыкадыр Орозбеков – Жусуп Абдырахманов – Исхак Раззаков – Турдакун Усубалиев – Абсамат Масалиев – Аскар Акаев. Көрдүңбү, Кыргызстан бийлигин аркалыктар менен анжияндыктар кезектешип, тең эле кармап келатат» деп каяша айткандар чыкты арада. Акыбал ырасында эле ошондойбу?*

Сынтаккандар адегенде эле чаташтырып алган. 37-жылдын капшабына кабылган кыргыздын чыгаан уулдары А.Орозбеков да, Ж.Абдырахманов да республика бийлигинде биринчи адамдар болгон эмес. А.Орозбеков 1925-жылдан 27-жылга чейин, Ж.Абдырахманов 27-жылдан - 33-жылга жеткенче Кыргызстандын Эл комиссарлар советинин төрагалык милдетин аткарышкан, демек, өкмөттү гана башкарышкан. Биерде А.Орозбеков репрессияга чейинки кыргыз бийлик чөйрөсүнө аралашкан жападан жалгыз анжияндык кыргыз экендигин гана белгилеп койсо болот.

Республикадагы мамлекеттик-партиялык бийликтин эки тизгин, бир чылбыры 1950-жылы гана түптүү улуттун өкүлүнүн колуна тийип, Исхак Раззаков Кыргыз ССР КП БКнын биринчи катчысы болуп дайындалган. И.Раззаков Лейлекте туулуп, түштүктүк атанганы эле болбосо, 9 жашынан Тажикстан, Өзбекстанда окуп-тарбияланып, Ташкенде иштеп, мамлекеттик-партиялык башкаруу ишинде жетишерлик тажрыйба топтоп, кызмат тепкичинде жетишерлик бийиктикке жетип, 45-жылы гана мекенине келип отурат. Демек, ал большевиктик-өзбектик кадр «армиясынын» туундусу. Түштүк эмес, жалпы кыргыз кыртышына жат, бөлөк эл-жердин сынынан өтүп, бөлөк менталитетти канына сиңирген адам.

Оштук биринчи делген менен анын мезгилинде деле Кыргызстанды «улуу агалар» жана аркалык элита бийлеген. Моюнга алыш керек, агезде Түштүк региону тың кадрларга өтө жарды болчу. Жадагалса, аркалыктар алыскы айылдарына чейин барып, бала окуткан. Экинчиден, И.Раззаков коммунисттик духка катуу ынанып, «кыргызчыл» сезимдерден оолак жетекчи болгон соң, өз жердештерин көтөрмөлөп чоңойтуп, орчундуу кызмат орундарына отургузганга деле күч үрөбөптүр. Бүгүн анын башкаруу ыкмасы, жасаган иштери, бүтүндөй бийлөө мезгили өтө жогору бааланып, жетекчилиги идеалдуу, үлгү катары көрсөтүлүп жүрбөйбү. Кошулуу керек. А кошумчалай кетчү нерсе, И.Раззаковдун башкаруусунун идеалдуу бааланышынын бир себебин, анын бийлик мөөнөтүнүн да идеалдуу мөөнөт – 10-11 жылга созулгандыгы менен түшүндүрөр элем.

Андан кийин түндүктүк Турдакун Усубалиев кандайча журт сурап, республика бийлегенин журт жакшы билет. Мында Салижан Жигитов айтмакчы, 25 жыл – туура чейрек кылым ордунан козголбой отуруп алгандыгынын өзү табигый өнүгүшкө каршы, жат көрүнүш экендигин белгилей кеткен жетиштүүдүр. Баса, бу маалда карапайым калктын сүймөнчүгү Төрөбай Кулатов аксакал да ордунан жылбай отурду Түштүккө көргөзмө катары.

Т.Усубалиевден кийин кезеги келген оштук Абсамат Масалиев кайра куруу шапатасы менен коом өзгөрүп, эркиндикке анча-мынча жол ачылганына карабай, өз алдынча, чечкиндүү бийлик жүргүзө албай, чайналып калды. Ошентип, Маскөө кезеген «сөөмөй» менен бийлик машинасын дале Түндүк мыктылары кыймылдатып турду.

Киселев, Семенов, Рябоконь сымал «орус десантынын» өзүм билемдигине каршылык көрсөтүп, улут намысын, адилеттикти туу тутуп, партиялык чөйрөдөн биринчи баш көтөргөн кыргыз Абдыразак Султановдун окуясын алалы. А.Масалиев чындык А.Султанов тарапта экенин көрүп-билип турса да, коргоп калалбай, орус шовинисттерине курмандыкка салып берди. Ушул сыяктуу эле, кыргыз тилине мамлекеттик статус берүү сыяктуу жалпы улуттук маанидеги маселелердин чечилишинде чечкинсиздик кылды. Кыскасы, улуттук аң-сезим дүргүп турган ошол мезгилде кырдаал тамырын таап, сергек туя билбеген чоркок, мококтугу, ишенимдүү команда да курай албай, калың калктын ишенимине да кире албагандыгынан улам колундагы бийлигин эрте жулдуруп ийди. (Азыр ардактуу аксакал Абсамат Масалиевдин тазалыгы, түздүгү, чынчылдыгы сыяктуу асыл адамдык-жетекчилик сапаттарын аңыз кеп кылып, өзгөчө

сыйлап жүрөбүз. Албетте, сыйга татыктуу. Анан ошого катар эле кемчилик жактарын эскере жүргөндөн деле алыстабайлы. И.Раззаковдун жетекчилигинин деле кемтик жактары бар, тарых үчүн аны деле белгилей жүргөн эп.

Мынча болду, айта кетели, кыргыз элинин көп өксүп, жетинбей жүргөндүгүнүн бир себеби, кыртышында адилет тарых соту, сынчыл тарыхый эстутумдун орун таба электиги. Ошол себептүү кечээ улут канатын кайрыган адамдарды бүгүн улуттук-мамлекеттик баатырга айлантып, кастарлап атабыз. Эртең да ушинтсек, эзели жарыбайбыз.

*Түндүк-Түштүк деп бөлүнгөн регионалдык ажырым жалпы кыргыз элинде, карапайым калк канында жок, мунун баары саясатчылардын чыгарган «оюну» дейбиз ар качан. Анан эле «бөлүнгөндү бөрү жейттеп» жамы кыргызды ынтымакка чакырып, чың биримдик орнотуунун жолдорун издей баштайбыз. Бөлүнүү чындап эле калың букаранын көөнүндө жок, тек, ортодогу тарыхый-географиялык, социалдык-экономикалык, психологиялык айырмачылыктар түрткү берген саясый мүнөздөгү проблема болсо, аны бокочо көрсөтүп, жоебуз деп жапатырмак күрөш жарыялоонун кандай зарылчылыгы бар?*

Эч кандай кажети жок деп айтар элем. Эгер өлкө бүтүндүгүнө шек туудурар кооптуу жагы жокко чыкса, бул ыңгайдагы саясый таймаш цивилизациялуу, таза патриоттук деңгээлге өсүп жетсе, Түндүк, Түштүк партиялары түзүлүп, саясый айдында атаандаша аракеттенишсе, каршы чыкпас элем деп жазган элем былтыркы бир макалада. Андан берки бир жылдагы коомдук-саясый кырдаал, окуялар бул оюмду ансайын бекемдеп, бышыктады.

Карагыла, чектен ашып бараткан бийлик саясатына Түштүк эли, түштүктүк саясатчылар гана каршылык көрсөтүп, туруштук берүүдө. Аркалык саясатчылар секин-секин катардан чыгып отуруп, саясый оппозициянын өзөгүн эле эмес, бүт тулкусун түштүктүктөр түзүп калды азыр. Көрсө, кыргыз коомунун менталитетинин шартында саясый оппозиция ушул Түндүк-Түштүк ажырымынын «жардамы» менен гана жашап, ушул регионалдык бөлүнүүчүлүк аркылуу гана кармалып турат экен. Жакшы билебиз, саясый оппозиция мамбийлик аракетин мам-



лекеттик, элдик кызыкчылыкка буруп камчылап, үстүнөн элдик тескөө жасоону уюштуруунун бирден-бир куралы. Оппозициялык күчтөр жашабаган Кыргызстанды элестетип баккыла, момун карапайым калк бир паста бир ууч истеблишменттин айдаган жагына «оттогон» койго айланып, «политүйбүлөнүн» «жетишкендиктерине» жапатырмак кол чаап, өздөрүнүн, мамлекеттин тагдырына кайдыгерлик сазына сүңгүп кетмек...

Демек, арканды узун таштап, өлкө тагдырын ойлосок, «бөлүндүк-өлдүк» деп жер сабай бербей, кайра Түндүк-Түштүк саясый атаандаштыгына түрткү берип туруу керектигин бүгүнкү күн реалийи улам айкындап баратат.

Кыргызстандын бөлүнүп-жарылышына кызыкдар, андыктан ортого өрт коюуга деле белен сырткы күчтөр жок эмес. Ушул максатта айрым «түбөлүк досторубуздун» атайын кызматтары жашыруун иш жүргүзүүдө деген маалыматтар да каңгып жүрөт. Борбордук Азиядагы геосаясый кырдаал да бир топ татаал. А жогорудагы Түндүк-Түштүктү «бөлүп-жаргыч» ойлор ушул сыяктуу кооптуу жагдайларды эске алуу менен, мындан ары «бөлүнүп кетебиз, телинип кетебиз, Өзбекстанга кошулабыз, Россия койнуна киребиз» маанисиндеги аргасыз «айбаттар» угулбашы, өлкө тегиз өнүгүп, Кыргызстандын бүтүндүк-эркиндиги толук сакталган улуттук кубаттанууга жол ачылышы максатынан келип чыгууда.

*Түштүктүн жигиттери кыргыз жеринин бүтүндүгү, элдин, мамлекеттин намыс, кызыкчылыгы үчүн жанкечтилик менен күрөшүп келатышат. А Түндүктүн мыктылары башын кумга катып, намыс-арын деле жер менен кошо сатып жиберүүгө даяр деген маанини туюнтту аксылык жигит өз макаласында. Анткенге жүйө бар дегилечи. Ошентсе да түштүктүк саясатчылардын бакисин намыскөй, кашкөй, патриот санап, мындай оң сыпаттаманы дүңүнөн ыйгара коюу кай деңгээлде негиздүү деген собол туулбай койбойт, чынбы?*

Менин билишимче, саткын, эки жүздүү, кошоматчы, коркок дегендей терс мүнөздөмөлөр буга чейин Түштүк тыңчыкмаларына көбүрөөк берилип келген эле... Бир болгон иш: 95-жылкы президенттик шайлоонун алдында оштук бир топ мыктылар президенттикке талапкер Абса-

мат Масалиевге барып, бир жерге чогула өзүбүзчө кеңешип, масилет куралы деп сөз бекитишет. Белгиленген күнү белгиленген жерге Абсамат Масалиевич барса, бир илим кандидатынан башка эч ким жок. Экөө күтүшөт, күтүшөт, бирок убадалашкан «кыйындардын» бирөө да басып барбай коет...

Акыркы бир жылдагы коомдук-саясый кырдаалга назар салалы. Бүгүнкү аркалык башкаруучулар жеке бийлигин сактап калуу, дагы да көр дүйнө топтоо сыяктуу өздөрүнүн тар кызыкчылыктарын мамлекет, эл мүдөө-талабынан өйдө коеру айгине болгону качан?! Ошон үчүн кыргыз жеринин бир өңүрү чет элге кетишине деле кайыл, өз калкынын маңдайына ок кадоого деле даяр экен. Алар «бийлик бизде болгон үчүн эле, оштуктар бийлик талашып, жөн жерден чыр чыгарып атат» дегендей куралдоо менен аркалык букаранын көбүн муютуп, баш көтөргүс ыкка көндүрүп алышты. «Бийлик өзүбүздүкүлөрдө» дегендей курсезим менен аркалык карапайым калк да «курсак тойгузуп» каниет кыла баштаптыр... Ошондой болгон күндө деле, Осмонакун Ибраимов башкы идеолог, Курманбек Осмонов башкы юрист-кеңешчи, Кубанычбек Жумалиев жашыруун акылкошчу катарында башкы ролдорду ойноп, Абдиламит Матисаков, Эсенбай Калдаров башкөз болгон калемгерлер информациялык «майданда» жанкечтилик менен «салгылашпаса», Түштүктүн интеллигенциясы, жазуучулары, ардактуу аксакалдары аларга ынтымак-биримдикке жамынган ураан-чакырыктар менен дем-күч берип турбаса, Үзөңгү-Кууш, Аксы окуяларында бийлик мамлекет намысына көлөкө түшүргөн өз мүдөөсүнө жетмек эмес. Бийлик Түштүк элитасынын ушул сындуу арзанбаа, арсыз бөлүгүнүн көмөгү, бийлөөчү топтун үчүнчү планында жүргөн Түштүк тынчыкмаларынын кол кабышы аркылуу шайлоо, референдумдарда ар качан 100% тик жеңишке жетип, анын натыйжасында төрдөгү өтүгүн улам түндүккө жакындата илип, калың калкты тоотпой баратат.

Түштүк элине жана Турсунбек Акунга жасалган акыркы өкүм-зордук-адилеттик издеген аксылык, каракулжалыктардын камалып, борбор шаардан кубаланышы, Каракулжа, Мырзакеде көпчүлүк шайлоочулардын укугунун



көз көрүнөө тепселиши ошол эле каракулжалык чиновниктер О.Ибраимов, К.Осмоновдордун акылы менен жасалган деген кеп айтылып жүрөт. Адамды сүйбөгөн адамзатты сүйүп жарытпайт деген акылман сөз бар эмеспи. Өз жердештерине ушундай мамиле кылып жаткан соң, Түштүктүн бул тынчыкмаларынан Кыргызстанга кандай жакшылык күтүүгө болот?!

Арсыз, арзан баалыгынан улам, Түштүк тынчыкмаларын бири-бирине кайраштыруу менен ийгиликке жетүү ыкмасын чебер колдоно баштады азыр бийлик. Маселен, Кара-Кулжанын чуулгандуу шайлоосунда «сени депутат кылабыз» деп көкүтүп, Жолборс Осмоновдун арызы, аракети менен Үсөн Сыдыковду жыга чабышкан эле. Анан чечүүчү кезге келгенде Осмоновго далы салып, андан да чөнтөктүүрөөк Замир Парманкуловду сүрөп чыкканы, арызчыл Осмонов «муну билгендечи...» деп бармак тиштеп жүргөнү аңыз азыр... Ошентип, Каракулжа, Карасуу округдарындагы жакынкы шайлоодо жалаң «акчабайлар» депутат болду. Өкүнүчтүү, буга чейин активдүү, демократиялык сабаты жогору делген Түштүк электораты да моюп, бийлөөчү менен акчалуунун ыгына белин алдырып бараткандай...

*Түштүк лидерлери, карапайым калкы бийлик кезеги эми бизге келди деп билек түрүнө баштаган маал. «Түндүктөн дагы бир президент келсе оңдурбайт» дейт Акылбек Аалынын жумушсуз инженер каарманы.*

*А ушундайча ыңгайда бийлик бөлүштүрүп, кезектештүрүүнүн канчалык жүйө, негизи бар? Келерки так талашта түштүктүктөрдүн шансы кандай?*

Белгилүү философ-саясатчы Жумагул Сааданбековдун Түндүк, Түштүктөн кезектешип президент шайланышын Конституцияга киргизүү керек деген пикиринин кайсы бир деңгээлде жөнү бар. Бирок, мындай өңүттө бийлик алмаштыруу конституциялык норма катары каралбай, табигый жол менен жүзөгө ашып турса туура болмок. Анан да, мен Ж.Сааданбеков сыяктуу мындай кезектешүүнү Түндүк-Түштүк деп бөлүнүп-жарылып, чырлашууга бөгөт коюу үчүн гана эмес, жөн гана жалпы мамбийликтин натыйжалуу ишмердигине түрткү болуп, мамлекет кубатын арттырууга аз-маз болсо да өбөлгө болор деген ниетте зарылдык санайм...

Суу агымы токтоп, көлчүккө айланса не болот? Сасып-ирип, түрлүү курт-кумурска, бака-балырдын уюгуна айланат. Бийлик табияты деле ошондой. Ошол себептүү өз мөөнөтү менен тез-тез алмашып, «агып» турганы ийги. Регионалдык ыңгайда кезектешүү бийликтин мөөнөтү менен алмашып, тез эле жээк-жаатташып, клан-жылаандашып кетмей касиети күчтүү кыргыздык бийлөөнүн каны дурусураак тазарып, агарып турушуна аз-маз болсо да түрткү болмок.

Санай келсек, ырасында эле түштүктүктөрдүн бийлик кезеги келип калыптыр. Кийинки кезде күчтүү патриоттук жигер, намыстуулугун көрсөтүп, арбыныраак запкы көргөн, өлкө калкынын дээрлик 53% и жашаган Түштүктүн саясатчылары мамлекетти башкаруу үчүн моралдык жолдомону толук колго алды. Түштүктүн кадрдык потенциалы эми мурдагыдай алсыз эмес. Профессионалдык, интеллектуалдык сапаты, саны жагынан, асти, аркалыктардан кем калышпайт. Бийликти колго алып, өлкөнү башкарууга толук жарамдуу.

Ошого карабастан, Түштүк саясый элитасынын бу жолу бийликке жетер-жетпеси арсар бойдон. Мунун баары ата-бала Масалиевдер, Мамат Айбалаев, Үсөн Сыдыков, Курманбек Бакиев, Исмаил Исаков, Досбол Нур уулу, Абдыганы Эркебаев, Азимбек Бекназаров, Өмүрбек Текебаев, Турсунбай Бакир уулу, Бакыт Бешимов, Марат Султанов, Адахан Мадумаров, Дүйшөн Чотонов, Баяман Эркинбаев, Бектур Асанов өңдүү Түштүк саясий лидерлеринин канчалык деңгээлде биримдикке келип, тил табышышына байланыштуу. Эгер баары биригип, бир адамдын талапкерлигине токтолуп, таптап, сүрөп чыгышса, жеңиштин 99% ин азыртан эле алардын энчисине ыйгарса болот. Эки адамдын тегерегине биригишсе деле жаман эмес, 15 жылдык акаевдик режимден жедеп тажап бүткөн кыргыздын түндүк-түштүгү бирдей эле ошол «экинин бирин» тандаарына шек жок. Тилекке каршы, Түштүк лидерлеринин, оппозициялык маанайдагы түндүктүк саясатчылардын азырынча бир бүтүмгө келер түрү, бир эмес, беш топко бириге турган да кейпи жок. Ар бири өзүн эр ойлойт.

*(«Агым», 16-19-май, 2003-жыл)*





## АБДУВАХАБ МОНИЕВ: «ПРЕЗИДЕНТТИ ЭМЕС, ЗАМАНДЫ ТАНДОО КЕРЕК»

*Шайыргүл Тойчиева (Бишкек шаары):*

**- Вахаб аке, саламатсызбы! Мен өзүм Оштон келгем. Айылдан шаарга сүрүлүп келип, жаман жолго түшүп, кылмыштуу иштерге барып жаткан же жөн эле колоктоп убактысын бекерге короткон жаштарды көрүп жүрөгүм ооруйт. Буга ким күнөөлүү? Эмне үчүн бийлик жаштар проблемасына көңүл бөлбөйт? Сиз кандай ойлойсуз?**

- Туура, жаштар проблемасы бүгүн көкөй кескен өтө кейиштүү проблемалардын бири. Бул проблеманын тамыры өтө тереңде - өлкөбүздөгү социалдык-экономикалык, руханий-нравалык кризиске барып такалат. Анын баарын айтып отурса, өтө көп сөз. А «ким күнөөлүү?» дегенде, «Баарына бийлик күнөөлүү» деген оңой жооп менен кутулгум келбейт. Акыркы күндөрү биз «бийлик күнөөлүү» деп кол шилтеп, балээнин баарын бийликке оодара койгонду өнөкөткө айландырып албадыкпы. Муну мен жоопкерчиликтен качуу, өзүн-өзү алдагандык, алаксыткандык деп түшүнөм. Антип кол шилтегенден мурда ар бирибиз Кыргызстанды туташ кризиске кептеп, жаштарды тентиткен «жаман» бийликти жакшыртуу үчүн эмне жасадык, кандай аракет кылышыбыз керек эле? - муну ойлошубуз керек. Өзүбүздү өзүбүз өстүрүү, турмушубузду оңдоо үчүн не иш кылып жатабыз? - аны ойлоп, талдашыбыз, өзүбүзгө отчет беришибиз керек да, туурабы? Бизде азыр мамлекеттик бийликтин өзү проблема болуп атса, анан жаштар проблемасы үчүн да бийлик күнөөлүү деп «өлгөндүн үстүнө көмгөн» кыла бергенден не пайда?

**- Азыр мен «Нурборбор» деген жаштардын чыгармачыл ийримине барып жүрөм. Айылдан келген патриот жаштар кыргыздын улуттук адабиятын, маданиятын өнүктүрөбүз деп айлыксыз иштешет экен. Ошолорго өкмөт колдоо көрсөтсө болот эле го?..**

- «Нурборборду» жакшы билем. Демилгечи балдар досторум болот. Алардын патриоттук, чыгармачыл жигерине тан берип, алымын келишинче колкабыш кылып

жүрөм. Бирок көтөрүм өкмөтүбүз андай коомдук бирикмелерге жардам бермек тургай, өзү кам көрүүгө түздөн-түз милдеттүү болгон жалпы билим берүү тармагын да жөндөй албай жатпайбы. Мындай шартта «Нурборбор» сыяктуу бирикмелерди эл ичинен чыккан бай адамдар колдоого алышы керек эле. Тилекке каршы, бизде андай адамдар да аз. Меценаттык салт калыптана элек.

*Абдыбек Сатымбаев, Жогорку Кеңештин жооптуу кызматкери:*

**- Абдувахаб, сенин «Жаңы Ордо» гезитине баш ре-**
**- Абдувахаб, сенин көпчүлүктө чоң үмүт жаратты эле.**
**дактор болуп кеткениң гезиттердин алдыңкы катары-**
**Бул гезит кыргыз тилдүү гезиттердин алдыңкы катары-**
**на чыгат го деп күткөнбүз. Анан бүгүн «Агымдан» «Мо-**
**ниев «Жаңы Ордодон» кетти» деп окуп калдым. Не се-**
**беп болду?**

- Жөнөкөй эле турмуштук негиздеги себеп менен кет-
тим. Мага ыңгайлуураак башка кызмат чыгып калды.
Албетте, ал гезитти алымдуу, чынчыл, чыныгы элдик ге-
зитке айлантам деген ийги ниет, бир топ жакшы идеялар
менен иш баштаган элем. Күтүүсүз таштап жибергеним
үчүн сизге окшогон күйөрмандарыман кечирим сурайм.
Биринчи күндөн эле мени колдоп, колдон келишинче жар-
дамдашып, кеп-кеңеш берүүгө макул болуп, гезиттин ред-
кеңешине кирген Салижан Жигитов, Ишенбай Абдураза-
ков, Кусеин Исаев, Досбол Нур уулу, Бекташ Шамшиев,
Мурат Кожобеков, жакшы тилектерин билдирген Бекте-
мир Мурзубраимов, Алым Токтомушев, Бакыт Бешимов,
Садырбек Чериков сындуу кыргызга аттын кашкасындай
таанымал кадыр-барктуу агаларыма, Замирбек Божонов,
Керим Макеев, Тимур палван өңдүү оштук досторума чын
дилден ыраазычылык билдирем.

**- Мындан аркы чыгармачыл пландарың кандай болот? Калемди таштап жибербейсиңби?**

- Жок. Гезиттерге, анын ичинде «Агымга» да үзбөй
жазып турам. Анан да буга чейин басма сөздө жарыялан-
ган менен өз маанисин анча жоготпой турган саясый-пуб-
лицистикалык макалаларымды, өзүм демилгечи болуп
өткөргөн «Тегерек үстөлдөрдүн» материалдарын топтоп,
«Эстутум-1» деген китепче даярдап атам. Аты айтып тур-
гандай, бул эми мезгил-мезгили менен чыгып туруучу топ-



том болот. Канткен менен азыр мен журналист катары саясаттын чордонунда жүрүп, ар кандай коомдук-саясый окуялар, көрүнүштөр тууралуу эркин көз караш менен жазып жүрбөймбү. Ошол себептүү тигиндей топтом убагы келсе коомдо адилет тарыхый эстутумдун орун алышы үчүн анча-мынча пайдасы тиет го деген ойдомун.

*Уланбек Айтиев (Бишкек):*

**- «МСН» гезити, «Жарандык коом жана демократия үчүн» ӨЭУ коалициясы тынчсызданып жаткандай, юстиция министрлигинин 167-буйругунун эркин ММКга канчалык таасири бар?**

- Юстиция министрлигинин оппозицияга, эркин гезиттерге жасаган буга чейинки мамилесин эске алып эле, сиз айткан буйрук оппозициялык ММКны ооздуктоо максатында атайын даярдалган деп бүтүм чыгарса болот.

**- Дагы бир суроо: Мелис Эшимканов Абдувахабга генерал чоң атасы Ысакбектин китебин чыгартып, ошону менен жердештеринин арасында аброюн көтөрүп, анан өзүнүн командасына кошуп, Алайдан депутаттык таймашка түртөт экен дешет, чынбы?**

- Калп. Генерал Ысакбек жөнүндө китеп чыга элек. Ага Мелис Эшимкановдон жардам сураганым да жок. Депутаттыкка чыгуу, командага катышуу дегендей саясый максат жөнүндө ортобузда дегеле сөз болгон эмес. Мелис аке менен мамилем нагыз адамгерчилик, андан ашса, чыгармачылык мүнөздө гана. Анын мага жасаган эң чоң жардамы – гезитинде иштеген кезде башкалар сыяктуу толук чыгармачылык эркиндик берди. А эркиндик адамды өстүрөт экен...

*Мурадил Амангелди уулу, журналист:*

**- «Жаңы Ордо» гезитин кимдер колдоп, сүрөп чыгарып жаткандыгын ачык айта аласыңбы?**

- Айталам. Кыргыз коомунда, саясатында калыстык, эркиндик, демократия орун-очок алса деген изги ниети бар адамдар. Дегеле биз кандай болгон күндө дагы күндөлүк басылмалардын көбөйгөнүн кош колдоп кубатташыбыз керек. Мунун өзү бир жагынан калктын маалыматты тандап, тактап алуу мүмкүнчүлүгүн кеңитип, калыс коомдук пикир жаралышына өбөлгө болсо, экинчи жагынан, гезиттер арасында атаандаштык жаратып, сапаттык өсүшкө

түртөт. Журналист болсоңуз, өзүңүз жакшы билерсиз, бүгүн Кыргызстанда кыргыз тилдүү ММК профессионалдык деңгээл жагынан орус тилдүүлөрдөн кыйла артта турат эмеспи.

*Нурлан Эркебаев (Кызылкыя шаары):*

**- Биринчиден, күйөрманың катары ишиңе ийгилик каалайм. Экинчиден, сени алдыдагы шайлоого депутаттыкка талапкерлигин коет экен деп бир гезиттен окуп калдым эле. Ошол чынбы? Койсоң, каерден?**

- Каалооңузга рахмат. А тигил окуганыңыз ырас. Кудай буюрса, Араван, Ноокат же Алай райондорунун бир округунан депутаттык үчүн ат салышам. Менин бул аракетим – калың калктын өкүлчүлүк бийлиги саналган Жогорку Кеңешти азганактай «Супербайлар Кеңешине», а шайлоону «капиталисттик мелдешке» айландырган азыркы саясый системага атуулдук каршылыгым, бийлик атпайдын баарынан үмүт үзүп, унчукпай моюн сунуучулукка, кош көңүл, кайдыгерликке батып бараткан карапайым калктын ар-намысын ойготуп, келечекке ишеним отун тутандырууга жасаган жигиттик далалатым болот деген маанide айткан элем мурда. Ошол оюмдан жана элекмин.

*Нурлан Кошматов (Араван району):*

**- Сенин депутаттыкка даярданып, Араванды кыдырганыңы уктук. Бирок, шайлоолор акча чачмайсыз, ар кандай той-топурсуз өтпөй калбадыбы. Депутат болобуз дегендер азыртан эле өз округдарына барып, элге ар кандай жардамдарды берип, той-топур уюштуруп, аракет кылып жатышат экен. Сен кандай багытта аракет кыласың, азмаз болсо да каражат чача аласыңбы?**

- Бизде андай акча кайдан? Болгон учурда дагы тилемчиге кайыр-садага ыргыткансыбай, түбөлүгү түз ишке жумшамакмын. Албетте, байлар акчасын кайда чачам десе өз эрки дечи. Бирок «депутат болом» деген максат менен тигиндей аракеттерди жасоо мыйзамга деле сыя бербейт. Экинчиден, «мени депутат шайлагыла, колдогула» деп өздөрү бирдеме үмүт этип, бергенин колко кылып, соопчулук кылымыш этүү, кайрымдуу көрүнүү шарыятка деле каршы келет. Мындай «кайрымдуулук» одоно чайкоочулук, болгондо да адам дилине жасалган чайкоочулук катары айыпталат. Чындап сооп иш жасап, элден бата алам



деген адам пендеден пайда издеп, соодалашпайт. Жакшылыкты Кудайдан күтөт. Жөнөкөй адамгерчилик жагынан алганда деле, андай «берешендиктин» өзү «керек болсо пулга сатып алам» деп, карапайым калкты теңсинбегендик, тоотпогондук эмеспи. Депутат болгусу келген биздин байлар чындап келсе элдин турмушунун оңолушун деле каалабайт. Себеби, ошол элдин итке минген кембагалдыгын, социалдык-экономикалык оор абалды пайдаланып, калкка чүмчүлөп кайыр-садага чачуу менен саясый мөрөйгө жетип келатышпайбы.

**- Сенин оюңча парламентке кандай сапаттагы адамдар келиши керек?**

- Эми анын көп критерийлери бар. Мен азыр айткан сөзүмү улап, бир гана нерсени белгилеп коеюн. Эгерде бир бизнесмендин же чиновниктин өз айылына беш компьютер алып барып, жолуна шагыл төгүп, же он кембагалга ун таратып коюшу менен эле турмуш оңолуп кетсе, жыргабайт белек. Тилекке каршы, андай эмес. Кыргызстан кабылган туташ кризистин түбү Президент башында турган аткаруу бийлигинин улуттук мүдөө, элдик кызыкчылыктан четтеген, «жеп-чычмайга» гана негизделген натура саясатында жатат. А аткаруу бийлигин туура жолго салып көзөмөлдөп, камчылап иштетүү үчүн парламентке байлыкка же бийликке чалынып, «куйругуна калбыр байлагандар» эмес, эркин, патриот, эч нерседен жалтанбаган адамдар келиши керек.

*Таалайгүл Абдукеримова (Бишкек):*

**- Абдувахаб, өзүң тууралуу айтсаң, каерден билим алгансың? Атың да кызыктуу угулат, ким койду эле?**

- Айтылуу Акбуура суусунун башында, Памир-Алай тоолорунун арасында Чөгөм деген кичинекей айыл бар. Административдик жактан Араван районуна карайт. Ошол айылда туулуп-өскөм. Сегиз бир тууғандын кенжесимин. Атам жашымда оорудан каза болгон. Апам азыр айылда. А атымды болсо айылдын молдосу диний китептен алып койгон экен. Чечмелениши арабча. 1998-жылы Ош мамлекеттик университетинин кырфилфагын сырттан окуп бүткөм.

**- Түштүктө ата-энелер балдарын өзүнүн айылынан эле үйлөп коет экен. Алыстан, айрыкча Аркадан келин алуу-**

**ну каалашпайт дешет. Түштүктүк жигиттер Түндүктөн**
**үйлөнсө кан алмашып, кыргыздын генефонду үчүн жак-**
**шы болбойт беле?**
- Кээ бир жерде ошондой болсо болгондур, бирок жал-
пы Түштүктө «алыстан алба, же аркалыкты алба» деген
тосколдук жок. Мисалы, менин келинчегим Айтилла
Жалалабаттан. Улуту өзбек. Аркалык кыз алып барсам
деле туугандарым сүйүнүп кабыл алышмак.

*Алмаз Төлөнбаев: (Ош шаары):*

**- Түндүк-Түштүк маселесин козгоп жазып жүрөсүң,**
**«регионалист» атка конуп, коомчулукка жаман көрүнүп**
**калам деп ойлобойсуңбу?**
- Мен жөн эле саясый упай топтоо үчүн түштүкчүл
болуп көрүнгөндөрдөн эмесмин. Бул проблеманы көбүрөөк
козгогонум жалпы улуттук кызыкчылыкка барып така-
лат. Атаандаш саясый күчтөр, атаандаш социалдык топ-
тор жашабаган коомдун өнүгүүсү кыйын деп жүрбөйбүзбү.
А кыргыз коому саясый-идеологиялык негизде атаандаш-
тыкка чыккан күчтөрдү бөлүп чыгарууга өсүп жетпептир.
Ошол себептен өлкөдөгү саясый атаандаштык регионал-
дык мүнөздө, дал ошол Түндүк-Түштүк ажырымынын ар-
касында кармалып турат. Ушул жагынан карап, регио-
налдык ажырымдын жакшы жагын белгилегеним чын.
Анан да «өз айылынын патриоту болбогон адам өлкөсүн
сүйүп жарытпайт» деген принципти четке какпастыгым-
ды деле жашырбайм.

*Асема Абдыкалыкова (Бишкек):*

**- Бийлик түзгөн «Алга, Кыргызстан» саясый блогу**
**өтө катуу иштеп, үгүт жүргүзүп атат. Парламенттик шай-**
**лоодо алар көпчүлүк орунду жеңип алышы мүмкүнбү?**
- Ырас, «Алга, Кыргызстан» катуу иштеп атат. Ар
бир районго колу жетти. Жакында Араванга барып көрүп
келдим. Бирок кандай болгон күндө да бул блок эгер ади-
лет, таза шайлоо болсо, парламентте 5%тен ашык орун
ээлеши кыйын. Башкасын айтпай, алардын аталышына
эле көңүл бурайын. Бүгүн Кыргызстан кекиртегинен саз-
га батып, араңжан үргүлөгөн абалда. Мындай учурда «Коз-
гол, Кыргызстан!», «Ойгон, Кыргызстан!», «Чыйрал, Кыр-
гызстан!» дешсе түшүнөт элек. А булар «алга!» деп атпай-
бы. Мындай шарта «алга!» дегени «аңга!» болуп угулат



да, туурабы? Кыргызстан эли деле анчалык аңкоо эмес,
өлкөнү ушундай оор акыбалга азыркы бийлик жеткирге-
нин, а «Алга, Кыргызстан» ушул бийликтин партиясы
экенин жакшы көрүп-билип турат.

*Бакыт Исмаилов (Ноокат району):*

**- Абдувахаб, ар дайым оппозицияны колдоп жазасың.**
**Эмне, биздин оппозиционерлерде эч кандай кемчилик**
**жокпу?**
- Оппозициялык күчтөрдүн кемчиликтерин деле ачык
жазып жүрбөймбү. Албетте, алардын аракети саясый, иде-
ологиялык-нравалык өңүттө ак. Ал эми саясый күрөш
ыкмасы, атаандаштык базасы жагынан кемчиликтери ого-
ле көп. Коомго, бийликке таасир этүүнүн жаңы, иштиктүү,
натыйжалуу формаларын табалышпай, дале эски обонду
созуп, курулай сөз менен алектенип келатышат. «Бийлик
күнөөлүү, бийликтин кылганы» деген эски обонду кайра-
кайра кайталай берип, бүтүндөй элди бышыкулак кылып,
кайдыгерликке түртүп салышпаса деп корком.

**- Президентикке болочок талапкерлер эмитен эле**
**көрсөтүлө баштады. Азыркы саясатчылар арасынан сен**
**кимди татыктуу деп ойлойсуң?**
- Тарых тастыктап атпайбы, бүгүн биз мына бул та-
тыктуу, мындан өтөр киши жок деп бирөөнү президен-
тикке көтөрүп, 100 % колдоп, кол чаап тосуп алган кезде
деле анын эртең кандай падыша болуп чыгаары караңгы.
Ошон үчүн азыр биз президенттикке татыктуу адамды,
президенттин өзүн эмес, заманды тандап алышыбыз ке-
рек. Заман деген кыргызда көп маанилүү сөз. Ага коом-
дук аң-сезим, улуттук психология, улуттук рух – баары
кире берет. Демек, биз бирөөнү президенттикке шайла-
гандан оболу, коомдук аң-сезим, коомдук психология аны
жолдон тайдырбай, улуттук, мамлекеттик кызыкчылык-
тан четтетпей иштеткенге жарайбы, ошону ойлошубуз
керек.

*«Түз байланышты» уюштурган Карамат Токтобаева*

*(«Агым», 6-февраль, 2004-жыл )*

## ТИЛДЕ ТЕК ЖОКПУ?

А.Токомбаев – У.Токомбаев,
Т.Сыдыкбеков – С.Сыдыкбеков,
Ч.Айтматов – А.Айтматов,
Т.Шамшиев – Б.Шамшиев:

***Ата-бала алакасынан эне тил трагедиясына!***

Кыргызстанда бийлик талаш жаатындагы саясый тиреш негизинен Түндүк-Түштүк регионалдык ажырымынын алкагында өөрчүп келгени, саясый элита негизинен ушул өңүттөгү эки топко бөлүнөрү мурдатан айгине эмес беле. Ырас, Совет доорунун 50-60-жылдарында аркалык, анжияндык кыргыздардан тышкары, «киргиз» кыргыздар катмары өсүп чыккан. Бирок, бул катмар өзүнүн нигилисттик мүдөө-талаптарын таңуулап, саясый аренага ачык чыккандан тайсалдап, көбүнесе далдоодон тап берип турчу. Түндүктүк-түштүктүк, оң-сол, солто-сарбагыш деп бөлүнүп, али улут катары толук калыптанып бүтө элек кыргыздын ичинен суурулуп чыккан «киргиз» «улутунун» тарапкер күчтөрү бүгүнкү күнү азуусу ай жаныган амбиция менен ачык таймашка чыгары көпчүлүктүн оюна келген эмес.

Ал эми аларды анчалык кескин козгоп, күрөшкө түрткөн себеп Жогорку Кеңештин кароосунда кабылданган «Мамлекеттик тил жөнүндөгү» мыйзам долбоору болгондугун оңой эле аш кылып, түшүнсө болот. Бирок, «киргиздер» мүдөөсүнүн жарчысы катары кыргыз тилдүү гезит – дал ушул «Агымда» (20.02.04) жарыяланган «*Перегруппировка политических сил? Призрак трайбализма бродит по стране...*» деген макаланы «аш» кылуу бир топ эле кыйынчылыкка турат. Макалада тил жөнүндө сөз болуп атып эле, «жебе» Түштүк саясатчыларынын «лагерине» «мээленип» калат. Аталышында регионализм кообун эске салып, а мазмунунда регионализмдин отун ичкелештирүүгө күч үрөлүп, кыргыз тили анда көсөөнүн милдетин аткарып чыга келет.



Ташкөмүрлүк Самат Табылганбековдун ою боюнча, жакында Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйынында «Мамлекеттик тил жөнүндөгү» мыйзам долбоорунун кабыл алынышы ашык-кеми жок, бийликке умтулган түштүктүк саясатчылардын гана жеңиши болуптур. Логикасын ээрчисек, нарындык, таластык, көлдүк кыргыздар өздөрүн кыргыз деп санабайт өңдүү... Улутун, тегин, тилин эбак жээрип, жүз буруп кеткендей...

Канткен менен, нигилизм аркылуу регионализди соккон «тобокелчилигине» карабай, аты менен заты дал чыгары күмөндүү ал автор таасир этүүнүн ыңгайын мыкты табыптыр... Кыргызстандагы мамбийлик эгеси президент **Аскар Акаев** Түштүк саясый элитасын өзүнүн эң кооптуу, эч келишпес душманы санайт. Демек, тил жөнүндөгү мыйзамды түштүктүктөрдүн жеңиши, болгондо да, ал аркылуу азыркы бийликти алсыратып, оодарып түшөбүз деген «арам» ою бар жеңиш сыңары Президенттин, «үй бүлөнүн» кулагына куя берип, кучунашын келтирүү керек! Акүй өзү сунуштаган ал мыйзам долбоорун Жогорку Кеңеште коргоп, жактаган мамкатчы **Осмонакун Ибраимов** да Түштүктөн болуп, оңдой берди келгенин карачы!

Эми мунун баары жөн-жай чыгып кеткен кеп. Чынына келсе, эне тилибиздин тагдыры тигил мыйзамдын кабыл алынышына же четке кагылышына гана байланып турган жок. Тил абройуна тийиштүү көйгөйдүн тамыры андан кыйла тереңде. Андан кыйла олуттуу мүнөздө. Кыргыз тилинин тагдыры тууралуу ой калчап отуруп, мындай бир карама-каршылыктуу көрүнүшкө туш болдум. Кыргыз жазма адабиятынын башатында кимдер турган деп сурап, оозду жыйганча эле: **Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Касымалы Баялинов...** сыяктуу атактуу фамилияларды сапка тизе баштайт эмеспизби?!

Ооба, тизме бир топ узун. XX кылымдын башталышында кыргыз профессионал адабиятын түптөөнүн көч башында туруп, улуттук руханий маданияттын өнүгүшү, улуттук тилдин калыпка түшүшү үчүн опол тоодой эмгек кылган алардын ысмы өзгөчө сыйга татыктуу. Кыргыздын улуттук руху, улуттук тили дегенде ичкен ашын жерге коюп, өмүрүнүн акырына чейин күрөшүп өткөн, кыргыз тилинде том-томдоп роман жазган Т.Сыдыкбековдун караанын эле алда кайдан калдайып турбайбы!

А бериде Чыңгыз Айтматов деген ысымдын өзү эле эмне деген улуттук феномен! Чыке бүгүн да кыргыз элинин бактысына жаралган жылдыз, сыймык, улуттун руханий атасы эсептелет. Советтик доордун кайра куруу аталган акыркы жылдарында улуттук тил маселесин түбүнөн көтөрүп, Маскөөгө чейин сес көрсөтүп, кыргыз тилинин абройун көтөрүү, коргоо боюнча башкы күрөшчү катары чыгып, бир эле кыргыз эмес, бүтүн СССРдеги майда элдердин ар-намысын ойготуп, ошону менен зоболосу өзгөчө көкөлөп, кыргыз ичинде пайгамбар дегендей кадыр-баркка жетпеди беле?

Бирок... мына бу парадоксту карагыла: ошол улуттун руханий «аталары» өз балдарын кыргыз тили, дили жан дээрине сиңип, каны денебоюнда ойногон нака кыргыз кылып өстүрүп, тарбиялай албаптыр. Тек, аталары аңсыз сынга алган нигилист – киргиздердин алгачкы муунун гана толуктаптыр балдары. Оозго алынгандарынан бир экөөнү белгилей кетели: **А.Токомбаевдин уулу Улан Токомбаев, Т.Сыдыкбековдун уулу Сабыр Сыдыкбеков** оруска да, кыргызга да пайдасы жок орусча ыр жазып жүргөнү, кыргызча элдир-селдир сүйлөп, эне тил, ата рухунан тайыз болгону дайын. Ал эми **К.Баялиновдун небереси, белгилүү журналист Камил Баялинов** бүгүн өзүн кыргыз санары күмөн. **Ч.Айтматовдун Аскар Айтматову** ушу тапта Кыргызстандын тышкы иштер министрлигин жетектеп, калайык көзүнө урунуп жүрөт, бирок чачырата кыргызча сүйлөгөнүн көргөн пенде жок. Демек, атасы жазган Манкурт икаясын кандай кабылдары белгисиз.

Жазуучу-акындардын арасынан жогорудагыларды атайын терип, тандап алганым жок. Өткөн кылымдын 20-жылдарынан бүгүнкү күнгө чейинки жазуучу-акын, адабиятчы-сынчылардын дээрлик баарында «типтүү» «ата-бала мамилеси». Четинен мисал кылса жарай берет. Дагы да атактууларынан мисал: өзгөндүк акын Төлөн Шамшиевдин уулу, кинорежиссер Болот Шамшиев бүгүнкү 60тан ашкан чагында дагы Атажуртуна барып, жердештери, туугандары менен эне тилинде чечилип сурашып, маектеше албайт.

Кыргыз совет адабиятынын өкүлдөрү илгери «тип» дегенде жата калып сөз кылышчу эмес беле?! Мына, кыр-



гыз тилин «эмгек майданы» катары пайдаланып, жанын баккан, аброй тапкан, атак күткөн кыргыз жазуучуларынын тукум улоочулорунун «типтүү образы»!

Бизде «заман ошондой болчу» деп кайдыгер кол шилтеп, тарыхый жоопкерчиликтен оңой ойт берчү адат да бар эмеспи. Демократия желаргысы адеп соккон кайра куруу жылдарында улуттук руханиятка, тилге байланыштуу «кылгылыктын» баарын саясатка, идеологияга, компартия бийлигине төңкөп, өздөрүн «диссидент» кылып көрсөткөн кыргыз жазуучулары көп эле чыкты. А тарых таразасы ылгай келсе, анын баары көөдөк сөздөн өйдө көтөрүлө албай калып атат. Маселен, кыргызды кыргыз тилинен ажыратуу багытында өкүм-зордукка салып, өмүргө коркунуч туудурарлык деңгээлдеги Москва көрсөтмө-буйругун эч ким таап бере элек ушул кезге чейин. Демек, ата-бала эки тилде сүйлөп, бирин-бири жете түшүнбөй калган көрүнүшкө саясат да, заман да, шарт-кырдаал да күнөөлүү эмес.

Биерде не үчүн жазуучу калкына «касташып», мисалга тартып калдым? Биринчиден, мына ушул катмар улуттук тилди калыпка түшүрүп жөндөп, сактоо, өнүктүрүп-өөрчүтүү озуйпасынын ээлери. Экинчиден, мына ушул катмар кыргыз тилинин алдында өзгөчө милдеткер. Себеби, Ч.Айтматовдон башкасы бүт кыргыз тилинде томтомдогон китеп жазып, кыргыз тилинин аркасы менен жашап, кыргыз тилинин арты менен бала-чакасын баккан. Үчүнчүдөн, мына ушул «кыдыр даарыган» адамдардын эне тилин муундан-муунга өткөрүү тажрыйбасы жалпы элге, коомго күзгү. Анткени, эне тилдин өлгөнү алардын өздөрүнүн эки жолу «өлгөнүнө» тете.

А биздикилердин акыбалы кандай болуп чыкты? Балдары атасынын аздектеп жазганын эне тилинде окуп түшүнбөй, кылымдарга калат деген адабий мурасы адегенде өз үйүндө «өлүп» атса... Жазуучу үчүн андан өткөн трагедия барбы? Уул-кызы менен өз тилинде кенен сүйлөшүп, акыл-насаатын айта албаса, ата-эне үчүн мындан өткөн трагедия барбы? Не демекчисиң, жазуучу-акындардын кыргыз тилине жасаган мындай мамилесин көрүп, улуттук интеллигенциянын башка катмары тууралуу айтпай ак койгон оңдур.

Кыргыз тилинде адабий-көркөм тексттерди жаратып, кыргыз окурмандарынын эстетикалык муктаждыгын канааттандырып, адабият чөйрөсүндө тынч күн өткөргөн жазуучуларга мейли деп эле коелу. Балдарын эне тилинде сүйлөтүп, кыргыз рухун дээрине сиңире албай, тегин танган муунду өздөрү өстүрүп атып, анан кыргыз тилин сактоо боюнча башкаларга насаат айтып, сын тагып, өздөрүн коомчулукка кыргыз тили менен дили үчүн күрөшкөн, улуттун рух башатын, ар-намысын таза сактоого башын сайган патриот катары көрсөтүүгө моралдык укугу бар беле айрым «улут каймактарынын»?

Жок. Анда неге көжөлүп «күрөшүшкөн» деген суроо туулабы? Көрсө, адеп ээрге көчүк басканда эле биздин улуттук интеллигенциябыз эне тилге жандээрден ажырагыс, денебойго төнө сиңген, улутту улут кылып турган ыйык баалуулук катары маани бербей, тек, жеке кадырбарк таап, күнүмдүк зоболо күтүүнүн, болбосо, кара курсакты нык тойдуруунун каражаты катары караган экен. Ошентип, бечара кыргыз тили оозекиден жазууга өтүпөтпөй саясый «товарга» айланып, шору катыптыр.

1989-жылы мамлекеттик статус берилип, «Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзам кабылданбады беле. Тилге чын дилден күйүп, аброй-таасирин арттырайын деген пенде чыгармачыл интеллигенция катмарында да, саясый элитада да өтө эле аздыгынан улам, ал мыйзам жоболорунун жок дегенде жарым-жартылайы ишке ашырылып аткарылган жок.

Кембагал калктын бечара кейпин кийген эне тили бүгүн дагы саясый кызылкулактыктын куралына айланып, саясый таймаштын бутасы болуп турат. Акүйү да, көкүйү да бул сапар тил мыйзамына коомдук зарылдык катары эмес, кезектеги саясый акция сыңары көңүл буруп, көтөрүп чыкты. Эгерде парламенттик шайлоо кыстап келе элек болгондо мамлекеттик тил боюнча жаңы мыйзам долбоору Жогорку Кеңештен кубаттоо табары арсар болчу. Кыргыз тилинин мамлекеттик тил статусуна көлөкө түшүрүп, ансыз деле чектелүү коомдук позициясын бошоңдоткон орус тилине официалдуу тил статусун берүү демилгеси дал ушул Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйынынан, ушул эле депутаттар тарабынан колдоого алынган.



Анча-мынча «көзү ачыктык» кылымыш этсек, көздөй кишиси **О.Ибраимов** парламентте бул мыйзамдын сүрөөнчүсү болгонуна, басма сөздөн тызылдап чыкканына карабай, Аскар Акаевич долбоорго вето коюп, кайра кайтарат. (Баса, О.Ибраимов алдыдагы парламенттик шайлоодо Каракулжадан ат салышууга ниеттенип жүргөнүн көпчүлүк биле бербесе керек). Анан... шылтоого шынаа табылып, оппозициядагы саясый күчтөр чуу салып, карапайым калкты көтөрүп, бийликке сес көрсөткөн иш-чараларды уюштурууга кам урат. Жок. Президенттин улуттук-патриоттук сезими ойгонуп кетип, кабылдап кол койсо, «бети ачылып» калган **Зайнидин Курманов, Кабай Карабеков** өңдүү депутаттарды алдыга салып, кыргыз эмес улуттагы калктын күчтөрү козголот. Сценарийи деле даяр, азыркы замандын универсал урааны «адам укугу кордолдуну» көтөрүп, эл аралык коомчулуктун, Россиянын көңүлүн буруу, республикадагы кыргыз тилдүү эмес улуттардын сезимине ойноп, козутуу аракети башталат.

Түпкүлүгүндө мыйзам азыркы турпатында кабылданган, же болбосо, Президент вето коюп, парламентте кайра тонолуп-буталып, айталы, мамлекеттик кызматкерлерди сөзсүз түрдө кыргыз тилин билүүгө милдеттендирген 10-статья алынып салынып, жумшартылган вариантта кабыл алынган кезде деле мурдагыдай эле жоболору толук аткарылып, турмушка ашып, шар иштеп кетиши кыйын. Анын баары тилге карата улуттук интеллигенциябыздын мамилесине, жалпы элибиздин патриоттук духу тайыз, коркокбилиш, телинме улуттук психологиясына, менталитетине барып такалат.

Жогорудагы айрым ойлор «бул эмне кыргыз тилине душманбы?», «мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамга каршыбы?» дегендей эки ача пикир туудурушу да мүмкүн. Кошумчалай кетейин, эгерде кеп азыркы мыйзам долбоору туурасында болсо, анын өзгөртүүсүз кабыл алынышын жактайм. Мыйзам камчы салдырбай шыр иштеп, толук аткарылып кетпесе да, эне тилин таптакыр чангандардын санын кыскартканга, элеттик карапайым калктын көкүрөгүндө улуттук сыймык оту тутанып, өзүн мамлекеттин ээсиндей эркин сезген атуулдук жигердин жанданышына өбөлгө болоору айгине. Тилекке каршы, улуттук

тил маселеси ошону менен эле жайгарылып, кыргыз тили кыргыз мамлекетинде өзүнүн татыктуу ордун таап, нарккунуна чыкпайт. Саясый товар сыңары утур-утур эле кайра көтөрүлүп, футбол тобундай ары-бери тепкиленип, биротоло баркын, күчүн жоготуп бүтүшү мүмкүн. Эне тилибизге бүгүнкүдөй мамиле менен барсак, өнүгүп-өсөөрү өтө күмөндүү. Өссө «киргиздер» катмары өсүп отуруп, тилдик ажырым менен бүтүн улут экиге бөлүнүп, ортодо келишпес кастык күчөй берет. Андай акыбалга кептелбеш үчүн биз азыртан эки жолдун бирин тандашыбыз керек.

Биринчиси – кыргыз тилин сактап, аздектеп, өнүктүрүүгө кескин багыт алуу менен улуттук жүзүбүздү, улуттук мамлекетти сактап калуу. Экинчиси – эне тилди караманча жээрип, башка тилдерге орун берүү. Тил жок деген сөз – улут жок деген сөз. Улут жок болсо өзүнчө мамлекет болуунун кажети жок. Анда эртерээк башка күчтүү мамлекеттердин этегине эптеп эрмешип, сиңип, кыргыз деген атты биротоло унутуп, кара курсактын камын гана ойлогон оң. «А Акаев президент болуп калсынбы, же кетсинби?» деп деле референдум өткөрүп жүрбөйбүзбү. Жогорудагы эки жолдун бирин аныктоо үчүн тил маселесин референдумга алып чыкса неге болбосун!

Непадам, ошондой референдум өтүп, өлкө калкынын көпчүлүгү «Кыргыз тили менен биргебиз!» деп добуш берип калса, мамлекеттик саясат «эгер эртең эне тилим жоголору чын болсо, мен бүгүн жок болууга даярмын!» (Р.Гамзатов) принцибинде жүрүп, тил үчүн күч колдонгон опурталдуу ыкмаларды ишке ашыргандан кайра тартпоо керек.

Албетте, бул сунуш коомчулукта колдоо таппасын, ал тургай айрым мекендештерибиздин кыйгыл күлкүсүн чакырарын туюп турам. Бирок мунун баары кыргыз улутунун үстүнөн башкалар күлүп, кыргыз элинин улуттук намысы улам пастап аткан аргасыз кырдаалдан чыккан ачуу кеп.

*(«Агым», 5-март, 2004-жыл)*





# БАГАЛБАГАН ЫЙЛАТАТ, КУРАЛБАГАН КЫЙРАТАТ

*Кыргызстанда Чөгөм деген айыл бар экендигин башканы айтпа, Оштун тегерегиндегилер да түзүк биле бербестигин элебей, «каерликсиң?» деп бирөө-жарым сурай калса, борбордун чок ортосунда туруп да: «чөгөмдүкмүн» деп жооп берчү апенди адатым бар. Мунум 25ке чыкканча айылдан анча узабай, ага ашыкча байланып калганымбы, же айылды көпчүлүк билбегенине балача арданганымбы, таң. Айтса, административдик жактан пахтазарлуу Араван районуна баш ийген менен, өзү тээ Памир-Алай тоо кыркасынын бир коктусунда, айтылуу Ак-Буура дайрасынын башына жайгашкан, аты да кулакка чоочун, калааты угулган бул белгисиз айылда кетмен чаап атып эле: «кой, мен «Асабага» барып иштемекмин» деп жолго түшкөнүмө да эки жыл болуп калыптыр. Туура эки жылдан соң кайрылып бардым айлыма. Эмесе, кеп кезеги Чөгөмдүн кечээгиси менен бүгүнкүсү жөнүндө.*

### *Кимдин чеби?*

Ак-Бууранын башында бир топ чакан айылдар бар. Чонураактары –Кичи-Алай, Чөгөм, Кожо-Келен. Мурда бул аймакты жалпысынан Турук же Жети-Суу-Турук деп аташчу экен. («Жети-Суу-Турук, кырк жыл болсо кыямат, кырылбайт урук деген да кеп айтылып калган). Ошол Туруктун бир салаасы болгон Чөгөмдүн тегереги башынан ак кар кетпей, айылды айланта тоскон өзүнчө эле эбегейсиз чепти элестеткен бийик зоолор менен курчалган.

Чеп демекчи, айылга кире бериште бет маңдай эки тоону туташтырып, бир чакырымдай созула дөңсөөлөнгөн дубал нугу бар. Сыягы, алигиче нугун жоготпогон ал дубал убагында таш, ылай аралаш катыра согулуп, Чөгөмдү жоодон коргогон, чыныгы чеп болсо керек. Айылдын Чөгөм аталып калышы да ошол чепке байланыштуу, чеп, чек, чебим, чегим деген сөздөрдөн улам пайда болгон деген түкшүмөл бар. Арийне, бул чеп-дубал качан урулган, калмак доорундабы, же андан арыбы? Деги, кимдер кимден коргонгон – белгисиз.

Аны жайына кой, байыркыдан сыр каткан бул тоо койнундагы айыл бери келип, акыркы кылымда эле нелерди баштан өткөрбөдү?! Совет бийлигинин алгачкы жылдары карама-каршылыктын чордонуна айланып, анын ичинде айтыңкүрлөрү ар түркүн басмачыларга, анын ичинде айтылуу корбашы Мойдунбекке да башпаанек болду. Андан кийин сталиндик өкүм-зордук заманында кудум Кавказдагыдай журт көчүрүүнү баштан кечирди... Ал гана эмес, Батыш Кытайдагы түрк элдеринин улуттук боштондук көтөрүлүшүнүн эпкини да келип жетти. А бүгүн акаевдик реформанын «жемин» жеп жаткан кези.

***Көчүрмө***

Анык мүшкүл Чөгөмдүн башына 1939-жылы түшүптүр. Ушул жылы Чөгөм эле эмес, жалпы Туруктун калкын Аравандын Төө-Моюн чөлүнө зордук менен көчүрүү башталат. Күчкө салып, бир да үй-бүлөнү калтырбай, 100 чакырым алыс турган Төө-Моюнга тоолуктарды жөө-жалаңдатып, кой айдагандай эле сүрүп жөнөшүптүр. Калктын үнүн, ыйын тыңдаган пенде болбоптур. Ошентип, 300 түтүнгө чамалаш калк жашаган айыл коммунисттик бийликтин амири менен бир паста аңгырап бош калат. Киндик кан тамган журтунан аргасыз айрылган тоолуктар Төө-Моюнда ысыкка көнө албай жүдөйт, арып-ачат. Калк жүрөгүнө кара так салган бул көчүрмө болгону «дың жерлерди өздөштүрүп, келечектүү айыл курабыз» деген жөнөкөй эле коммунисттик идеядан улам келип чыкканы кызык.

Жоо чапкандай ээнсиреп, бирин-серин согуш дезертирлеринин гана түнөгүнө айланып калган айылга кайра 4-5 жылдан кийин жан кирет. 1943-жылы Кытайдан революциялык иш-аракеттерине байланыштуу куугунтукталып, Алматыга качып өткөн генерал Ысакбектин туугандары андан көп өтпөй эле Эркеч-Там аркылуу түн жамына Кыргызстанга өтүп келишет. Кыргыз өкмөтү аларга убактылуу турук катары Чөгөмдү сунуш кылып, 44-жылдын жазында көчүрүп жеткизет.

Шинжаңдагы түрк элдеринин улуттук-боштондук кыймылынын жетекчиси, кийинчерээк түзүлгөн Чыгыш Түркстан Республикасынын башкы аскер командачысы, генерал Ысакбектин ишмердигине Совет өкмөтү убагында



өзгөчө маани берген көрүнөт, анын Чөгөмгө жайгашкан 30-40 үйлүү туугандарын Ата Мекендик согуштун катаал шартына карабай эч нерседен өксүтпөй камсыздоого алат. Ал тургай, ошол 44-жылы борбордогу филармониянын атактуу Молдобасан, Шекербек баштаган жоон топ артисттери Чөгөмгө ат-эшектеп атайын барып, эки ирет концерт коюп келишиптир.

1949-жылы августта генерал Ысакбек табышмактуу өлүмгө учурап, анын көз карандысыз түрк мамлекетин куруу максаты кыйраган соң, «кайтып кетебиз» деген үмүт менен жүргөн туугандары биротоло калып, СССР граждандыгын алышат. Чөгөмдүн жери кайрадан колхоздун үлүшүнө өтүп, кызыл-суулукар колхозго мүчөлүккө өтүшөт. Төө-Моюнга сүрүлгөн түпкү калк да акырындап көчүп бара баштайт.

Деген менен, колхоз Чөгөмдү жайкы жайыт катары эле пайдаланбаса, тоо-таштуу айылда кой чарбасын же дыйканчылыкты сап кармаганга шарт жок болчу. Катаал шартында өнүп-өсөөр болсо, жалгыз гана жарым жапайы топоз жаныбар өнмөк. Чын эле, чөгөмдүктөр 60-жылдардын башында Алайдан 6-7 баш топоз сатып барып, курай башташыптыр.

***Эсил кайран, социализм!***

Айылдын чындап багы ачылган кез кечээ кийинки эле 70-жылдардын этегине туш келет. Туруктун тоо арасындагы айылдарында «Ильич шамы» күйүп, машина жолу ушул мезгилде араң жеткен. Ага чейин алар кылкылдаган зоокалуу тар дарада Ак-Бууранын бойлогон жалгыз аяк кыя менен 40-50 км. жол жүрүп, кам-көс үчүн Ноокатка ат-эшек менен каттачу. Турукка жол салынып, свет жетип калышы ошол кездеги Ош обкомунун биринчи секретары Султан Ибраимовдун ишмердиги менен тыгыз байланыштуу. А киши бул айылдарды атчан кыдырып чыгып, калктын тиричилик акыбалын өз көзү менен көрүп, анан жол салдырууга катуу киришет. Өзү бул иштин башында туруп, бир жылга жетпей бүтүрүүгө жетишет. С.Ибраимовдун бул камкордугу жөнүндө айыл аксакалдары алигиче аңыз кеп кылып жүрүшөт.

1982-жылы Чөгөмдө класстары лингофондук каражаттар менен жабдылган, спорттук залы, кыскасы, бүт за-

манбап шарты бар заңгыраган мектеп пайдаланууга берилген. Андан көп өтпөй эле айылга Ош шаарынан күндө автобус каттап, чөгөмдүктөр заманбап жашоо шарт, мол-чулуктун даамын жаңы гана татып келаткан эле. Бирок... ага болбой эле эгемендик чаң-тополоңу башталды да, айыл «өнүккөн социализмдин» үзүрүн 10 жыл толук көрө албай калды.

### *Үч миң топоз кайда житти?*

60-жылдары 6 баштан куралып, 90-жылга келип 3000 башка жете көбөйгөн топоз бүгүн тукум курут болгон. Өлкөдө мүлк талап, талаага чачмай адеп башталган кезде чөгөмдүктөр эстүүлүк кылып, ошол топоздун баарын совхоздон өткөрүп алып, өзүнчө кооператив түзүп, бүтүн бойдон сактап калышкан эле. Тоонун жаратылыш шартына аябай ыңгайлуу, колдон от сурабай, кышын-жайын талаадан жан багып, ит-кушка да анча алдыра бербеген, жарым кайберен эмеспи, этинин дамдуулугу, сүтүнүн майлуулугу жагынан да алдына мал салбаган, териси, жүнү да чоң керекке жараган топоз жаныбар 100 түтүн калкы бар чакан айыл үчүн оңбогондой эле огожо болмок.

Жок, ага жеткиришпеди. Кыргызстанда мал таламай аяктап, элдин баары бармагын тиштей баштаган кезде чөгөмдүктөрдөн эс кетти. Кооператив чоңдору иштин көзүн таппай калды, алкымы чоңойду, а топозчулар аларга өчөштү дегендей, анан эле баары жабыла көрүнөөсүн көрүнөө, көмүскөсүн көмүскө топоз союп, оңду-солду сатып кириштi. Эртеңки экономикалык кызыкчылыкка да мейли, жаныбардын убалын ойлогон пенде чыккан жок. Ошентип, болгону бир жылдын – 1997-жылдын ичинде эле чөгөмдүктөр топоздон сыпсыйда кол жууп, кашыктап жыйылган байлыкты чөмүчтөп, жо-ок, казаны менен көңтөрүп салып отуруп калышты.

Сыягы, бүт өлкөдө сыртынан аталышы «апакай», а чыныгы маңызы тек гана «таламай» реформасы жүрүп, «балык башынан сасып» турган шартта кичинекей Чөгөмдүн жалпы агымдан «ак карга» болуп бөлүнүп калганга шаасы жетмек эмес окшобойбу.

### *Директорду кайсы «кара теке сүздү?»*

«Чөгөм» орто мектебинде азыр 180 окуучу окуп атыптыр. Окуучулардын саны биздин убакка салыштырмалуу



бир топ арбыган, тегеректеги майда айылдардан барган балдар жатчу интернат да сакталган. Бирок, баштагыдай шарт, баштагыдай окуу кайда?!

Анан да акыркы кездери мектеп директорлору өздөрү арыз берип кызматын тапшырмай адат пайда болуптур. Мындан 4-5 жыл мурда Таир агай өз каалоосу менен иштен кеткен эле. Кийинки директор Нажимидин Курбанбаев быйылкы сентябрда райОНОдогулардын «кой-ай» дегенине болбой көшөрүп, директорлукту өткөзүп берди. Кыргыз айыл жерлеринде мектеп директорлугу чоң амал саналып талашка түшүп, пара менен «бүтүп» аткан чакта чөгөмдүктөрдү кандай «кара теке сүздү»?

***Нажимидин Курбанбаев, «Чөгөм» орто мектебинин мурдагы директору:***

-Араванда бизге алыскы, тоолуктар деп кыйла эле жеңилдик берип, барсак, маселебизди батырак чечкенге аракет кылышат. Негизинен райондогуларга наразычылыгыбыз деле жок. Бизди свет маселеси абдан кыйнап атат. 1995-жылы мектепти электрдик жылытууга өткөрүп, сүйүнгөн элек. Убаракерчилиги да, чыгымы да аз. Электр энергиясына кеткен чыгым, көмүрдүн өзүнө эмес, аны ташууга сарпталган чыгымга деле жетпейт. Тилекке каршы, акыркы убакта электр печкени жагып, мектепти ысытмак тургай, качан батареялар жарылып кетет деп кыштан коопторуп чыкчу болдук. Былтыркы кышта мен директорлук кылбай эле, колума кычкач кармап, карала-торала болуп, электрик-кочегардын милдетин аткарып чыктым. Электр линиясы бизге Ноокаттан келет. А алар биз үчүн светти нормадан ашыкча өчүрүшүүдө. Анткени, бизге келген электр энергиясы өзүн актабайт. Сөзсүз түрдө мамлекеттин колдоосу керек. Анан да азыр зым карагайлар эскирип, астынан чирий баштаган. Авария барган сайын көбүрөөк болууда. Ошондуктан биз бүгүн республикада электр тармагын менчиктештирүүгө кооптонуу менен карап турабыз. Электр тармактары мамлекет колунан чыкты деген сөз, бул – Чөгөмдүн, Чөгөм сыяктуу тоолуу айылдардын караңгыда калышы деген сөз.

### *Салам- Алик*

Айылга телевизор деген эмени кудай башынан эле ыраа көргөн эмес. Негизги маалымат булагы – радиоприемник.

Ал да аба-ырайынын каш-кабагына карап, араң тартат. Ошондуктанбы, жаңылыкка суусап турат эл. Кантсе да борбордо жашаган жападан-жалгыз чөгөмдүк эмесминби. «Ой, Бишкекте эмне кеп? Акаевдин кете турган түрү барбы? -дешет. «Асаба» эмне болду, кайра чыгабы?» - дешет. «А өзүңөрдүн жашооңор кандай?» деп сурасаң, «Кудайга шүгүр» дейт.

Азыр Кыргызстандын каеринде кыйын-кыстоо турмуш жок?! Айрыкча, Чөгөм сыяктуу алыскы, тоолуу айылдарда проблема деген чачтан эмеспи. Бирок, чөгөмдүктөр сыр алдырышпайт. Айыл ичи мамыр-жумур. Тегерегин бийик тоолор курчап, аалам алкагынан өзүнчө бөлүнүп калгандай таасир калтырган бул айыл өзгөчө жашоо образын түзүп алган, чөгөмдүктөрдүн башкалардан айырмаланган өзүнчө менталитети бар. Албетте мурда жайында кымыз, кышта аң уулаганына корстон эндекей калктын эми эмгекке мамилеси өзгөрүп, кыймылдай баштагандай. Бирок, ашыкча эле улунуп-жулунган жан жок. Россияны кыдырмак биякта турсун, алигиче Ошко келип соода кылганды да жөндөп өздөштүрө элек. Дале мурдагыдай токпейил, меймандос, баео бойдон.

«Акаев качан кетет экен?» дедиңер беле? А кишини Чөгөмдүн мектебине кочегар кылып эле иренжитпесе, жакын арада кыймылдай турган кебетеси көрүнбөйт. Анан да адегенде өзүбүз өзгөрбөсөк, Акаевдин кетип, башкасынын келгенинен бирдеме өзгөрөбү өзү? А «Асаба» тууралуу: мына, атын алып коюшкан менен, заты «Агымда». Менин жаңылыгым, борбордон айткан салам-дубам ушул, дале көчмөндүктүн белгисин, мындан чыкты, көчмөн духун сактап калган айылдаштарым!

*(«Республика», 13-ноябрь, 2001-жыл)*





*«Ойгон, Кыргызстан жаштары» кыймылынын демилгечиси, «Учкун» гезитинин баш редактору* ***Абдувахаб* МОНИЕВ:**

## «СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЫ БОЛГУМ КЕЛЧҮ...»

***- Вахаб, бардык нерсенин башаты балалыкта эмеспи. Маекти ошол башаттан баштасак. Айтчы, чоңойгондо ким болгуң келчү бала кезде?***

- Советтер Союзунун Баатыры.

***- Койчу?***

- Тамашасы жок. Биздин балалык СССР гүлдөп, комидеологиянын арааны жүрүп турган учурга туш келбедиби. А комидеологиянын бир таянычы патриотизм, балдарга патриоттук тарбия берүү болчу да. Адеп 1-класска киргенден эле 28 баатыр, Чолпонбайлардын эрдигин окуп, ошого таасирленип өстүк. Мектебибиздин аскердик бурчунда Ата Мекендик согушта Советтер Союзунун Баатыры наамын алган кыргызстандык жоокерлердин, Фрунзе, Щорс, Котовский, Буденный баш болгон граждандык согуштун баатырларынын сүрөттөрү өмүр баяны менен кошо илинип турчу. 2-3-класстарда ошолордун баарынын кай жерде туулган, өлгөнүнө чейин жат билчүмүн. Ал кезде 9-10-класстарда өтүлчү НВП (Баштапкы аскердик даярдык) деген сабак боло турган. Аскердик жетекчи агайыбыздын жогорку класстын балдарына марш тептирип, «гранната» ыргыттырып, мылтык аттырып өткөн аскердик сабагын сырттан акмалап отуруп эле, баарын үйрөнүп алгам. Анан айылдагы теңтуш балдарды топтоп, «отряд» түзүп, «командир» болуп, билген «өнөрүмдү» «аскерлериме» үйрөтчүмүн. 4-класста окуган кезибизде 9-майды майрамдаганыбыз эсимде. Жалгыз аяк кыяга түшүп, «отрядыбыз» менен тоого чыгып, кайра кайтканда катарга тизилип, марш тээп, «Бара жатат партизандарды» тоо жаңырта ырдап айылга түшкөнбүз.

***- А «баатырлык» наамды кайдан, кантип алмакчы элең?***

- Ошол учурда Ооганстанда согуш жүрүп жатпады беле. «Ооганга туш кыла көрбө» деген ой уулу эр жеткен ар бир

ата-эненин жүрөгүн өйүп, Ооганстан ошол учурдун чоң көйгөйү болчу. А менин купуя тилегим анын тескерисинче эле. Бала болсоң, согуш эмне, кан эмне, жете түшүнүгүң жок да. Эртерээк эле чоңоюп, Ооганстанга аскерге барып, эрдик көрсөтүп, Баатыр наамын алгым келчү. Анан... тоонун жалгыз аяк кыясына түшүп алып койго барасың, эчкиге барасың... Айланаң тоо. Ээндик. Созсоң колуң көккө жетчүдөй бийиктик. Анан кыялың айда кайда... Ооганстанга алып учат, кантип согушуп, кантип эрдик көрсөткөнүңдүн сценарийин түзүп, сүрөттөп киресиң.

***- Бирок, Ооганга барып, баатыр болгонго үлгүрбөй калдың?..***

- Элдин тилегине жараша, мен 11 ди бүткөнчө Ооганда согуш токтоду. Биздин Чөгөмдөн ал согушка Маматкадыр Осмонов деген гана жигит барып, аяктан кайткан советтик аскерлердин ичиндеги акыркы жана жалгыз кыргыз болуп келди. Убагында «Ленинчил жаш» гезитинин кабарчылары (жаңылбасам Нурдин Жангараев) аны Термезден тосуп алып, гезиттин биринчи бетине чоң сүрөтүн берип, жазып чыгышкан.

***- «Баатыр болом» деп дегдеп, аскер өнөрүнө ык койгон бала кыялыңа, мүмкүн кыргыздан чыккан биринчи генерал, уникалдуу коомдук-саясый, аскерий ишмер Ысакбек Мониевдин неберелери болуп кеткендигиңдин да таасири бардыр. Бул улуу инсан менен өзгөчө сыймыктансаң керек?..***

- Ысакбек абамдын ысмы, тарыхый сабагы мага сыймыктануу, көкүрөк каккылоодон мурда, жоопкерчилик сезимин көбүрөөк туюнтат. Дастан аба (Сарыгулов) да: «Сен кыргыз деп күйгөн чыныгы элдик, улуу адамдын тукумунансың. Майдабарат, ыплас иштерге, кир саясатка аралашпай, андан өйдө жүрүшүң керек» деп айтып калат.

***- Вахаб, «баатыр» болбогон менен чыгаан журналисттердин бири катары кыргыздын кыйырына тааныилдың. Башкалардай эле журналисттерде дагы «жылдыз» оорусу болот эмеспи. Ага сен кыска убакытта жетип, оозго алынып, кадыр-барк күттүң. Алдыдагы депутаттык шайлоого катышам деп жатканың ушундан улам чыгып жаткан жокпу?***

- Ашыра чаап койдуңуз. Кесипкөй катары мен өзүмдүн артыкчылык-кемчилигимди таразалай билем. Өзүмдү



мыкты журналист катары эсептебейм. Ал эми депутаттык тууралуу сөз болсо, бул боюнча оюмду айрым гезиттер аркылуу мурда эле айткам. Кайталап отурбай, дагы бир себебин айтып берейин. 1999-жылы, мындан беш жыл мурда айылда жөн гана кетмен чаап, керзи өтүк кийип жүргөм. Бирок тоонун башында жатсаң да саясатка кызыгып, коомдогу окуяларга абай салып турасың да. Алтургай, бул борбордо жүрүп жаткан саясаттын дуруш-бурушу айылдан даанарак көрүнөт. Калк туш болгон кыйынчылыкты жон териң менен сезесиң. Кыскасы, мамбийликтин мамлекет, эл кызыкчылыгынан бир ууч топтун кызыкчылыгын өйдө койгон адилетсиз, натуура саясаты, анын айынан карапайым калктын мүңкүрөп баратышы намысымды ойготкон, чыйралткан. Ошентип, ошол жылдын күзүндө «Бишкекке кетем, барып, «Асаба» гезитинде иштеп, беш жылдан кийин депутаттыкка коем» деп «оолуга» баштадым. Айылыбыз кичине, бири-бирибиздин кыбыр эткенибизден бери кабардар болуп турабыз. Айылдаштарымын кээси бул айтканымы жомок сыңары көргөн, кээси көңүл улап, колдомуш эткен. Кыскасы, башкасын коюп, «Асабада» иштеп каларыма да ишенишкен эмес. Ал тургай апам, бир тууган агаларым да: «Бишкекке барсаң, талаада каласың» деп коркутуп, «Асаба» сага эле «зарыгып» калган имиш деп какшыктап, айтор, катуу каршы болушкан. (Анын үстүнө, тээ тоо арасы түнгүюктагы биздин чөгөмдүктөр үчүн Бишкекке келүү Америкага баргандай эле сезилчү. Биерде биздин айылдан бирөө да жок болчу, азыр да өзүм жалгызсырап жүрөм). Көшөрүп келе бергем.

***- Келип эле «Асабанын» дарбазасын кактың?..***

- Ооба. Анда Мамат аке (Сабыров) редактор эле. Ошо кишиге киргем. Бетке тутканым – айылда отуруп жазган «Президент Аскар Акаевге ачык кат». Мамат аке адегенде аны «анча эмес экен» деп койгон. Анан эки айдан кийин жарыялашып, летучкада макташты... «Депутаттыктын» бир тарыхы ушундай. Буюрса, айылдаштарыма айткан ошондогу сөзүмдүн өтөөсүнө чыгам.

***- Шайлоодо кайсы саясый күчтөрдүн, саясатчылардын колдоосуна таянасың?***

- Негизинен, эл ишенимине ээ, кадыр-баркы жогору, таза саясатчылардын көпчүлүгү менен эле жакшымын. Айрымдары менен ага-ини дегидей жакын мамилем бар. Бирок, чоң саясий таймашка түшөм деген адам кимдир бирөөлөргө таянбай, өз күчүнө ишенгени абзел. Мен кимдир бирөөлөрдүн колдоп-таеосун алып, алдында милдеткер болбой, болсом, элдин алдында гана милдеткер болушум керек деп эсептейм.

***- Кокус, депутаттыкка өтпөй калсаңчы?.. Кээ бирөөлөр андан аябай чоң трагедия жаратып, чүнчүп кетет дешет...***

- Депутаттык мандатка жамынып, кандайдыр жеке пайда издеп, арам-адал жол менен тапкан пулун аябай чачкандар, эптеп жеткен амал-мансабын сайгандар үчүн трагедия болсо болор, а мен үчүн бу таймаш элдик бийлик үчүн күрөштөгү бир сабак гана болуп калат. Эгер атак, ар качан эл оозунда жүрүү керек болсо, мен аны депутаттык креслосуз эле жасай алам. А көрдүйнө топтоо тууралуу бала кезден эле ойлонбопмун. Алган тарбиям, табиятым ошондой болсо керек, ал азыр деле түйшөлтпөйт. «Ачсаң - алла, тойсоң - тообо» дейт эмеспи. Менин ишенимимде, барына топук, нысап кыла билгенден өткөн байлык жок.

***- «Ойгон, Кыргызстан жаштары» аталган коомдук-саясый кыймыл уюштурдуңар. Бул кыймылды уюштурууга эмне себеп болду, көздөгөн максаты кандай?***

- Кыймыл кимдир бирөөлөрдүн көрсөтмөсү менен кандайдыр бир саясий-коньюктуралык максат үчүн, жасалма жол менен эмес, табигый негизде түзүлдү. Табигый дегеним, өлкөбүздөгү коомдук саясый кырдаал ушундай кадамга түрттү. Илгертен эле жаштар чоң күч катары прогрессивдүү роль ойноп келген эмеспи. Өзүбүздүн эле тарыхка кайрылалы, өткөн кылымдын 20-30-жылдарында кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн алгачкы кышын койгондор, заманбап маданият, адабиятты түптөгөндөр 20-30 жаштагы жаштар болгон эмеспи!

Мамлекттик бийлик элдин мүдөөсүн канааттандыра албай, ишенимден чыгып, өлкөбүз азыр өтө оор абалда. А жаштарыбыз саясатка кайдыгер, коомдук турмушта пассивдүү, «уктап» атат. Биз, бизден кийинки муун ыйык мекенибиз Кыргызстанды чет элдик карызга белчесинен баткан, башка мамлекеттердин астында басынып-корун-



ган таз кейипте өткөзүп алгыбыз келбейт да, туурабы? Демек, ойгончу, демилгени колго алып, келечек үчүн намыска келип, шымаланып чыкчу тарыхый учур келди.

***- «Ойгон, Кыргызстан жаштары» деп өтө чоң ураан алган жоксуңарбы?***

- Бул ураан – аталыш «Алга, Кыргызстан» дегенге караганда алдаганча реалдуу.

***- Кыймыл жаштарды активдүү саясатка тартууну көздөйт экен да...***

- Бир багыты ошол. Мына, азыркы кыргыз саясатын караңыз, оппозициясында болобу, бийлигинде болобу, бүт бойдон 10 жылдан берки тааныш «саясый карталар». Аккан суу көлчүккө айланып токтоп калса, балчыкка, бака-балырдын уюгуна айланып, сасып-ирий баштайт. Саясат деле ошондой. Биздин саясатчылар бүгүн саясат кумарына ашкере уугуп, саясый амбиция, шайтан оюндардын тузагынан чыга албай калды. Натыйжада, эл, мамлекет кызыкчылыгы экинчи планга сүрүлдү. Демек, саясатка жаңы толкун, таза, жигердүү жаңы муун келиши керек. Ошондо гана кандайдыр силкинүү, прогрессивдүү өзгөрүүлөр болушу мүмкүн.

***- Сөзүңдүн жүйөсүнө караганда, алдыдагы парламенттик шайлоодо жөн жатпайт турбайсыңарбы?***

- Жаңы партия түзгөн Мамбетжунус Абылов «биз партияны парламенттик шайлоого катышуу, же башка кызыкчылык үчүн түзгөнүбүз жок» деген мааниде «Агымга» интервью бербедиби. Муну эми биздей жаштар айтса жарашат, туурабы? Элди аңкоо ойлобош керек, баарын көрүп, жакшы түшүнүп турат. Жөн эле сопусуна бергендин кажети канча? Саясат жүргүзөм десең, ачык, түз эле жүргүз! Биз ачык эле айтабыз, «Ойгон, Кыргызстан жаштары» кыймылы алдыдагы шайлоодо жаштардын ичинен татыктууларын колдоп-сүрөп чыгып, кийинки шайлоого да талапкерлерди даярдоонун камын көрөт. Бул биз койгон максатка жетишүүнүн, саясатка таасир этүүнүн мыйзамдуу бир жолу. Баса, жаштар дегенде мен «атасынын доорунда» казино, түнкү клубдарда шапар тепкен «чоңдордун», «жаңы кыргыздардын» балдарын эмес, карапайым калктын ичинен суурулуп чыккан жаштарды айтып атам. Маркум акын Аман Токтогуловдун:

Неге адамга берилет кайран жаштык,
Көккө шаңшып бир ирет учпаган соң.
Намыс күтүп, ар күтүп, не кыласың?
Катарыңдан суурулуп чыкпаган соң?

– деген мыкты ыр саптары бар. Ушул ырдын маанисине жетип, көкүрөгүнө уялата алган, улуттук-патриоттук духу чың жигит-кыздар жөнүндө сөз болуп атат.

*- Баарың эле карапайым калк арасынан чыксаңар акча, каражат жагын кантесиңер? Каражатсыз бир нерсе жасоо кыйын го?*

- Мунуңуз бүгүнкү күндүн мыйзам ченемдүү суроосу. Биздин мезгилдин бир трагедиясы ушул болсо керек: саясатты да, руханиятты да акчага такап түшүндүрүп, акча менен гана баалап-бычып калдык. Менин ички ишенимимде, ар кандай иштин оожалышы үчүн акчадан оболу, кайнаган каалоо, аруу, таза максат, патриоттук дух болуш керек. Кыймылдын уюштуруучулары Замир Божонов, Керим Макеев, Тимур Камчыбеков ушундай сапаттарды алып жүргөн жигиттер. Мына жакында атактуу обончу-аткаруучу Бек Борбиев, Кубатбек Жамалов өңдүү бүгүнкү жаштардын көрүнүктүү өкүлдөрү катарыбызга кошулду. Дегинкиси, көпчүлүк ушундай бир демилгеге суусап турган көрүнөт, туш-туштан колдоо айтышып, мүчөлүккө өтүп атышат. Оштогу штабыбызда азыр кызуу иш. Мурда тар чөйрөдө гана уюштуруу жыйынын өткөргөн элек. Жакында жалпы жыйын өткөрүп, кыймылдын программасын кабылдап, жүргүзүүчү иш-чаралардын планын талкуулап, аткаруучу-жетекчилик курамын тактайбыз. Ал атайын гезитке жарыяланат. Кызыккандар 7-51-60 телефону аркылуу Оштогу штаб менен, 68-16-77 телефонуна чыгып, мени менен байланышса болот. Кыймылга 17 жаштан 36 жашка чейинки жаштар мүчө боло алат. Улуулардан ды да ардактуу мүчө катары кабылдап, кеп-кеңешин угуп турмакчыбыз.

*- Кайсы саясий күчтөр, саясатчылардын колдоосуна таянасыңар?*

- Принципинде, эгер чындыгында эле мамлекет, эл тагдырына күйүшсө, биздин патриоттук кыймылды «патриотмун» деген саясатчылардын баары колдош керек.



Кыймыл убагы келсе, кимдин ким экендигин көргөзгөн күзгүнүн да милдетин аткарат го деп ойлойм.

*- Силерди толук бойдон оппозициялык маанайда деп кабылдасак болобу?*

- Расмий түрдө оппозициябыз деп чыкканыбыз жок. Бирок, бүгүнкү саясый, социалдык-экономикалык кырдаал кааласаң да, каалабасаң да оппозиция болууга мажбурлайт.

*- Штабыңар эмне үчүн Ошто жайгашты?*

- А эмне үчүн Ошто жайгашпаш керек?

*- Айтам да, адатта...*

- Биринчиден, расмий түрдө Ош шаары Кыргызстандын экинчи борбору катары статуска ээ эмеспи. Экинчиден, прогрессивдүү өзгөрүүлөрдүн толкунун калкынын саясый аң-сезими жетик, жаштары активдүүрөөк Ош тараптан күтүү керек. Үчүнчүдөн, адегенде эле республика аймагын камтууга умтулуп, кең алкакта жүдөп калбай, бир башкам, ирети менен, системалуу иш жүргүзгүбүз келет. Кыймылды алгач Ошто жайылтсак, анан...

*- «Туулганына эмес, турганына сүйүн» дейт?..*

- Биз «турбай» калган, же жөн гана куру кыйкырык менен алек болгон «коколой баштуу» саясый кыймыл, партиялардын сабагын түзүк эле электен өткөрүп, «жети өлчөп, бир кесип» анан чыктык. «Ойгон, Кыргызстан жаштарынын» турарына эле эмес, олутту, реалдуу күчкө айланарына ишенем.

*- Вахаб, маегибизди башка оңутко бурсак. «Учкун» гезити депутат Давран Сабиров менен соттошуп атат? Бул жаңы торолуп келаткан оппозициялык гезиттин оозун жабуу үчүн жасаган бийликтин тукуругу эмеспи?*

- Азырынча мен бул иштен саясый боек көргөнүм жок. Боло жүргөн эле көрүнүш. Сот калыстык кылса, утуп чыгабыз.

*- Башкы редактор катары «Учкун» гезитинин келечегин кандай көрөсүң?*

- Келечегине көзү ачыктык кыла албайм. Окурмандарга бир гана нерсени убада кылышым мүмкүн: мен редактор болуп турганда «Учкун» кандайдыр бир кыйдымыйды, тар, жеке саясый кызыкчылыктарды көздөп, түз жолунан адашпайт, элдик, улуттук мүдөөдөн тайбайт,

калыстыкты сап кармайт. Гезитти гезит кылган Калил аке, Айзада, Алмаз - жеңил-желпи азгырыктарга алданбаган, адилеттик сезимди туу туткан журналисттер.

***- Кандай максатты көздөп «Адилет шайлоо үчүн» Атуулдук кошунуна мүчө болуп кирдиң?***

- Кошундун алгачкы билдирүүсүндө айтылгандай, шайлоолордун адилет өтүшү өлкө тагдыры үчүн чечүүчү мааниге ээ маселелердин бири. Анан эмне үчүн аны колдоп, кубаттабаш керек? Мен бул кошунга бирдеме үмүт этип эмес, алдыга коюлган максатты жүзөгө ашырууга атуул катары аз да болсо жардамым тиерине көзүм жетип, кол кабыш кылуу ниетинде кошулдум. Кошун алдына койгон максатынын өтөөсүнө чыгар реалдуу күч болушу үчүн биринчи кезекте «жетиликтин» ар бири жеке амбицияларын ооздуктай билиши жана «депутат болушума бир пайдасы тийип калабы» деген ойдо умтулган мансапкорлордун уюгуна айлануудан сак болушу зарыл.

***- Азыркы кыргыз саясатчыларынын ичинен кимге симпатияң бар? Кимисине өзгөчө ишеним артасың?***

- Кимдир бирөөгө өзгөчө симпатия берип, ишеним артуу – ал саясатчыга карата сын көзкараштын жоголушу деген эле сөз да. А мен саясатчылардын баарына сын көз караш менен караган оң деп эсептейм.

***- Жеке инсандар, саясый уюмдар болочок президенттикке талапкерлерди эмитен эле жылдыра башташты. Мисалы, Кулов, Атамбаев, Мадумаров, Бакиев, Сарыгулов... Булардын кимисин татыктуу деп ойлойсуң?***

- Бул жаатта Марат акенин (Султанов) пикирин туура көрөм. Азыр биз конкреттүү талапкерлердин ысмын атабай, «болочок президент кандай адам болуш керек?» деген негизде идеалдуу талапкердин моделин көрсөтсөк жөндүү болмок. Анан элдин, талапкерлерди электен өткөрүп тандап алуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу, адилет шайлоо системасын калыптандыруу багытында иш жүргүзүү керек болчу. Ошон үчүн саясатчылар боюнча азырынча «ак же көк» деп айта албайм.

*Маектешкен Карамат Токтобаева*

*(«Агым», 18-июль, 2004-жыл)*





## ДЕПУТАТТЫККА АТ САЛЫШУУДАН БАШ ТАРТТЫМ. ЭМНЕ ҮЧҮН?

Карапайым калк да өз кызыкчылыгы үчүн күрөшүп, мамлекеттик бийликке таасир этсе болоорун далилдейм, бийлик-байлык ээлеринин алдында өзүн алсыз сезген элдин духун көтөрүп, атуулдук намысын ойготом деген адал ой менен алдыдагы шайлоодо депутаттук үчүн ат салышууга ниеттенип жүргөнүмдөн айрымдар кабардар болсо керек. Ушул максатта өзүмдүн районум Аравандагы, Карасуунун Ишкаван, Керметоо айылдарындагы калк ичинде болуп, анча-мынча иш жүргүздүм. Мында менин байкаганым, бүгүнкү көпчүлүк талапкерлер «акчага сатып алам» деп оңой ойлогондой, элдин баары эле акча менен амалмансаптын кулу эмес экен. Ар-намыс, абийирди акчадан жогору койгон, Мекенибиз үчүн чындап күйгөн, таза, чынчыл, патриот адамдардын арбын экендигине көзүм жетти. Кой союп, аш берип, арак куйбасам да, чөнтөгүм жука экендигин билишсе да, жалпы Турук эли – чөгөмдүк, кичалайлык, кожокелендик айылдаштарымдын намыс үчүн жапатырмак тик турабыз дегени эле мен үчүн оползтоодой дем болду. Гүлбаар, Төөмоюн, Маңгыт, Жаңарык, Уйгурабад, Ишкаван, Керметоо, айтор, ар бир айылдын карапайым эли максатымды колдоп, жылуу кабылдашты. Көпчүлүк жаштар өз демилгелери менен колкабыш кылууга сөз беришсе, аксакалдар ак батасын аябады. Бирок, шайлоого жакын калган акыркы күндөрү өлкөбүздөгү саясий кырдаал кескин өзгөрө баштаганына байланыштуу, баарын талдап көрүп, акыр-аягы депутаттык үчүн ат салышпай эле коюуну чечтим. Албетте, жеке керт башымы ойлогондон же жеке өзүм үчүн корккондон эмес:

1. Бул шайлоону бүгүнкү бийлик режими «өмүр же өлүм» дегендей кабылдап атат. Карапайым калктын өкүлүнө атаандаштыкка чыккан өз адамдары үчүн административдик, финансылык ресурстарын аягыдай эмес. Ар кандай жаманчылыктан да кайра тарткыдай түрү жок. Ошондуктан үгүт иштеринде, шайлоону көзөмөлдөөдө чөнтөгүм жукалыгынан улам, өзүмдүн санаалаш адамда-

рымды атаандаштардын «миллиондорунун», бийликтин «камчысынын» алдында жүдөтүп, чүнчүтүп, ишенимин өчүрүп алуудан корктум. Мен үчүн ар качан эл ишеними ыйык, ар кандай мандаттан бийик!

2. С. Иманбаев башында турган Боршайком жана райсоттон Конституциялык сотко чейинки Фемида биринчиден, шайлоодо бийликтин камчысын чапса, экинчиден, аны кадимкидей «бизнеске» айлантып, адисинен ашары азыртан эле ашкере болууда. Кудай буюруп, утуп калган кезде деле алардын тоскоолдугун жарып өтүп, элдин энчилүү добушун өзүнө кайрып берер ишти уюштурганга азырынча кудуретим жеткидей эмес. Ошон үчүн шайлоочуларыма куру убарагерчилик тарттырууну туура көрбөдүм.

3. Баштан эле өзүн чыныгы эл уулумун деген адам эч кандай мандат-сандатсыз эле өзүн эл алдында милдеткер сезет, эч кандай мандат-сандатсыз эле Мекенге бир пайдасын тийгизет деп билем.

**Акырында айтар сөз, мага ишеним көрсөтүп, №50-Керметоо шайлоо округунан депутаттыка талапкерликке «Жаңы Кыргызстан» саясий партиясына, мосунуштаган «Жаңы Кыргызстан» саясий партиясына, мосунуштаган, сүрөгөн жердештериме, жамы ралдык көмөк көрсөтүп, сүрөгөн жердештериме, жамы мекендештериме чын дилден ыраазычылык билдирем. Кимдин ким экендиги ушундайда билинет экен, айрыкча 4-5 айдан бери чын нияти менен чуркап жүргөн Манас Орозбаев, Сражидин Дүйшеев, Арзымамат Абжапаров сыяктуу досторумдун, Жаныбек Машаев, Базарбай Ибраимов өңдүү агаларымдын эмгегин унутууга акым жок.**

**Алдыда Араван эли татыктуу адамды тандап, шайлап алышына тилектешмин. Тандаган адамыбыз эл ишенимин кандай актайт, Атажурт астындагы жоопкерчиликти кандай сезет? Көрөлү...**

*Абдувахаб Мониев, 14-январь, 2005-жыл, Бишкек шаары*

*(«Агым», 21.01.2005-жыл)*





*«Ош жаңырыгы» гезитинин башкы редактору* ***Абдувахаб МОНИЕВ:***

## «КУРМАНБЕК БАКИЕВДИ МАКТАП, БИР САП ДА ЖАЗБАЙМ»

***Салия Турдиева*, Карасуу району:**

***- Абдувахаб, акыркы кездери облустар жоюлат деп жатышат. Эгерде Ош облусу жоюлуп кетсе, «Ош жаңырыгынын» тагдыры кандай болот?***

-Кызык суроо экен. Облустарды жоюу тууралуу расмий түрдө жакында гана айтыла баштабадыбы. Ошол себептүү бул маселенин аки-чукусун талдап, атайылап ойлоно элек экенбиз. Бирок, облус жоюлган кезде деле азыр облмамадминистрация ээлик кылган «Ош жаңырыгын» сактап калуунун, керек болсо, оожалдыруунун жолдору мурдатан эле белгилүү. Биринчиси, гезит редакциясын мамлекеттик менчиктен коомдук менчикке өткөрүү б.а. акционерлештирүү. Бул идеяны азыркы президентибиз Курманбек Бакиев, вице-премьер министрдин милдетин аткаруучу Адахан Мадумаровдор адеп бийликке келгенде эле айтып чыгышкан.

Ал эми, экинчи бир жол: эгер мамлекет «Ош жаңырыгын» өз колунан чыгаргысы келбесе, ага республикалык, болбоду дегенде, Түштүк регионалдык статус бериши, республикалык бюджеттен дотация бөлүп турушу керек. «Ош жаңырыгынын» редакциясы жайгашкан Ош шаары расмий түрдө Кыргызстандын экинчи борбору эсептелет. Түштүк регионунда республика калкынын теңинен көбү жашайт. Анан эмне үчүн Түштүк борбордон чыккан гезитти бүт өлкөгө таратууну колдоого алууга болбосун?! Мунун өзү региондордун алака-катышынын жакшырышы, жалпы эле улуттук коопсуздук үчүн бир топ утуш алып келмек.

***Улан Абилов*, Ош шаары:**

***- «Ош жаңырыгы» гезити коррупциянын бетин ачуу боюнча катуу аракеттенип атат. Айрым чоңдордун жеп-ичкендерин коркпой-үркпөй ачык жазып***

***атасыңар. Менимче, сиздердин бул аракетиңиздер көпчүлүк чиновниктердин, чоңдордун кыжырын келтирип жатса керек. Сизге кандайдыр бут тосууларды жасап, зыян келтирип коюу коркунучу жокпу?***

-Акыркы 10-15 жыл ичи өлкөбүздө коррупция мурда болуп көрбөгөндөй «гүлдөп» өнүгүп, Кыргызстан бул жаатта дүйнөдөгү алдыңкы орундарга чыкканы азыр бешиктеги балага дейре белгилүү эмеспи. Ошондуктан, биз кийинки кездери коррупцияга каршы күрөштү күчөтүүгө аракет жасап жатканыбыз чын. Ушул багытта калемгерлер үчүн конкурс да жарыяладык. Бирок, кыйратып жатабыз дегенден таптакыр алысмын. Ушу кезге чейин бизде коррупция боюнча олуттуу бир да материал жарыялана элек. Демек, биздин гезит азырынча коррупционерлер үчүн коркунучтуу «душманга» айлана элек. Аларга чындап кооп туудурган чекке жетсек, албетте, биз үчүн да коркунуч пайда болушу мүмкүн.

***Н.Султанов*, Карасуу району:**

***- Абдувахаб, сиз чыгармачыл адамсыз, журналистика менен катарда кызыктуу аңгемелерди жазып жүргөнүңүздү билебиз. Ошол экинчи «фронт» кантип атат?***

-Бала кезде баары эле кыялкеч болот эмеспи. Ошол окуучулук куракта жазуучу болсом, болгондо да Айтматовдой, Жусубалиевдей чоң жазуучу болсом деп кыялданып, самачумун. Ошол куракта бир аңгемем адегенде ушул «Ош жаңырыгына» жарыяланган. Кийинчерээк да анча-мынча жазгандарым чыгып жүрдү. Алардын баары ошол балалык кыялдын деми, күүсү менен жазылып калган эле. Андан кийин адабиятка сүңгүп кирип, жазуучу болууга умтулганым жок. Себеби, өзүмө сын көз караш менен кароого аракет кылам. Менде жазуучулук шык, жөндөм жоктугун, мыкты жазуучу чыкпай тургандыгын эрте түшүндүм. «Начар акындын адабиятка кошкон салымы - жазбай койгондугу» деген накыл кеп бар эмеспи. Менин да көркөм адабиятка мындан аркы кошкон салымым жазбай койгондугум болот го деген ойдомун.

***-Гезитке редактор болуу менен бирге «пишущий» дагы шеф болгуңуз келбейби? Гезит бетинен сиздин калемиңизге таандык публицистикаларды, проблемалуу макалаларды окубай жатабыз.***



-Мындай сөздү акыркы учурда сизден башка да адамдардан угуп атам. Чынын айтсам, бир жагы, өзүмдүн жалкооруктугумдан, экинчи жагы, редакторлук жумушка жаңы киришип, убакыттын тардыгынан улам көбүрөөк жаза албадым. Буюрса, жазуу жагына эми активдүүрөк киришем.

***Курбаналы Айдаров*, ОшМУнун студенти:**

***-Вахаб аке, сиз Президенттин Түштүк региону боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Алмамбет Матубраимовго «Ош жаңырыгы» аркылуу катуу каяша айткан элеңиз. А.Матубраимов азыр сизге тиш кайрап жүрөт дешет го?..***

-Андай болушу мүмкүн эмес. Ошондон аз өтпөй эле Алмамбет Матубраимович менен жолугушуп, ачык-айкын сүйлөшүп, түшүнүшкөнбүз. А кишини мен тигиндей майдачыл адам деп ойлобойм. Анын үстүнө мен жекече мамиледен улам эмес, конкреттүү иш боюнча гезиттин позициясын билдиргем.

***Абдыжапар Жээнбеков, жазуучу:***

***- Абдувахаб, сен редактор болуп келгени гезит кескин өзгөрдү. Мазмуну байыды. Чындыкты коркпой жазган элдик гезитке айланып баратат. Ийгилик каалайм. Ушул кадамыңардан жазбагыла!***

-Аракет кылабыз. Каалооңуз үчүн рахмат.

***-Мен өзүм «Ленин жолу» кезинен баштап, бул гезитте көп жыл иштегем. Мурда гезит обкомдун катуу көзөмөлү астында чыкчу. Чоңдорго сын айтууга таптакыр мүмкүн эмес эле. Азыр абал өзгөрдүбү, же дале партиянын мезгилиндегидейби? Угушума караганда облмамадминистрация менен келишпестиктер болуп жатыптыр...***

-Албетте, компартиянын мезгилиндеги абалга салыштырып болбойт. Ошол эле кезде бизде баары жайында, сөз эркиндигин толук орноп калды деп айтууга да негиз жок. Саясый система түп тамырынан бери өзгөрүп, доор жаңырган менен биздин кээ бир чиновниктердин аң-сезими, бийликке, ММКга карата көз карашы эски боюнча эле калыптыр. Маселен, облустук мамадминистрация башчысынын орун басарынын милдетин аткаруучу Ачахан Тургунбаева «Ош жаңырыгынын» ишине орунсуз кийлиги-

шип, кылдан кыйкым издеген учурлар болду. Бирок, облустун жетекчиси Анвар Артыков өзүнүн демократиялык принциптин туу тутарын көрсөтүп, «Мен гезиттин ички ишине кийгилишпейм» деп башында эле айткан. Ошол сөзүнө туруп келатат. Ошол себептүү журналисттерге жогортон көрсөтмө, буйрук берүү жок, гезитти эркин чыгарып жатабыз. Элге алына баштаганынын себеби да ошол болсо керек.

***Керим Калыкулов,* студенттик «Нур» гезитинин редактору:**

***- «Ош жаңырыгы» мамлекеттик гезит болсо да, бийликке карата сын пикирлерди жарыялап жатасыздар. Айтыңызчы, Кыргызстандагы жаңы мамлекеттик бийлик, анын башында турган Президент Курманбек Бакиев жөнүндө жекече көзкарашыңыз кандай?***

-Азыр анча-мынча бийликке аралашкандар, интеллигенция өкүлдөрү, башкалары баары жабалактап эле жаңы бийликти мактап атышат. Өкмөттүк делген гезиттерди барактасаң, теле-радиону бурасаң деле бүт бийликке кошомат айткан «тааныш» өңдөр. Кечээ эле алар «Сиздей адам кылымда бир туулат» деп Акаевге кошомат кылып атышып, Кыргызстанды бүгүнкүдөй абалга жеткизишти. Акаевди бүгүнкүдөй трагедияга туш кылышты. Дилимде мен бийликке көзү түз, анын жакшы иштешин каалаган, жалпы улуттук кызыкчылыкты ойлогон адам, эч качан бийликке кошомат айтып, жагымпоздук кылбайт. Тескерисинче, бийликтин ишмердигине сын көз менен карайт деп билем. Ал эми, Курманбек Салиевич жөнүндө айтсам, 2002-жылы Аксы окуясынан кийин а киши премьер-министрлик кызматтан кетпедиби. Ошондо мен «Агым» гезитине «Курманбек Бакиев кызматтан абийирин таза сактап, башын бийик көтөрүп кетти. «Кайтып келүү» үчүн ошентип кетиш керек эле» деген мааниде жазып, президенттикке №1-талапкер атагам. Анын идеясын толук колдоп келгем. Кийинчерээк К.Бакиев КЭКти түзгөндө, мен ал кыймылдын текшерүү комиссиясынын мүчөсү болгом. Бирок, мен азыр Курманбек Бакиевди мактап-жактап бир сап да жазбайм.

***Мухтар Маматалиев,* облустук маданият башкармасынын башкы адиси:**



***- «Ош жаңырыгы» гезитинин аптасына бир гана жолу чыгып жатканы мага жакпайт. Гезиттин эң негизги милдети информация берүү эмеспи. Жумасына бир гана жолу жарык көргөндүктөн, гезиттеги информациялардын оперативдүүлүгү жоголууда. «Ош жаңырыгын» мурдагыдай жумасына 2 жолу чыгарсаңар жакшы болбой беле?***

- Туура, мурда гезит кээде 4 бет, кээде 6-8 бет болуп, жумасына эки жолу чыгып келген. Бирок мындай көлөмдө гезиттин мазмунун байытып, багытын кеңитип, кыскасы, сапатын жакшыртуу кыйын. Мамлекеттик гезит болгон соң, бир топ орунду расмий материалдар ээлеп калмай жагы да бар. Гезит ошентип супсак чыкканына карабай, мурда райондорго атайын план берип, буйрук менен зордоп жаздырышчу. Март төңкөрүшүнөн бери андай административдик чарадан облустук бийлик баш тартты. Гезит деле - товар. Окурмандар ага акча төлөп жазылып, акча төлөп сатып алып жаткандан кийин, ал окурмандарды канааттандырышы, алардын талабына жооп бериши керек. Ошондо анан сатып алат, же жазылат. Ошондуктан редакция жамааты «Ош жаңырыгын» аптасына бир ирет чыгарууну чечкен. Албетте, азыр сиздей наразы болгондор да жок эмес. Бирок, гезитибиздин жумалык катары чыкканын колдогон окурмандарыбыз көпчүлүктү түзөт деп ойлойм. Түпкүлүгүндө гезиттин оперативдүү жарык көрүшүн биз деле колдойбуз. Кана эми, күнүнө жаңы чыгып турса?! Тилекке каршы, азырынча финансылык жагынан да, техникалык жагынан да, байланыш жагынан да бизде ага мүмкүнчүлүк жок.

Экинчи жагынан алганда, оперативдүүлүк жоголду деп чуу салганга анча деле негиз жок. Маалымат таратуунун оперативдүүлүгүн азыр электрондук ММК, радио, телевидение колго алды. Ошол себептүү эми басма сөз каражаттарында маалыматка башкачарак өңүттөн мамиле кылып, аны элге кеңири анализдеп, «жумшак чайнап» жеткирүү милдети турат. Мисалы, Россиянын «Аргументы и факты» 10 күндө бир чыгат. Эмне, ал начар гезитпи? Менимче, гезиттин баркы биринчи кезекте профессионалдык деңгээли, мазмун - маңызы менен өлчөнүш керек.

***Нургазы Ташиев,* ОшТУнун окутуучусу:**

***- Жаңы бийлик Кыргызстанды азыркы туташ кризистен тез арада чыгарып кетет деп ишенсек болобу?***

-Албетте, карапайым калк чоң ишеним, илгери үмүт менен төңкөрүш жасаган. Ал ишеним али күчүндө. Эл жаңы бийликтен көпту үмүттөнүүдө. Бирок мен азыр убакыттан уттуруп жатабызбы деп ойлойм. Мына бийлик алмашканына алты айдан ашты. Анткен менен радикалдуу өзгөрүш, чечкиндүү жылыштар көрүнбөй жатат. Кадр маселесинде дагы кемчиликтер кетип жатат.

***-Бирок, эл Бакиев менен Куловдун биримдигин колдоп, ошолордон чоң үмүт кылып жатпайбы?..***

- Туура, бул тандемди колдоо керек. Бирок, бир же эки - үч лидердин этегин кармасак эле кризистен чыгып кетебиз деген чоң жаңылыштык. Эң ириде жалпы коомдук аң - сезим өзгөрүш керек. Тилекке каршы, Кыргызстанда саясый төңкөрүш жасалган менен, коомдук аң-сезимде төңкөрүш жасалбай атат. Андай төңкөрүштү жасоо улуттук интеллигенциянын милдети эле. А биздикилердин ойлогону деле, көздөгөнү деле баягы - эски бойдон. Азыркы бийликтегилерге кош - коштоп кошомат айтуу менен алек. 24-марттагы төңкөрүш күнү КТРден өзүң деле көргөндүрсүң, Кулов камалганда, Бакиев куугунтукталганда бир ооз калыс сөзүн айтууга жарабаган аттуу - баштуу аксакалдарыбыз экөөнү айга - күнгө теңеп мактап, ал тургай бирөөсү «аталарынан бери тааныйм» деп ийбедиби...

***Айгерим Муратова,* ОшМУнун студенти:**

***- Редактор катары «Ош жаңырыгы» гезитинин позициясы кандай болсо деп ойлойсуз?***

-ММК кайсы бир саясый позицияда болуш керек дегендин өзү натуура. Мен ММКда эч кандай позиция болбош керек, болгон ишти болгондой чагылдырып бериш керек, калганын эл өзү таразалап алыш керек деп ойлойм. Албетте, мамлекеттик коопсуздукка кооп туудурбаган маселелерде. Бирок биз азыр ММКны мамлекеттик жана эркин деп экиге бөлүп алганбыз. Мамлекеттик десе эле, алары бийликти апендинин кызындай макташ керек, эркин десе эле булары ашата сындаш керек деп ойлойбуз. Ошентип, эки жээкке бөлүнүп алгандыктан ортодо калыс туруп, өзүнүн түпкү вазийпасын аткарган кыргызча гезит жокко эсе азыр Кыргызстанда. «Ош жаңырыгы» ошол



боштукту толтуруп, орточул болсо дейм. Бирок, каранкалгыр, республикалык масштабга чыкканга мүмкүнчүлүгүбүз чектелүү болуп атат. Басмаканабыз да заманбап талапка жооп бербейт.

***-Сиздин оюңузча «Кыргыз туусу», «Эркин тоо» сыяктуу республикалык гезиттер марттагы революциядан кийин өзгөргөн жокпу?***

-Сен өзүң ал гезиттерди окуйсуңбу?

***-Кээ - кээде.***

-Өзгөрүүнү байкай алдыңбы?

***-Көп деле байкалган жок.***

- Ошо сыяктуу мамлекеттик гезиттер, алар аркылуу бүт кошоматчылар «армиясы» айга - күнгө теңеп мактап - даңктай бербегендиктен, сынчыл көз карашты унуткандыктан улам акыры көзүн май басып, Акаев бийлиги ушу күнгө кабылбадыбы?! Демек , ММКнын мындай позициясы - азыркы бийликтин да, мамлекеттин да биринчи душманы болуп чыгышы мүмкүн.

***Жээнбек Абдилдаев,* Ош шаары:**

***-Мамлекеттик ММК болбош керек, баары эркин, коомдук болуш керек деген сөздөр айтылбады беле. Буга кандай карайсыз?***

- Туура, мамлекеттик менчиктеги ММКны коомдук менчикке айландыруу идеясын президентибиз Курманбек Бакиев бийликке келген биринчи күндөн эле айтып чыккан. Адахан Мадумаров да сөз кылып жаткан. Азырынча сөз сөз боюнча калды. Мен ММКнын коомдук менчикте, эркин болушун жактайм. Себеби, ММК эркин, күчтүү болмоюн, коомдо демократия орнобойт. Гезит - телеси алсыз, өкмөттүн колун караган коомдо коррупция менен күрөшүп жыйынтык чыгарууга да мүмкүн эмес. Ошондуктан, бийлик тар, күнүмдүк кызыкчылыкты эмес, арканды узун таштап, мамлекеттин келечегин ойлосо, ММКга толук эркиндик берип, күчтөнүшүнө ар тараптан колдоо көрсөтүш керек.

***- Кандай колдоо дейсиз?***

- Биринчиден, эркиндик берсин. Экинчиси - материалдык мүмкүнчүлүк. Бизде тим эле күргүштөп киреше таап жаткан өндүрүш ишканасы сыяктантып, гезиттерге да 20% киреше салыгы (НДС) салынат. Башкалары аны бир эле жолу төлөсө, гезиттер эки жолу төлөйт. Бир жолу

кагаз сатып алганда, экинчиси гезит чыгарганда. Эгер өкмөт ошол НДСти басма сөз каражаттарынан алып салганда, гезиттердин бутуна туруп кетиши үчүн түрткү болмок. Маселен, бизден алдуу - күчтүү Россия менен Казакстан ошол ишти практикалап, ММКнын күчтөнүшүнө шарт түзүп берген убагында.

***- Дагы бир суроо: «Ош жаңырыгы» азыр бийликке да сын айтып, курч чыгып атат. Сизди кызматтан алып коюшу мүмкүнбү? Редакторлуктан алынып калам деп коркпойсузбу?***

-Иштен алышы толук мүмкүн. Бирок, амал-мансап үчүн баарыбыз эле корко берсек, биздей жаштар да жагымпоздук кыла баштаса, жалпы кызыкчылык, келечек үчүн чындыкты, калыс сөздү ким айтат?

*(«Ош жаңырыгы», 26-август, 9-сентябрь, 2005-жыл)*





## ТУЙГУНУҢ КЕТТИ, ТУЙДУҢБУ?..

Орустун керемет жазуучусу, актер, режиссер Василий Шукшин өлгөндө акын Андрей Вознесенский каңырык түтөтүп: «Москва хоронила настоящего мужика и русскую совесть» деп жазган экен. Өткөн аптадагы чоң жоготуубуз – Салижан Жигитовдун өлүмүн да дал ушундай баалоого туура келет. Болгону «Москваны» «Бишкекке», «рускую» «кыргызга» гана алмаштырып түшүнүү керек.

Филология илимдеринин доктору, профессор, адабиятты, тилди чаккан чоң илимпоз, «Шуулдаба теректерим...» деп башталган жалгыз «Элегиясы» менен эле кыргыз поэзиясынын төрүндө калар акын, «Иттин икаяларын» жазып, кыргыз прозасына жаңылык киргизген жазуучу, Назым Хикметти кыпкыргызча сүйлөткөн чебер котормочу...

Мунун баары Салижан Жигитовдун инсандык турпатынын сырткы боектору гана. Ал кыргызга баарыдан мурда кыргызды чындап сүйгөндүгү, өз элине, Мекенине чын дилден күйгөндүгү, интеллигенция деген катмары калың, а бирок нагыз интеллигенти саналуу элде чыныгы интеллигенттин үлгүсүн алып жүргөндүгү менен кымбат эле. Кудай а кишиге ар тараптуу көркөм талант менен кошо, терең акыл-парасатты да атаа кылган экен. Биресе ага өзүнүн жаштайынан изденип, тытынып окуган мээнеткечтиги менен жетиптир. Салижан Жигитов ошол дээриндеги акыл-парасатын, мээнет менен жыйган илим – билимин жеке керт башынын камы: көр дүйнө топтогонго, амалмансапка жеткенге же академик болгонго эмес, улутунун мүдөөсү, келечеги үчүн сарптап өттү. Анын өмүрү мына ушунусу менен да өзгөчө баалуу, улуу.

Салижан Жигитов кыргызды чын дилинен сүйчү. Ошон үчүн «жек көрчү». Дегеним, ал дамамат элибиздин өксүк комплексин, улуттук интеллигенциябыздын жармачтыгын көзгө сая айтып, жазып келбедиби. А муну көпчүлүгүбүз тескери кабылдап, аны кыргыздын душманы катары сыпаттап, жектеп жүрдүк. Ал тургай «Жигитовдун түбү калмак экен. Ошон үчүн кыргызды жактыр-

байт» деген оосар сөздү тараткандар да болду. Аттиң, антип оосар кеп айтып, ооз көптүрүп, а бийлик, байлык дегенде жата калып кошомат айтып, улут кызыкчылыгын тыйынга сатып, калыс сөздөн тайган «интеллигенттерибиздин» баары өз элине Жигитовчолук күйүп, жигиттик кылганда, Кыргызстан азыркыдай акыбалда болбойт эле...

Салижан Жигитовдун өлүмү жеке адам катары мен үчүн да орду толгус жоготуу болду. Тек гана, Салижан аба деп, мен аны өзүмдүн устатым катары тутунчумун. Журналист катары колго калем кармап, алгач интервью алган адамым да Салижан аба болгон. 1998-жылы ушул эле «Ош жаңырыгында» иштечүмүн. Анда Абибилла Пазылов башкы редактор. «Ош 3000» деген «ОЖнын» тиркемесин чыгарып аткан. Ошол учурда Салижан аба Ошко келип калып, андан кыргыз адабияты жөнүндө учкай интервью алып, тиркемеге жарыяланган.

Насип буюруп, «Асабада» иштеп калдым. Адеп барганда борбор калаадагы интеллигенция өкүлдөрүнөн жакынырак таанып-билгеним да жалгыз Салижан аба болчу. Ошентип, «Асабадагы» алгачкы интервьюм да Салижан аба менен болгон. Ошондон соң жакын жүрүп, кеңешин алып келдим.

2002-жылкы дагы бир окуя эске түшөт. Анда «Асаба» «Агым» болуп калган. Жайында «Агымдан» кетем. Ошко барып, ОшМУга мугалим болом» деп калдым. Окуу жайдын жетекчилиги менен да алдын-ала сүйлөшүп койгом. Бирок, менин ал оюма «Агымдын» «дөө-шаалары» Алым, Түгөлбай, Мелис акелер каршы болуп: «Перифериянга барсаң, өспөй каласың» деп Бишкекте калтырууга аракет кылышты. Аларга анча моюбай жүрсөм, бир күнү «Агымдын» редакциясына Салижан аба келип калды. Мелис аке ага: «Ой, мына Вахаб үкаңиз «Ошко кетем» деп бизди укпай атат» деп калды. Салижан аба: «Неге кетем деп атасың?» деп сурады эле «Окутуучу болуп, турмуштун башка жагын да үйрөнөйүн...» дедим оозум бош. «Ошол эле болсо, Ошко барбай эле кой, мага өт. Турмушту мына мен үйрөтөм сага» деп кетти Салижан аба азил-чыны аралаш. Эртеси ишине өттүм. «Кетем дегениңе не себеп?» деген соболуна «үй-жайдан кыйналдым, тигил-бул» деген шылтоолорду айта баштасам, «Оштогу туугандарыңын абалы



кандай?» деп сурап калды. «Түзүк эле» десем: «Токто, анда мен тууган-уругуңа кат жазып жиберейин. Ошолор сага үй сатып берсин» деп калды. Анан астейдил отуруп, менин Оштогу туугандарыма кат жазууга киришти. Эрикпей экинчи сыйра көчүрүп жазган катынын мазмуну мындай эле: «... Нарындык, таластыктарда тыңчыкма уулдарына керек болсо үй да сатып берип, кызматына да жардам берип колдоп, көтөрмөлөгөн салт бар. Андай салт биздин оштуктарда жок. Ошол салтты силер, Мону ажынын уруктары, баштап, өз уулуңарга боор этиңерден өнөп болсо да акча чогултуп, Бишкектен бир көмүт болсо да үй алып берсеңер жакшы болот эле. Вахаб силердин ишеничиңерди актаарына менин көзүм жетет...»

Арийне, мен биздин тууган-урукта антип, бири-бирине көмөктөшүп, колдой турган дээр жоктугун жакшы билчүмүн. Мага тек гана өзүм улуу инсан катары баалаган Салижан аба ошентип көңүл буруп, кат жазып олтурган фактынын өзү маанилүү болчу. Ошко келгенде «Салижан аба ушинтип кат жазып берди» деп, бирин-экин санаалаш адамдарыма эле көрсөткөнүм болбосо, ал катты тууган-уруктун ортосуна деле салганым жок.

Дагы бир жолу, саясат-маясат, аны-муну сүйлөшүп атып, сөздөн-сөз чыгып отуруп, Салижан аба: «10-15 жылдан кийин Кыргызстанда орустар деле азаят. Жаштары, тыңдары Россияга көчүп кетет. Кете албаган кары-картаңдарын мен аркы дүйнөгө ээрчитип кетем» деп калды. Ачуу чындыкты аския, азил кеп менен жеткире айтуу Салижан абанын өзгөчө касиеттеринин бири эмес беле. Анын тигил сөзүнө күлүп-күлүп тим болгонбуз. Бирок, Салижан абанын өзү айткан аркы дүйнөсүнө эртелеп эле кетип калары капарыбызга келбептир анда.

Ажалга айла жок экен, жаткан жериңиз жайлуу, топурагыңыз торко болсун, Салижан аба! – дегенден башка арга жок эми... Эркин ой жүгүртүп, ар кандай ишке сын көз менен карап, акыйкатчылдыкка нускаган сиздин өрнөгүңүз эч качан өчпөйт.

*(«Ош жаңырыгы», 2006-жыл, 24-февраль)*

## ЖУСУБАЛИЕВДЕЙ ЖАЗУУЧУ ЧЫГАЛЕК

Кубатбек Жусубалиев өзүнүн замандаштары үчүн табышмактуу адам. Кээ бирөөлөр андан нагыз акылмандын үлгүсүн көрүп, түз эле гений атап, өздөрүнө рухий кумир катары тутушса, а дагы бирөөлөр үчүн ал ойдукелди бирдеме жазып, аңды-дөңдү сүйлөгөн апенди чалыш бирөө. Өзүн акылдуу санаган илим-билимдүүлөрдүн арасында бири-бирин жокко чыгарган ушундай эки ача пикир жараткан Жусубалиев өзү ким? Анын инсандык жеке турпаты кандай бааланат? Буга жоопту келечек мезгил гана так берээр. А азыр анын жазуучулугу жөнүндө азыраак сөз.

Жазуучу атанганы К.Жусубалиевдин үч эле китеби чыгыптыр. Анан ашыра мактоо угуп, элчилеп "Эл жазуучусу" дегендей наам, сыйлык-мыйлыкка да жеткен эмес. Ошондондур, журтчулукка ал жазган чыгармаларынын аркасында эмес, жалпыга көнүмүш ыңгайга жат жекече жашоо образынын, жүрүм-турумунун, көз карашынын тегерегинде айтылган ар кыл кептен улам көбүрөөк белгилүү (биз үчүн анын эт жебегендиги эле чоң сөз). Кай бир окумалдарыбыз гана кайра куруу маалында коомчулукта резонанс жаратып, "Ленинчил жаштын" үзүктөй болгон бирден-бирден бетин ээлеп чыккан "Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар" сыяктуу интервьюлардан, анан кечээ эле "Асабадан" кез-кез учурай калчу өзүнүн тамаша сыяктуу көрүнгөнү менен ичине көбүбүздүн акылыбыз жете бербеген опол тоодой ойлорду сыйдырган куш тилиндей макалаларынан улам гана "бу кишинин китептеринде дагы сөзсүз бирдеме болуш керек" дегендей куртүкшүмөл менен жүрбөсөк, анын көркөм чыгармалары калың окурман үчүн "ачыла элек сандык" сыңары дале ичине сыр каткан бойдон.

К.Жусубалиевдин чыгармаларын жете аңдап түшүнүп, өз наркында баалоого карапайым окурман биякта турсун, ичкен ашы адабият болгон "кандидат, доктор" адабиятчыларыбыздын дагы шаасы жетпей келди. "Жусубалиев дегениңерде дегеле бир күрөккө токтоор нерсе жок. Башаягы, маани-мазмуну жок эле оозуна келгенди оттойт" дешет алардын көпчүлүгү.

Деген менен мындай пикирдин жаралышынын дагы себеби бар. Бул жазуучунунун чыгармаларынын көзгө чоочун сырткы көрүнүшүнөн улам чыгып аткан кеп. Анттаптакыр бөлөкчө. Жазуу ыкмасы өзгөчө. Калыптанган эрежелерге туура келбейт. Бул көрүнүш алгачкы "Күн автопортретин тартып бүтө элек", "Амбарная книга" повесттеринде, "Толубай сынчыдагы" айрым аңгемелеринде анча байкала бербегени менен, "Сүйүүм менин чымчык болуп сага учат" аталган акыркы романында ашкере. Анда белгилүү бир сюжет, бирдиктүү бир композиция деген жок. Дегеле бир учугун карматпай ойкуп-кайкыйт, чубалжыйт. Тема, идея дегени эмне, проблемасы кайсы, ың-жыңсыз. Баштан-аяк чаржайыттык. Ошондон аны адабияттагы салттуу калыпка салып, көнүмүш болгон көз караш менен карап, каалаган жериңен жулуп алып, каалагандай бутап-матап, жеберине жеткире сындасаң деле жолу ачык.

А бирок тереңирээк үңүлүп караган табити таза окурманга анын тутумундагы адамзаттын кайгы-кубанычы, сүйүүсү, ишеними, күрөшү, табият менен болгон алакасы, адам жашоосунун бүтүндөй философиясы кенен камтылган ички касиет оңой эле ачылып чыгат. Ошондо анын сырткы формасы менен ички маңызынын укмуштай төп келишип, айкалышып турганын байкайсың. Турмуштун өзүндөй бир калыпка, бир нукка түшпөй сапырылган тышкы форма, дүйнөнүн түпкүрдө катылган татаал сырлары жеткилең ачылган ички мазмунду кайра кыйындатып, чаташтырып отурбай, өтө жөнөкөйлөтүп жеткиргенге көмөкчү болот. Биз болсо К.Жусубалиевдин чыгармаларынын ошол көзгө жат тышкы көрүнүшүнөн чочуркап эле ичине сүңгүп кире албай, анан короонун сыртында туруп алып, бирлерибиз окуп аш кылууну оор санасак, башкаларыбыз шарт эле түккө арзыбаган калжырак деп бүтүм чыгарып, сыртынан тон бычып жүрөбүз.

Неткен менен, муну да туура түшүнсө болот. Адабиятка, жалпы эле көркөм өнөргө саясий идеологиялык катуу көзөмөлдүн астында бутуна туруп, соцреализм деген тон жамынып, компартия идеологиясынын арыгын чап-

кан адабият болумушубуз көркөм дөөлөттү кабылдоо, синирүү табитибизди кыйла эле ылайлап кеткен. Көркөм табити бузулуп, ой өрүшү чектелип, сөз маанисин тар алкакта гана баалап-бычып калган адамга К.Жусубалиевдин ачыла коюшу чындыгында эле оңой эмес. Жалаң акыл, билим күчү менен гана эмес, жүрөгү менен да түз кабыл алар табият-табитиң болбосо, адабият теориясын жаңгактай чакканың сааты келгенде түккө татыбай калат экен.

К.Жусубалиевдин биздин колубузга тийген чыгармалары бүт бойдон адабиятта соцреализмдин арааны жүргөн совет мезгилинде жазылган. Ал мезгил эчен чоң таланттарды дагы өзүнө баш ийдире ийге салып, Айтматов сындуу алптарга дагы өз обонун создурбадыбы. Жалгыз гана К.Жусубалиев кыргыз адабиятындагы ал жалпы “хорго” кошулбай обочо туруп, тигиндей жасалма жагдайдан жаз алды тоңду жарып чыккан байчечекей сыңары өзүн таза тутуп кала алды. Табият ошондой ашкан талантты ыроолосо керек, ал ошол учурда эле сөз өнөрүнүн чыныгы маңызын, түпкү максат-милдетин жете аңдап, бийлик чийген чийинге түшүп, саясаттын ырын ырдабай, нагыз адабияттын энчисине айланаар түбөлүктүү чыгармаларды жаратты.

“Хордон” доошу чыкпай, өзүнчө туруп алып башка обонду созуп кирсе тим коюшмак беле? Жазгандары жарыкка чыгарылбай, “Муздак дубалдар” романынын өзү эле 20 жылдай чаң басып жатты. “Муздак дубалдар” ошентип басууга тыюу салынып кара сандыкка катылган дегенди уккан көпчүлүгүбүз “Ала-Тоого” чыгар замат баса калып, “болду болбоду, мунун ичинде бир балээси, советтик коомду шыбаган диссиденттик ойлору болсо керек” деген тариздe шектүү көз менен окуп көрдүк. Бирок андан тигиндей нерсе көзүбүзгө урунбагандыктан, кыйла супсунубуз сууп, «бу деле катардагы романдардын бири турбайбы, мунун несине эле анча көңүл буруштү экен” деген кыязда калдык. Баса, “Муздак дубалдар” жаңы жарыкка чыккан маалда совет адабиятында диссиденттик маанайдагы жазуучуларды алды-аркасы сүрүштүрүлбөй эле айныксыз гений санамай адат пайда болгон эле.

Чынында эле “Муздак дубалдар” романынан ошол учурдагы саясатка кандайдыр бир каршылыкты, ачык



айтылган сынды таба коюу кыйын. Ошол эле учурда коомду ашыкча көкөлөтүп, кыл боёкто түрлөнткөн көтөрүңкү маанай, жасалма “советтик турмуш образы” дагы жок. Тек, өзүнүн бөксө-толгон таризиндеги чыныгы турмуш гана бар. Бирок ал ошол туруш-турпатында эле кагазга көчүрүлүп калган эмес, биздин көзүбүзгө көрүнүп, акылыбыз кармай бербеген өзүнүн тереңдеги бүт ажары менен, ортосуна муздак дубалдар орноп, сууп бараткан адам мамилелеринин карама-каршылыктуу жактары менен кошо чагылган. Анан дагы бир өзгөчөлүгү аны окуган адам өзгөнү эмес, биринчи кезекте өзүн өзү таанып билүүгө мүмкүнчүлүк алат. Өзү менен өзү сүйлөшүп, өз ич дүйнөсү менен күрөшкөнгө жол табат.

Кубатбек Жусубалиевдин “Толубай сынчы” баш болгон канаттуу аңгемелеринен “Кожожаш”, “Эне, үпүп сасык келди” киноповесттерине чейин, “Муздак дубалдардан” “Авангардские стишкилерине” чейин бири-бирине тутумдашып, бүтүн дүйнөгө айланган көркөм чыгармалары ичине кирсең өзүнчө эле ажайып аалам. Ал аалам алкагында адамзаттын жаралгандан коштогон түпкүлүктүү философиясы, жаратылыш, дүйнө менен өз ара катышы, кайгы-касырети, даргөйү да, көйгөйү катылып жатат. Адам табиятынын татаал сырлары, түбөлүктүү маселелери көркөм иликтенет. Андыктан К.Жусубалиевдин чыгармаларын кайсы бир мезгилге же “измге” аркандап алуу мүмкүн эмес. Анан да алар жөн эле окуп алып ойлонуп, акыл калчап отуруу үчүн гана жазылган эмес. Анын чыгармаларында сезимиңди дирилдетип, бүт дүйнөңдү аңтар-теңтер кылып жиберээр поэзиянын сөз менен айтып жеткире алгыс кудурет күчү бар. Окуганда жан дүйнөң бир башкача күүгө келип, бу жашоонун, табияттын улуулугун, сулуулугун жон териң, жүрөгүң менен сезгендей болосуң. Көөдөнүң аруулана түшөт.

Адабий тил деген калыпка сыйбай чубалжып, алайлык кыргыздар жыттанган К.Жусубалиевдин чыгармаларынын тили жөнүндө да көп нерсе айтса болот. Анын тили бай дагы, жөнөкөй дагы. Анан жасалмасыз, кулакка угумдуу, дилге жугумдуу табигый ыргакта. Кыргыздын тил

байлыгын жетик пайдалануу жагынан дагы К.Жусубалиев азырынча алдына адам салбайт.

Дегеле Кубатбек Жусубалиев жараткан көркөм дүйнөнүн чабыты кенен да, терең. Ал жөнүндө кеңири сөз кылуу үчүн аябай чоң күч, чоң даярдык талап кылынат. К.Жусубалиев өзүнүн жеке турмушундагы кайгысы менен көз жашынын, сүйүүсү менен күрөшүнүн ириминен сүзүп алып, "бир буту көктө, бир буту поктогу" бу адамзат турмушунун ырын да, чырын да өзүнчө элеп изилдеген керемет дүйнө жараткан улуу таланттын ээси. Бир сапар ал: "Манастай" гениалдуу эпосту жараткан элден гениалдуу таланттар чыгаарына ишенем" деп айткан экен. Анын айткан бу сөзүнө кайра өзүн далил кылып, тайсалдабай эле айтса болот. Чыгармалары кыргызча да толук жарык көрүп, али алакандай кыргызга да толук жете элек К.Жусубалиев чындыгында эле адабияттан түбөлүктүү орун алар гениалдуу жазуучу.

Адамзат жашоосунда асыл-нарк эч качан өз кунун жоготпосу, "дүйнөнү сулуулук сактап калаары" ырас болсо, К.Жусубалиевдин чыгармалары да бир күн татыктуу ордун таап, "жарк" этип нурун чачып чыгары анык. Арийне, Кубатбек Жусубалиев мунун баарына: жазгандарынын китеп болуп чыгышына да, андан келер зобологого, сыйлык-байлыкка да кайдыгер. Анткени, ал - бу жалган дүйнөнүн бут азгырыгына кол шилтеп коюп, Акыйкат жолуна түшкөн жөнөкөй, акылман адам.

*("Асаба", 19-ноябрь, 1999-жыл. )*





## МЕРГЕНЧИНИН ЭКИ АҢГЕМЕСИ

*Абдувахаб сөз наркы ыйыктыгын, ой баркы бийиктигин жаштайынан сейрек түйганы байкалат. Аңгемесин окуган соң жүрөгүндө сулуулук жашаарын, дүйнөнү өзүнчө кабылдаарына көзүм жетти. Эки аягынан шамал өтүп, арабызда аман жүрсө, кыргыз прозасына жаңы үн кошулганына күбө болорбуз. "Кыргыз туусуна" жаңы келген калемгердин келечегинен үмүт жараткан сүйгүнчүк аңгемелерин кош колдоп сунам.Өзүңүз сынаңыз, окурман!*

***Абдиламит Матисаков**, "Кыргыз Туусу" газетасынын башкы редактору*

### БУТА

Эгемберди экөөбүз теңтушпуз, анан бири-бирибизге өлгүдөй өчпүз. Жолуккан, кезиккен жерден кажышып калабыз. Мага асылмайын айрыкча анын курсагы тойбойт, өзү колунан кокон тыйын иш деле келбейт. Бирок, кепке уста. Дарт десең, балаа дейт. Мамадаани, таппаганы, билбегени жок. Этият болбосо, көпчүлүк алдында кепке жыгып, осол кылып коюшу мүмкүн. Көпчүлүккө сүйлөгөндүкү эле эп боло берет эмеспи. Ошонон бираарда кудай колду байласа да, тилди шайлап койгону түзүк окшойт деп ойлоп калам.

Чөп орок маалы эле. Кырдан жолум болбой, калпийип түшүп келатсам, Эгемберди тектирде чөп чаап жатыптыр. Кайбар тимеле кыйратып жиберчүдөй болуп бел курчоосуна чейин жылаңачтанып алган. Жанында эки жаш бала жүрөт жардамдашып. Мени көргөндө эле тили кычышчу немеге кур кол экендигими көргөндө ого бетер табылбай калбай бекен! Алыстан эле "шыралгалап" кыйкырды. Чай ичкенче азилдешип атып, аягында мелдеше кеттик. Онубуз неден улам чыкканы азыр түзүк жадымда жок. Чамасы, Эгембердинин уу тилине чыдабай, арданып кетип, баарын өзүм баштасам керек. Кептин кыскасы, мындай болду, тукумду бутага коюп 50 метр аралыктан туруп так ортосунан теше атып бермек болдум. (Бышырып жейбиз

деп алып келишсе керек, очоктун боюнда он чакты тукум жаткан экен). Кадимки эле кашеки тооктун тукуму. Бирок жерге же ташка эмес, Эгембердинин так эле курсагына коюп туруп атмак болуп келиштик. Ортого бир койдон койдук. Тукумду теше атсам, ол берет, тийбей калса мен берем. Кол алыштык. А тиги эки бала экөөбүздү алматерме карап эле аңырайып туруп калышты. Жаш баланын жосунун кылып атканыбызга кол беришип алгандан кийин анан паамым жетип жүрбөйбү. Эс-акылы ордундагы киши кантип ошого барсын. Ок менен ойноп болобу. Мен антип акыл калчагыча эле Эгемберди кадамдап ченеп, 50 метрдей нары барып жатып калды. Жылаңач ичине тукумду кондуруп эле чалкасынан дардайып жатып алды. Ондой болгону менен, мага окшоп, алабарман жагы да бар. “Бол, эй! Атпайсыңбы!” деп атпайбы жатып алып. Ошондо таза айлам курубадыбы. “Чегинээрге жер жок, артыбызда - Москва” болуп калды да. Кокус эле кайра кетенчиктесем, Эгемберди биротоло мойнума минип алары турган иш. Тобокел дедим. Бир жагы мылтыгымдын түздүгүнө ишендим да, жакшылап мээлеп туруп, машааны басып калдым. Ок тукумду жарып өтүп кеткенде анан “өх!” дедим. Эми Эгемберди ыргып тура калат го десем, онум баягы бойдон эле сулап жатат. Ана турат - былк этпейт, мына турат- былк этпейт, “эй, дардайбай турбайсыңбы?!”- деймн, үн жок. Ого болбой эле жанымдагы балдар чуркап жетип барышып, жулкулдатып калышты. Эгемберди болсо жансыз немедей шалактайт. Ошондо анан чындап сестендим. Аттап-буттап жетип барсам, кайран досум “сулк” эле жатат. Көзү аңтарылган. Өңүндө кансөлү жок, купкуу. Кудум эле өлүк. Жылаңач этине тукумдун суусу акканы эле болбосо, баары-жогу таптаза. Жулкулдатып атам, кыймылсыз. Жаакка чапкылайм, кыймылсыз. Бир паста дүйнөм караңгылап, алапайымы таппай калдым. Берки экөө менден бетер үрпөйүшүп, өкүрүп жиберчүдөй эле зорго турушат. Ошентип атып эле анан бир маалда кулагыма суунун шылдырагы “шак эте” түштү. Жүгүрүп барып эле калпагыма суу сүзүп келип, бетине жаба чачтым. Кайран досум муздак суу бетине чачыла бергенде, анан бир силкинип алып, көзүн ирмеп жүрбөйбү. Жөлөп-таяп өйдө кылдык. Баягы Эгемберди



жок, өң-алети кетип үлдүрөйт. Абалына мышык ыйлагыдай. Туруп алып дагы: “Ит турбайсыңбы? Ок менен да ойнойсуңбу?”, - деп коет. “Ой, өзүң анан дардайып жатып бересиңби?”, - десем: “Атпайт дедим эле”, - дейт, тишитишине тийбей калчылдап. Мен деле оңор чочубадым дегилечи, ошентсе да сыр бербедим. “Бир жолу эле өпкөборуңду аралаштыра атайын деп, бала-чакаңды аядым» – дедим. Мындан кийин мени менен азилдешпей жүр”, - дедим. Тил кайрыганга дарманы келген жок. Катуу коркуп калган экен да, “тарс” дегенде эле “өлдүм” десе керек.

## АЙ-АЙ, ПАЛБАН, ПАЛБАН...

Илбирс дейсиңерби? Ол жырткычты наяты бир эле жолу кезиктирдим. Ошонун өзү эле эстен чыккыс калааты окуя болгон.

Мурдагы жылдын эле жайы. Үйдөн ууга кечке жуук жөнөп, Талдууга жетип түнөдүм. Эртеси Талдуунун зоосуна таң азанда эле чыгып бардым. Өзүңөр билесиңер, азыр бизде кийик ушул Талдууда эле калбадыбы. Уркуйган жалама зоокалар... Кайберендер ошол зоокалардын аркаларында оттошот. Жаңы эле жетип, акылды пештеп алайын деп папурус чегип отура калдым эле. Али күндүн көзү көрүнө элек. Огоче болбой эле үстү жагыман шагыл жылып, таш кулап калды. “Болду, болбоду, кийик -дедим ичимен, - бир балаадан үркүштү го, бечаралар. Жөнчүлүктө таш кулатмак түгүл, шыбыш алдырчу эмес эле”. Папурусту ыргытып эле тура чуркадым. Туура көздөй таш аралап чуркап баратам. (Ошондо үстү жагыман бир ала неме “кылак” эте түшкөндөй болду эле. Шашканда ого маани бербепмин, Ону кийин эстеп анан “аттиң” кылып жүрбөймбү).

Ойлогонум эле кийиктин алдынан тосо чыгыш. Шашкан курусун, бирде мүдүрүлүп жыгылам, ташка жабышкан путум тайыйт, пут алдыман шагыл сүрүлөт. Ошого дагы кайылмын. Өлөр-тирилериме карабай жүгүрүп баратам. Ого болбой эле асты жагыман “гүр-р” этип көчкү жүргөндөй болду. Силерге жалган, мага чын, кудум көчкүнүн доошундай кубаттуу доош чыкты алдыман. Бет алдыма карай берсем эле, кудай бетин салбасын, тиште-

рин арсайта комдонгон темгил-ала неме турат. Илбирс да. Өзү дагы эпти чоң эмес, эшик-төрдөй суналат тимеле. Көрүп эле алкымым оозума кептелди. Ошентип, “аа” дегенге алым келбей, ордумда каттым да калдым. Эми илбирстин сүрүнайт, гүрүлдөп айбат кылар болсо, зоо көчкөндөй аска-зоонун бакиси кошо жаңырат. Онун алдында мен турам, каккан казыктай какайып. Колумда октолуу мылтык. Бирок кыймылдашка чама кайда? “Былк” этсең өлдүң деп пешенемде темгил-ала илбирс турса, мына-мына секирчүдөй болуп. Асты жагым түпсүз зың. Ошол зыңга эчен кийикти кулатып жиберип наймут калгам. Илбирс деген илбирс да, эй! Бекеринен илбирс атыгыппы? Алты карыш текени да бир чапчып ыргытат деп уккам. Бир ыргыса мага жетет. Анан бир чапчып ыргытар болсо, акаңар илгери өзү аткан кийиктерге барып кошулат да. Оюма ушул келип, “аа-а” дегенге алым жок, каккан казыктай какайып мен турам. Эшик-төрдөй суналып, илбирс турат алдымда. Ушу мен көзүмү алсам эле тигил келип баса калчудай сезилет да. Ошентип турду-ук, турду-ук. Канча турдук билбейм. Оо кыйлага барып анан оозум кыбырап, мага тил киргендей болду. Акыл токтотсом, “Ай-ай, палбан, палбан”, - деп күбүрөй баштаган экем. Шыбырап зорго чыгып аткан үнүм, бара-бара катуулап, ушул эки ооз сөздү тоту кушча кайталап кирдим. “Ай-ай, палбан, палбан”, - деп коем илбирстен көзүмү албай. Менден көзүн албай комдонуп илбирс жатат. “Ай-ай, палбан”, - деп мен турам. Бир маалда илбирсим тишин ырсайтып күрүлдөгөнүн коюп, унчукпай эле мени тыңшап калгансыды. Кыйла тириле түштүм. Көчүгүн жерден жаңы эле көтөрүп, эми гана кас-кас тура баштаган наристени «ай-айлап» кубаттап, эркелеткен сыңары илбирсти ансайын күчөп ай-айлап атам. Эми үнүм дагы бир ширин чыгып калды десеңер. Мындай карасам, эки колум да оозума кошулуп ай-айлап атат. А мылтыгым жерде жатат. Илбирсти жакшылап карасам, күрүлдөгөн баягы жырткыч жок: ал да мага жакшы бир сөз айткысы келип, бирок тилинин жоктугунан гана айласыз тургандай, мени бир кызык, бир башкача момооруп тиктеп калыптыр. Унчукпай эле момооруп тиктеп калыптыр. Ошентип кыйла турду да, анан секин козголуп, мени кылчак-кылчак караганча өйдө көздөй жөнөй берди. “Ай-



айлап” узатып мен калдым. Илбирстен ошентип кутулуп, “өх!” дегенче башымы көтөрсөм, күн маңдайга келип калыптыр.

Ушу азыр да ошондо мени өлүмдөн алып калган тигил эки ооз сөздүн менин оозума кантип кире калганына, ондой иле менин жаман башыма кайдан келе калганына акылым жетпей, айраң болом.

*(“Кыргыз Туусу”, 30-март, 2001-жыл)*

МАЗМУНУ


Вахабдын «Чөгөмү» .......... 3
«А» дегендеги сөз .......... 5
Эр жигит эл четинде .......... 6
Швейцарияга айланмак тургай, 10 жыл мурдагы Кыргызстаныбызды да таппай калдык .......... 9
Өзүңө сак бол, коңшуңду ууру тутпа .......... 14
Билбей туруп башкарганың – маскарачылык .......... 17
Эшегине жараша - тушагы .......... 21
Прагматик-лунатик .......... 25
Алтын балык. Акаев. Кыргызстан .......... 28
Баатыр Манас. Бечара кыргыз. Чалагайым саясат .......... 30
Түштүк тыңчыкмаларын «тизеге чапчулар» кимдер? .......... 34
Ажыдаардын куйругун баспасаңарчы?! .......... 39
Түштүк... кайда Түштүк дейсиң? .......... 44
Кандай күн күтөт? Кыраанбыз ким? .......... 48
Аксыны адилеттик гана тынчытат .......... 57
Патриархалдык - урууучулук аң-сезим менен – демократияга! .......... 63
Интеллигенция «көнүмүшү», оппозиция «балакайлыгы», бийлик «мокочолугу» .......... 66
«Көшөгө» .......... 71
Оппозицияны экстремизмге түрткөн кимдер? .......... 74
Эртеңиң эмне болот, эгемен өлкө? .......... 78
Тарыхый жоопкерчилик кимдин мойнунда? .......... 85





Ашык дөөлөт баш жарбайбы? .......... 90
Оппозиция «өңү» бийликти «таанытат» .......... 95
Угуп кой да, унутуп сал! .......... 99
Кимдин атынан ким сүйлөйт? .......... 103
Феодалдык демократия: күнөөлүү күнөөсүздөр .......... 106
«Кыргызбай», сен кай «элдендсиң»? .......... 110
Түндүк-Түштүк: ажырым төркүнү кайда? .......... 125
Абдувахаб Мониев: «Президентти эмес, заманды тандоо керек» .......... 137
Тилде тек жокпу? .......... 144
Багалбаган ыйлатат, куралбаган кыйратат .......... 151
«Советтер Союзунун Баатыры болгум келчү...» .......... 157
Депутаттыкка ат салышуудан баш тарттым. Эмне үчүн? .......... 165
«Курманбек Бакиевди мактап, бир сап да жазбайм» . 167
Туйгунуң кетти, туйдуңбу?.. .......... 175
Жусубалиевдей жазуучу чыгалек .......... 178
Мергенчинин эки аңгемеси .......... 183

Абдувахаб Мониев

# ЭСТУТУМ I

*(Публицистикалык макалалар топтому)*

Редактору *Токтобай Мулкубатов*
Корректору *Айтилла Мадрахимова*
*Оператору Акдана Гаипова*
Компьютердик калыптоочу *Табылды Жаныбаков*

Форматы 84x108 1/16. Көлөмү 12 б.т.
Заказ № 89. Нускасы 1000 даана.

Бишкек шаары,
«Бийиктик» басмасы,
Киев көчөсү, 77
Тел.: 66-75-58

Эскертүүлөр үчүн

# ЭСТУТУМ -1



Абдувахаб
МОНИЕВ

1974-жылы Араван районуна караштуу Чөгөм айылында туулган. 1998-жылы ОшМУнун филология факультетин бүтүргөн. Эмгек жолун 1992-жылы Ош облустук «Ош жаңырыгы» гезитинде корректор болуп иштөө менен баштаган.

Андан соң Чөгөм орто мектебинде лаборант, «Асаба», «Агым» гезиттеринде кабарчы болгон.

Акыркы жылдард а «Учкун», «Ош жаңырыгы» гезиттеринде баш редактор болуп иштеди. «Генерал Ысакбек» деген китептин автору.

«Генерал Ысакбек» патриоттук демилгелерди колдоо коомдук фондунун президенти.

Чөгөмдө жашайт.